**НУРБЕК ТУРАН**

# КЕСЕК

**санжыра жана тарых**

«Турар»
Бишкек – 2012

УДК 94 (47)
ББК 63.3 (2Ки)
Н 90

Рецензиялаган жана баш сөзүн жазган:
тарых илимдеринин доктору, профессор
***Жумабаев Бектемир Миталипович***

**Нурбек ТУРАН.**
Н 90 **Кесек**: санжыра жана тарых. – Б.: «Турар», 2012. – 584 бет.

ISBN 978-9967-15-109-3

Китепте кыргыздын кесек уруусунун этногенези, кесек этнониминин чечмелениши, анын башкыр, венгр, казак, лакай, ногой, өзбек, хакас элдеринин курамындагы уруктардын аталыштары менен параллелдүүлүгү, тектик жалпылыктары жана тарыхый-этникалык байланыштары изилденилет, ошондой эле азыркы убактагы кесек уруусунун этникалык курамы, географиялык жайгашуусу жана анын башка кыргыз уруулары менен болгон этностук байланыштары жаңы тарыхый көз караштa чагылдырылат.

Китеп этнограф, тарыхчы, аспиранттарга жана ошондой эле кыргыз тарыхына кайдыгер карабаган мекенчил, улутман окурмандарга сунуштанылат.

**Т 0503020911–11**

**УДК 94 (47)**
**ББК 63. 3 (2Ки)**

ISBN 978-9967-15-109-3

© Нурбек Туран, 2012

# БАШ СӨЗ

Урматтуу окурман колуңуздагы «Кесек: санжыра жана тарых» аталыштагы китеп, тарыхчы-этнограф Нурбек Турандын ичкилик кыргыздарына арналган экинчи эмгеги. Алгач автордун «Төөлөс» (2011) аттуу китеби жарык көргөн.

Китеп төрт бөлүктөн туруп, анын биринчи бөлүгү «кыргыз» этнонимине арналып, совет мезгилинде жарыкка чыккан орус, казак, хакас чыгыш таануучуларынын, түрк элдеринин тарыхын изилдөөчүлөрүнүн (тюрколог-дордун), кытай таануучулардын (синологдордун) аргументацияланган материалдарына таянып, «кыргыз» этнониминин пайда болушунун 18 вариантын далилдөөгө аракет кылынат. Мындан сырткары кытай жылнаамаларында «кыргыз» деген этникалык аталыштын 10 түрдүү аталыш багытында көрсөтүлгөндүгү даректүү белгиленет.

Ошондой эле автор «бурут» жана «булгачы» этнонимдерин кайрадан анализдеп чыгып, алардын этимологиясына жаңы илимий көз караштарды киргизет. Ал «бурут» этноними XVI–XVIII кылымдардагы кыргыздын ичкилик тобуна калмак-кытайлар тарабынан берилген аталыш деген бүтүмгө келет, ошондой эле автор К.И.Петровдун «тян-шандык кыргыздардын ичкилик тобунун негизги уюткусу Баргужин-Токум аймагындагы уруулардан чыккан» деген теориясын колдоп, аны далилдөөгө аракет жасап, XIII кылымдагы Баргужин-Токумдагы уруулар (булгачы, хори, тумат, төөлөс) ичкилик урууларынын этногенезинде жана калыптанышында чоң ролду ойногондугун баса белгилеп, бу-

рят уруулары менен ичкилик урууларынын параллелдерин келтирет. Автор ичкилик уруулары алгач «бурут» этноними менен аталган деген бүтүмгө келет.

Китептин экинчи бөлүгү кыргыздын «ичкилик тобуна» кирген урууларга (ават, бостон, каңды, кесек, кыпчак, найман, нойгут, оргу, төөлөс) арналып, алардын кыскача тарыхы, уруктук курамы, эн тамгалары, ураандары, тотемдик жана түстүк белгилери, аймактык жайгашуусу, ошону менен катар башка түрк элдери менен болгон этностук байланыштары жана параллелдери чагылдырылат. Автордун ичкилик урууларынын уруктарга бөлүнүшүн жана алардын жашаган жерлерин аныктоодо жарык көргөн илимий жана илимий-популярдык макалаларды пайдалануу менен бирге, анын Кыргызстандын Жалал-Абат, Ош, Баткен обулустарына, Тажикстандын Каратегин (Жерге-Тал району) жана Памирине (Мургаб району) болгон экспедиция убагында чогулткан талаа этнографиялык материалдары маанилүү орунду ээлейт.

Автор өзүнүн изилдөөлөрүнүн натыйжасында кыргыздын ичкилик тобу ават, бостон, каңды, кесек, кыпчак, найман, нойгут, оргу, тейит жана төөлөс деген 10 уруудан турат деген жыйынтыкка келип, алардын жаңы генеалогиялык схемаларын берет.

Ал эми китептин негизги үчүнчү бөлүгү кыргыздын байыркы урууларынын бири болгон кесек уруусуна арналат. Санжыра жана тарыхый булактардын негизинде «кесек» этноиминин элдик жана илимий этимологияларынын варианттарын берет. Автор эл арасынан чогултулган (талаа) материалдардын жана изилдөөлөрдүн негизинде кыргыздын кесек уруусунун этногенезинде байыркы динлин, хунн (чумугунь), усунь, юечжи, түрк, аргын ж.б. уруулары чоң роль ойногондугун жана анын курамы алардын сыныктары болгон сарусун, алтынчы, мөжөй, чуулдак, чүчүк, кара саадак, сибирги, кара кесек ж.б. уруктардан турарын маалымдайт.

Ошондой эле кыргыздын кесек уруусунун алтай, башкыр, бурят, казак, ногой, монгол, өзбек, түркмөн, уйгур, хакас элде-

ринин уруу-уруктары менен болгон параллелдерин, этностук жана этногенездик байланыштарын көрсөтөт.

Автор изилдөөлөрдүн негизинде кыргыздын кесек уруусун бай кесек, сибирги, жоо кесек, кара кесек деген төрт чоң топко бөлүп, алардын жалпы генеалогиялык схемаларын түзгөн.

Кесек уруусунун тарыхын жазууда автор кытай, грек, орхон-енисей, монгол, араб, перс, түркий булактарын жана ошондой эле түрк элдеринин этникалык тарыхын изилдеген: Н.Я.Бичурин, Н.А.Аристов, В.В.Радлов, В.В.Бартольд, Г.Е.Грумм-Гржимайло, Э.Паркер, П.Пельо, Л.П.Потапов, К.И.Петров, С.М.Абрамзон, Я.Р.Винников, С.Атаниязов, Т.А.Жданко, Б.Х. Кармышева, Ю.Немет, В.Я.Бутанаев, Б.М.Жумабаев, О.К.Каратаев жана башка окумуштуулардын илимий эмгектерин ылайыктуу колдонгон.

Аталган эмгек көптөгөн тарыхый булактарды колдонуу, илимий-тарыхый анализ жасоо менен мурда жазылган кыргыз уруулары жөнүндөгү китептерден илимий багытта жазылгандыгы менен айырмаланат.

Ж. Баласагын атындагы КУУнин
Тарых факультетинин деканы,
тарых илимдеринин доктору,
профессор

*Жумабаев Бектемир*

# КИРИШ СӨЗ

Кесек уруусу кыргыз элинин курамындагы эң байыркы уруулардын бири.

Кыргыз санжыраларында жана тарыхый булактарда Кызыл уулдун (ичкилик) балдары, муну менен катар кесек уруусу жөнүндө маалыматтар сейрек кездешет.

1955-жылдары Түштүк Кыргызстандагы кыргыз урууларын изилдеген тарыхчы-этнограф Я.Р.Винников өз эмгегинде кесек уруусунун курамын схема түрүндө көрсөтүп, анын жашаган жерлерин жалпылап айткан. Бул изилдөөлөрдө кесек уруусунун курамы тереӊ изилденбей, илимий материалдар жалпылаштырылган эмес. С.Аттокуров өзүнүн «Кыргыз санжырасы» аттуу эмгегинде Я.Р.Винниковдун изилдөөлөрүн колдонуп, кесек уруусунун генеалогиялык схемасына жаңылык катары Ала-Тоо, Караусун, Каракесек деген этнонимдерди киргизет. Ошону менен катар Я.Р.Винников кетирген каталарды автоматтык түрдө кайталайт.

Аталган изилдөөлөрдүн негизинде биз кесек уруусунун курамын жана географиялык жайгашуусун колдон келишинче тереӊирээк изилдеп, чогулган материалдардын негизинде кесек уруусунун жалпы генеалогиялык жана географиялык жайгашуусунун схемасын түздүк.

Кесек уруусунун жалпы генеалогиялык таблицасын түзүүдө негизинен В.Р.Винниковдун, А.Абышкаевдин, М.Н.Шахранинин жана А.Сапарбаевдин схемалары ревизияланып, толукталып, оӊдолуп, биздин Жалал-Абат, Ош, Баткен облустарына, Каратегин (Жерге-Тал району) жана Памирге (Мургаб району) болгон экспедиция убагында эл арасынан оозеки жазып алынган материалдар колдонуу менен биринчи жолу Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстанда жашаган кесек уруктарынын (кесек, жоокесек, кара кесек) жалпылаштырган генеалогиялык таблицасы түзүлдү.

Кесек уруусунун санжырасын кагаз бетине түшүрүп, азыркы убакка чейин сактап келген: Айбашев Асанга, Асанов Каландарга, Келдибеков Эрдөөлөткө, Кадыркулов Абибиллага, Сыдыков Абылкасымга, Файзуллаев Нурбекке, Садыков Гүлбайга, Атеков Ураимге, Айдаров Көчкөнбайга, Боронбаев Бөрүбайга, Аташбаев Дастанкулга, Бердикулов Мамакадырга, Борошов Исакка, Жалилов Саматка, Жоробаев Орозбайга, Жороев Карчыгабекке, Кичибаев Нийзамидинге, Маматкулов Үмөткулга, Абдырахманов Сайдуллага, Мукарамов Сүйүнбайга, Латипов Абдилазимге, Тажибаев Меражидинге, ошондой эле бул китепке материалдарды чогултууга жана китеп чыгарууга көмөктөш кылган: Элмуратов Кыдырназарга Абдыназаров Мыктыбекке, Мавлянов Ниййматка, Мавлянов Мамарасулга, Ганиев Орозбайга, Ганиева Махбурага, Омар Нурбекке өзүмдүн ыраазычылыгымды билдирем.

**Автор**

Жалал-Абат-Ош-Лейлек-Каратегин-Мургаб-Бишкек,
14-ноябрь, 2012-жыл.

# КЫРГЫЗ

# «КЫРГЫЗ» ЭТНОНИМИ

*«Кыргыздар Орто Азиянын эң байыркы элдеринин бири. Азыркы убакта Орто Азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта аты ушунча эрте жолуккан бир да эл жок болуш керек».*

В.В.Бартольд

Кыргыз этногенези, «кыргыз» этноними жана термини жөнүндөгү суроолор бүгүнкү күнгө чейин дискуссияларды жаратып келет. С.М.Абрамзондун жазганына караганда «эгер X–XI кылымдарга чейин «кыргыз» атынын географиялык таралышы этникалык бир ядронун аталышынан да кенен болсо, аталган кылымдардан кийинки мезгилде тескерисинче, кыргыз этногенезинин процессине аралашкан уруулардын тобу «кыргыз» этнонимине байланыштуу болгон аймактан кыйла кеңейген»[1]. Демек, «кыргыз» деген ат тарыхтын башкы этаптарында этникалык мазмунга караганда саясый мазмунга көбүрөөк ээ болгон.

«Кыргыз» этноними алгач Хань династиясынын жыл баяндарында (Сыма Цянь «Ши-цзи») б. з. ч. 201 жылы, кийин Суй, Тан, Юань, Сунь, Цинь династияларынын мезгилдериндеги (б.з.ч. II к. – б. з. XVIII к.) маалыматтарда эскерилет.

«Кыргыз» 𐰶𐰃𐰺𐰴𐰔 этноними кыргыздардын өздөрүнө жана ошондой эле тил жагынан аларга жакын болгон түрктөргө жана уйгурларга таандык делген руникалык эпитафиялардын текст-

---

[1] Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. - Л.,1971.-С.22

теринде кездешет. Кыргыздар Орхон жазууларында (14 жолу эскерилет): тукю аскерлеринин Саян тоосунун ары жагына болгон жортуулунда, Суджа (Монголия) жазуусунда жана алтай тексттеринде баяндалат[1].

«Кыргыз» термини түрдүү вариантта башка тилдерде жазылган тексттерде кездешет: грек. – *χερχίρ*, *херкис*; монг. хіргїс~кіргїс – *хиргис*, *хяргис;* латын – *керкис;* араб. жана персид. خرخيز – *хирхиз*, М.Кашгариде кыркыз قرقيز, Джувейниде قرغيز – хырхыз, خيرخيز – хырхыр[2]. Булардан кытай тексттеринде жазылгандар кыйла айырмаланат[3]. Болгон варианттардын баардыгынан төмөнкүлөр негизги болуп саналат: Хань тексттеринде – *цзянь-гунь*, Тан тексттеринде – *сяцзясы*, Юань тексттеринде – *цзилицзисы*.

«Кыргыз» деген аталыштагы этнонимдин тарыхы тууралуу маселени талкуулоодо эки карама-каршы гипотезаны ажыратып алса болот. Биринчи гипотеза боюнча, учурдагы кыргыздар Енисей кыргыздарынын тукуму. Экинчи боюнча алып караганда, алардын байыркы енисей кыргыздарына эч кандай тиешеси жок.

«Кыргыз» этнонимин чечмелешинде ар кандай гипотезалар сунушталган:

1. Эл арасында айтылган уламыштарга ылайык «кыргыз» этнониминин келип чыгышы төмөнкүдөй мүнөзгө ээ: Qyrqyz<qyrq (кырк) + qyz (кыз).

2. Мындай уламыштардын негизинде С.М.Абрамзондун этимологиясы түзүлгөн. Ага ылайык qyrqyz<qyryq (кырк) + -(y)z – көптүк сандын аффикси. Мындай жыйынтыкка ал кыргыз-

---

[1] *Малов С.Е.* Памятники древнетюркской письменности.-М.-Л.,1951.-С.41,67; его же. Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии.-М-Л.,1959.-С.20; его же. Енисейская письменность тюрков.-М.-Л.,1952.-С.85; Баскаков Н.А. Три рунические надписи из с. Мендур-Соккон Горно-Алтайской автономной облусти//СЭ.-М.,1966.-С.80

[2] Материалы по истории киргизов и Киргизии.-М.,1973.-Вып.I. -С.16-17,25-26,41-42,48-49

[3] *Яхонтов С.Е.* Древнейшие упоминания названия «киргиз»//СЭ.-М.,1970. -№ 2.-С.110

дардын курамына кырк уруу же урук кирет[1] деген «эпостун жана уламыштардын көшөргөн көрсөтмөсүнүн»[2] негизинде келген.

Ушундай эле ойду Дж.Банзаров жана Л.Лигети[3] колдошкон. «Кыргыз» этноними Дж.Банзаровдун оюу боюнча сандык (сан атооч) «кырк» (сорок) көптүк сандын аффикси «ыз» дегенди билдирет, башкача айтканда «кырк уруулуу эл»[4].

Кыргыз элинин дүйнөгө даңкы чыккан «Манас» эпосунун Жусуп Мамай айткан вариантында «кыргыз» деген «кырк жүз»[5] (кырк уруу), «кыргыз» (кырда көчүп жүргөндөр) деген сөздөн келип чыккан[6].

3. В.В.Радлов бул терминди qyrqyz qyrq «кырк» + iuz «жүз» – «жүз кырк» б.а. «жүз кырк эл»[7] деп чечмелейт.

4. А.З.Велиди Тоган «кыргыз» этнонимин qyrq (кырк) +er, б.а. «кырк эр»[8] деп түшүндүрөт.

5. Кээ бир изилдөөчүлөр «кыргыз» этнонимин элдин уруулук аталышы менен байланыштырууга аракет жасашкан: qyrqyz<qyr/hyz «тоо» + -q, суффикс + iz. Yz/ys as уруусунун аталышы «тоолук астар»[9].

Окумуштуулардын тобу этнонимдин биринчи бөлүгү qyr деген сөздөн qyr «түздүк» дегенди түшүнүшөт, ошонун негизинде өздөрүнүн божомолдоолорун сунушташкан:

---

[1] *Абрамзон С.М.* К семантике киргизских этнонимов//СЭ.-М.,1946.-С.126

[2] Көпчүлүк уламыштарда «кыргыз» сөзүнүн этиомологиясы (Абу-л-Газы Бахадур-хан, XVII к.; Осмоналы Сыдык уулу, 1875-1940-жж. ж. б.) Огуз хандын небересинин аты. Ал эми кытай булагы «Юань шиде» («Юань династиясынын тарыхы», XIV к.), кыргыздар кырк кытай кыздарынын жана түндүктөгү Ус (ус-угус-огуз) өрөөнүндөгү элдин урпактары. Сайф ад-Дин Аксыкенти (XVI к.) боюнча XII к. Султан Санжардын кыргынынан аман калган Кожент шаарынын тегерегиндеги кырк өзгөндүк огуздардан урпактары

[3] *Ligeti L.* Kırgız kavim isminin menşei//Türkiyat Mecmuas,I. -Istanbul,1925

[4] *Банзаров Д.* Собрание сочинений.-М.,1955.-С.184

[5] Казактын «үч жүзүнө» окшогон

[6] *Анвар Байтур.* Кыргыз тарыхы.-1-2 китеп.-Б., 2003.-43-б

[7] *Радлов В.В.* Этнографический обзор турецких племен Сибири и Монголии.-Иркутск,1929. -С.18-19

[8] Кара: *Togan Z. V.* Umumî Türk tarihine giriş.-Istanbul,1981

[9] *Гордеев Ф.И.* О происхождении тюркских этнонимов//Вопросы марийского языкознания.-Йошкар-Ола,1968.-С.16-17

6. Qyrqyz<qyr «түздүк» + qyz / kizi / kisi «киши (адам)» – «түздүктөгү адамдар»[1].

7. Qyrqyz<qyr «түздүк» + giz «көчүү», «түздүктө» көчө турган»[2].

8. Атактуу татар окумуштуусу М.М.Рамзи: «Кыргыздар тегинде Огуз-хан урпактары болгон түрк тайпаларынын ичиндеги чоң бир тайпа, же болбосо алар Огуз-ханга жакын жүргөн адамдардан же анын аскер башчыларынан таралган болсо керек. Кыргыздардын наамы болуп келген «гыз» деген сөз «огуз» сөзүнүн бузулуп айтылышы болсо керек... Түрк тилинин сөздүк маанисинде эрме чөл же болбосо жайлоолорду «кыр» деп айтат. Демек, кыргыз деген сөз «кырда жашаган огуздар (кыр-огуздар, кыр-гыз-дар) деген сөз болсо керек»[3] деп жазган. Аты-жөнү анык болбогон бир адам тарабынан жаңы эранын 712-жылы жазылган «Китебени түркия» деген китепте: ... «огуздардын бардык тайпалары» «тогуз огуз» деген наам менен эске алынат, анын ичинде кыргыздар да баяндалат»[4] деп жазылган. Демек, жогорку маалыматтарга караганда «кыргыз» деген наам байыркы түрк тилиндеги (бул доордо байыркы түрк тайпаларынын тили менен кыргыз тилинин ортосунда чоң айырма болбогон) «кыр» (тоо, жайлоолор) деген сөз менен «өгүз» (суу, өзөндөр) деген сөздүн бирикмесинен келген, же болбосо жогорку маанидеги «кыр» деген сөз менен «огуз» (огуз тайпасы жана анын алгачкы бир жетекчисинин наамы) деген сөздөн өзгөрүп келген болсо керек. Бул сөздөрдүн мааниси – кыр-өзөндөрдө жашаган адамдар, же болбосо кырда жашаган огуздар деген сөз болсо керек. Демек, бүгүнкү «кыргыз» деген аталыш ошол «кыр өгүз», же болбосо «кыр огуз» деген сөздөрдүн кыскартылып айтылышы болсо керек. Мадияр окумуштуусу Мункачи ушундай эле

---

[1] *Маргулан А.Х.* Выступление//ТКАЭЭ.-Т.III.-Фрунзе,1959.-С.178

[2] *Vambery H.* Die primitive Culture der türkotatarischen Volkes auf Gründ sprachlicher Forschungen.-Leipzig,1879.-S. 261

[3] Түрк тарыхы.-Т.I.-Стамбул,1896.-120-б

[4] *Талипкол Акбар.*-Т.I.-Оренбург,1903.-256-б

ойду айтат: qyrqyz < qyr-qyz < qyr «түздүк» + oγuz «огуз» – «түздүктөгү огуздар»[1].

Окумуштуулардын экинчи тобу этнонимдин биринчи бөлүгүнөн байыркы түрк сөзү qyr/qyry «кызыл» дегенди түшүнүшөт.

9. К.И.Петров qyrqyz терминин байыркы түрк gyry/qyru «кызыл» сын атоочуна + =(u)z көптүк түрдүн аффиксинин жалганышынан келип чыккан «кызылдар» дегенден алып чыгат. «Кыргыз» (кызылдар) термини башында «кызыл жерлер», «кызыл жерлердин жашоочулары», «кызылдар», кийинчерээк көптүк сандагы маани «кыргыз» унутулганда – «кызыл эл» топоними катары колдонулган[2].

10. Н.А.Баскаков болсо, К.И.Петров тарабынан бөлүнгөн аффикс боюнча шектүү оюн билдирип, өзүнүн вариантын сунуштады: -qyrqyz < qyrvuz < qyryγ «кызыл» + oγuz (уруунун аталышы) > qyryγguz < quruγz <qurγuz, qyrγuoγuz <qyrγuuz < qyrγuz «кызыл огуздар». Мындагы кызылдар – элдин сырткы келбети эмес, анын дүйнө өлкөлөрү боюнча географиялык таркалуусу: «кызыл огуздар» – «түштүктө жайгашкан огуздар, түштүк огуздар – чыгыш өлкөлөрүндөгү өң аталыштарына ылайык уйгурларда, же «батыш огуздар» – чыгыш өлкөлөрүндөгү өң аталышка ылайык буддисттерде жана ламаисттерде[3].

11. Qyrqyz < qyrgyn < qyrγut «qyr» «кызыл» уңгусунда чогулгандык-көптүктүн формасы бар. Демек, бул этнонимдин бардык түрлөрү ар кайсы мезгилде жана ар башка эл үчүн «кызыл», «кызыл тору» дегенди билдирген. Бул толугу менен кытай булактарындагы «хакас-хягяс өлкөсүнүн жашоочулары, башкача айтканда  цзян-кунь (байыркы кыргыздар) бойлуу, кызыл тору беттүү жана көк көздүү» деген көрсөтмөсүнө дал келет[4].

12. Ю.А.Зуев «кыргыз» этнонимин «грифон эли» деп талкуулайт, «karkasa»дан же «sarkasa»(индо-ирандык), «kahrkasa»

---

[1] Ethnographia.-VI.-Budapest,1895.-S.381

[2] *Петров К.И.* К этимологии термина «кыргыз»//СЭ.-М.,1964.-№ 2.-С.81

[3] *Баскаков Н.А.* К вопросу о происхождении этнонима кыргыз//СЭ.-М.,1964.-№ 2.-С.92-93

[4] *Кононов А.Н.* Еще раз об этнониме кыргыз//ТИ.-Фрунзе,1970.-С. 20

(авестий тили), «kargas» (пехлев жана ортоперсиддик тилдер), «karges» (памир-ирандык тилдер), «carkas» (согдий тили), «cirgus» (осетин тили) – булардын баары «бүркүт», «гриф» деген сөздүн варианттары, ал эми «бурут» (буркут) этноними «бүркүт» деген сыяктуу[1].

13. Белек Солтоноев өзүнүн эмгегинде «мусулман тарыхчылары «кыргыз» деген сөздүн келип чыгышын кыр-гес, кыр-угуз сөздүн кыскартылганы деп белгилейт». Менин билүүмчө «кырк жүз», «кырк угуз», «кырк кыз» жана «кырк усун» сөздөрүнүн кыскартылганы «кыргыз» деген атка ээ болушу мүмкүн[2].

14. Каракалпак этнографы Д. Айтмуратов «кыргыз» этнонимин «кыра» жана «гыз» деген сөздөрдөн туруп, «карачачтуу эл» дегенди туюнтат[3] деп жазат.

15. Кыргыз тарыхчысы Байас Турал «кыргыз» этнонимин мындай чечмелейт: «кыркы(а)с» сөзүн тескерисинче окуганда казакча «каскыр» (кырг. карышкыр) болуп окулат, бул карышкырды билдирет. Ошондой эле экзоэтноним «бурут» дагы «бору»дан, башкача айтканда бөрүдөн келип чыккан»[4] – дейт. Буга байланыштуу кыргыздардын «кызыл иттен» келип чыгышы туралуу уламыштын негизинде «кыргыз» этнониминин этимологиясынын дагы бир вариантын берет: «Кыргыз – «гурк» (бөрү) жана огуз (адам) деген сөздөрдүн курамынан жаралган болуу керек. Башкача айтканда, Кыргыз – «бөрү-кыз» – «бөрү-адам» дегенди түшүндүрөт»[5].

16. Кытайлык тил изилдөөчү Дун Вин Йи өзүнүн макаласында жогорку «кырк-жүз», «кырк-из», «кырк-кыз» деген аныктамаларга макул болбой, анын тескерисинче, «кыргыз» деген сөз кыргыз тилиндеги «кырк-аз» деген сөздөн келип чыккан, «аз» деген сөз болсо байыркы кыргызча «баатыр», «ак көңүл», «сулуу» деген сөз болот. «Ал эми кырк–аз» деген сөз

---

[1] *Зуев Ю.А.* Киргизы-буруты//СЭ.-М.,1970.-№ 4.-С.79

[2] *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы.-1-китеп.-Б.,1993.-23-б

[3] *Айтмуратов Д.* Тюркские этнонимы.-Нукус,1986.-С.82,92

[4] *Байас Турал.* Огуздар.-Б.,2008.-199-б

[5] Ушул эле жерде

болсо «кайраткер, ак көңүл», «жакшы жоруктуу», «акылы кылды кырк жарган» деген мааниде. Кийинчерээк түрк тилдеринин аралашмасынын негизинде «аз» деген сөз «из» деген сөзгө өтүп, «кырк–аз» деген сөз «кырк–изге» өзгөрүп калган»[1] деп жазат.

17. Кыргыз тарыхчысы, Т.Акеров мындай деп жазат: «сакы» этнониминин жана анын варианты «соххы/з», «кыргыз» атынын келип чыгышына түздөн-түз байланышы бар» деген ойду билдирет. Бул этнонимдеги («соххы/з») биринчи «с» тамгасынын «к» тамгасына жана үчүнчүнүн «х», «р» тамгалары менен өзгөрүшүнө байланыштуу болушу мүмкүн[2] деп белгилейт.

18. Кытай жылнаамаларындагы «кыргыз» – 坚昆 «жианкүн» деп жазылып, «жиан» деген сөз бөлүгү «куругус, чиригис», ал эми «күн» деген сөз «урпак, урпагы, тукуму» деген маанини берип, «түбү куругус» дегенди түшүндүрөт[3].

Кыргыздар кытай жылнаамаларына төмөндөгүдөй аттар менен түшкөн[4]:

1. Гекүн (鬲昆)
2. Гекүн (隔昆)
3. Жегу (结骨)
4. Жианкүн (坚昆)
5. Жияжас (戛戛斯)
6. Жиянкүн (坚昆)
7. Жүву (居勿)
8. Кыгу (纥骨)
9. Кыргыс (纥乞斯)
10. Шиажас (黠嘎斯)

«Кыргыз» этноними башка элдердин курамында: алтайлыктарда – кыргыс[5], башкырларда – kырғы (тәнкәй-kырғыз, kазы-

[1] *Дун Вин Йи.* «Кыргыз» деген аталманын мааниси//Улуттар тили.-1982.-№ 3
[2] *Акеров Т.* Древние кыргызы и Великая Степь.-Б.,2005 -С.16
[3] *Ханзу* (кытай) жазмаларындагы кыргыздар.-Шинжанъ эл басмасы,2004.-349-б
[4] Ушул эле жерде, -292, 349, 362, 363, 371-б
[5] *Радлов В.В.* Из Сибири. Страницы дневника.-М.,1989.-С.96

kай-kырғыз)[1], казактарда – киргиз-аргын[2], өзбек-лакайларда – кыргыз[3], сары уйгурларда – кыргыс (кырхыс)[4], саха-якуттарда – кыргыс[5], түркмөндөрдө (човдур, игдыр, алили) – гыргыз, кәргиз[6]; хакас элинин курамындагы качиндерде – хырғыс[7], кызылдарда – хырғыс[8], сагайларда – хырғыс[9]; Батыш Монголиядагы олёттөрдө – киргис[10], цзахчиндерде – киргис[11], хото-гайтуларда – кыргыз[12] деген формаларда белгилүү.

Жыйынтыкта кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын (эпос, уламыштар), Дж.Банзаров, Л.Лигети, С.М.Абрамзондун илимий пикирлеринин негизинде «кыргыз» деген этноним «кырк уруу же урук», «кырк уруулуу эл» деген түшүнүктү берет десек жаңылышпайбыз.

---

[1] *Кузеев Р.Г.* Происхождение башкирского народа.-М.,1974.-С.361

[2] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.360

[3] *Кармышева Б.Х.* Узбеки-локайцы Южного Таджикстана.-Сталинабад, 1954.-С.30

[4] *Тенишев Э.Р.* Этнический и родоплеменной состав народности юйгу//СЭ.-1962.-№1.-63

[5] *Иванов М.С.* Предание о роде Кыргыс//Мифология народов Якутии.-М., 1980.-С.65

[6] *Атаниязов С.* Шежере.-Ашгабат,1992.-131,277-б

[7] *Бутанаев В.Я.* Происхождение хакасских родов и фамилий.-Абакан, 1994.-С.80

[8] *Бутанаев В.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.89

[9] *Бутанаев В.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.85

[10] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Западная Монголия и Урянхайский край.-Т.III.-Вып.1.-Л.,1926.-С.254

[11] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.267

[12] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.267

## «БУРУТ» ЭТНОНИМИ

*«Солондорду сойлотту,*
*Соолутмак болду ойротту,*
*Ким көрүптүр бурутту,*
*Буруттар бизди курутту».*

«Манас» эпосу

Көпчүлүк изилдөөчүлөр «бурут» атын Тянь-Шанды мекендеген кыргыздардын алгачкы аталышы деп беришет. Алардын кээ бирлери буруттарды байыркы убактан бери Тянь-Шанда жашаган уруу катары карашса, башкалары буруттар Монголиядан чыгып, Тянь-Шанга орто кылымдарда жер которушкан деп санашат.

XV–XVIII кылымдарда Цинь-манжур (кытай)[1], монгол тилдүү булактарда жана ошол мезгилдердеги орус авторлорунун эмгектеринде[2] Теңир-Тоо кыргыздары «бурут», «буруттар» деген экинчи бир ат менен да белгилүү болушкан.

---

[1] «Сиюй чжи» (Батыш аймактар баяны,1763), «Пиндин чжуньгээр фанлюэ» (Жунгарияны тынчытуу баяны,1772), «Дай Цин личао шилу» (Улуу Цин сулалесинин баардык өкүмдарларынын башкаруу баяны), «Хуйцзян чжи» (Мусулман аймагы жөнүндө баян,1772), «Сиюй вэнь цзянь лу» (Батыш аймактан көргөн жана уккандар баяны,1777)

[2] Посольство к зюнгарскому хун-тайчжу Цэван Рабтану каритана от артиллерии Ивана Унковского и путевой журнал его за 1722-1724 годы//ЗИРГО.-По отд. этнографии.-Т.Х.-Вып.2.-СПб.,1887.-С.193,249,263; Архив внешней политики России, ф. «Зюнгарские дела» 1731-1733, д.3,л.161,130

«Манас» эпосунун бардык варианттарында калмак-кытайлар тарабындагы терс каармандар кыргыздарды «бурут» деп аташкан[1].

«Бурут» термини жөнүндө Н.Я.Бичурин, Н.А.Аристов, В.В.Радлов, Г.Гоурт, У.Шотт, А.Левшин, Г.Е.Грум-Гржимайло, К.И.Петров, Г.В.Ксенофонтов, Ю.А.Зуев, А.Абдыкалыков, Э.Ж.Маанаев, Ө.К.Караев, Е.Кычанов, Т.Бейшеналиев, В.Я.Бутанаев, О.К.Каратаев өңдүү тарыхчылардын эмгектеринде айрым ой-пикирлер, терминдин чечмелениши, анын кыргыздарга байланышы жөнүндө сунуш-пикирлер айтылып келген.

* * *

1750-жылдары Г.Ф.Миллер энесей кыргыздары «бурут» деген ат менен да белгилүү болушкан[2] деп жазат. Миллердин бул жазганын В.В.Радлов[3] жана Г.Гоуорт[4] колдошкон.

В.В.Радлов[5] «бурут» этнонимин бор, боор деген бугу уруусунун урук аталышынан төмөндөгүдөй чыгарат: «бурут» (бур + ут) – бор + ут (көптүк маанини аныктаган сөз жасоочу мүчө).

Чыгыш таануучу Ю.А.Зуев бир катар маалыматтардын негизинде «бурут» термининин келип чыгышынын башатын тотемдик ыйык куш – бүркүткө байланыштырат[6]. Н.Ф. Катанов «Буруттар (кара-кыргыздар) – качиндердеги бүркүттөрдөй эле» деп жазат[7].

Кытайдын Юань жана Мин династияларынын жыл баяндарындагы кыргыздар жөнүндөгү маалыматтарга иликтөөлөрдү

---

[1] Кара: Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу.(СО)-Б.,2010; Манас.(СК)-Б.,2010; «Манас». Энциклопедия.-Т.I.-Б.,1995.-161-б

[2] *Миллер Г.Ф.* Описание Сибирского Царства и всех происшедших в нем дела, от начала и особливо от покорения его Российской Державе по сии времена.-Кн.1.-СПб.,1750.-С.398.-§49;он же. История Сибири.-Т.I.-М.-Л.,1937.-С.314.-§48

[3] *Radloff W.* Observations sur les Khirghis//JA.-Ser.VI.-1863.-P.317

[4] *Howorth H.H.* History of the Mongols.-London,1876.-Pt.1.-P.696

[5] *Radloff W.* Observations sur les Khirghis//JA.-Ser.VI.-1863.-P.317

[6] *Зуев Ю.А.* Киргизы-буруты//СЭ,-1970,-№4.-С.84

[7] *Катанов Н.Ф.* Предания присаянских племен о прежних делах и людях// Сб. «В честь 70-летия Г.Н.Потанина».-ЗИРГО.-По отд. этнографии.-Т.XXXIV.-СПб.,1909.-С.280

жүргүзүп келишкен Е.Кычанов жана Т.Бейшеналиевдер «бурут» термини ойроттор (жунгар-калмактар) тарабынан кыргыздарга берилген ат (экзоэтноним) деп, термин ойрот-калмактардын бору(к) – «аска-зоолор» деген сөзүнөн келип чыккандыгын белгилешет. Эне-Сайга куйган Хемчик-Борук дарыясына жамаатташ жашаган кыргыздардын бир бөлүгү бо-ру(к)-бору + т – буру + т деген ат менен аталышкан деген тыянакты айтышат[1].

Саян-Алтай элдеринин этнографиясын изилдеген профессор Л.П.Потапов алтайлыктардагы (теленгиттер) «бурут» (bur–ut) этнониминин келип чыгышын эзелки тотемдик жаныбар – бугуга байланыштырат[2].

Профессор В.Я.Бутанаевдин пикиринде «бурут» терминин төркүнү монгол тилдерине таандык. Кыргыздар бул экзоэтнонимди төрт түлүк малдын сактоочусу болгон көк түстүү «ызыхка» (үй жаныбарларынын ыйык колдоочусу) байланыштуу алышкан. Бул түс кыргыздардын Саян-Алтайдагы саясый үстөмдүгүнүн символун аныктаган түшүнүктү да чагылдырат[3]. Буруттар хакастарда «кыргыздар» деп баяндалары маалым[4]. Саян-Алтайдын бүгүнкү элдери уламыштардагы буруттарды жана кыргыздарды бул аймакты жердеген эң байыркы эл катары түшүнүшөт.

Жогорудагы маалыматтар «бурут» терминин маанисин толук ачып бере албады.

* * *

Н.Я.Бичурин «кыргыз» жана «бурут» этнонимдерин синоним катары карап, «Азыркы кыргыздар мурда Тибеттин түндүк чегинен алыс эмес Хотон тоолорунун түштүк жагында жашашып, азыркы турушкан жеринде «болу», «булу» жана «болюй» деген кытайча аталыштар менен б.з. IV кылымында белгилүү болушкан. «Болу» жана «булу» бурут сөзү менен окшош, демек

[1] *Кычанов.,* Бейшеналиев 1991,242-243
[2] *Потапов* 1935,147-148
[3] *Бутанаев В.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.41
[4] *Бутанаев В.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.39-40

бурут кыргыздардын байыркы аты, аны менен аларды кытайлар жана монголдор азырга чейин аташат» деп жазат[1].

Кытайдын тарыхындагы байыркы жана жаңы маалыматтарды салыштырып, уруулардын жайгашкан аймактарын тактап, Н.Я.Бичурин «Булюй бул чыгыш жана батыш Түркстандын ортосунда жаткан азыркы бурут же кыргыз ээлиги»[2] деген бүтүмгө келет.

Орустун көрүнүктүү окумуштуусу А.И.Левшин буруттар жөнүндө: «Жаңы замандагы кытай географтары кыргыздарды «бурут» деген ат менен жазышат». Ал кытай булагы «Дай Цин итун чжиге» (гл.420) шилтеме берип, «Түндүк Вэйлер ээлик кылып турганда, азыркы буруттардын жеринде жашаган эл – полу, ал эми Тан династиясынын убагында пу-лу, же по-лю деп аталган. Кийин алар Чоң (Улуу) жана Кичи Пулу деп бөлүнүштү. Мурда ал эл ушул өлкөнүн түштүк тарабындагы тоолордун түштүк жагында жашашып, кийин анын түндүк тарабына өткөн. Тан (династиясынын) мезгилинен бери кытайлардын алар менен мамилеси жок. Полу деген аталыш Борү (бөрү) менен окшош, демек, пулу эли буруттар экендигине шек жок. Мындан буруттар V жана VI кылымдарда эле азыркы турган жерлеринде жашашкан деген тыянак чыгат. Кыргыздар алар менен Түштүк Сибирден куугунтукталганда аралашып кеткен болуу керек»[3] деген маалыматтарды берет.

Сары-Кол, Памир атын алып турган Улуу Тоонун айлана – тегереги илгертен эле Кыргыз жери болгону «Манас» эпосунда:

Бадахшан менен Балыкты
Башынан күтүп башкардым - десе дагы бир жеринде.

---

[1] *Бичурин Н.Я.* Описание Чжунгарии и Восточного Туркистана в древнем и нынешнем состоянии.-Ч.I.-СПб.,1829.-С.XXVII,XXVIII

[2] *Бичурин Н.Я.* История Тибета и Хухунора с 2282 года до Р.Х. до 1227 года по Р.Х.-Ч.II.-СПб.,1833.-С.191

[3] *Левшин А.* Описание киргиз-кайсакских или киргиз-казачьих орд и степей.-Ч. II.-СПб.,1832.-С.14-15

Балык менен Бадахшан
Башынан кыргыз жеридир[1] – деп айтылып турат.

Чыккан чөп менен аккан суудан башкага залалы жок, бирөөгө кылайып кара санабаган, момун, ишенчээк кыргыз элинин бир ууч бөлүгү «сарыколдуктар» деген ат менен Памир тоосунун Ооганстан жак чегинде жашап келишет[2]. Оогандык кыргыздар жалпысынан «Чоң памирлик» жана «Кичи памирлик» болуп экиге бөлүнүшөт[3]. Экөөндө тең эле байыркы кыргыз уруулары: тейит, кесек, кыпчак, кыдырша, найман урууларынын өкүлдөрү бар.

Ч.Ч.Валиханов «пулу» менен «бурут» терминдеринин байланышын изилдеп, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келет: «пулу», «булу» жана «пули» – кытай тилинде «бурут» аталышында сакталып калган, кыргыздын «бөрү» же «буру» уруусунун бузулган формадагы этнонимдери. Ал кытай булагы «Дай цин итун чжиге» шилтеме берип: «пулу менен булу аталыштары окшош, демек, пулу – буруттар». Анда ары: «Менимче, орустар кайсактарга «кыргыз» деген ат бергендей эле, «бурут» сөзүнүн келип чыгышынын кыргыздарга ушундай эле тиешеси бар»[4] деп жазат.

Немец окмуштуусу У.Шотт «Чыныгы кыргыздар» деген макаласында кытай булактарындагы кыргыздар жөнүндөгү маалыматтарды салыштырып, булу уруусун изилдеп, алгачкы кыргыздар «буруттар» деп аталып, «бу-лу-тэ» деген сөздөн келип чыккан» деген тыянак чыгарат[5].

А.Х.Маргулан «Полу, же пулэй уруусу б.з.ч. I кылымдардан эле белгилүү. Тарыхый салт боюнча алар эки канатка бөлүнүшкөн: пулей арткы (чыгыш), пулей алдыңкы (батыш). Кытай булактары боюнча, пулэй арткы Теңир-Тоонун чыгыш жагында,

[1] *Карасаев Х.* Камус нама.-Б.,1996.-155-б
[2] *Саргазаков К.* Оогандык кыргыздар//Кыргызстан маданияты.05.12.1988-ж.
[3] *Саргазаков К.* Көрсөтүлгөн эмгек. 15.12.1988-ж.
[4] *Валиханов Ч.Ч.* Избранные произведения.-Алма-Ата,1958.-С.324
[5] *Schott W.* Über die ächten Kirgizen//APAW.-Berlin,1864.-S.465

Токтата тоосунун Сюй-Чу өрөөнүндө, башкача айтканда, Баркөл (Пулэй-цзе)[1] чөлкөмүндө жашашкан. Пулэй алдыңкы Теңир-Тоонун батыш жагындагы Шуюй (Чу дарыясы) өрөөнүндө турушкан. Кытай булактарында мындай деп айтылат, Пулэй ээлиги Хан династиясынын учурунда Ичжи (Ичкилик – Н.Т.) деген аталыш менен белгилүү болгон, ал эми «Үчпадышалык» убакта – Пулу. Пулэйдин (болу, болюй) башка уруктары Тибеттин батышындагы Пияз (Памир) тоосунун өрөөндөрүндө жана капчыгайларында жашашкан[2].

Пулэйдин (пулу, булу) жашоо турмушу жана каада-салты кыргыздардыкынан эч айрымасы болгон эмес. «Пулэй боз үйлөрдө жашашып.... Эгин сепкенди жакшы билишет. Уй, ат, төө жана койлорго ээ болушуп, жаа, жебе жасаганды билишет. Алгач Пулэй чоң ээлик болгон. Батыш аймактар хунндардын бийлиги астында болгондо, пулэйдин башкаруучусу Шаньюйдүн астында күнөөкөр болуп калат, ал ачуусу менен «6000 пулэйдин жашоочуларын Батыш хун аймагына, Хову өлкөсүнө көчүрүп, княжествону Хаву деп атайт. Ал Чыгыш Чешиден түндүктө жайгашып, атчан 90 күндүк жол»[3], башкача айтканда, азыркы Турфан оазисинен Алтай жана Саян тарапта.

Кыргыздын бөрү уруусу жөнүндөгү маалыматтар кытай булактарынан башка араб жана перс булактарында да кездешет. Мисалы «Худуд ал-Аламда» (X к.) жана Абу Са’ид Гардизиде (XI к.) фури (кури) деген эл эскерилет. «Кыргыздардын чыгыш тарабында фури деген эл бар, алар да кыргыздардан...Башка кыргыздар менен аралашышпайт...Тили башка кыргыздар үчүн түшүнүксүз»[4]. Ю.А.Зуев 拊 離, фули (>piu-ljie<böri) (буре) –

---

[1] *Бичурин Н.Я.* [Иакинф]. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена.-Ч.III.-СПб.,1851.-С.87; Ушул эле китеп.-Ч.II.-М.-Л.,1950.-С.206

[2] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Ч.III.-СПб.,1851.-С.46,252-254; Ушул эле китеп.-Ч.II.-М.-Л.,1950.-С.178,319-321

[3] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Ч.III.-СПб.,1851.-С.131; Ушул эле китеп.-Ч.II.-М.-Л.,1950.-С.236

[4] *Hudud al-’Alam*. The Regions of the World. A Persian Geography 372 A. H. - 982 A. D. Transl. and expl. by V. Minorsky.-London,1937.-P.286

усундардын, сюнну-гундардын, табгачтардын жана түрктөрдүн уруу аталышы деп жазат[1]. 符離, фули (>piu-ljie<böri) Эдзин-гол өрөөнүндөгү юэчжи ээлигинин бир бөлүгү, б.з.ч. 119-жылдары анын башкаруучусу Чантуло деген болгон. 附 離 фули (>piu-ljie<böri) «лан» деп которулуп, «бөрү» деген маанини берген. Ордодогу Тюрк каганын лейб-гвардиясын 𐰋𐰇𐰼𐰃 «фули/бөрү» деп аташкан. Кагандын ордосунун үстүндө бөрүнүн башынын сүрөтү түшүрүлгөн желек желбиреп турган[2].

Тарыхчы Т.Акеров «динлин» этнониминин келип чыгышын кыргыздардын «жети бөрү» же «эди бору» (эди фулин) уруусунун аталышы менен байланыштырат[3]. Эгерде андай болгондо «динлин~теле» уруусу уламыш боюнча өздөрүн бөрү менен хунн канышасынан таратышат.

Н.А.Аристов «бурут» аталышы «бөрү» деген сөздөн келип чыккандыгын жазат[4]. Буга мисал катары изилдөөчү кыргыздардын курамындагы адигине уруулук тобуна кирген бөрү уруусунун энчилүү атын келтирет[5]. Н.А.Аристовдун пикиринде «бурут» (буру + т) – «бөрү» этнониминин фонетикалык өзгөргөн формасы (-т көптүк маанини аныктаган сөз жасоочу мүчө).

* * *

К.И.Петров монгол тилдеринин сөздүктөрүндөгү маалыматтарга таянып, «буруу» – «чыккынчылар», «дини бөтөндөр» дегенди туюнтаарын, ал эми термин кыргыздарга карата берилген лакап ат экендигине токтолгон[6].

---

[1] *Зуев Ю.А.* Выступление на сессии, посвященной этногенезу киргизского народа//ТККАЭ.-Т.III.-Фрунзе,1959.-С.172

[2] *Зуев Ю. А*. Ранние тюрки: очерки истории и идеологии.-Алматы,2002.-С.36

[3] *Акеров Т.* Древние кыргызы и Великая Степь.-Б.,2005.-С.59

[4] *Аристов Н.А.* Опыт выяснения этнического состава киргиз-казаков Большой орды и кара-киргизов, на основании родословных связей и сведений о существующих родовых делениях и о родовых тамгах, а также исторических данных и начинающихся антропологических исследований//ЖС.-СПб.,1894.-Вып.III-IV.-С.345; он же. Труды по истории и этническому составу тюркских племен.-Б.,2003.-С.53

[5] *Аристов Н.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-СПб.,1894.-С.345;--Б.,2003.-С.53

[6] *Петров К.И.* Очерки феодальных отношений у киргизов в XV–XVII вв.-Фрунзе,1961.-С.57

Тарыхчы А.А.Абдыкалыков К.И.Петровдун бул көз карашын толугу менен колдоп, «бурут» термини кыргыздар менен жунгарлардын ортосундагы туруксуз мамилелердин натыйжасында келип чыгат. «Бурут» сөзү калмактын «буруу» + «д» > «т» деген көптүк маанини аныктаган суффикс аркылуу пайда болгон. Калмак жана монгол тилдеринде «бурут» – «күнөлүү», «чыккынчы», «башка диндеги» деген маанилерди туюнтуп, ал термин кыргыздарга бөтөн эл тарабынан таңууланган лакап ат (экзоэтноним) экендигин жазат[1].

Саха-якут тарыхчысы Г.В.Ксенофонтов бул термин боюнча кызыктуу пикирин сунуш кылган. Саха-якуттарда «бурут-буруут» сөзү «бөтөн уруудан», «бөтөн жердик», «чет жердик» дегенди туюнтуп, саха-якуттардын лексикасында «бурут» сөзү жаш балдарды коркутуу үчүн колдонулган[2].

Тарыхчы профессор О.К.Каратаев «бурут» терминининин келип чыгышын, маанисин, проблемасын илимий изилдеп[3], Н.А. Аристовдун «бурут» термини «бөрү» дегенди туюнтат деген көз карашын колдоп, «бурут» этнониминин оболку формасы «бөрү» (бөрү + т- пүрүт-бурут) деп аталган. Бөрү + т; - т (- ыт; - ут; - ит) аффикси монгол тилдүү элдерде көптүк маанини аныктаган сөз жасоочу мүчө[4]. Айрым изилдөөчүлөрдүн «бурут» – бөтөн жердик, чыккынчы ж.б.у.с. тыянактарына макул болууга негиз жок[5]. Бул маалыматтардын жана фактылардын негизинде кыргыздардын башка элдерде тотемдик «бурут» деген кошумча ат менен да белгилүү болгондугун, ал эми этноним «бөрү», «карышкыр» маанилерин туюнтат деген тыянакка келет[6].

---

[1] *Абдыкалыков А.* О термине «Буруты»//СЭ,-1963,-№ 1.-С.127

[2] *Ксенофонтов Г.В.* Очерки по древней истории якутов.-Т.I-II.-Якутск, 1992.-С.162-164

[3] *Каратаев О.* Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан.-Б., 2003.-54-69-б

[4] *Каратаев О.* Көрсөтүлгөн эмгек.-64-б

[5] Кара: *Петров К.И.* Очерки феодальных отношений у киргизов в XV–XVII вв.-Фрунзе,1961.-С.57

[6] *Karataev O.K* Eski türk devrindeki kırgız etnik isimleri//Türkler.11.Yeni Türkiye yayinlari.-Ankara,2002.-S.80-85

* * *

Чыгыш таануучу Г.Е.Грум-Гржимайло «бурут» термининин келип чыгышын «бурят» этноними менен жалпы негизде карайт. Ал өзүнүн оюн Рашид ад-Диндин «Жами ат-Таварихинде» эскерилген баргу-буруттар менен «бурут» термининин тарыхый жалпылыгы бар деген пикирин айткан[1].

Г.Е.Грум-Гржимайло «буруттарды» өз алдынча эл болуп, Теңир Тоо кыргыздарынын этникалык жүзүнүн калыптанышына негизги роль ойногон этнокомпонент катары карайт. Ал аргумент катары Хакас-Минусин ойдуңундагы сагай, качиндердин жана алтай-теленгиттердин курамдарынан кездешкен «кыргыз», «бурут» деген этнонимдеринин параллелдерин келтирет[2].

Д.Банзаров «бурут» этнонимин «бурят» деген сөздүн бир варианты деп эсептейт[3]. Н.Г.Румянцев Д.Банзаровдун бул оюн негизсиз деп, «монгол тилинде burijad~burud деп алмашууга фонетикалык жактан мүмкүн эмес»[4] деп жазат.

Бирок бурят этноними монгол сөзү эмес, ал байыркы түрк тилинен монгол тилине келип кирген. Этноним жалпы буряттардын тилинде «буряад» деп айтылат. Элдик этимология боюнча «буряад» буриха деген этиштен алынып, «жол менен жүрбөй, жолдон бурулуп чыккандар» деген маанини берет. Мунун негизинде «бурят» деген аталыштын этимологиясы «монголдордон бөлүнүп кетишкендер», алардан четтеп кетишкендер» деп чечмеленет[5].

Бурят окумуштуусу Ц.Б.Цындендымбаев бурят сөзүнүн этимологиясында «бөрү» деген түрк сөзү жатат. Бурят деген этноним, «бүре (bür’e)» + «д» же «бөре (bөr’æ)» + «д» көптүк

---

[1] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Западная Монголия и Урянхайский край.-Т.II.-Л.,1926.-С.537;-Т.III.-С.188

[2] *Грум-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-С.537

[3] *Шейбаниада.* История монголо-тюрков.-Казань,1849.-Приложение V.; Банзаров Д. Собрание сочинений.-М.,1955.-С.180

[4] *Румянцев Н.Г.* Примечание к кн: Д.Банзаров. Собрание сочинений.-М.,1955.-С.321-322,прим.323

[5] *Цындендамбаев Ц.Б.* Бурятские исторические хроники и родословные.-Улан-Удэ,1972.-С.274

монгол суффиксинин жардамы менен келип чыгат. Бөрү деген атты түрк доорунда протомонгол шоно~чоно аталыштагы тотеми бөрү болгон уруулардын бири алышкан же аларга түрктөр бул аталышты беришкен» деген өзүнүн көз карашын илимий чөйрөгө сунуштайт[1].

Б.Б.Бардин «бурят» сөзү бул байыркы «баргут» сөзүнүн кийинки варианты деп, аны мындай чечмелейт баргут~бургут~бурут~бурат~бурят»[2].

Саян-Алтайдын түрк-монгол тилдүү элдеринде (хаас, алтайлыктар, телеуттар, урянхайлар, хотон, торгоут, дэрбэт) кенен таралган «бурут» (пүрүт) уругунун өкүлдөрүнүн теги ушул аймактын эзелки элине барып такалат. Хакас фольклорунда «бурут» (пүрүт) уруусунун түпкү мекени Бурятия, экинчи маалымат боюнча Дэрбетия (Түндүк-Батыш Монголия) экени баяндалат[3].

«Бурут» этноними башка элдердин курамында: алтайлыктарда – пурут (пырат, парат)[4], алтайлык торгоуттарда – бурут[5]; телеуттарда – пурут[6]; хакас элинин курамындагы белтирлерде – читі пүүр[7], бирюсиндерде – читі пүүр[8], качиндерде – пүрүт[9], кызылдарда – пүрүт[10], сагайларда – пүрүт[11]; Батыш Монголиядагы торгоуттарда жана хотондордо – бурут[12] деген формаларда белгилүү.

Жогоруда келтирилген маалыматтардын негизинде төмөндөгүдөй жыйынтыкка келсек болот:

---

[1] *Цындендамбаев Ц.Б.* Көрсөтүлгөн эмгек-С.277-279

[2] *Бардин Б.Б.* Буряты-монголы//Бурятоведение.-1927.-№3-4.-С.45

[3] *Бутанаев В.Я., Бутанаева И.И.* Хакасский исторический фольклор.-Абакан, 2001.-С.54-55

[4] П*отапов Л. П.* Этнический состав и происхождение алтайцев.-Л.,1969.-С.23

[5] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Западная Монголия и Урянхайский край.-Т.III.-Вып.1.-Л.,1926.-С.186

[6] *Радлов В.В.* Из Сибири. Страницы дневника.-М.,1989.-С.96

[7] *Бутанаев В.Я.* Происхождение хакасских родов и фамилий.-Абакан, 1994.-С.86

[8] *Бутанаев В.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.87

[9] *Бутанаев В.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.80

[10] *Бутанаев В.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.88

[11] *Бутанаев В.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.84

[12] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.276

1. Хан династиясынын (б.з.ч. 206–б.з. 220-жж.) учурундагы пулэй, «Үч падышалык» убактагы – пулу, Түндүк Вэй династиясынын (386–535-жж.) учурундагы – по-лу (бо-лу), ал эми Тан династиясынын (618–907-жж.) убагында пу-лу, же по-лю аталыштарын Н.Я.Бичурин, А.И.Левшин, Ч.Ч.Валиханов, У.Шотт, А.Х.Маргулан бурут этнониминин кытай тилинде айтылышы деп, аны менен окшоштурушуп, «бурут» кыргыздардын байыркы аты деген тыянакка келишет.

2. Н.А.Аристов, А.И.Левшин, Ч.Ч.Валиханов, Ц.Б.Цынден-дымбаев, О.К.Каратаев «бурут» аталышы «бөрү» деген сөздөн келип чыккандыгын белгилешип, аны бөрү аталыштагы уруу менен байланыштырышат.

3. А.Х.Маргулан, Ю.А.Зуев, Э.Ж.Маанаев пу-лу, же пу-ли аталыштарын кытай жана араб булактарындагы фу-ли (фури) менен байланыштырып, аны «бурут» этноними менен окшоштуруп, «бөрү» деген маанини берет дешет.

4. «Бөрү» ичкилик урууларынын жалпы тотеми, ошол себептен «бурут» этноними алгач кыргыздын ичкилик тобунун аталышы болгон, ошондуктан Ч.Ч.Валиханов: «... кыргыздар кытайлар атагандай «бурут» деген атты таптакыр билишпейт, бул сөздү алар (кыргыздар) такыр угушкан эмес; «бурут» деген уруктун аталышын кыргыздардын ичинен кездештире албадым» – деп жазат[1]. Себеби Ч.Ч.Валиханов негизинен түндүк (Оң канат) кыргыздарга гана жолуккан.

Демек, булу (пу-лу)~бо-лу (по-лу)~бо-лю (по-лю)~фу-ли кытай тилиндеги «бурут» этнониминин айтылыш формалары. «Бурут» кыргыздардын байыркы аталышы болуп, «бөрү» деген маанини туюнткан. Ал эми «бөрү» кыргыздын ичкилик тобунун жалпы тотеми, ошол себептен «бурут» этноними менен алгач кыргыздын ичкилик тобу аталган. Кийин алар жалпы кыргыз урууларынын биримдигине «ичкилик» деген ат менен киришкен.

---

[1] *Валиханов Ч.Ч.* Избранные произведения.-Алма-Ата,1958.-С.324

# КЫЗЫЛ УУЛ

# КЫЗЫЛ УУЛ (ИЧКИЛИК)

*«Абат ашып келген,*
*Нойгут басып келген,*
*Каңды качып келген,*
*Төөлөс чачып келген,*
*Бостон кууп келген,*
*Оргу ооп келген,*
*Кыпчак жоолап келген,*
*Найман доолап келген,*
*Кесек кезип келген,*
*Тейит терип келген»*

Эл сөзү

Жазылган накыл сөз элдин элегинен өтүп, ар бир уруунун Түркстан тоосунун бооруна кантип келгендигин билдирет. Кыргыз кырк уруу журт болуп отуз уул (уруу), он уул (уруу) делип эки топко бөлүнүп келген. Он уулдан тараган уруулар *«ичкиликтер»* деп аталып келет.

Ичкиликтер деген аталыштын дагы бир вариантын санжырачы С.Закиров мындайча түшүндүрөт: «Түштүк кыргыздардагы санжырачылар Эгембердиев Акунбай, Тагай... ж.б. тоодо жашаган кыргыздар шаар тегерегиндеги кыргыздарды ичкеридеги кыргыздар деп атап жүрүшүп ошондон ичкилик деген аталыш келип чыккан»[1] – дейт.

Кытайлык кыргыз тарыхчы Анвар Байтур ичкилик деп аталыштын мындай вариантын берет: «Күндөрдүн биринде Кыр-

[1] Кара: *Закиров С.* Кыргыз санжырасы.-Б,.1996

гызбайдын элин алыстан келген жоо чаап кетет. Кыргызбай өз элин жоого каршы согушка чакырып, Кыпчак, Найман, Тейит, Кесек деген төрт уулун баш кылып, элинин бул бөлүгүнө өзү жетекчилик кылып, келген жоону как ортосуна сокку бермекчи болуптур. Ал жоого каршы турган бул сапты «ичкилик» деп атаптыр»[1].

Н.А.Аристов «Эгерде ичкилик аталышы ичке (эчки) деген сөздөн келип чыккан болсо, анда абдан бийик өрөөндөрдө, кыйын өткөөлдүү тар капчыгайларда жашап жаткан тоолуктарга туура келет. «Шейбаниада»да «ички» деген уруунун аты бир нече жолу кездешет, балким ичкилик союзунун же тобунун аталышы ички (эчки) уруусунун уруу башчысынын ысмынан улам келип чыккандыр»[2] – дейт.

«Ичкилик тобунун ата-бабаларынын негизги ядросу булгачы жана кэрэмучин. XVI–XVII кылымдарда эски, түшүнүксүз булгачы жана кэрэмучин аталыштарын алар унутушат. Экинчи «ичкилик» аталышы Ички деген аймактын атынан келип чыгат. Ички түркчө «ички, түнт токойлуу жер, же аймак» дегенди билдирет. Ичкилик – ичкерки, Ички жеринин жашоочуларынын аталышы. Буларга Кыркыр-хан аймагындагы оң жана сол уруулары менен бириккен убакта Ички аты арналып коюлушу мүмкүн. Кыргыз аймагынын четинде жашаган оң жана сол уруулары булгачыларды, мурда кыргыз жеринин ички аймагында жашагандыктан, «ички кыргыз» катары карашкан»[3] – деп жазат кыргыз тарыхчысы К.И.Петров.

Ичкиликтер тарыхый, даректүү жазма булактарда санжыра маалыматтарында *«булгачылар»* деген ат менен да белгилүү. Кыргыздын өз алдынча уруулук тобу катары XVI кылымдагы Сайф ад-Дин Аксыкентинин *«Тарыхтардын жыйнагы»* аттуу

---

[1] *Анвар Байтур.* Кыргыз тарыхынын лекциялары.-I-китеп.-Б.,1992.-33,40-б

[2] *Аристов Н.А.* Труды по истории и этническому составу тюркских племен.-Б.,2003.-С. 50

[3] *Петров К.И.* Очерк происхождения киргизского народа.-Фрунзе, 1963.-С.90-91

эмгегинде баяндалат: «...Ушундан соң, алар (Мир Жалил маулан) салт атчан жолго чыгышты, арадан бир топ убакыт өтүп Салусбек Бул(а)гачинин жерине келишти. Алты уулу менен конокту сый-урматка бөлөгөн Бул(а)гачи ыйык Мир Жалил Маулан Агзамдан балдарына бата берүүнү суранды, жооп иретинде алкоо алышты. Алар алты уруу болуп калды: бостон, теит (тейит), жоо кисек (жоо кесек), дөөлөс (төөлөс), хыдыршах (кыдырша), кангды (каңды)...»[1] деп баяндалат.

Булгачы тобу XV кылымдагы булактарда, Шараф ад-Дин Али Йездинин[2] «Зафар-намесинде» – *бул(а)гачы-вилкар* жана *бул(а)гачы,* Абд ар-Разак Самаркандинин[3] «Матла'ас-са'дайн ва Мажима'ал-Бахрайнде» – *бул(а)гачы или* (илгачи) жана *бул(а) гачы сабужилер,* Низам ад-Дин Шаминин[4] «Зафар-намесинде» – *бул(а)гачы-далкар* деген варианттарда берилет. Акыркы чыгармада Амир Темир 1388-жылы Моголистанга жасаган жортуулунда «Или дарыясынан анча алыс эмес Бикут деген жерде Амир Темирдин аскерлери Булгачы уруусунун 20 миң адамдан турган колу менен согушуп, аларды толук талкалады»[5] деп жазылат.

Белгилүү чыгыш таануучу О.Ф.Акимушкин «Зафар-намедеги» бул маалыматтарга комментарий берип жатып, мындай деп жазат: «Рашид ад-Дин «Жылнаамалар жыйнагында» булагачин уруусун монгол деп, бирок мурда монгол эмес деп аталган уруулардын арасына кошот»[6]. Ушуну менен О.Ф.Акимушкин биринчи жолу тимуриддердин заманындагы Моголистандык булгачы уруусу менен Чынгызхандын убагында Баргужин-Токум аймагында керемучин уруусу менен чогуу жашаган булагачин уруусун окшоштуруп жакындаштырат.

---

[1] *Сайф ад-дин ибн Шах Аббас Аксикенти.* Тарыхтардын жыйнагы.-Б.,1996.-65-б

[2] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары.-Т.1.-Б.,2002.-202-203-б; мындан ары ККТБ

[3] ККТБ.-Т.1.-227-б

[4] ККТБ.-Т.1.-157-б

[5] МИКК.-С.108-109

[6] *Рашид ад-Дин.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.122

Тарыхчы К.И.Петров Низам ад-Дин Шаминин бул маалыматына комментарий берип, булгачы уруусу менен монголдордун убагындагы Баргужин-Токум аймагынан чыккан булагачин уруусун байланыштырып, тян-шандык кыргыздардын ичкилик тобунун негизги уюткусу ушул жерден чыккан» деп жазат[1]. К.И.Петров бул теориясын төмөндөгүдөй аргументтер менен бышыктайт: «Маджму-ат-таварихте» көрсөтүлгөндөй булгачы өзүнүн курамына бостон, төөлөс, каңды, жоокесек, тейит, кыдырша деген алты урууну камтыган. Алар Махмуд ибн-Вели боюнча Баргужин-Токумдан чыккан башка ичкилик урууларына «үстөмдүк кылышкан». Мисалы төөлөс уруусу, кесек уруусунун сибирги тобу XII кылымдарда Баргужин-Токумда булгачындар менен кошо жашашкан. Ал эми ичкиликтердин калган урууларынын (кыпчак, нойгут, найман, ават, оргу) булгачылар менен болгон биригиши төмөндөгүдөй.

Найман жана кыпчактардын кээ бир уруктары булгачы-ичкиликтерге Энесай-Иртыш дарыя аралыктарында жашап жатканда эле кириши мүмкүн, негизинен азаркы найман уруусундагы туума-токумдар – Баргужин-Токумдагы туматтар. Кийинчерээк найман жана кыпчак уруктары булгачы-ичкилик улусуна XIII–XIV кылымдарда Түштүк Тян-Шанга жер которгондо кириши мүмкүн. Нойгуттар алгач Или-Иртыш аралыгындагы булгачы-ичкиликтердин калган бөлүктөрү менен биригип, кийин XVII–XVIII кылымдарда алар менен кошо Кашкар аркылуу (Түштүк Тян-Шанга) жер которушкан. Өзгөчөлөнүп турган ават жана оргу уруулары жалпы аталышын унутушкан кэрэмучин тобу. Булгачыларга караганда экинчи даражада тургандыктан алар өз аталышын унутушуп, булгачыларга кирип, аралашып кетишкен.

XII кылымдын аягына чейин Энесай-Иртыш дарыя аралыктарында жашаган булгачы (бостон, каңды, жоокесек...) жана кэрэмучин (ават, оргу), төөлөс, сибирги, баркы (баргы) ж.б. урууу-

---

[1] *Петров К.И.* Очерки феодальных отношений киргизов в XV–XVIII вв.-Фрунзе,1961.-С.136,138; он же. К истории движения киргизов на Тянь-Шань и их взаимоотношений сойратами в XIII–XV вв.-Фрунзе,1961.-С.20,181-182

лар XIII кылымда наймандар кеткенден кийин, Алтай-Хангай тоолорунан алар Чыгыш Тян-Шанга чейин созулган наймандардын жерине келишип, XIV кылымдын аягына чейин ал жерлерде көчүп-конуп жүрүшөт. Бул жерде булгачы-ичкиликтер менен төөлөс, сибирги уруулары биригишет, мындан сырткары алар менен жергиликтүү алтай уруулары жана чыгыш-тяншандык элдер (найман, уйгур) да аралашышат. XIV–XV кылымдарда булгачы-кэрэмучин бирикмеси жана ага кошулган уруу бөлүкчөлөр Түндүк Тян-Шанга жер которушат. XVI кылымдарда алар Түштүк-Батыш жана Түштүк Тян-Шанга келишип, бул жерден Темирландын убагында зордуктап көчүрүлгөн мекендештерине жолугушат»[1].

Профессор Б.М.Жумабаев К.И.Петровдун бул теориясын колдоп, анын оюна толугу менен кошулат.

Кийинчерээк К.И.Петровдун бул гипотезасы С.М.Абрамзондун «Кыргыздар»[2] деген эмгегинде күмөндөлөт. С.М. Абрамзон «К.И.Петровдун эмгектеринде азыркы Түштүк Кыргызстандын территориясында куралган ичкилик тобу менен (же анын «уюткусу» менен) жана XIII кылымда Енисей боюндагы Баргужин Токум аймагында жашаган ачык эле моңгол тилдүү булагачин жана кэрэмучин урууларынын ортосунда түздөн-түз этногенетикалык байланыштын болгондугун далилдөөгө аракет жасалат. Бул байланыш бизге апыртылгандай көрүнөт. Биз жазып алган генеалогиялык уламыштарда бир катар кыргыз урууларынын ата-бабаларынын аттарынын ичинен Булгачы деген ысымды (ошондой эле Булганч, Булганчы түрүндө) табабыз, бирок бул ысым түрк тилинин негизинде келип чыккан деп болжолдоого болот. Бул гипотезаны далилденген деп айтышка али эч болбойт. Ичкилик тобунун пайда болушу гипотезанын автору ойлонгондон алда канча татаал» деп жазат[3]. С.М.Абрамзон

---

[1] *Петров К.И.* К истории движения киргизов на Тянь-Шань...-С.180-183

[2] *Жумабаев Б.М.* Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш.-Б.,2009.-34-б

[3] *Абрамзон С.М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи.-Л.,1971; ушул эле аталыштагы китеп.-Фрунзе,1990.-С.48-49

К.И.Петровдун гипотезасына мындан башка аргумент келтире алган жок.

Кыргыздын белгилүү тарыхчысы профессор Ө.Караев «Чагатай улусу. Хайду мамлекети. Моголистан» деген эмгегинде жогоруда айтылган маселе боюнча С.М.Абрамзондун оюн колдогон, бирок эч кандай кошумча аргументтерди келтире албаган[1].

В.П.Юдин Низамуддин Шаминин «Зафар намасына» таянып, булгачы уруусу Темирдин заманындагы салучилер менен бирге айтылаарын белгилейт. Вайсхан өлгөндөн кийин,– деп көрсөтөт В.П.Юдин, булгачы уруусу калучилер жана бир катар башка уруулар менен бирге Дашт-и Кыпчакка Абу-л-Хайр-ханга кетип калышат». Ал жөнүндө могул уруусу катары айтылат. «Тарих-и Рашидиде» да XV кылымдын экинчи чейрегинде «булгачы» деп аталган уруу Абу-л-Хайр-хан башчылык кылган «көчмөн-өзбектер» менен биригип кеткендигин кабарлайт.

А.Мокеев «Булгачы деген аталыш – экзоэтноним, аны кыргыздын ичкилик тобун түзгөн урууларды саясый мааниде белгилөө үчүн Моголистандын башкаруучулары колдонушкан. Булгачы этнониминин негизин «булга» деген байыркы түрк сөзү түзүп, каймана мааниде «дүрбөлөң, козголоң, бүлгүн салуу» деген маанини туюнтат. Демек, Тимуриддердин заманындагы Моголистандагы булгачы уруусу Чыңгызхандын доорундагы Байкал бойлорундагы Бул(а)гачын уруусуна эч кандай тиешеси жок. К.И.Петровдун XIII кылымдын башындагы Байкал бойлорундагы «токой» элдери менен кыргыз элинин ичкилик тобунун генетикалык байланышы жөнүндөгү гипотезасы негизсиз. Бул гипотеза X–XIII кылымдарда Алтай жана Иртыш бойлорундагы аймак менен кыргыз элинин ичкилик тобунун урууларынын реалдуу этникалык жана тарыхый-маданий байланыштарын эске албай сунушталган» деп сынга алат[2].

---

[1] *Абрамзон С.М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Б.,1999.-29-б

[2] *Мокеев А.* Кыргызы на Алтае и на Тянь-Шане.-Б.,2010.-С.111-112

Бурят элинин уламышында булгачы уруулары буряттардан келип чыгышы чагылдырылган. Ц.Б.Цындендымбаев буряттардан төмөндөгүдөй уламышты жазып алган. «Буряттардын ата-теги болгон «Баргу-баатырдын эки уулу болот: Бурят жана Хоридай. Буряттан булагаттар (бул(а)гачын) жана эхириттер, Хоридайдан хорилер тарайт». Экинчи вариантта Баргу-баатырдын Олет, Бурят деген балдары, Баргужин-гоа деген кызы болуп, ал кызы хори-туматтарга, Хоридай мергенге күйөөгө чыгып, алардан 12 хорилердин уруктары тарайт. Бул уламыштын буряттардын арасында башка варианттары да бар, анда Хоридай – Баргу баатырдын үчүнчү уулу катары да айтылат[1].

Жогоруда келтирилген Баргу баатыр жөнүндөгү уламышты чечмелесек, бул уруулардын туугандык жакындыгы чагылдырылып, баргуттардан ойроттор (ойрот-монгол, буга калмактар да кирет), буряттар (добайкальские) жана хорилер бөлүнүп чыккандыгынан кабар берип турат.

Б.Б.Бардин «бурят» сөзү бул байыркы «баргут» сөзүнүн кийинки варианты деп, аны мындай чечмелейт: баргут~бургут~-бурут~бурат~бурят»[2].

Бертагаев Т.А. бурят жана курикан этнонимдеринин этимологиясын изилдеп, «burijat – Байкал боюнда жашаган жана жашап жатышкан үч бурят урууларынын (булгачын, ихирет, кермучин – Н.Т.) жалпы аталышы, кийинчерээк ал аталыш хори-буряттарга жана Байкалдын ары жагында жашаган урууларга тараган»[3] деген жыйынтыкка келет.

Демек, булгачын, ихирет, кермучин урууларынын жалпы аталышы «бурят~ бурут» болгон. Жогоруда бурут этнонимин чечмелегенде «бурут» кыргыздардын байыркы аталышы дегенбиз. Баргужин-Токумдагы булгачын, ихирет, кермучин жана хори-тумат урууларынын бир бөлүгү «бурят» деген жалпы ата-

[1] *Цындендамбаев Ц.Б.* Көрсөтүлгөн эмгек-С.79,83,101

[2] *Бардин Б.Б.* Буряты-монголы//Бурятоведение.-1927.-№3-4.-С.45

[3] *Бертагаев Т.А.* Об этнонимах бурят и курикан//Этнонимы.-М.,1970.-С.131

лыш менен азыркы бурят элин түзүп, бир бөлүгү «булгачын» жана «кермучин» деген аталыш менен Тян-Шанга жер которушуп, К.И.Петров айткандай, ичкилик тобунун ата-бабаларынын негизги ядросун түзүшкөн.

Буга далил катары бурят уруу-уруктары менен ичкилик тобунун урууларынын параллелдерин келтиребиз: абгат = абат; алаг = алак (тейит); атаган = атага (кесек); баргу = баркы (тейит); бубайн-найман = бөөбий найман; букут = бука (тейит); булга(д), булагад(т) = булга (каңды), булгачы-найман; булбэ = булбул (төөлөс); булуд = булут, шах булут (кесек); буура = буура (төөлөс); бүргүд = бүркүт (кесек), муркут (төөлөс); дархад, кара-дархан = даркы (төөлөс); дурбэд, дурбэнгуд = дүрбөөл (тейит, төөлөс); монгол = могол (абат); найман = найман; нарад = нарай (төөлөс); онход, онхот = нойгут (онгут); нохой урук = иткулу (оргу), ит эмген (төөлөс), ит бок (каңды, төөлөс), оторши = отунчу (тейит), таха = така (тейит); тумэт = туума, кара туума (тейит), туума тукум (найман); убур-кирей = керейит (төөлөс); узен = сары усөн (кесек); халчин = калча (тейит, төөлөс); кермучин = кермучин; чалдар = чал (тейит); чахар = чакыр (тейит); халчин, алакчин = алакчин (тейит); шарад = сары (оргу); шарануд = шаранда (найман); шоно/чоно = бөрү (тейит), бай бөрү, чөө бөрү (оргу) ж.б. Өзүңүздөр көрүп тургандай, келтирилген урук аталыштарда көп окшоштуктар бар.

1424-25-жылдары Ширазда (Иран) жазылып бүткөрүлгөн Шараф ад-Дин Али Йездинин «Зафар-наме» («Жеңиштер китеби») деген чыгармасында Аргун-шах-актачы[1] деген эскерилет, балким Аргун-шах кыпчак уруусунун актачы уругунан болгондур?

1470-71-жылдары жазылган Камал ад-Дин Абд ар-Разак ибн Жалал ад-Дин Исхак Самаркандинин *«Матла' ас-са'дайн ва Мажма' ал-Бахрайн»* аталыштагы чыгармасы Амир Темирдин

[1] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары.-Т.І.-Б.,2002.-194-б, мындан ары ККТБ

жана анын мураскорлорунун азыркы Кыргызстан, Түштүк Казакстан жана Чыгыш Түркстанга жасаган жоортуулдары, согуш аракеттерине арналган. Бул чыгармада «Амир Темир бул(а)гачи элин чаап алды, алар бул(а)гачы менен салгылашышты, бул(а) гачи – салучилерди издешти»[1] деген маалыматтар кездешет. Жогоруда айтылгандай, ичкиликтер *«булгачы»* деген ат менен да белгилүү болушкан.

Шах-Махмуд Чурастын XVII кылымда, Чыгыш Түркстанда жазылган «Хроника» деген чыгармасында XVII кылымдын биринчи жарымында аталган чөлкөмдүн саясий окуяларына катышкан Булгачы тобу жөнүндө айтылат. Шах-Махмуд Чурас боюнча Булгачы тобу кыргыздардын бир бөлүгү болуп, өзүнүн курамына каңды, чоң-багыш, кыпчак, жана найман аттуу кыргыз урууларын камтыган[2].

Автору белгисиз, XVII кылымдын аягында жазылган *«Тарих-и Кашгар»* («Кашкар тарыхы») аттуу чыгармада «Арзу-Мухамедд-бектин аскер жетекчилиги астында *төөлөс, кесек* жана чоң багыштар, *кыпчактардын* баары, кушчу, *наймандар,* Кашкар жана Жаңы-Гиссардын калкы көп сандуу аскерлери менен Яркенге жети ирет кол салышкан эле»[3] деп эскерилет.

Ичкилик тобунун курамындагы уруулардын келип чыгыш теги байыркы хунну, эзелки Кыргыз, Түрк каганаттары, Караханийлер доорлору менен терең байланышкан. Ошондуктан бул уруулук топтордогу уруулардын келип чыгышы соңку доорлор менен гана байланышы бар деген көз караш илимий негизсиз. Ичкилик уруулук тобунда кыргыз этносунун пайдубалын түптөгөн этнокомпоненттер арбын. Этностук аталыш «борбор», «борбордук» маанисин түшүндүрүп, мындай уруулук бирикмелерге бөлүнүү чыныгы аскердик жана чарбалык-экономикалык зарылчылыктардан гана улам келип чыккан. Маселен, орто кылымдардагы огуз-түркмөн урууларынын жайгашкан айма-

---

[1] ККТБ.-Т.I.-Б.,2002.-226-227-б

[2] *Шах-Махмуд ибн Мирза Фазил Чурас.* Хроника.-М., 1976.-С.223,311-312

[3] ККТБ.-Т.I.-Б.,2002.-319-б

гынын борбордук бөлүгүн ээлеген «бозок» (борбор) уруулук бирикмеси «ич огуз» деп аталганын «Коркуд атамын китеби» эпосу да чагылдырат[1].

XVIII кылымдын акырына таандык болгон кытай булагы «Хуй цзян тун чжи» («Мусулман аймагы жөнүндө баян») деген колжазманын «Вайфан було» («Сырттагы жапайылардын тайпа-журттары») – төртүнчү, акыркы бөлүгүндө «буруттардын башка уруулары менен катар абат, тейит, найман, кыпчак (сарт кыпчак, тору айгыр), сарыкол урууларын башкарган кыргыз бийлеринин мансап даражасынын тизмеси, жана ошондой эле, ал уруулар жердешкен чөлкөмдөр көрсөтүлгөн»[2].

1763–1770-жылдарда жазылган кытай булагы «Сиюй Чжи» **西域志** (*«Батыш жерлердин сүрөттөлүшү»*) кыргыздарды жалпысынан экиге бөлөт: кэ-эр-гэ-ци-сы (түндүк) жана то-го-со-хо-лэ (түштүк). Аталган булакта ичкилик – ават, бостон, кесек, кыпчак, найман, нойгут, тейит, төөлөс урууларынан тургандыгы жана аларга кирген актачы, жаман тейит, кара кыпчак, кара тейит, көкө найман, кыдырша, кызыл аяк, кызыл кыпчак, кызыл найман, сары найман, сары тейит, тору айгыр, чал тейит, чоң кыргыз уруктары аталып, алардын жайгашкан жерлери белгиленет[3].

Ч.Ч.Валиханов[4] *«Кыргыздар жөнүндө кат»* деген эмгегинде «Кара кыргыздар негизги эки бөлүккө же канатка бөлүнүшөт: «оң кол» жана «сол кол». Сол канат кыргыздарга адигине, мунгуш жана ичкилик уруулары – *бостон, канды, кесек, кыдырша, төөлөс* жана башкалар таандык экендигин көрсөтөт.

Орус изилдөөчүсү А.П.Федченко *«Туркестанга болгон саякат»* аттуу китебинде «Лейлекке жакын тоолордо кыргыздын

---

[1] Книга моего деда Коркута. Огузский героический эпос.-М.-Л., 1962.-С.15,31,35

[2] ККТБ.-Т.II.-Б.,2003.-93-94-б;Кыргыздар.Он төрт томдук.-Т.I.-Б.,2011.-411-б

[3] Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана.-Т. II.-Б.,2003.-201, 206, 209-б

[4] *Валиханов Ч.Ч.* Собрание сочинений в пяти томах.-Т.II.-А-А., 1985.-С.40,44-45

*аваат,* батыш жагында *кесек* жана *чапкылдык* уруулары жашайт»[1] деп учкай белгилеп кеткен.

Полковник А.А.Кушакевич[2] илимий адабиятта биринчилерден болуп Ходжент уездинде ичкиликтин кесек уруусунун 13 уругун белгилейт: *мөжөй, калдар, кызыл аяк, бөлөк сары, сары үсөн, чуулдак, тейит, бөксө, тагайберди, эшкара, алтынчы, чүчүк* жана *кара молдо.* Уезде кесектердин жалпы саны 700гө жакын түтүн деп кабардаган. А.А.Кушакевич ошол убакта эле кесек уруусу 12 уруктан турaарын туура көрсөткөн, бирок *тейит* уруусун кесек уруусуна урук кылып, жаңылыш кошот.

Чыгыш таануучу, саякатчы, генерал-майор А.Ф.Костенко *«Алай жана Памирге болгон аскердик, илимий экспедиция»* аттуу эмгегинде кыргыздар жөнүндө мындай маалыматтарды берет: «Алайда жашаган элдер кара-кыргыздардын үч уруусунан турат: жогорку бөлүгүндө *мунгуш* жана *адигине,* алардын кыштоолору Ош уездиндеги Гүлчө жана Ош шаарынын тегерегинде. Төмөнкү бөлүгүнө *ичкиликтер* жайлоого чыгышат, кыштоолору Маргалаң уездине караштуу Үч-Коргон жана Миң-Төбөнүн ортосу. Ичкиликтердин *найман* жана *тейит* уруулары Дараут-Коргондун жанында Кичи Алайдагы Алтын-Дара жана Көк-Суу капчыгайларында кышташат. Ичкиликтер 20 урууга бөлүнүшөт, алардын башкылары: *кыдырша, канды, найман, тейит, кесек,* орго (оргу – Н. Т.), тулус (төөлөс – Н. Т.), *кара тейит, чал тейит, бостон, кызыл аяк* жана *кара садак*»[3]. Мында кесек уруусунун *кызыл аяк* жана *кара садак* уруктары, *тейит* уруусунун *кара тейит* жана *чал тейит* уруктары өзүнчө уруу катары жаңылыш берилген.

Подполковник Смирнов ичкиликтер жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтарды берет: «Алайда жашаган көчмөндөр ка-

---

[1] *Федченко А.П.* Путешествие в Туркестан.-Т.I.-Ч.II. В Кокандском ханстве.-СПб.-М.,1875.-С.64; его же. Путешествие в Туркестан.-М.,1950.-С.265

[2] *Кушакевич А.А.* Сведения о Ходжентском уезде//ЗИРГО по общей географии.-Т. IV.-СПб.,1871.-С.231

[3] *Костенко Л.Ф.* Военно-научная экспедиция на Алай и Памир//ВСб.-СПб., 1879.-№4.-С.372

ра-кыргыздар, *мунгуш, адигине* жана *ичкилик* деп, негизги үч урууга бөлүнүшөт. Ичкиликтер Маргалаң уездинде жана Кичи Алайда кышташат. Саны боюнча 9 000 кожолук, адам санына которсок 49 000дей»[1]. Ал эми подполковник Еврейнов Алайда жашаган кыргыздарды жогоруда айтылгандай эле, үч топко бөлөт да, «найман менен тейиттер Дараут-Коргондун тегерегинде Көк-Суу дарыясынын Алтын-Дара капчыгайында жана Кичи Алайда жашашат»[2] деп көргөзөт.

И.П.Минаев өзүнүн *«Аму-Дарыянын жогорку агымындагы өлкөлөр жөнүндө маалыматтар»* аттуу эмгегинде орус жана европалык саякатчылардын Памир, Алай, Кашгар жөнүндөгү маалыматтарынын жыйнактарын берет. Эмгекте ичкилик кыргыздары жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтарды чагылдырат: «Сарыкол өрөөнүнүн Тагарма түздүгүндө 100 кожолук *тейит* уруусу Курумчу бийдин башкаруусу астында жашашат. Кызыл-Арт түздүгүн кыргыздар жана *кыпчактардын* 1 000ге жакын кожолугу ээлешет. Алар бул жерге 7 жыл илгери Абдул-Рахмандын кол башчылыгы астында Кокондон көчүп келишкен»[3].

Полковник Н.Ф.Ситняковский түштүк кыргыздардын уруулук курамын толугураак берип, «Ферганалык кыргыздар өздөрүн эки топко бөлүшөт: *отус уул* жана *ичкилик.* Биринчиси Фергана облусунун чыгыш жагында, Жети-Суу облустында жана Кашгар провинциясында жайгашкан; экинчиси Фергана өрөөнүнүн түштүк жагындагы тоолуу аймактарды ээлешет. Эки топ өздөрүнүн байыркы «оң» жана «сол» деп бөлүнүшүн сактап калышкан». Түштүк кыргыз урууларынын эң көпчүлүгү жана атактуулары: *адигине, монгуш, кесек, тейит, кыпчак* жана *найман.* Ал кесек уруусу 14 уруктан тургандыгын *кесек, бай кесек, кара кесек, кыдырша, канглы, чоң кыргыз, бөрү баш, авай, ахтачы, кара саадак, чүчүк, алашан, жоо кесек, бостон* деп баян-

[1] *Смирнов.* Краткий военно-топографический обзор юго-восточной части Ферганской области. 1886 г.//СМА.-Вып.XXXV.-СПб.,1888.-С.190

[2] *Еврейнов.* Очерк Алайской долины 1886 г.//СМА.-Вып.XXXV.-СПб., 1888.-С.207-208

[3] *Минаев И.* Сведения о странах по верховьям Аму-Дарьи.-СПб., 1879.-С.151-152

дайт[1]. Бул жерде канглы, бостон өзүнчө уруулар, алашан канды уруусунун, ахтачы кыпчак уруусунун, кыдырша ават уруусунун уруктары.

Е.Г.Грумм-Гржимайло «ичкилик тобу *таит, кыдырша, канды, кесек, тулус же туляс* (төөлөс – Н.Т.), *бостон, кызыл-аяк, орго* (оргу – Н.Т.), *кипчак* жана *найман* урууларынан турат. Тулуй (төөлөс – Н.Т.) уруусу VII кылымдарда болгону менен ичкилик тобу кийинчерээк түзүлүшү мүмкүн, себеби анын курамына канглы, кыпчак, найман, аргын (кесек) уруулары XIII кылымдан эрте эмес кирген»[2] – деп жазат.

Төөлөс уруусунан чыккан молло Ш.Карваний[3] кыргыздарды *оң* жана *сол* деп экиге бөлүп, аларга кирген кыргыз урууларын атап, ошон үчүн ичкилик эли да экиге бөлүнүп, *оң* жана *сол* деп аталышына ушул себеп болгон дейт. Ал ичкиликтердин оң тобуна – *бостон, кыпчак, найман, нойгут, оргу, төөлөс (буйга, нарай),* сол тобуна – *жоо кесек, каңды, кесек, кыдырша, тейит (жөө тейит, чапан тейит)* урууларын киргизет. Ал кыпчак, найман, кесек жана тейит урууларынын аталыштарынын келип чыгышы жөнүндө бир нече варианттарды мисал келтирет.

Кыргыздын көрүнүктүү коомдук ишмери жана тарыхчысы А.Сыдыков «ичкиликтер негизинен *канды, тюелес* (төөлөс), *тейит, найман, яукесек* (жоо кесек), *бостон, найгут* (нойгут), *кыпчак, ават* урууларына бөлүнөт» деп белгилейт. Ал бул эмгегинде кесек менен жоо кесек урууларын бириктирип жоо кесек деп берип, кесек менен жоо кесек бир эле уруу деген ойду айтат. Мындан сырткары ал ичкилик тобуна кирген уруулардын ар биринин жашаган жерлерин көрсөтөт[4].

---

[1] *Ситняковский Н.Ф.* Перечисление некоторых родов киргиз, обитающих восточной части Ферганской долины//ИТО ИРГО.-Ташкент,1900.-Т.II.-Вып.I.-С.92-100; он же. Таблица киргизских родов Ошского уезда//ИТО ИРГО.-Ташкент,1900.-Т.II.-Вып.II.-С.57-58

[2] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Западная Монголия и Урянхайский край.-Т.II.-Л., 1926.-С.539

[3] *Молло Шарап Карваний.* Элдин, жердин тарыхы.-Ош,2010.-24-25-б

[4] *Сыдыков А.* Родовое деление киргизов//Сб.«Белек».-Ташкент,1927.-С.293-295; А.Сыдыков Родовое деление киргизов//Курманов З., и др. Абдыкерим Сыдыков – национальный лидер.-Б.,1992.-С.95-96

Я.Р.Винников[1] 1953–1954-жылдары Түштүк Кыргызстанда жүргүзүлгөн кыргыз урууларын изилдөө экспедициясынын материалдарына таянып, ичкилик тобунун курамына *кыпчак, найман, тейит, бостон, кесек, жоо кесек, канды, нойгут, ават, оргу* жана *төөлөс* урууларын киргизет. Ошондой эле алардын жашаган жерлерин белгилеп, этникалык картасын түзөт. Баяндамачылардын айтканынын негизинде ичкиликтерди оң жана сол канатка бөлөт. Оң канатка *тейит, кесек, жоо кесек, бостон, оргу, төөлөс,* ал эми сол канатка *найман, кыпчак, канды, нойгут, ават* урууларын киргизет.

Кыргыз тарыхчысы Б.Жамгырчинов[2] кыргыз элинин 40 уруудан түзүлүшүн колдоп, аны «эски» уруулар деп атап, аттарын тизмелеп берип, анын ичине ичкилик тобуна *төөлөс, тейит, жоо кесек, бостон, нойгут, каңды, кыдырша, кызыл аяк, кыпчак, найман* урууларын кийирет. Ошондой эле ичкилик тобун «оң» жана «сол» деген эки чоң канатка бөлүп, оңго – *кесек* жана *тейит,* солго – *найман, кыргыз-кыпчак, чоңбагыш, төөлөс* жана *сарт-кыпчак* урууларын киргизип, аталган уруулардын курамын жана жашаган жерлерин белгилейт. Б.Жамгырчинов кесек уруусунун курамына *кыдырша, бостон, канглы, ават* (авай кесек деп) урууларын жаңылыш киргизет. Ал эми жоо кесек жана кесек урууларын бир эле уруу деп эсептейт.

Ө.Караев[3] ичкиликтерге – *найман, кесек, тейит, жоо кесек, төөлөс, каңды, бостон, ават, оргу, кыпчак, нойгут* жана *чапкылдыктарды* кошот.

Профессор Ш.Жапаров Лейлек районунда жашаган ичкилик тобуна кирген *абат, каңды, кесек, найман, тейит* урууларын атап, алардын уруктарга бөлүнүшүн берет. Ошондой эле бул уруулардын географиялык жайгашуусун көрсөтүп, аталган

---

[1] *Винников Я.Р.* Родоплеменной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии//ТКАЭЭ.-Т.I.-М.,1956.-С.157-158

[2] *Джамгерчинов Б.* Присоединение Киргизии к России.-М.,1959.-С.23-26

[3] *Кыргызы.* Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии.-Б.,1996.-С.23

уруулардын ичинде Лейлек районунда кесек уруусу басымдуу көпчүлүктү түзөөрүн белгилейт[1].

Лейлектик тарыхчы Г.Мадаминов[2] 1998-жылы жарыкка чыккан, Лейлек районунун 70-жылдык маарекесине арналган, «Лейлек жана лейлектиктер тарыхы» деген эмгегинде Лейлек жергесинин тарыхына, археологиясына жана этнографиясына кыскача токтолуп кетет. Эмгекте ичкилик уруусунун келип чыгышы жөнүндөгү уламыштар, Лейлек жергесинде ичкилик тобунун – кесек, тейит, абат, канды, найман уруулары жашаарын белгилеп, алардын уруктук курамын, жашаган айылдарын жана жайлоолорун чагылдырат.

Т.Умар уулунун[3] «Кыргыз санжырасы» аттуу китепчесинде, ичкиликтердин (Кызыл уул) курамына төмөндөгү урууларды киргизет: *каңды, төөлөс, тейит, найман, бостон, нойгут, кыпчак, абаат, кесек.* Ошондой эле аталган урууларды уруктарга бөлүп, алардын генеалогиялык схемаларын берет.

С.Жаңыбай уулунун[4] «Кыргыз санжырасы» аттуу китепчесинде, автор «Кызыл уулдун балдары, башкача айтканда, ичкиликтер Лоб жана Кызыл-Суу дарыяларынын оң жана сол жээктеринде мекендешкен. Ошондон улам оң жана сол деп ажыратуу келип чыккан» – дейт. Оң ичкиликтерге – *тейит, кесек, кыдырша, нойгут, кыпчак,* ал эми сол ичкиликтерге – *найман, бостон, аваат* урууларын киргизет.

Санжырачы С. Закиров[5] *«Кыргыз санжырасы»* деген эмгегинде: «Кыргыз санжырачыларынын көпчүлүгү, ичкилик урууларын бирде солго кошуп, бирде кырк уул, бирде отуз уулга кошуп айта беришет. Санжырачылардын мындай чатыштырып жатканынын башкы себеби, булардын байыркы уруулардан, элдерден болгондугунда. Ошол себептен «...ичкилик уруулары эң эски уруулар» – деп,

---

[1] *Жапаров Ш.* Лейлек районунун территориясындагы уруулардын бөлүнүшү// Алга.-№121,18.10.1967.4-б; ушул эле автор. Лейлектеги кыргыз уруулары//Алга.-03.04.1993.2-б

[2] *Мадаминов Г.* Лейлек жана лейлектиктер тарыхы.-Б.,1998.-25,26-б

[3] *Турдубай Умар уулу.* Кыргыз санжырасы.-Б.,1991.-22-24-б

[4] *Сапарбай Жаңыбай уулу.* Кыргыз санжырасы.-Ош.,1993.-14-15-б

[5] *Закиров С.* Кыргыз санжырасы.-Б.,1996.-С.239

ичкилик урууларына: *канды, төөлөс, тейит, найман, жоо кесек, бостон, нойгут, кыпчак, ават* урууларын киргизет. Ошону менен бирге «жоо кесек менен кесек бир эле уруу» – дейт.

«92 элетийа урууларынын» тизмесинен بستان *бостон*, قانغلى *каӊды* (канглы), (قپچاق) قبجاق *кыпчак*, نيمان *найман*, تين *тейит* жана *төөлөс* урууларын кездештиребиз, ошону менен катар ичкилик уруусунун курамына кирген уруктар да бар: к*ераит, гирей, меркит, дурмен* (дүрбөөл), *бүркүт* (муркут), *шуран* (шорон), *аргын* (кесек), *митан* (кесек), *уйшун* (кесек)[1].

[1] Материалы по истории киргизов и Киргизии.-Т.I.-Б.,2002.-С.230,232; Абдикулов М., Мадимаров М. Молло Шарап Карваний.-Б.,2008.-С.71-74; Молло Шарап Карваний. Элдин, жердин тарыхы.-Ош,2010.-С.13-15

## Ичкилик уруктары «92 элетийа» урууларынын тизмесинде[1].

| I. Маджму ат-таварих боюнча (Л. 17а-18а кол жазма; Т. чыгарылган 22-23-б.) | II. II Тухфат ат-таварш-и хани боюнча (ЛО ИВАНнын тизмеси, 468-б, л. 2666) | III. ӨзССРнин чыгыш таануу Институтунун 4330.3 кол жазмасы боюнча, л. 1326. | IV. Закир Чормошевден Абрамзон С. М. жазып алган 92 уруунун тизмеси боюнча | V. Ичкилик уруу жана уруктары |
|---|---|---|---|---|
| ÷ | ÷ | 14. бустан, остон بستان | ÷ | |
| 28. кагнлы قنكلى | 25. канглы قنكلى | 29. канглы قانغلى | ÷ | каңды |
| 10. кыпчак قبجاق (قپچاق) | 13. кипчак قبجاق | 9. кипчак قبچاق | кыпчак | кыпчак |
| 9. найман نيمان | 12. найман نيمان | 10. найман نيمان | айман | найман |
| 84. теит تين | ÷ | ÷ | ÷ | |
| 8. аргун ارغون | 10. аргын ارغين | 20. аргун ارغون | аргын | аргын |
| 61. уйшун اويشون | 58. уйшун اويشون | 62. уйшун اويشون | ойшон | сарсөн |
| ÷ | 57. митан ميتن | 61. митан ميتن | мит | митан |
| 40. кереит كريت | 35. кераит كرايت | 41. кераит كرايت | ÷ | кереит |
| 56. гирай, гирей كيراى | 51. гирай, гирей كراى | 91. гирей, кирей كراى | ÷ | герей |
| 57. дурмен دورمن(تابين) | 53. дурман دورمن | 57. дурмен دورمان | дурман | дүрбөөл |
| 46. меркит مركيت | 41. меркит مركيت | 46. меркит مركت | меркит | меркит |
| 47. бүркүт مركيت | 42. бүркүт مركيت | 47. бүркүт مركت | бүркүт | муркут |
| 88. шуран شوران | 91. суран سوران | 87. шуран شوران | сооран | шорон |
| 11. калмак قالماق (قلماق) | 69. калмак قالماق | 16. калмак قلماق | ÷ | калмак |

[1] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары.-Т.I.-Б.,2002.-299-303-б

## Ичкилик уруулары кыргыз эл оозеки чыгармаларында

Кыргыз элинин оозеки чыгармалары «Манас», «Эр Төштүк», «Курманбек», «Жаңыл Мырза» эпосторунда ичкилик урууларынын аталыштары кеңири жолугат.

Манасчы Б. Сазановдун айтуусунда «кырк уруу кыргызга» төмөнкү ичкилик уруулары кирген: 5. Тейит, 6. Жоо кесек, 7. Төөлөс, 8. Бостон, 9. Нават (Ават – Н. Т), 11. Нойкут, 19. Кыдырша, 20. Кызыл аяк.

«Манас» эпосунда, Саякбай Каралаевдин вариантында, төмөнкү ичкилик уруулары Манас менен бирге болот: каңды, кыпчак, нойгут, набат (абат), найман[1]. Ал эми Сагынбай Орозбаковдун вариантында: *каңды, кыпчак, нойгут, набат* (абат), *найман, тейит, каракесек, төөлөс* уруулары[2].

«Жаңыл Мырза» эпосунда нойгут уруусу Лоб дарыясынын боюнда, Какшаалда жашагандыгы айтылат. Тарыхый кырдаалдардын себебинен XVII кылымдын аягында кытайдагы нойгуттар жер которушуп, Кашкар аркылуу, Кызыл-Сууну бойлоп, азыркы Баткен районундагы Зардалыга көчүп келишкен.

«Курманбек» эпосунда кыргыздын Оң жана Сол канат уруулары менен катар Ичкилик тобунун *каңды, кыдырша, кызыл аяк, кыргыз-кыпчак, нойгут, тейит, төөлөс* уруулары, аталган уруулардан чыккан эл башкаруучулар, баатырлар, ошондой эле алардын жашаган жерлери сүрөттөлөт[3].

## Каратегиндеги ичкилик уруулары

Каратегинге да ичкилик уруулары ар түрдүү тарыхый кырдаалдарда барышып, отурукташкан. Н.А.Кисляков өзүнүн эмгегинде «Каратегинде алгач кыргыздар жашаган. Кыргыздардан алгач ал жерге көчүп келген Тегин-ата болчу. Анын Сайрам-ата

[1] Манас. (С.Каралаев).-Т.I.-59,69,88,115,136,152-б

[2] Манас. (С.Орозбаков). ).-Т.I.-191,214,232-б;-Т.II.-14,25,68,94,151,152,419-б

[3] *Жусупбеков А.* Курманбек.-Жалал-Абад,1998.-13,30,33,59,62,63, 228, 242, 247, 301, 303-б

жана Олия-ата деген инилери болгон. Ал Каратегинди башкарып турган мезгилде, Бухара менен Иран согушуп калат. Бухаранын өкүмдары Ирандан жеңилип калып, Тегин-атадан жардам сурайт. Тегин Иран шахынын аскерлерин жеңип, Бухаранын башкаруучусу болуп калат. Анын аскерлери Каратегинге кайтып келишет. Бир нече күндөн кийин Каратегинде мор болуп, элдин көбү кырылып калат. Аман калгандардын арасында Тегин-атанын уулу Кара да бар эле. Ал кыргыздардын Тегин-ай деген кызына үйлөнүп, жаңы кыргыздарды бул жерге көчүрүп келет. Ошентип анын жана аялынын аты менен өлкө Кара-Тегин аталып калат»[1] – деген уламышты эл арасынан жазып алат. Демек, кыргыздар илгертен бери эле Каратегинде жайлашып, ал жерде көчүп-конуп жүрүшкөн.

Орус ботаниги В.Ф.Ошанин Каратегиндин географиялык жайгашуусун төмөндөгүдөй сүрөттөйт: «Сурхоб дарыясынын ортоңку агымын ээлеген тоолуу өлкөнү Каратегин дейбиз. Түз сызык боюнча ал 150 чакырым, ал эми туурасы 40-50 чакырымды түзөт. Түндүк-чыгыш жагынан Каратегин орус ээликтери – Заравшан кырка-тоосу жана Фергана облусу, түштүк жагынан Дарваз, батыш жагынан Куляб жана Гиссар өлкөсү менен чектешет». Каратегинде «кара кыргыздардын *кара тейит, тупчак* (кыпчак – Н.Т.) жана кыдырша уруулары турушат»[2].

Фергана облусунун аскер-губернатору, генерал-майор Г.А.Арандаренко[3] *«Түркистандагы бош убак»* аттуу фундаменталдуу эмгектин автору каратегиндик ичкилик кыргыздар жөнүндө мындай маалыматтарды берет: «Каратегинде кыргыздын кесек, кенесары, авгат урууларынын 5 000дей үй-бүлөсү бар. Алар жайында Занку, Карагуш-хан дарыяларынын башталыштарына жайлоого чыгышат да, кышында Сурх-обь дарыясынын жээгине, Калянляби-обь айылына чейин түшүшөт».

---

[1] *Кисляков Н.А.*Очерки по истории Каратегина.-Сталинабад-Ленинград, 1941.-С.64-65

[2] *Ошанин В.Ф.* Каратегин и Дарваз//ИРГО.-Т.XVII.-Вып.1.-СПб.,1881.-С.23

[3] *Арандаренко Г.А.* Каратегин (по распросным сведениям)//ВСб.-СПб.,1878.-№5.-С.120

Алайлык кыргыздардан Г.В.Покровский жана Н.И.Стоговдор жазып алган маалыматтарга караганда, XVIII кылымдын башында Алайга Каратегинден кесек уруусу, ал эми Занкудан (азыркы Жерге-Тал району) тейит уруусу көчүп келишет»[1].

Кыргыз тарыхчысы А.Абышкаев Каратегиндеги ичкилик урууларын «сол» жана «оң» деп экиге бөлөт. Солго найман менен кыргыз-кыпчакты, оңго кесек менен тейит урууларын киргизет. Өз учурунда кесек уруусун эки чоң топко бөлөт: *кыдырша* жана *бостон* деп. Кыдыршага чоок, мушук, таз, боби (баба), казке, шамрак, гунай, атабай, борбаш урук бөлүктөрүн, бостонго дунке, чегетер, уйгур, коңурбай, кошой, чоң-кыргыз, балкы урук бөлүктөрүн кийирет[2] (№ 2 схеманы карагыла).




*Схема 2.* Каратегиндеги ичкилик урууларынын схемасы
(А. Абышкаев боюнча)

Орустун көрүнүктүү генерал-лейтенанты, профессор А.Е.Снесарев[3] өзүнүн «Чыгыш Бухара» деген китебинде кыр-

---

[1] *Покровский Г.В., Стогов Н.И.* Алайские аульные общества Маргеланского уезда в 1909 г. //Статистический обзор Ферганской области за 1911 г.-Скобелев,1914.-С.79-80

[2] *Абышкаев А.* Каратегинские киргизы в конце XIX начале XX вв.-Фрунзе, 1965.-С.15-16

[3] *Снесарев А.Е.* Восточная Бухара.-СПб.,1906.-С.43-44

гыздар жөнүндө мындай деп жазат: «Сайрон кыштагынан Алай өрөөнүнө чейинки жерлерде жашаган кыргыздар тейит, кесек, кыргыз-кыпчак ж.б. урууларына таандык. Алар Алай, Фергана өрөөндөрүндө жана Чыгыш Памирде жашаган кыргыздарга тууган болушат».

## Памирдеги ичкилик уруулары

Полковник В.Н.Зайцев[1] *«Памир өлкөсү – Түркистандын борбору»* аттуу эмгегинде Памирдеги ичкилик тобун төмөндөгүдөй аймактарда жайгаштырат: Мургаб аймагында *дурбаиль* (дүрбөөл), *науруз* (ноорузз), *текрен, чапкынды, чал-тейит, кипчак, кара-тейит,* Ак-Таш аймагында *алапа-ичкилик, шаим, кучкар, утумчи, бука, кизильбаш, найман, кисак* (кесек), *кутан,* Ранг-Көл аймагында саратаит (сары тейит – Н.Т.), *чегетыр, бустан* (бостон – Н.Т.), *чечарак, найман-кипчак,* Аличур аймагында *айжеке, олжоке, жапанчы, итурчак, кипчак, кизыл аяк* жана *казыке.* Мындай уруулардын аттарын атоо менен бирге алардын канча түтүн, канчасы эркек жана аял, жылкы, төө, кой жана эшектеринин санын таблица аркылуу көрсөтөт. Демек, жогоруда аталган уруу жана уруктардын аталышынын негизинде Памир болуштугунда ошол убакта ичкиликтин *кесек, кыпчак, найман, тейит, төөлөс* уруулары жашап турушкан.

Чыгыш таануучу, Памирди изилдөөчү, орустун генерал-майору А.Г.Серебренников[2] «Памирлик кыргыздар негизинен төмөндөгүдөй төрт урууга тиешелүү: *тейит, хадырша, найман* жана *кыпчак*, алардын биринчи экөөсү Памирдин батыш жана түштүк-батышында, калгандары түндүк-чыгышында көчүп-конуп жүрүшөт». Ошондой эле ал Памирдин чыгыш бөлүгүндө жашаган кыргыздардын саны 2221, алардын ичинен 1118 эркек жана 1033 аял деп белгилейт.

---

[1] *Зайцев В.Н.* Памир страна – центр Туркестана//ЕФО.-Т.II.-Новый Маргелан, 1903.-С.76

[2] *Серебренников А.Г.* Памир//ЕФО.-Т.I.-Новый Маргелан,1902.-С.141-142

1891-жылкы Памир-Алай экспедициясынын катышуучусу врач К.К.Казанский *«Памирдин жанында»* аттуу эмгегинде «Алайда кыргыздын үч уруусуна тиешелүү болгон 17 000ге жакын боз үйлүү кыргыздар көчүп-конуп жүрүшөт. Бул жердин жогорку жана чыгыш бөлүгү Баш-Алай деп аталып, мында *монгуш* менен *адигине,* ал эми батыш бөлүгүн *ичкилик* уруулары ээлешет. Алар сан жагынан монгуш менен адигине урууларын кошкондо үч эсе көп»[1].

Швед окумуштуусу Свен Гедин 1893-1897-жылдары Азияга болгон экспедициянын натыйжасында «Азиянын жүрөгүндө. Памир-Тибет-Чыгыш Түркстан» аттуу эмгегин жаратат. Аталган эмгекте этникалык жактан Алайдын калкын төмөндөгүчө жайгаштырат: Дараут-Коргондо, Туз-Дарада жана Алтын-Дарада – тейит уруусу, Кашка-Сууда – *тейит* жана *чал тейит,* Көк-Сууда – *найман,* Каратегинде – *кыпчак, найман* жана *кара тейит* уруулары жашайт. Ошондой эле Кытай Памиринде Кичи Кара-Көлдүн түштүгүндө 300 (60 түтүн) тейит уруусунун өкүлдөрү, Контой өрөөнүндө кара тейит уруусу, Мустаг-Ата тоосунун жанындагы Торген-Булак деген жерде жана Мужи жайлоосунда 60 үйлүү найман уруусу жайлашарын белгилейт[2]. Мындан сырткары Памирде жашаган ичкилик урууларынын каада-салтын, социалдык турмушун, үй-тиричилигин, тамак-ашын, үйлөнүү үлпөтүн жана өлүк көмүүсүн өз эмгегинде чеберчилик менен чагылдырган.

XIX кылымдын аягында Памирге келген англис саякатчысы Лорд Дунмор[3] Памирде жашаган кыргыздарды төрт бөлүккө бөлөт: *найман, кыпчак, тейит* жана *кесек.* Найман өзүнчө төрт урукка бөлүнөт: *кон* (көн), *босторгой, мырза, кийик.* Кыпчак уруусу үч урукка: *сарт, кыргыз кыпчак, калта байтал.* Те-

---

[1] *Казанский К.К.* Вблизи Памиров.-Ташкент,1895.-С.100-101

[2] *Гедин Свен.* В сердце Азии. Памир-Тибет-Восточный Туркестан.-Т.I.-СПб., 1899.-С.126, 129,230,257;-Т.II.-С.9; ушул эле автор. В сердце Азии. Памир-Тибет-Восточный Туркестан. -М.,2010.-С.121,136,286

[3] *Lord Dunmore.* The Pamiris by the Earl of Dunmore.-Vol.2.-London, 1893.-P.113-122

йиттер эки урукка: *кара тейит* жана *сары тейит.* Кисактар үч кичине урукка: *бостан, кидиршах* (кыдырша – Н.Т.), кхандех (*канды* – Н.Т.). Лорд Дунмор кыпчактардагы *кара байтал* деген уруусун калта байтал деп алмаштырып, туура эмес жазат, бул урук негизинен Кытайда жашайт.

Италиялык саякатчы Феликс Рокка *«Алайдан Амур дарыя-сына чейин»* деген китебинде Памир жана Алай кыргыздары жөнүндө төмөндөгүдөй эскерүүлөрдү калтырган: «Бул тоолуу аймактарды ээлешкен көчмөн кыргыз калкы кара кыргыздар деп аталат. Аларды негизинен мунгуш, адигине жана ичкилик деген үч уруу түзөт. Мунгуш, адигине уруулары Ош жана Анжиян уезддеринде отурукташса, *ичкилик* уруусу Маргалаң уезди менен Кичи Алай тоолорунда жайгашкан. Бардыгы биригип 75 миңге жакын калкы бар. Чоң Алайда жашаган элдер көбүнесе алачыктардан куралган кыштоолордо турушат. *Найман* болуштугуна кирген 500 үй-бүлөнүн эки жарым миңге жакын эли бар. Чыгыш тарабынан Кызыл-Ишим, батыш тарабынан Кызыл-Суудан Дараут-Коргонго чейин созулган аймактын ар кайсыл жерлеринде кичинекей кыргыз айылдары жайгашкан. Жайкысын тоолуу аймактагы эл кыштоону калтырып жайлоого көчөт...»[1].

Америкалык этнограф М.Н.Шахрани[2] өзүнүн эмгегинде ал афган-памирлик кыргыздарды *тейит, кесек, кыпчак* жана *найман* деген төрт урууга бөлүп, алардын уруктук курамын схема түрүндө көрсөтөт. Схемада *бостон* жана *кыдырша* уруулары кесек уруусунун курамында көрсөтүлгөн, балким алар Памирде аз санда болгондуктан, алар кесек уруусунун курамына киришкендир. М.Н.Шахрани өзүнүн Афган Памириндеги изилдөөлөрүн жүргүзгөн убакта түтүнүнүн саны боюнча *тейит* уруусу биринчи болуп, андан кийин *кесек, найман, кыпчак* уруулары турган[3].

---

[1] *Кыргыздар:* санжыра, тарых, мурас, салт.-I-китеп.-Б.,1991.-348-б

[2] *Shahrani M.* Nazif Mohib. The Kirghiz and Wakhi of Afghanistan.-University of Washington Press.-Seattle and London,1979.-P.152

[3] Ушул жерде, 153

Француз окумуштуусу Р.Дордун[1] оюю боюнча Памирге алгач кыргыздын тейит уруусу XVIII кылымда Кызыларт ашуусу аркылуу Алайдан келишкен. Кийин XIX кылымда кокон ханы Мадалинин кысымы астында каратегиндик кесектер Дарваз жана Шугнан тоо кыркалары аркылуу Памирге келишет. XIX кылымдын аягында кесек уруулары Чоң Памирди мекендешкен. Алар Кызыл-Рабаттын тегерегинде көчүп журүшкөн, ал эми кыштоосу Ак-Суу дарыясынын боюндагы Кош-Агыл болгон[2]. Памирде жашаган кыргыздардын айтымы боюнча Р.Дор ал жердеги жашаган кыргыздарды төрт урууга бөлөт: *тейит, кесек, найман* жана *кыпчак*. Өз кезегинде бул уруулардын урукка бөлүнүшүн көргөзөт[3].

А.Сапарбаев, К.Темиркуловдун «Памир кыргыздары» аттуу китебинде тейит, кесек, найман жана кыпчак ичкилик урууларын аташып, аларды «оң» менен «солго» бөлүшөт жана уруктук курамын беришет. Бул уруктук курамдарга *бостон, төөлөс* уруулары жана *кыдырша* уругу да кирип кетет.

Е.Г.Грумм-Гржимайлонун Петербург шаарындагы «Орус географтарынын коомунун» архивинен алынган кол жазмаларында төмөндөгүдөй маалыматтар кездешет: «Памир тоо кыркалары 50 000 чакырымды түзөт, ушундай чоң аянтта 565 «боз үй»; кара-кыргыздардын төмөнкү уруулары: *Аличурда* – дульбар (дүрбөөл – Н.Т.) *норус* (нооруз – Н. Т.), Мустагда – *сары тейит, кара тейит,* Чечектиде – *кыдырша,* Кударда – *кыпчактар,* Мужу капчыгайында жана Кичи Кара-Көлдө – *наймандар,* ал эми *кызыл аяк, утунчу, кочкара, бустон* (бостон – Н.Т.) жана *кара саадак* баардыгы жогорку Данги-Даранын Сары-Койунда жашашат»[4]. Демек, Г.Е.Грумм-Гржимайлонун жазганы боюнча Памирде *бостон, кесек, кыпчак, найман, тейит, төөлөс* уруулары көчүп-конуп жүрүшкөн.

---

[1] Кара: *Dor R.* Contribution á lätude des Kirghih du Pamir Afgan.-Paris,1975

[2] *Маанаев Э., Плоских В.* На «крыше мира».-Фрунзе,1983.-С.75.

[3] *Реми Дор.* Ооган Памириндеги кыргыздар.-Б.,1993.-14-б

[4] *Сапарбаев А., Темиркулов К.* Памир кыргыздары.-Ош, 2003.-9-б

Профессор Б.М.Жумабаев[1] эмгегинде Памирде жашаган ичкилик тобун төмөндөгүдөй бөлүктөргө бөлүп – *тейит, кесек, найман, кыпчак,* алардын уруктук курамын берет. «Памирдеги кесек уруусунун Каратегиндеги жана Фергана өрөөнүндөгү уруулаштары менен уруктук параллелдер болгону менен өз алдынча айырмачылыктарга ээ. Памирлик кесек уруусунун курамынан Ферганалык кесек уруусунун курамында кездешпеген *аргын,* жана *таз* уруктарын кездештиребиз» – деп белгилейт.

Памирдеги кесек уруусунун курамында *төөлөс* уруусу көрсөтүлгөн.

Н.А.Аристов кыргыздын кесек уруусун аргын уруусунан келип чыккандыгы тууралуу өз пикирин айткан. «Ичкиликтер кара-кыргыздардан башка *кыпчак, найман* жана *аргын* (кесек уруусу) урууларынан келип чыккандыгы тууралуу»[2] далилдерин көргөзөт.

Памирлик кесектердин курамында «аргын», «кара кесек» деген уруулардын кездешүүсү жана казактардын Орто Жүзүндөгү аргын уруусу жана анын курамында «кара кесек» уруусунун болуусу бул кокустук эмес. Хакастардын курамындагы «аргын» сөөгү  кесектер менен аргындардын енисей кыргыздары менен түз байланышын аныктары шексиз. Монгол династиясынын чыгыш тарыхын чагылдырган кытай булагы «Юань-шинин» негизинде Н.А.Аристов аргындарды XI–XII кылымдарда наймандардын батышында, кыпчактардын чыгыш жагында же Иртыштан батышыраак жакты мекендешкен[3] деп белгилесе, профессор О.Каратаев аргындарды кыргыздардын курамына VII–XII кылымдардан кеч эмес кирген деп жыйынтыктайт[4].

---

[1] *Жумабаев Б.М.* Южный Кыргызстан глазами российских путешественников.-Б.,1999.-С.44

[2] *Жумабаев Б.М.* Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш.-Б.,2009.-38,42,44-45,47-б

[3] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности//ЖС.-СПб.,1896.-Вып.III-IV.-С.396; он же. Труды по истории и этническому составу тюркских племен...-С.216

[4] *Бутанаев В.Я*. Этническая история хакасов XVII–XIX вв.-М.,1990.-С.81

## Кытайдагы ичкилик уруулары

Кыргыздын ичкилик уруулары Кытайда (Чыгыш Түркстанда) да кеңири таралган. Орус генералы Л.Г.Корнилов Кытайдагы (Чыгыш Түркистан) кыргыздарды эки чоң топко бөлөт: *отузогул* жана *ичкилик*. Мындан сырткары ичкилик тобуна кирген уруулардын санын жана географиялык жайгашуусун чагылдырат: «Кашгар уездинин Упал бектигинде 200 үй – тейит, Чимган бектигинде 500 үй – кыпчак, Ой-Таг бектигинде 100 үй – найман ой-тагчы, найман-сугурлук, Хан-Терек бектигинде 100 үй чал тейит, Гез бектигинде 110 үй – найман (гезчи, куприк-артчи, тугайчи), Мужи–Кийик-Баши бектигинде 180 үй – куран найман, кийик найман, жерде найман, Суу-Башы – Кара-Көл бектигинде 80 үй – кара тейит, жоон пут найман. Яркенд округунун Тагарма бектигинде 100 үй – кара тейит, кесек (бостон, мешке, кара саадак), кызыл аяк-кыпчак, Кара-Чукур бектигинде 25 үй – тейит, бостон-кесек, Кара-Таш бектигинде 230 үй – кара тейит, жаман тейит, нойгут. Янги-Гиссар уездинин Кызыл-Таг бектигинде 170 үй – мырза найман, төөлөс, кыпчак, жоон пут найман, Кеңкол-Чаарлун бектигинде 130 үй – кара кыпчак, сарт кыпчак, Пас-Рабат бектигинде 95 үй – кесек (мешке, кара саадак), Кызыл-Таг (2-чи) бектигинде 183 үй – кийик найман, Чумбус бектигинде 115 үй – кызыл аяк-кыпчак, тогуз кыпчак, чал тейит. Каргалык уездинин Санджу-Сутет бектигинде 90 үй – бостон, найман, тейит, тисмат, Раскем бектигинде 60 үй – тейит, кесек, кызыл аяк-кыпчак, бостон, найман»[1] уруулары турарын көрсөтөт. Бул жердеги «кыргыздар негизинен мал-чарбачылыгы менен оокат кылышат, көчмөн турмуш жана катаал жаратылыш шарттары аларды кайраттуу, эр жүрөк, биле койгуч, сезгич жана тапкыч кылып тарбиялады; өлкөдөгү болуп өткөн козголоңдорго кыргыздар дайым катышып, карактоону жана тоноочулукту үйрөнүштү; кыргыздар бул жердеги элдердин ичиндеги эң тын-

[1] Кара: *Аристов Н.А.* Труды истории и этническому составу тюркских племен.-Б.,2003

чы жок, жүгөнсүз, тартипке көнбөгөн, кытай мамлекетинин бул жерде түптөлүшүнө коркунуч туудурган эл»[1] деп мүнөздөмө берет.

1947-жылы ССРдин Илимдер Академиясынын этнография жана антропология институту, Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясы Ноокат районуна уюштурган экспедициясынын натыйжасында, бул жерге Кытайдан көчүп келген кыргыздардын маалыматтарынын[2] негизинде Кашгар шаарынын батыш жагындагы Айыгарт, Арча-Бел, Чимген, Бостон-Терек тоолуу аймактарында, Янги-Гиссар шаарынын түштүгүндөгү Чумбук, Кеңкол, Чаарлык, Ордолун, Кароол, Гыджек аттуу жерлерде ичкилик тобунун кыпчак уруусунун 750 кожолугу турушкандыгы аныкталган.

Янги-Гиссар шаарынын түштүк жагындагы Кызыл-Тоо, Ой-таг, Гез бөксө тоолуу аймактарында, Тоюнлүк, Чимген, Там, Арпалык, Сөгөт, Капка, Сарай, Кайыз капчыгайларында, Жай-терек, Жайылган айылдарында, Сары-Колдогу Таш-Коргондо жана Тагарма дарыясынын өрөөндөрүндө кыргыздын найман (700 кожолук)[3] уруусу мекендешет.

Кашгар шаарынын батыш жагындагы Кызыл-Суу дарыясындагы Бөрү-Токой капчыгайында, Кара-Таш жана Янги-Гиссар шаарынын түштүгүндөгү Чумбус дарыясынын Кан-Терек, Чимген капчыгайларында, Сары-Колдогу Кара-Көл-Суубашы жана Ташкоргондо тейит (400 кожолук) уруусу турушат.

Пас-Рабат, Кеңкол жана Тагарма капчыгайларында *кесек* (180 кожолук) уруулары жашашат.

Ичкиликтердин курамына кирген *бостон, оргу, меркит* уруулары, кыпчак уруусунун *тогуз кыпчак, товур кыпчак, кара кыпчак* уруктары да Кашкар жергесинде мекендешет.

Хотан округунун Кулан-Арык, Санджу жерлеринде *найман, тейит, кесек, бостон* урууларынын 80 кожолугу турушат.

---

[1] *Каратаев О.К.* Кыргыз этнонимдер сөздүгү.-Б.,2003.-24-б

[2] *Корнилов Л.Г.* Кашгария или Восточный Туркестан.-Ташкент, 1903.-С.235-236

[3] 1947-жылдагы маалыматтар

Профессор А.А.Асанканов[1] СУАРда жашаган кыргыз уруулары жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтарды берет: «Тарбагатайдын Дүрбөлжүн районунун Чынмий, Чадыжы, Калажын, Эки-Суу, Оркошар айылдарында ичкилик тобунун найман, керей (төөлөс) уруулары мундуз, баарын, сарыбагыш, сарт, саяк уруулары менен чогуу жашашат.

Ал эми Тарбагатайдын батыш бөлүгүндөгү Илини (Текес) кыргыздын оң, сол жана ичкилик уруулары мекендешет. Оңдон – адигине, азык, бугу, моңолдор, сарыбагыш, саяк, солто, солдон – басыз, кушчу, кытай, мундуз, саруу, ичкиликтен – *кыпчак, найман, тейит, төөлөс* уруулары.

Ак-Суу аймагынын Жаман-Суу районунун Боз-Дөң айылында, Үч-Турпан районунун (Какшаал) Жаман-Суу айылында да *төөлөс* уруусунун өкүлдөрү жашашат. Ошондой эле Куча оазисинин Шая деген жеринде *төөлөс* уруусунан чыккан кыргыздар турушат деген маалыматтар бар.

Ак-Тоо ооданында Булуң-Кол, Суу-Башы, Чакырагыл, Кез (Тар-Капчыгай), Токой (Корук), Можу аттуу кыргыз айылдары бар. Булуң-Колдо найман (жээрде *найман*, андакул, сайвак) жана *тейит* (23 кожолук) уруулары, Суу-Башыда найман (жоон бут найман, беш ата найман, абыра), тейит (какыры, кара тейит: майда, чой, чогорок, отунчу, көчкөр (алапа), кыдырша), Чакырагылда найман (кийик найман, шерене, шыйык, карачоро, абыра, дандуулат) уруусу, Кезде найман (оболбек, саргалдак, сарыбел саргалдак, борбаш) уруусу, Токойдо көң найман уругу, Можуда найман (согур, жээрде найман, кайымкан) жана тейит уруулары турушат.

Ошондой эле Кашкар шаарынын айланасындагы Армүдүн айылында найман уруусунун *сакоо* жана *мөшкө* жана кыпчактын *хан кыпчак* уруктары жашашат.

Кашкар вилайетиндеги Таш-Коргон тажик автоном районунун Көк-Жар кыргыз автоном айылында *кара тейит* (отунчу,

[1] *Асанканов А.А.* Этническая история кыргызов Шинжана КНР//Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. -Серия 1. Гуманитарные науки.-Вып.VIII.-Б.,2009.-С.134-136,138-142

кызыл аяк, кочкор, чоок) жана *кесек* (каракаш бостон, боз чекен бостон) урууларын мекендешет.

Котон аймагынын Сары-Кыя жана Кең-Кыр айылдарында бостон, тейит, найман уруулары жана кара саадак, кыдырша, кошкулак, шааболот уруктары турушат».

Чыгыш Түркстанда бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган Абат, Актачы, Бостон-Нор, Бостон-Терек, Оргу-Нор, Меркит топонимдери ичкилик урууларынын ушул аймакта жашагандыгы тууралуу кабар берет.

Эмгектин мындан наркы бөлүктөрүндө ичкилик тобуна кирген уруулардын ар биринин кыскыча тарыхы, этнонимдеринин этимологиясы жана этногенези анализделет.

# АБАТ

Абат кыргыздын ичкилик тобуна кирген белгилүү уруулардын бири.

«Абат» этнониминин аталышын түндүк шор уруусунун *аба* сөөгү менен салыштырылат. Аба, абалар же «абалык татарлар» деген ат менен XVII кылымдагы орус тарыхый документтеринде белгилүү. Алардын басымдуу бөлүгү Кузнецк талааларында көчүп-конуп жүрүшкөн. Абалар XVI–XVII кылымдарда телеуттардын курамына киришкен. Абалык татарлар өз аталышын XIX кылымга чейин сактап келишти. XIX кылымдын экинчи жарымында абалыктар көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн белгилегени боюнча түндүк шор уруусунун сөөгү катары, же кээде «талаа» шорлору деп атаган.

В.Я.Бутанаев хакастардын *сагай* уруусунун ичиндеги аба сөөгүн, XVII кылымдагы Аба суусунун боюндагы Кузнецк (Абатур) шаарынын айланасындагы отурукташкан шор уруусунан келип чыккан деп божомолдойт. Изилдөөчүлөр абаларды Том суусунун өрөөнүндөгү шорлордун ата-бабалары катары санашат. Азыркы күнгө чейин алтайлыктар Шорияны «Аба чыш», хакастар «Аба чирі» («Аба жери») деп аташат. «Аба» сөзү «аюу» дегенди билдирип, тотемдик маанидеги этноним. Уруунун мүчөлөрүнө аюуну өлтүрүү, анын терисин үйүндө сактоо, ошондой эле келиндерге «аба» деген атты атоо тыюу салынган[1].

---

[1] *Бутанаев В.Я.* Происхождение хакасских родов и фамилий.-Абакан, 1994.-С.12

Л.П.Потапов *аба* сөөгүн VI–VII кылымдардагы теле уруу бирикмесине кирген *а-ба* уруусунун урпактары катары санайт[1]. С.М.Абрамзон абат этнонимин теле тобундагы аба уруусу менен окшоштурат[2].

Аба уруусу Суй династиясынын (581-618-жж.) жыл баяндарында эскерилет. Алар 603-жылы батыш түрктөрдүн Тату каганына каршы чыккан теле тобунун курамында болгон. VI кылымдын аягында аба уруусу Хангай менен Алтай тоолорунун ортосунда көчүп-конушуп, чыгыш-түрк каганы Мухандын уулу Далобянга баш ийишкен[3].

Ма-дуан-лин теле уруусу *а-ба* жөнүндө эскерет, бул урууну бир жагынан орхон жазууларындагы *апар* уруусу жана византий тарыхчыларынын *авар* (οὐαρ), экинчи жагынан «Тан-шу» жыл баянындагы *а-де* 阿 跌 башкача айтканда эдиз уруусу менен окшоштурулат[4].

Н.Я.Бичурин «а-ва уруусу А-бо мамлекетинин башкача айтканда, Бо-го хандыгынын элинин бир бөлүгү» деп жазат. Б.з.ч. II кылымдарга чейин Юнь-нандын аты «Бо-го» – «Ак хандык», алардын эли «бо-мин» – «ак эл» башкача «а-бо» жана «бо-р-цзе» – «ак уулдар» деп аталышкан[5].

Венгр окмуштуусу Ю.К.Немет[6] *авар* этнониминин байыркы түрк формасы апар дейт.

*Авар<абар<апар* – этиш аркылуу пайда болгон түрк этноними, «кабыл албоочу, макул болбоочу, көнбөөчү» деген маанилерди өзүнө камтыйт. В.В.Радлов бул этиш тууралуу мындай маалыматтарды берет: *аба* – түрк, чагатай тилинде «макул болбоо, көнбөө», Шейх Сулейман Бухаринин чагатай-түрк сөздүгүндө: «тыюу салуу, тоскоол, жолтоо кылуу, таштабоо»;

---

[1] *Потапов Л.П.* Этнический состав и происхождение алтайцев.-Л.,1969.-С.169

[2] *Потапов Л.П.* Этнический состав и происхождение алтайцев.-Л.,1969.-С.169

[3] *Liu Mau-tsai.* Die chinesischen Nachrichten zur Geschichte der Ost-tiirken (T'u-kue).-Bd.II.-Wiesbaden,1958.-S.527

[4] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.471

[5] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.28

[6] *Немет Ю.* К вопросу об аварах//Turcologica.-Л.,1976.-С.301

Дж.Редхауздын сөздүгүндө: «кабыл албоо»; *ава* – «тыюу салуу, тоскоол жана жолтоо кылуу, четке кагуу, тануу»[1].

Абулгази боюнча Деңиз-хандын үчүнчү уулу Ава деп аталып, тамгасы – . Махмуд Кашгариде Ива (Йыва) тамгасы – , Рашид-ад-Динде Йива тамгасы – .

1900-жылы Н.Ф.Ситняковский[2] абат уруусун абай кесек деп атап, аны кесек уруусунун курамына кошот.

«Манас» эпосунда абат уруусу набат (наабат, абаат) деген ат менен аталып, кыргыздар Алтайдан Анжыянга көчүп келердеги окуяларга байланыштуу айтылат:

Анжыянга баруугa
Бизге уруксат бериңер!
Калганыңар калыңар
Каалаганың барыңар,
Катаган, төөлөс, набаттан
Калың кыргыз баары бар,
Окчу менен думара,
Найман, шаңгай дагы бар[3].

Я.Р.Винников[4] абат уруусунун курамына кирген төмөндөгүдөй уруктарды белгилейт «жой, беглер, алатакы, чолой, гужен, уста, токмок». Ал эми уста уругуна көк кул, сары кул, токмокко ботоп, тамчы деген урук бөлүкчөлөрүн киргизет. С.Аттокуров[5] жогоруда аталган абат уруктарына эшкара, могол, жанат, казна деген уруктарды кошуп, ботоптон тама жана татар деген эки майда урук бөлүкчөлөрүн чыгарат. Ошондой эле абат уруусунун легендарлуу Инал, Энал деген ата-бабаларын атайт.

Профессор Ш.Жапаров Лейлек районунда жашаган абаттардын *чолой, уста, адалакы, бото жанат, токмок, гүжөөн,*

---

[1] Türkiyede halk ağzından Söz Derleme Dergisi.-I,AD,-Istanbul,1939

[2] *Ситняковский Н.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-Вып.II.-С.57-58

[3] *Манас.*-II-китеп. -Фрунзе,1980.-152-б

[4] *Винников Я. Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.166

[5] *Аттокуров С.* Кыргыз санжырасы.-Б.,1995.-210-б

*жой*, кыдырша, могол деген уруктарын атап, абаттардын чоӊ уругу чолой экенин белгилеп, аны *шадек, калмак, аюу* деген үч тукумга ажыратат. Шадектер эки топко ажырайт – калмама, котоздор; калмактар – помдор, көксөөлөр; аюулар – садыр, тыныш болуп бөлүнөт деп кошумчалайт[1].

Санжырачы Т.Умар уулу жогоруда аталган абат уруусунун курамына кошумча кыдырша деген урукту киргизет[2]. Ал эми С.Р.Саттаров[3] өзүнүн *«Абат тарыхы, санжырасы жана ичкилик кыргыздар»* деген китебинде абат уруусунун курамына кыдырша, уста, чолой, токмок, гужоон, адалакы, ботожанат, могол, жой деген тогуз урукту киргизет.

С.Саттаров[4] абат уруусунун тамгасы жөнүндө мындай маалыматтарды берет: «Абат тамгасы –  (ача тамга) бийиктиктин, улуулуктун, айкындыктын белгиси. Абат тамгасы кылымдар бою калыптанып, өнүгүп туюнтмага айланган. Абат туюнтмасы[5] (свастика) – абат тамгасынын (ача) төртөөнөн бириктирип түзүлгөн. Тогуз уруктун түбөлүк биримдигин түшүндүрөт.


Ача тамгалардын кошулушу


Төрт ача тамганын бириктирилиши


Ача тамгалардын бурчтарын туташтырып тогузга айландырылышы


Абат туюнтмасы

Төрт тогуздун бири-бири менен туташтырылганы – жылдын төрт мезгилинде да тогуз уруу ажырабайт дегендикке жатат».

---

[1] *Жапаров Ш.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Алга.-№121,18.10.1967, 4-б; Алга.-03.04.1993,2-б

[2] *Турдубай Умар уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-24-б

[3] *Саттаров С.Р.* Абат тарыхы, санжырасы жана ичкилик кыргыздар.-Б.,2009.-54-б

[4] Ушул эле жерде,-19-20-б

[5] Абат туюнтмасы абат уруусунун өкүлдөрү туруктуу жашаган жерлердеги таштарга чегилген жазууларда кошо берилген (Лейлек районундагы Өзгөрүш капчыгайындагы орто кылымдардагы жазуу)

Абат уруусунун курамына кирген *кыдырша* уругунун эн тамгасы «босого тамга» – ⊓ (С.М.Абрамзон боюнча)[1].

Демек абат уруусу кыргыз элинин байыркы урууларынан болуп, кытай жана византий булактарындагы жужан, авар (эфталит), VI–VII кылымдардагы теле уруу бирикмесине кирген *а-ба,* орхон жазууларындагы *апар,* Тан-шу» жыл баянындагы *а-де* уруулары менен этностук жана этногенездик байланышы бар экендигин тануучга болбойт.

## Кыдырша

Кыргыздын кыдырша (гыдырша) уругу башка кыргыз уруктарынан өзгөчөлөнүп, кыргыз санжыраларында өзүнчө уруу катары жана ават, каңды, кесек, кыпчак, тейит урууларынын курамына кирген урук катары айтылат.

Кыдырша уругунун аталышы элдик этимологияда төмөндөгүдөй эки багытта түшүндүрүлөт. Биринчиси «кыдырша» этноними – «кыдыр» жана «шаа» деген эки сөздөн куралып, анын биринчиси адам атын, экинчиси «падыша» (титул) деген маанини билдирет. Демек, «Кыдыр падыша» деген мааниде туюнтулат. Экинчи вариантта Кыдырша деген аттагы адам, кыдырып жүрүп шаалык (бийлик) жүргүзүп, ошондон улам анын урпактары *«кыдырша»* уругу деген атка ээ болгон[2].

Кыдырша «Манас» эпосунда белгилүү уруулардын бири. Алманбет менен Чубактын жол талашкан чатагында Чубак кыдыршалар жөнүндө төмөндөгүдөй оюн билдирет:

А да кыргыз уругу,
Атын уксаң кыдырша
Анжияндын улугу[3].

---

[1] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения...-С.104

[2] Автордун талаа матералдары.-Тетрадь №3 (мындан нары - АТД.-Т.). Талаа материалдары автордо сакталуудa

[3] «Манас» энциклопедиясы.-Т.I.-Б.,1995.-366-б

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Кол жазма фондусунда сакталган документалдык маалыматтарда жана манасчы Б.Сазановдун айтуусунда *кыдырша* уруусу байыркы кырк уруу кыргыздын бир уруусу катары берилет[1].

Ал эми тарыхый даректүү жазма булактарда кыдырша уруусу алгач XVI кылымдагы Сайф ад-Дин Аксыкентинин «Тарыхтардын жыйнагы» аттуу эмгегинде Салусбек Булгачынын тукумдары болгон алты уруунун бири катары жазылып, *хыдыршах* (кыдырша – Н.Т.) деген ат менен туюнтулат[2].

1763–1770-жылдарда жазылган кытай булагы 西域志 «Сиюй Чжиде» («Батыш жерлердин сүрөттөлүшү») кыргыздар экиге бөлүнөт: кэ-эр-гэ-ци-сы (түндүк) жана то-го-со-хо-лэ (түштүк). Аталган булакта ичкилик уруусуна кирген кыдырша уругу жана анын жайгашкан жери эскерилет[3].

Ч.Ч.Валиханов[4] «Кыргыздар жөнүндө кат» деген эмгегинде ичкилик урууларынын катарына *кыдырша* уругунун киргендигин белгилейт.

Чыгыш таануучу, саякатчы, генерал-майор А.Ф.Костенко өзүнүн «Алай жана Памирге болгон аскердик илимий экспедиция» аттуу эмгегинде ичкиликтерди 20 урууга бөлүп, алардын баштоочуларынын бири *кыдырша* уруусу деп жазат[5]. Ушуга окшогон маалыматты И.П.Минаев өзүнүн «Аму-Дарыянын жогорку агымындагы өлкөлөр жөнүндө маалыматтар» аттуу эмгегинде чагылдырат[6].

Полковник Н.Ф.Ситняковский кесек уруусу 14 уруктан тургандыгын белгилеп, анын курамына кыдырша уругун киргизет[7].

---

[1] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-54-б

[2] *Сайф ад-дин ибн Шах Аббас Аксикенти.* Көрсөтүлгөн эмгек.-65-б

[3] Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана.-Т.II.-Б.,2003.-201,206,209-б

[4] *Валиханов Ч.Ч.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.40,44-45

[5] *Костенко Л.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.372

[6] *Минаев И.* Сведения о странах по верховьям Аму-Дарьи.-СПб., 1879.-С.151-152

[7] *Ситняковский Н.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-Вып.I.-С.92-100;-Т.II.-Вып.II.-С.57-58

Е.Г.Грумм-Гржимайло ичкилик урууларынын бири катары *кыдырша* уруусун көрсөтүп[1], «Чечектиде (Мургаб району – Н.Т.) *кыдырша* уругу жашайт»[2] деген маалыматты кабарлайт.

Орус ботаниги В.Ф.Ошанин Каратегин өрөөнүндө «кара кыргыздардын *кара тейит, тупчак* (кыпчак – Н.Т.) жана *кыдырша* уруулары турушат»[3] деп өзүнүн эмгегинде белгилейт .

Полковник В.Н.Зайцев «Памир өлкөсү – Түркстандын борбору» аттуу эмгегинде Памир болуштугунун Мургаб аминдигинде – *текрең,* Аличур аминдигинде – *айдаке, олжоке, итурчак* (ыңырчак – Н.Т.) аттуу кыргыз уруктарын белгилейт[4]. Аталган уруктар *кыдырша* уруусунун урук бөлүкчөлөрү болуп саналат.

Чыгыш таануучу, генерал-майор А.Г.Серебренников «Памирлик кыргыздар негизинен төмөндөгүдөй төрт урууга тиешелүү: *теит, хадырша* (кыдырша – Н.Т.), найман жана кыпчак. Алардын биринчи экөөсү Памирдин батыш жана түштүк-батышында, калгандары түндүк-чыгышында көчүп-конуп жүрүшөт» деп жазат[5].

XIX кылымдын 90-жылдарында Памирге келген англис саякатчысы Л.Дунмор «ал жерде жашаган кыргыздарды төрт бөлүккө бөлөт – найман, кыпчак, тейит жана кесек. Кесектер үч урууга бөлүнөт: бостон, *кидиршах* (кыдырша – Н.Т.), кхандех (канды)»[6].

Америкалык антрополог М.Н.Шахрани өз эмгегинде афганпамирлик кыргыздарды тейит, кесек, кыпчак жана найман деген негизги төрт урууга бөлөт. Ошону менен катар аталган уруулардын уруктук курамын схема түрүндө көрсөтөт. Бул схемада бостон жана кыдырша уруктары кесек уруусунун курамында көрсөтүлгөн[7].

---

[1] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.539

[2] *Жумабаев Б.* Южный Кыргызстан глазами российских путешественников.-Б.,1999.-С.44

[3] *Ошанин В.Ф.* Каратегин и Дарваз//ИРГО.-Т.XVII.-Вып.1.-СПб.,1881.-С.23

[4] *Зайцев В.Н.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.76

[5] *Серебренников А.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.141-142

[6] *Lord Dunmore.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Р.113-122

[7] *Shahrani M.* Nazif Mohib. Көрсөтүлгөн эмгек.-Р.152

Афганистандын аймагындагы Памир тоосунун бассейнинде жашаган кыргыздардын тарыхын жана фольклорун изилдеген француз окумуштуусу Реми Дор кыргыздарды – тейит, кесек, найман жана кыпчак деп төрт урууга бөлөт. Кыдырша уругун кесек уруусунун курамына кошот. Кыдыршанын мөшкө урук бөлүкчөсүн ушул эле уруунун жана текрең урук бөлүкчөсүн тейит уруусунун курамында көрсөтөт[1].

Орус генералы Л.Г.Корнилов Кытайдагы (Чыгыш Түркстан) кыргыздарды Жети-Суудагы жана ферганалык кыргыздардай эле эки чоң топко бөлөт: отуз уул жана ичкилик. Ошондой эле кыргыздын ичкилик урууларынын санын жана географиялык жайгашуусун, Яркенд округунун Тагарма жана Пас-Рабат бектиктеринде кесектин курамында *кыдырша* уругунун *мешке* (мөшкө – Н.Т.) урук бөлүкчөсүнүн өкүлдөрү жашарын көрсөтөт[2].

Төөлөс уруусунан чыккан молло Шарап Карваний ичкилик урууларын оң жана сол деп экиге бөлүп, солго *кыдырша* уруусун киргизет[3].

Кыргыздын алгачкы тарыхчысы А.Сыдыков Ош округуна караштуу Куршаб болуштугунун канды уруусунун курамында, Найман болуштугунун тейит уруусунун курамында, Жалал-Абад округуна караштуу Аим болуштугунун кыпчак уруусунун курамында кыдырша уругу бар экендигин белгилейт[4].

Я.Р.Винников 1953–1954-жылдары Түштүк Кыргызстанда жүргүзүлгөн кыргыз урууларын изилдөө экспедициясынын натыйжасында тейит уруусунун курамына кыдырша уругун жаңылыш киргизет[5]. Бул жаңылыштыкты кыргыз тарыхчысы С.Аттокуров жана башка тарыхчылар автоматтык түрдө кайталашат[6].

---

[1] *Реми Дор.* Ооган Памириндеги кыргыздар.-Б.,1993.-14-б
[2] *Корнилов Л.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.235-236
[3] *Молло Шарап Карваний.* Көрсөтүлгөн эмгек.-24-25-б
[4] *Сыдыков А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.293-295
[5] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.165
[6] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-199-б

Кыргыз тарыхчысы, профессор Б.Жамгырчинов кесек уруусунун курамына *кыдырша* уругун киргизет[1].

Өзбек тарыхчысы К.Ш.Шаниязов 1961-жылы Фергана өрөөнүнө болгон илимий этнографиялык экспедициясынын убагында кыргыз-кыпчактардын курамына *хидирша* (кыдырша – Н.Т.) уругун киргизип, анын кошой, сары урук бөлүкчөлөрүн тастыктайт[2].

Тарыхчы А.Абышкаев Каратегин өрөөнүндө жашаган ичкилик урууларын «сол» жана «оң» деп экиге бөлөт, оңго *кесек* уруусун киргизет. Өз учурунда кесек уруусун *кыдырша* жана *бостон* деген эки чоң топко бөлөт. *Кыдыршага* – чоок, мушук (мөшкө – Н.Т.), таз, боби (баба), казке, шамирек, гунай, атабай, борбаш уруктарын, *бостонго* – дүңкө, чегетер, уйгур, коңурбай, кошой, чоң кыргыз, балкы уруктарын киргизет[3].

Т.Умар уулунун «Кыргыз санжырасы» аттуу китепчесинде *кыдырша* уругу абат уруусунун курамында берилет[4].

С.Жаңыбай уулунун «Кыргыз санжырасы» аттуу китепчесинде «кызыл уулдун балдары, башкача айтканда, ичкиликтер Лоб жана Кызыл-Суу дарыяларынын оң жана сол жээктеринде мекендешкен, ошондон улам оң жана сол деп ажыратуу келип чыккан. Оң тобуна бөлүнгөн ичкиликтердин курамына *кыдырша* уруусу кирген»[5].

Кыргыз тарыхчысы, профессор А.А.Асанканов Чыгыш Түркстанда жашаган кыргыз уруулары жөнүндө: «Ак-Тоо ооданынын Суу-Башы айылында *кыдырша*, Кашкар шаарынын айланасындагы Армүдүн айылында *мөшкө* уругу, Кашкар вилайетинин Таш-Коргон тажик автоном районунун Көк-Жар кыргыз автоном айылында *чоок* урук бөлүкчөсү, Котон аймагынын Сары-Кыя жана Кең-Кыр айылдарында *кыдырша* уруктары туру-

[1] *Джамгерчинов Б.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.23-26
[2] *Шаниязов К.Ш.* Көрсөтүлгөн эмгек. -С.118-120
[3] *Абышкаев А.* Көрсөтүлгөн эмгек. -С.15-16
[4] *Турдубай Умар уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-24-б
[5] *Сапарбай Жаңыбай уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-14-15-б

шат» деп жазат[1]. Бул жерде мөшкө жана чоок кыдырша уругунун бөлүкчөлөрү.

М.Өмүрбай өзүнүн макаласында Кытайдын СУАРда жашаган тейит уруусунун курамына кирген кыдырша уругунун чоок урук бөлүкчөсүн белгилейт[2].

Сарыкол (Памир) жана Каратегин өрөөндөрүндө жашаган ичкилик кыргыздарында кыдырша уругу бирде кесек уруусуна, бирде тейит уруусуна кошулуп айтылат.

С.Саттаров[3] кыдырша уругун ават уруусун түзгөн тогуз уруктун бири катары көрсөтөт.

*Кыдырша* Ош облусу, Кара-Суу району, Савай айыл округуна караштуу айылдын аталышы[4].

**Кыдырша уругунун эн тамгасы.** С.М.Абрамзон кыдырша уругунун эн тамгасы «босого тамга» – ⊓ деп берет[5].

*Кыдырша* уругунун тамгасы менен башкыр, ногой урууларынын тамгалары; алтайлыктардын курамындагы иркит, мундус, төөдөш, кергил, кыпчак; хакастардын курамындагы ак хыргыс, белтир, каргин, сагай, сарыг, чыстар, шалошин, хасха, харга; тувалыктардын эхемаа сөөктөрүнүн эн тамгалары; казак элинин курамындагы коңурат, кара кесек урууларынын тамгалары; алимулуна кирген төрт кара деген уруктун курамындагы кара кесек бөлүгүнүн тамгасы; лакайлардын «босого тамгасы» окшош[6].

---

[1] *Асанканов А.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.134-136,138-142

[2] *Макелек Өмүрбай.* Кытайлык кыргыздардагы тейит уруусу//Жолдошев С.Н., Токоев С. И. Тейитхандын урпактары.-Б.,2009.-78-б

[3] *Саттаров С.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-54-б

[4] *Кыргыз жергеси.* Энциклопедия (Жер-Суу аттары).-Фрунзе,1990.-175-б; Бараталиев Ө., Дүйшөнакунов М., Мамбетжунушов Т. Кыргызстандагы жер-суу аталыштарынын сөздүгү.-Б.,2004.-161-б

[5] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения...-С.104

[6] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.189,192,291-292,297,313-314,373; Керейтов Р.Х. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.102,105,118-127; Баскаков Н.А. Ногайский язык и его диалекты.-М.-Л.,1940.-С.133-134,139; Каратаев О.К. Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан.-Б.,2003.-31,174,185,194-195, 199,203-207-б

## Кыдырша уругу жашаган жерлер

Санжырачылар жана баяндоочулар *кыдыршаны* абат уруусунун тогуз уругунун бири деп эсептешет. Лейлек районунун Катыраң айылында XIV–XV кылымдарда Абат хандыгы түптөлөт. Бул хандыктын бийлигинин башына *кыдырша* уруусунан чыккан бийлер тургандыгы жөнүндө уламыштар азыркы мезгилге чейин эл алдында айтылат. Болжол менен XVIII кылымдын аягы – XIX кылымдын башында ич ара согуштук аракеттердин негизинде 1 000 түтүн *кыдырша* уруусу Лейлектен чыгышты көздөй сүрүлгөн. Аларды Лейлек баатыр жетектеген. Мына ушуга окшогон процесстердин негизинде *кыдырша* уруусу чачыранды болуп жайгашкан.

Азыркы убакта *кыдырша* уругунун өкүлдөрү Кыргызстандын Баткен облусунун Баткен районунун Самаркандек айылында (50 түтүн дөөлөт тобу)[1], Кадамжай районунун Майдан айылдык өкмөтүнө караштуу Авыстам (20 түтүн), Кереге-Таш (20 түтүн) жана Марказ айылдык өкмөтүнө караштуу Бак, Марказ (20 түтүн) айылдарында (текрең, шамирек урук бөлүкчөлөрү) жашашат.

Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Кара-Дарыя айылдык өкмөтүнө караштуу Ак-Мечит айылында кыдыршанын т*екрең, солтонкелди, шамирек, хан чоок, жору* тобунун өкүлдөрү (800 түтүн) турушат.

Ош облусунун Чоң-Алай районун Кашка-Суу айылдык өкмөтүнө караштуу Ачы-Суу, Кашка-Суу; Чоң-Алай айылдык өкмөтүнө караштуу Дароот-Коргон, Жар-Башы; Жекенди айылдык өкмөтүнө караштуу Кара-Мык, Кара-Тейит, Шибе айылдарында кыдырша уругунун шамирек (дүңкө, эшим, акбий) бөлүкчөлөрүнүн өкүлдөрү турушат[2]. Кара-Суу районунун Савай айылдык

---

[1] Лейлектеги кыдыршалар чыгышка карай сүрүлгөндө күйөөсү өлгөн келинди колундагы баласы менен Баткен районунун Самаркандек айылындагы жой уруусундагы атасына таштап кетишет. Баланын аты Дөөлөт болот. Андан бери 8-9 ата өттү. Бул кыдыршалардан Акмат ырчы, Айтимбет ырчы деген атактуу ырчылар чыккан.

[2] АТД.-Т.№3

өкмөтүнө караштуу Кыдырша (50 түтүн), Ноокат районунун Көк-Жар айылдык өкмөтүнө караштуу Борбаш (12 түтүн); Өзгөн районунун Куршаб айылында 20 түтүн; Араван районун айылдарында кыдырша уругунун өкүлдөрү жашашат.

Нарын облусунун Ак-Талаа районун Дөрбөлжүн, Ничке-Суу айылдарында кыдыршанын көсөө урук бөлүкчөсүнүн өкүлдөрү турушат[1].

Тажикстандын Тоолуу Бадахшан автоном облусунун Мургаб районуна караштуу Аличор айылында кыдырша уругунун айдаке (айтек), жутаңкы, мөшкө, олжочу, ыңырчак, түпкүч; Баш-Гүмбөз айылында ыңырчак; Кара-Көл айылында чоок, шамирек; Көөнө-Коргондо – айдаке; Кызыл-Рабатта – жутаңкы; Медиян айылында айдаке, олжочу; Мургаб айылында айдаке, дүңкө, жутаңкы, мөшкө, олжочу, түпкүч, шамирек, ыңырчак; Раң-Көлдө айдаке, жутаңкы, олжочу, ыңырчак; Токтомуш жана Шаймак айылдарында шамирек, түпкүч топтору турушат[2].

Тажикстандын Жерге-Тал районуна караштуу Жайылган айылында (350 түтүн), Ак-Сай (Төмөнкү, Жогорку), Ачык-Алма, Гулама, Деп-Шаар, Домбрачы, Дубана, Жаңы-Кайың (30 түтүн), Жыланды, Кара-Сай, Кашат, Кичи-Кара-Мык, Кош-Тегирмен, Кылжуу-Жай, Миң-Булак, Мукур, Саргой, Сары-Талаа (112 түтүн), Чобой (10 түтүн) айылдарында кыдыршанын чоок, Мөк айылында хан чоок тобу (136 түтүн) жашашат[3].

Өзбекстандын Фергана облусунун Фергана районунун Каражантак (220 түтүн), Жабагы (170 түтүн) айылдарында кыдыршанын *кошой* (көлмө жана калдар тобу) жана текреӊ (кыяр тобу) бөлүкчөлөрү, Анжиян облусунун Айым районунун Ленинабад (120 түтүн), Дарак (115 түтүн) жана Мукур (110 түтүн) кыштактарында кыдырша уругунун өкүлдөрү жашашат.

---

[1] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения Северной Киргизии//ТКАЭЭ.-Т.IV.-М.,1960.-С.87; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер.-Б.,1999.-718-б

[2] АТД.-№3

[3] АТД.-№3

Афганистандын Кичи Памиринде кесек уруусунун курамында кыдырша уругунун *айдаке* жана *ыңырчак* урук бөлүкчөлөрү турушат[1].

Каратегин, Сарыкол (Памир) жана Кыргызстандын Түштүгүнө болгон илимий экспедициянын натыйжасында кыргыздын кыдырша уругу *ийрекчи, кошой, мөшкө, солтонкелди, текрең, түпкүч, чоок, шамирек* деген топторго бөлүнөрү анык болду. Өз кезегинде бул топтор майда уруктарга бөлүнөт. Мисалы: *шамирек – айдаке, дүңкө, жутаңкы, олжочу, ыңырчак; дүңкө – саманчы, козубай, куу тон, тагай* деген майда топторго бөлүнөт.

---

[1] *Shahrani M.* Nazif Mohib. Көрсөтүлгөн эмгек.-P.152

*Схема 3.* Абат уруусунун генеалогиялык схемасы



# БОСТОН

Бостон – ичкилик тобуна кирген уруулардын бири.

«Дүйнөнүн чек арасы» (Худуд ал-алам) аттуу X кылымда жазылган араб булагында «Кулан менен Мерке аралыгында үч карлук уруулары жайгашкан. Булар Бистан (Bistan) же Бостон, Хайм (Haym) жана Барыг (Barig)»[1] деп аталат. Бул берилген маалыматтагы карлуктардын ири урууларынын бири Бистанды кыргыз уруусу Бостон менен салыштырсак болот[2] .

Карлуктар кытай жыл баяндарында 葛羅祿 «гэ-ло-лу» же «гэ-лу», араб жана перс булактарында «харлук», «харлуж», «халлух» деп түшкөн. Карлуктар түрк урууларынын бири. «Карлук» термини алгач орхон-енесай жазма эстеликтеринде кездешет. VII кылымдагы кытай булактарына таянсак, карлук уруусу үч чоң уруу бирикмеден турган: Меуло (Mou-lo (=Булак), Чжиси (Chih-ssû (=Чигил) же По-фу (P'o-fu) жана Ташылы (T'a-shih-li)[3]. VIII–X кылымдардагы кытай баяндамасы «Танхуйяодо» карлук этноними Хэ-лу деп берилип, бул уруунун аттарына басылган тамгасы  берилген[4].

Кытай жыл баяндамасы «Си-юй-ту-чжи» боюнча бостон уруусу *басто* деген формада берилип, 1759-жылы Бостон урууу-

---

[1] *Şeşen R.* Islâm coğrafyacılarına göre Türkler ve Türk ülkeleri.-Ankara,2001.-S.65; Peter B.Golden. Türk halkları tarihine giriş.-Ankara,2002.-S.162

[2] История Киргизской ССР.-Т.I.-Фрунзе,1984.-С.435

[3] *Шаниязов К.* Узбеки-карлуки.-Ташкент,1964.-С.5,13

[4] *Зуев Ю.А.* Тамги лошадей из вассальных княжеств//Труды ИИАЭ АН КазССР.-Т. VIII.-Алма-Ата,1960.-С.125-126

су 1300 түтүндөн тургандыгы эскерилет[1]. XVI кылымдагы Сайф ад-Дин Аксыкентинин «Тарыхтардын жыйнагында» бостон уруусу ичкиликтердин бири катары баяндалат[2]. 1795-жылы И.Г.Андреев өзүнүн «Орто жүздүн кыргыз-кайсактарын баяндап жазуу» деген эмгегинде Бостон болуштугу жана анын старчыны Ташыбек бий экендиги жөнүндөгү кабар берет[3].

Ал эми Л.Ф.Костенко Бостон уруусун негизги 20 ичкилик урууларынын бири катары карайт[4].

1900-жылы Н.Ф.Ситняковский[5] *бостон* уруусун кесек уруусунун курамына кошуп карайт. 1954-жылы Я.Р.Винников[6] бостон уруусунун курамына кирген төмөндөгүдөй уруктарды атайт: «кара орус, тескей, батмунке, токо, сазан, думар, телмин, чаманай, мардай, баймат, гадик, балчи, карджавды, бозала бостон, бабачал, сарымбек». Ал эми карджавды уругуна асалы, бабачалга кошкары, сарымаут, дюйшамбе, сарымбекке байборот, жораш, батыр, азия деген урук бөлүкчөлөрүн киргизет. С.Аттокуров[7] жогоруда аталган бостон уруктарына жандоо уругун жиндөө деп ката жазып кошот.

Кыргыз тарыхчысы Б.Жамгырчинов[8] *бостон* уруусун ичкилик тобунун оң канатына кийирет.

Изилдөөчүлөр Памирдеги (Кытай жана Афган) жана Каратегинде жашаган бостон уруусун кесек уруусунун курамында карашат[9].

Санжырачы Т.Умар уулу бостон уруусунун курамына бозбала, жазар, ботманке, баймат деген уруктарды киргизет[10]. Ал

---

[1] *Аристов Н.А.* Труды по истории и этническому составу тюркских племен.-Б.,2003.-С.49

[2] *Сайф ад-дин ибн Шах Аббас Аксикенти.* Көрсөтүлгөн эмгек.-65-б

[3] *Андреев И.Г.* Описание средней орды киргиз-кайсаков.-Алматы,1998.-С.52; Бул жерде Бостон болуштугунун аталышы Бостумакская деп берилген

[4] *Костенко Л.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.372

[5] *Ситняковский Н.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-Вып.II.-С.57-58

[6] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек. -С.162

[7] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-196-б

[8] *Джамгерчинов Б.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.23

[9] *Абышкаев А.* Көрсөтүлгөн эмгек. -С.15-16; Жумабаев Б. Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш...-44-б

[10] *Турдубай Умар уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-23-б

эми С.Р.Саттаров[1] бостон уруусунун курамын жогорудагыдай эле берет. Санжырачы С.Жаңыбай уулу Т.Умар уулу келтирген төрт урукка кара деген урукту кошуп, бостон уруусун «сол канат» ичкиликке киргизет[2].

1926-1927-жылдары бостондордун аймактык жайланышын А.Сыдыков берген. Алар Ош округунун Жоо-Кесек-Бостон жана Куршаб болуштуктарында турушкан. Азыркы убакта бостондор негизинен кесек (жоо кесек) уруулары менен чогуу турушат. Алар географиялык жактан Кыргызстандын Баткен, Жалал-Абат, Ош, Чүй облустарында турушат. Ошондой эле бостон уруусунун өкүлдөрү Өзбекстанда, Тажикстанда жана КЭРдин СУАРнун айылдарында жайгашышкан. Тажикстандын Жерге-Тал районундагы Кара-Кенже, Сары-Кенже, Сарыгой айылдарында бостон уруусунун базалабостон, каржооду уругунун Аскулу бийден тараган өкүлдөрү мекендешет[3].

Бостон – адигине, саруу урууларындагы урук бөлүкчө[4]. Анын ичиндеги *каржооду* урук бөлүкчөсү *карлук* уруусунан кабар берет.

---

[1] *Саттаров С.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-294-б

[2] *Сапарбай Жаңыбай уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-15-б

[3] АТД.-Т.№3

[4] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения...-С.111

*Схема 4.* Бостон уруусунун генеалогиялык схемасы



# КАҤДЫ

*«Кангюй текебердүү, тайманбаган, орой жана биздин элчилерге жүгүнүп таазим кылууга эч бир макул болбойт; наместниктен ага жөнөтүлгөн кызматчыларды, усундардын элчилеринен төмөн отургузат».*

Чжан Цянь, б. з. ч. II к.

Каңдылар Авестада कङ्क kanká, байыркы перс булактарында (б. з. ч. VI к. аягы – V к.) – *гандара (Gandāra)*[1], кытай булактарында (б. з. ч. I к. ортосу) – 康居 *кан-ли,* Орхон-рун жазууларында (712-ж.) – *кенгерес* (𐰚𐰭𐰼𐰾 - käŋäräs)[2], орто кылымдардагы печенегдердин курамында – *кангар* (Κάγγαρ)[3], араб-мусулман булактарында[4] – хангакиш الخَنْغا كُش , кӓнгӱ-оглу قنغو , кангароглы قنغو أَغْلى, канглы قنكلى, «Ыйык сыр баянында» (1240-ж.) – *канглин*[5], Рашид-ад-Динде (XIII-к.) – *канлы*[6], Плано Карпини-

[1] *Авеста* XIV яшт,54; Хлопин И.Н. Историческая география южных облустей Средней Азии.-Ашхабад,1983.-С.5-6

[2] *Кляшторный С.Г.* Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии.-М.,1964.-С.74; он же. Кангюйская этно-топонимика в орхонских текстах//СЭ.-М.,1951.-№ 3.-С.54-63

[3] *Константин Багрянородный.* Об управлении империей.-М.,1989.-С.159

[4] *Ал-Идриси.* МИТТ.-Т.I.-М.,1982.-С.222; Материалы по истории киргизов и Киргизии (второе издание).-Т.I.-Б.,2002.-С.229; Тизенгаузен В.Г. Сборник материалов, относящихся к истории Золотой Орды.-Т.I.-СПб.,1894.-С.541

[5] *Сокровенное сказание.* Монгольская хроника 1240 г. под названием Mongrol-un Niruča tobčiyan. Юань Чао Би Ши. Монгольский обыденный изборник.-Т.I. -М.-Л.,1941,§270.-С.192

[6] *Рашид-ад-Дин.* Сборник летописей.-Т.I.-Кн.1.-М.-Л.,1952.-С.84

де (1246-ж.) – *кангит* жана Вилгельм де Рубрукта (1253-ж.) – *канглы*[1], Абул-Газиде (XVI-к.) – *канкли, канглы*[2], башкырларда – *канлы*[3], казактардын Орто Жүзүнүн курамында – *канглы*[4], каракалпактарда – *канглы*[5], монголдордо – *ханггид* (qanggin)[6], өзбектерде – *канглы,* крым татар, гагауз жана ногойлордо – *канглы (канъглы)*[7], хакас жана якуттарда – *кангалас*[8] деген аттар менен белгилүү.

«Канглы» этнониминин келип чыгышынын элдик этимологиясын Хива ханы Абулгази өзүнүн «Түрк шежиреси» деген китебинде мындайча берет: «...Огуз хан барып татарды чапты. Татар ханы көп аскерлери менен согушту. Огуз хан аны жеңип, аскерлерин кырды. Бул кезде Огуз хандын колуна сансыз көп олжо түштү. Аны жүктөп кетүүгө унаа жетпей калды. Булардын ичинде бир билимдүү адам бар эле, ал ойлоп олтуруп бир араба жасады, башкалар муну көрүп араба жасоого киришти. Алар олжого түшкөн мал, дүйнөсүн ушул арабаларга жүктөп кайтты, бул арабага «каңк» деп ат койду. Андан илгери араба дегендин аты да, заты да болбогон. Муну «каңк» деп атоонун себеби, бул арабалар жол жүргөндө «каңк-каңк» деген добуш чыгып турган. Арабаны жасаган адамга «Каңклы» (Канглы) деп ат койду, кийинки каңгылы эли дал ушул адамдын урпактары болуп эсептелет»[9].

---

[1] *Иоанн де Плано Карпини.* История Монгалов. Вильгельм де Рубрук. Путешествие в восточные страны.-СПб.,1911.-С.36,50,51,101

[2] *Абуль-Гази.* Родословное древо тюрков. Перевод и предисловие Г. С. Саблукова.-Казань,1906.-С.34

[3] *Кузеев Р.Г.* Происхождение башкирского народа.-М.,1974.-С.356-357

[4] *Востров В.В., Муканов М.С.* Родоплеменной состав и расселение казахов.-Алма-Ата,1968. -С.32

[5] *Жданко Т.А.* Очерки исторической этнографии каракалпаков.-М.-Л., 1950.-С.45

[6] *Ураи-Кёхальми К.* Еще раз о происхождении хамниган//КСИИА.-Вып.8.-М.,1964.-С.159

[7] *Керейтов Р.Х.* Этническая история ногайцев.-Ставрополь,1999.-С.36

[8] *Никонов В.А.* Этнонимы Дальнего Востока СССР//Этническая ономастика.-М.,1984.-С.50

[9] *Кононов А.Н.* Родословная туркмен, сочинение Абу-л-Гази хана хивинского.-М.-Л.,1958.-С.43

*Кангар* этноними, Борбордук Азияда байыркы замандан бери кездешет. Бул тууралуу маалыматты б. з. ч. VI кылымдын аягы – V кылымдын башындагы шынаа сымал байыркы перс жазууларынан жолуктурабыз. Алардын эң байыркысы, Дарий I-нин Чоң Бехустан жазуусунда – *Gandāra,* Дарий I-нин Персеполь жазуусунда – *Gadāra,* Дарий I-нин Нахш-и Рүстөм жазуусунда – *Gadāra,* Ксеркс I-нин жазуусунда – *Gadāra* формасында кездешет[1].

Геродот кангарлар жөнүндө «бул атчан чабарман кабарчыларды перстер «ангарейон» (ἀγγαρεῖον) дешет. Аталган сөз *хангар~кангар* деген түрк этнониминен жаралган. Хангарлар перстердин арасында чабарман катары кызмат кылышкан, ошол себептен перс тилинде «чабарман» деген мааниде «хангар» деген сөз сакталып калган»[2].

Геродоттун «Тарых» китебинде Ахемен империясына кирген өлкөлөр менен элдердин эки толук тизмеси бар. Гандарийлер (Γανδάριοι) империянын VII сатрапына башка үч эл менен кошо кирген.

Геродот гандарий жөнүндө мындай деп жазат: «...гандарийлер үч башка эл (саттагид, дадик, апарит) менен бирге Дарий I-ге, 170 талант салык төлөп турушат. Алар Ксеркстин аскеринде Артабан уулу Артифийдин кол башчылыгынын астында парфян, хорезм жана согдылыктар менен бирге болуп, жеңил чуштугуй калпак кийишип, кыска найза жана жаа менен бактриялыктардай куралданышкан»[3]. Демек гандарийлер Бактрия менен чектеш жерде жашашкан.

Ал эми Плиний жана Птолемей аларды *Кардарлар* же *Кандарлар,* дагы бир окулушу *Гандарлар* деп аташат. Птолемей аларды, Гигон жана Сигон дарыяларынын аралыгына, Бактриянын курамына кирген Согдианада жайгаштырат[4].

[1] *Хлопин И.Н.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.5-6

[2] *Геродот.* История в девяти книгах.-Л.,1972.-С.402.(VIII,98.). Ἀγγαρεῖον (перс. хангар) – «падышанын чабарманы» дегенди түшүндүрөт

[3] *Геродот.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.168,333 (III,91;VII,66)

[4] *Сум П.Ф.* Исторические рассуждения о происхождении народов, населявших в средние века Польшу, Россию и земли между Каспийским и Черным морем, также европейскую Турцию на север от Дуная.-М.,1846.-С.6

Гезихий өзүнүн VI кылымда жазылган «Грек лексикону» деген эмгегинде «гандарийлер Индияга жакын, тоодо турушат. Ошондой эле Индияда гангариддер (Ганг дарыясынын аты боюнча) деген эл бар. Гандарийлер букаларга окшоп өтө кубаттуу жана кайраттуу»[1]. Жылкы өстүрүүчүлүк менен атагы чыккан гандхар эли Кабул дарыясынын өрөөнүн мекендешет[2].

Ал эми Шумердин алгачкы аты «Кенги» болуп, байыркы дүйнөдө *Кенгир* цивилизациясы болгондугун археологдор тастыктайт. Бара бара *«Кенги» «Шумир»* деген ат менен алмаштырылат. Ал эми семит элдери Шумерди толук басып алгандан кийин, «Кенгини» мекендешкен кенгерлердин бир бөлүгү Индияны карай бет алышат. Буга далил катары ири шумер таануучу С.Н.Крамердин айтканын мисал келтирсек болот. Ал мындай дейт: «… шумерийлердин (семиттердин – Н.Т.) катуу кысымы астында обеид доорундагы элдер Месопатамиядан Инд өрөөнүнө бет алышты, кийин ал жерде жаңы цивилизациянын өнүгүшүнө түрткү болду». Мындан башка далил, Месопатамиядан Индияга чейин *Кан, Канди, Кандры, Канговар, Кандагар, Гандар, Гандхара* деген топонимдер кездешет[3]. Демек байыркы «кеңгерлер» (шумерлер) менен кийинки «каңгарлардын» ортосунда этникалык өтө терең байланыш бар экендиги айкын.

Даниялык тарыхчы Петр Фридрих Сум *кангар* деген атты Ганг дарыясынын аты менен байланыштырып, аларды Индиядан келип чыккан дейт. Ал «кангар» перс тилинин «кандавар» – «күчтүү», «эр» деген сөзүнөн келип чыккандыгын айтат[4]. Кийичерээк орус археологу С.П.Толстов да, «канг» сөзүнүн этимологиясын Ганг дарыясы менен байланыштырат[5]. Ал эми И.Маркварт болсо, кангар этнонимин *канг + äр,* башкача айтканда «канг эли» деп карап, аларды орхон-рун жазууларындагы

---

[1] *Сум П.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.7

[2] *Рагозина З.А.* История Индии.-СПб.,1905.-С.357

[3] Кара: *Рагозина З.А.* История Халдеи.-М.,1998; Бонград-Левин Г.М., Ильин Г. Ф. Индия в древности.-М.,1985; Галлямов С. Древние арии и вечный Курдистан.-М.,2007

[4] *Сум П.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.7

[5] *Толстов С. П.* Древний Хорезм.-М.,1948.-С.24

кенгерес менен байланыштырат. Ошондой эле ал кангар менен кенгерес Яксарттын байыркы аты (*Канг* – Н.Т.) менен байланышы бар экендиги жөнүндөгү ойду айтат[1].

Академик В.В.Бартольд *кангарды* Сырдарыянын төмөнкү агымы – Канг менен байланыштырат[2].

Рум элчиси Зимарх түрк каганына элчиликке бара жатып, *холиат* аттуу элди жолуктурат, француз тарыхчысы Дегинь холи бул «кангар» деген аттын бузулуп айтылышы дейт[3].

Канглы уруу бирикмесинин келип чыгышы боюнча XIX кылымдын акырынан бери эки илимий көз караш бар. Биринчиси, канглы уруу союзу XI–XII кылымдарда Арал боюндагы чөлдөрдө печенек-огуздардын негизинде пайда болот. «Канглы» этноними печенегдердин байыркы аты *кангар* менен жакындаштырылат. Ошондой эле канглдардын этникалык түзүлүшүнө кыпчактардын ролу чоң экендигине басым жасалат. Бул көз караштын В.В.Бартольд жана П.В.Голубовский тарабынан негизделген, кийин С.П.Толстов жана Т.А.Жданколор өркүндөтүшкөн[4].

Экинчи гипотеза Н.А.Аристов тарабынан иштелип чыккан. Аны Н.А.Бронников колдогон[5]. Канглдар, бул концепция боюнча, Сырдарыяга жана ага чектеш болгон жерлерге Кангюй мамлекетин түзгөн, кангюйлердин этникалык орун басуучусу. Канглдардын кангүйлерден келип чыгыш идеясы, көпчүлүк археологдор (А.Н.Бернштам) тарабынан кабыл алынып, акыркы убакта В.В.Востров жана М.С.Мукановдун изилдөөлөрүндө жаңыдан өнүгүүгө дуушар болууда. Алар кангүйлөрдү түрк

---

[1] *Marquart J.* Die Chronologie der Alttürkischen Inschriften.-Leipzig,1898.-P.10

[2] *Бартольд В.В.* Новый труд о половцах//Русский исторический журнал Российской Академии наук.-Кн.7.-Петроград,1921.-С.152

[3] *Аристов Н.А.* Труды по истории и этническому составу тюркских племен..-С.125.

[4] Кара: *Голубовский П.* Печенеги, торки и половцы до нашествия татар.-Киев,1884; Бартольд В.В. Новый труд о половцах//РИЖ.-Кн.7.-С.152. Толстов С.П. Древний Хорезм. -М.,1948; Жданко Т.А. Очерки исторической этнографии каракалпаков.-М.-Л.,1950

[5] Кара: *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен...; Бронников Н. А. Кангюй, Канглы или Канн и Юечжи (к исторической географии Русского Туркестана)//Записки Московского археологического института.-Т.XXXV.-М.,1914

тилдүү эл катары эсептешип, мындай деп жазышат: «канглдар баягы эле б. з. чейинки II кылымдагы кангүйлер»[1].

Казактардын курамындагы каңлылар *сары-каңлы* жана *кара-каңлы* деп эки чоң топко бөлүнөт. Географиялык жайланышы боюнча Сыр-Дарыялык жана Жети-Суулук каңлылар деп бөлүнөт. Сыр-Дарыялык сары-каңлылар беш ата: *аңбота, акынкожа, телкожа (ак каңлы, кызыл каңлы), омыртка, миям жана кара-каңлылар* алты ата: *тогузбай, оңбай, тоганай, бака, бадырак, кара*. Жети-Суулук сары-каңлылар алты ата: *элсейит, акбарак (шоңпар, түрке), куюшкансыз, бозым, ешкили, шанышкылы*[2] жана кара-каңлылар алты ата: *ерезен, каспан, еңке, танта, оразымбет, бака.* Э.Кайдаров Жети-Суулук каңдылар Сыр-Дарыялык каңдылардан тараган деген корутундуга келет. Ал «сары каңлы», «кара каңлы, «ак каңлы», «кызыл каңлы» деген этнонимдерди уруулардын географиялык жайгашуусу менен байланыштырат. Канлылардын урааны «Байтерек», «Айрылмас», тамгасы – | «көсөө тамга».

1900-жылы Н.Ф.Ситняковский[3] каңды уруусун канглы деп атап, аны кесек уруусунун курамына кошот.

1953-1954-жылдары Я.Р.Винников[4] өзүнүн изилдөөлөрүнөн кийин каңды уруусунун курамына кирген төмөндөгүдөй уруктарды атайт: *«караканды, сарыканды, айтемир, кара туума, култай, ургу, кара саадак, чырак тамга»* ж. б. Ал эми чырак тамга уругуна *алашан, чоң аке, көк карга, уйлар, каранай жана түркмөн* деген урук бөлүкчөлөрүн киргизет. Ушундай эле каңды уруусунун курамын С.Аттокуров[5] да берет. Бирок, аталган уруктардын ичиндеги *айтемир, кара туума, култай* – тейит уруусунун, *кара саадак* – кесек уруусунун уруктары, ал эми *ургу* оргу урусуунун бурмаланып аталашы болуп саналат.

---

[1] *Востров В.В., Муканов М.С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.32.

[2] Катагандын кан Турсунунун аскерлери каңлы жана катаган урууларынан турган. 1627-28-жылы кан Турсунду саруунун Эр Эшим баатыры чапканда, катагандар талкаланып, анын шанышкылы деген уругу каңлылардын курамына кирип кетет

[3] *Ситняковский Н.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-Вып.II.-С.57-58

[4] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.161

[5] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-208-б

Санжырачы Т.Умар уулу жогоруда аталган каңды уруктарына *орок тамга, үчөк тамга, уман канды, уйгур булга* жана *шаран* деген уруктарды кошот[1]. Ал эми С.Р.Саттаров[2] каңды уруусунун курамын жогорудагыдай эле берип, Казакстанда жашаган канглы уруктарынын курамын кошумчалайт.

Профессор Ш.Жапаров Лейлек районунда жашаган каңдылардын *көк чабы, чапан, ит бак* (ит бок – Н.Т.), *сары каңды, кашкар каңды* деген уруктарга ажырарын белгилеп, «элдик маалымат боюнча каңдылар Алдаярбектен тараганбыз дешет. Өз кезегинде Алдаярбек түркмөн каңдыдан, ал эми түркмөн каңды Чырак тамгадан тараган. Каңдылар аймактын Баул, Кулунду айылдарында жашашат» деп кошумчалайт[3].

Каңды уруусунун эн тамгалары О.Каратаев боюнча «орок тамга» – , «үч ок тамга» –  жана «каңды тамга» – . Тарыхчы О.Каратаев көрсөтүлгөн тамгаларды Эне-Сай чөлкөмүндө табылган жазуулардагы Е 127 тамгасы жана хакастардын курамындагы хыргыс уруусунун тамгасы менен окшоштурат[4].

Ногойлордун[5] курамындагы канглылардын тамгасы «алип тамга» – |, башкырлардагы[6] канлылардын тамгасы – |, казактардын курамындагы кангылылардын тамгасы «косеу тамга» – |, каракалпак каңлы тамгасы[7] «алип тамга» – |, өзбектердин[8] курамындагы канглы уруусунун тамгасы «алип тамга» – |. Демек канглы уруусунун жалпы тамгасы «көсөө тамга» – болуп эсептелет.

Азыркы убакта кыргыздын Каңды уруусунун өкүлдөрү Баткен, Жалал-Абат жана Ош облустарында жашашат.

---

[1] *Турдубай Умар уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-22-б

[2] *Саттаров С.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-300-б

[3] *Жапаров Ш.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Алга.-№121,18.10.1967, 4-б; Алга.-03.04.1993, 2-б

[4] *Каратаев О.К.* Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан.-Б.2003.-103,117,125,194-б

[5] *Керейтов Р.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.38

[6] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.370

[7] *Жданко Т.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.45

[8] *Шаниязов К.Ш.* К этнической истории узбекского народа.-Ташкент, 1974.-С.151-152

*Схема 5.* Каңды уруусунун генеалогиялык схемасы



# КЫПЧАК

*«Кыпчак» этнониминин астында ар түрдүү тарыхый кырдаалдарда жана ар башка географиялык аймактарда бири-биринен этникалык айырмаланган урук-урууулардын топтору болушкан...»*

Т.А.Жданко

Кыпчактар тууралуу алгачкы маалыматтар кытай жыл баяндарынан белгилүү. «Вей» династиясынын жыл баяны б. з. ч. III-кылымда хуннулардын түндүгүндө Koutche 屈射國, Kikkhun 隔昆國 и Sinri 新黎國 (Иакинф боюнча Кюеше, Гэгунь жана Цайли)[1] деген өлкөлөр жайгашкандыгын айтат. Ошондой эле Сыма Цзяндын «Тарыхый каттар» деген эмгегинин 110 оромунда Моде шаньюй түндүктө (б. з. ч. 201-ж.) багынткан өлкөлөрдүн катарында 屈射 «цюйше» да эскерилет. Бул жерде «кюешени» Б.Карлгрен жана А.Н.Бернштам[2] «кыйчак» деп окуп, аталган сөздү «кыпчак» этнониминин байыркы аталышы деген. А.Н.Бернштамдын бул гипотезасына каршы совет-орус тарыхчысы И.Г.Добродомов чыгат, ал мындай дейт: «Бул гипотеза реконструкцияланып жаткан этнимге жарым жартылай

[1] *Deguignes.* Histoire generale des Huns etc.-Paris,1756.-T.I.-Partie 2.-P. LXXVI,LXXVII,LXII; Shlegel. La stele funeraire du Teghin-Giogh.-1892.-P.42-44; Бичурин Н.Я. (Иакинф) Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена.-Ч.I.-Отд.1. –СПб.,1851.-С.17; Ушул эле китеп.-Т.I.-М.-Л.,1950.-С.50;-Т.3.Приложения.-М.-Л.,1953.-С.181,183,210 (Указатель), 311(Карта).

[2] *Бернштам А.Н.* Древние тюркские элементы в этногенезе Средней Азии//СЭ.-Сборник статей.-Т.6-7.-М.-Л.,1947.-С.154

окшоштукка негизделип, хронологиялык жактан ишендире албай аксайт, себеби кыпчак этнониминин биринчи аталышы менен кийинки аталышына чейин абдан узак убакыт өткөн»[1] – деп өзүнүн каршылыгын аргументтейт.

Ал эми «цюйшени» Н.А.Аристов «кущи», «кущу» же «кучук» деп окуп, аны кыргыздын Сол канатындагы *кушчу* уруусу менен байланыштырат[2].

С.Г.Кляшторный С.Е.Яхонтовдун консультациясынан кийин «кюеше» же «цюйше» *кыпчак* деп окулбай тургандыгын аныктаган[3].

Кыпчак этноними Г.И.Рамстедт 1909-жылы тапкан, VIII кылымдын экинчи жарымында уйгур каганы Моюн-чорого (Баян-чоро) арналган эстелик ташта, башкача айтканда, «Селенга ташында»  «түрк-кыпчак» формасында жазылган. Бул жазуу С.Е.Маловдун «Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии»[4] деген китебинде өзгөрүүсүз кабыл алынган. Г.И.Рамстедттин кыпчак этнониминин аталган таштагы реконструкциясын В.В.Бартольд, П.Пелье жана В.Ф.Минорскийлер колдошкон жок, алар өздөрүнүн кыпчактар жөнүндөгү эмгектеринде Ибн Хордадбек (IX к.) түрк урууларынын тизмесинде биринчи болуп кыпчак этнонимин эскерген деп жазышат. Кийинчерээк кээ бир тарыхчылар жана филологдор Г.И.Рамстедттин бул реконструкциясын кабыл алышкан.

С.Г.Кляшторныйдын билдиргенине караганда, азыркы убакта Г.И.Рамстедттин эстампажесинде жана сүрөтүндө *қыбчақ* сөзүнүн  *ч* жана  *к* тамгалары, ал эми *түрк* сөзүнүн  – *тур* деген гана бөлүгү көрүнөт»[5].

---

[1] *Добродомов И.Г.* О половецких этнонимах в древнерусской литературе// ТС.1975.-М.,1978.-С.102-129

[2] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен...-С.227-456; он же. Труды по истории и этническому составу тюркских племен...-С.143

[3] *Кляшторный С.Г., Султанов Т.И.* Государство и народы евразийских степей.-СПб.,2000.-С.110.

[4] *Малов С.Е.* Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии.-М.-Л.,1959. -С.30,34,38

[5] *Добродомов И.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.111

Кляшторный аталган эстелик таштагы жазууларды кайрадан окуп, кыпчак, «qyvčaq ~ qyƀčaq» деген сөз байыркы түрк эстеликтеринде жана «qïpčaq» байыркы түрк тилинде «жолу болбогон», «кара жолтой», «шордуу», «бактысыз» деген маанилерди берет. Ошондой эле qyvčaq qovy ~ qyƀčaq qovy» «бош», «ээн», «эч нерсеге жарабаган» деген маанини берет[1], ушул келтирилген сөздөрдүн негизинде «түрк-кыпчактар ... бизди элүү жыл башкарышты...» деген сүйлөмдү «эч нерсеге жарабаган түрктөр ... бизди элүү жыл башкарышты...»[2] – деп которуп, бул жерде кыпчак этноними жөнүндө сөз болгон жок дейт. Кляшторныйдын бул оюн Д.Г.Савинов, Ю.А.Зуев[3] жана орус кыргыз таанучусу Ю.Худяков колдошкон.

Бирок, кытай жыл баяны «Бейшинин» 99 орому Алтайдын батыш тарабында теле тобунун курамына кирген урууларды санайт. Анда мындай деп айтылат: «Кан мамлекетинин түндүк жагында Аде дарыясы боюнча хэдэ, хэцзэ, боху, бичан, чжуйхай, хэбиси, хэцо, суба, емо, хэда жашашат. Булардын бардыгы сан жагынан үч түмөндү түзөт, башкача айтканда 30 000 аскери бар». Кытай түркологу Цэн Чжунмян аталган урууларды хуннулардын урпактары деп санайт[4].

«Бул жердеги *хэбиси* уруусунун акыркы иероглифи «си» кантон диалектисинде «сик» деп окулат. Хэбиси хэбисик болуп окулуп, хэбисик – кыпчак деген сөздү түшүндүрөт. Демек, VIII кылымда кыпчак уруусу теле тобунун гана ичинде болбостон, ал кытай булактарына кыпчак этноniminин кытайлашкан варианты *хебеси* деген ат менен кирет», – деп жазат казак-совет окумуштуусу С.М.Ахинжанов[5].

---

[1] Древнетюркский словарь.-Л.,1969.-С.449

[2] *Кляшторный С.Г.* Кипчаки в рунических памятниках//Tucologica.-Л., 1986.-С.160

[3] *Зуев Ю.А.* Ранние тюрки: очерки истории и идеологии.-Алматы, 2002.-С.79

[4] *Цэнь Чжуньмянь.* Туцзюе цзиши (Сводная история тюрков).-Т.I.Пекин, 1958.-С.678

[5] *Ахинжанов С.М.* Кыпчаки в истории средневекового Казахстана.-Алматы, 1999.-С.65

Араб-перс-түрк тилдүү булактарда – Ибн-Хордадбек (IX к.), «Худуд-ал алем» (X к.), Бейхаки (XI к.), Гардизи (XI к.), Махмуд Кашкари (XI к.), Ахмед-ат Туси (XII к.), Ибн-ал-Асира (XIII к.) жана Рашид ад-Динде (XIV к.), *кыпчак* этноними: قپچاق *қипчāқ,* قفچاق *қифчāқ,* خفچاق *хифчāқ,* خفشاق *хифшāқ*[1], *кыфчак* формаларында кездешет[2].

Чынгызхандын батышка болгон жоортуулунда аны коштоп жүргөн Елюй Чу-цай кыпчактарды «кофуча» деп жазат. Монгол империясынын убагындагы (XIII к.) кытай булактарында кыпчак этноними Юань-чао-пи-шиде «кибча», Юань-шиде жана Кан-муда 欽 察 *kin-ch'a* («кинча») же *K'in-tch'a*[3], орус транскрипциясында – *циньча* (кымчак) деп берилет.

Француз королу Людовик IX монголдорго жиберген элчиси Вильгельм Рубрук кыпчак этнонимин *капчат* (kaptschat) формасында жазган[4].

XVII кылымдагы орус булагы – «Ярослав Спас чиркөөсүнүн тарыхый актыларына» кыпчактар *капчаги* деген ат менен түшкөн[5].

«Кыпчак» термининин айланасындагы талаш-тартыштар азыр да болсо токтоло элек.

## Кыпчак этнониминин этимологиясы

Кыпчак, «qyvčaq ~ qybčaq» байыркы түрк эстеликтеринде жана «qïpčaq» байыркы түрк тилинде[6] «жолу болбогон», «кара жолтой», «шордуу», «бактысыз» деген маанилерди берет.

---

[1] *Бартольд В.В.* Кипчаки//Сочинения.-T.V.-M.,1968.-С.550-551

[2] Кара: *Щербак А.М.* Огуз-наме. Мухабад-наме.-М.,1959; Фазлаллах Рашид ад-Дин. Огуз-наме. Пер. Р. М. Шукюровой.-Баку,1987

[3] *Bretschneider E.* Mediaeval Researches from Eastern Asiatic Sources.-Vol.2.-P.68; Pelliot P. Á propos des Comans//JA.-№15.-1920.-P.149

[4] *Иоанн де Плано Карпини.* История Монгалов. Вильгельм де Рубрук. Путешествие в восточные страны...-С. 89

[5] *Попов А.И.* Кыпчаки и Русь//Уч.зап.-ЛГУ.-№112.-Сер.истор. наук.-Вып.14.-Л.,1949.-С.94

[6] ДТС.-С.449

Кыпчак, «qїpčaq» 1) «бош», «ээн талаа», 2) «көңдөй дарак» 3) «ачуулуу», каардуу» деген маанилерди да берет[1].

А.Абдрахманов кыпчак этнониминин төмөндөгүдөй этимологиясын берет: кыпшак<кыбшак<кубшак<куб(а)шак<куба (саргыч, аксаргыл)+шак кичирейтип көрсөтүүчү маанидеги аффикс[2].

Г.В.Костачков кыпчак этнонимин кып (кый)[3] жана *чак* деп экиге бөлүп, анын биринчи бөлүгүн енисей-кет уруусу *киба~кыба* (аюу), ошондой эле төөлөс конфедерациясына кирген *киби* уруусу менен байланыштырат. Ал эми анын экинчи бөлүгүн орто кылымдардагы атактуу чик уруусунун бир бөлүгү менен байланыштырат. Ал *чик* этнонимин кет тилинде «чи:к» деген «куу»[4] дегенди билдирет деп, кыпчак деген бул кып (аюу) жана *чик* (куу) енисей-кет урууларынын кошулуусунан келип чыккан уруу деп эсептейт. Бул эки уруунун бирикмеси кыпчактар Батышка кеткенде булардын бир бөлүгү болгон шорлордун *кый, кобый, кызай, карга,* хакастардын *хый, хобый, хызай, харга* жана *койбал* уруктары байыркы мекенинде азыркы күнгө чейин жашашат.

Ошондой эле кыпчак этнониминин аталышын «сары», «половец», «куман» деген этнонимдер менен салыштырышат, бул жөнүндө менин төмөндөгү китебимде кеңири айтылган[5].

## Кыпчак этнониминин параллелдери

Кыпчак этноними алтай, башкыр, венгр, казак, каракалпак, ногой, өзбек, түркмөн элдеринин курамында кеңири таралган.

Алтайлыктарда кыпчак сөөгү «алтай кижи», «чүй кижи» (теленгит) жана телеуттардын курамына кирген сөөк[6].

---

[1] *Махпиров В.У.* Древнетюркская ономастика.-Алма-Ата,1990.-С.55

[2] *Әбдірахманов А*. Қазақстан этнотопонимикасы.-Алматы,1979.-128-б

[3] Кара: *Костачков Г.В.* Этимология шорско-хакасских этнонимов кый (хый) и кобый (хобый)//Хакасия и Россия. 290 лет совместного развития.-Абакан,1998

[4] *Старостин С.А.* Праенисейская реконструкция внешние связи енисейских языков//Кетский сборник.-Л.,1982.-С.161

[5] Кара: *Нурбек Туран.* Сар Эл.-Б.,2011

[6] *Радлов В.В.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.96

Алтайлыктардын курамындагы кыпчактардын келип чыгышын алтайлык мифтер бөрү (карышкыр) менен байланыштырышат. Алтай уламышында аты жок, жетим, кыпчак бала канчык карышкыр менен жашайт. Бул экөөнүн 15 баласы болот. Ошол балдардан – *монгол-кыпчак, тумат-кыпчак, казак-кыпчак, тарга-кыпчак, барс-кыпчак, таади-кыпчак, сары-кыпчак,* ак-кыпчак, кара-кыпчак, сурас-кыпчак, кутус-кыпчак уруктары тарайт. Ушул эле уламышта кыпчактарга этникалык мүнөздөмө берилет: «Алардын мүнөздөрү бөрүдөй катуу, жүзү жана чачтары сары, көздөрү кызыл...»[1].

Алтайлыктардагы кыпчак сөөгү алтайлык мундуз жана төөлөс сөөктөрү менен бир тууган деп саналып, алардын ортосунда никеге тыюу салынган[2].

Башкырлардын курамындагы кыпчактарды Р.Г.Кузеев[3] 1) кара-кыпчак (карый-кыпчак), 2) герей-кыпчак, карагай-кыпчак, 3) ак же түркмөн-кыпчак деп үч топко бөлөт.

Казактардын курамындагы кыпчактар негизинен *«кара-кыпчак, сары-кыпчак, кытай-кыпчак, кулан кыпчак* жана *торы-кыпчак* деген топторго бөлүнүшөт. Булардын ичинен сан жагынан кара-кыпчактар басымдуулук кылышат. Кара-кыпчактардын курамында *торайгыр, кара балык,* ж.б. урук бөлүкчөлөрү бар. Мындан сырткары *көк бөрү кыпчак, түйшике кыпчак, көлденең кыпчак, танабугу, узун кыпчак* деген этнонимдер бар. Ураны «Ойбас», тамгасы – ǁ «кос алип»[4].

Т.А.Жданко[5] каракалпактардын курамындагы кыпчактарды (кыпшактар) канглы, алты ата, жети коше деген топторго бөлүп, алты атага *санг-мурын, естек, канжыгалы, шунак, басар, толыс, жети кошеге жабы (ябы), арык, жагалтай, баганалы, майлы-балта, жадик, салыр* урук бөлүкчөлөрүн киргизет. Кара-

---

[1] *Ямаева Е.Е.* Родовые тамги алтайских тюрок (XIX – XX вв.).-Горно-Алтайск, 2004.-С.14

[2] *Потапов Л.П.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.38

[3] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.178-183

[4] *Востров В.В., Муканов М.С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.75

[5] *Жданко Т.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.45

калпактардын курамындагы кыпчактардын тамгасы – / «алип», ураанды «Токсоба».

Ногой этнографы Р.Х.Керейтов[1] ногойлордун курамындагы кыпчактардын (кыпшак) төмөндөгүдөй уруктарын атайт: *костамгалы (же кара костамгалы) кыпчак, отекайлы-кыпшак, буйрабас-кышчак, казан-кулак кыпшак, түркмөн-кыпшак, кыпыз-кыпшак, кыпшак-кыпшак, кыпчак-кыпчак, орман-кыпшак, тик муйиз кыпшак, кытай-кыпшак, шабайлы-кыпшак, мамытакайлы-кыпшак, тизгиншекли-кыпшак, аювшы-кыпшак, ягалбайлы-кыпшак.*

Өзбек тарыхчысы К.Ш.Шаниязов[2] өзбек кыпчактарды тогуз уруу, жети-уруу, парча-кыпчак, ак-кыпчак, кара-кыпчак, сарыкыпчак, кыпчак-сарай ж.б. деп бөлөт.

Түркмөн элинин курамындагы кыпчактар алили жана гаравул урууларынын курамында «гыпжак» деген аталыш менен белгилүү[3].

## Кыргыз-кыпчак

Н.Ф.Ситняковский[4] 1900-жылы кыпчак уруусун кыргызкыпчак деп атап, анын курамына: *жаманан, омонок, таз, шердэн, кармыш, тор айгыр, ахтачи, кожом шукур, жарты баш, алтыке, сакоо кыпчак, кызыл аяк* деген уруктарды киргизип, кыргыз-кыпчак уруусун ичкиликтердин «сол канатына» кийирет.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында Фергана өрөөнүндөгү кыпчактар төрт чоң топко бөлүнүшкөн: *«кыпчактар (таза кыпчактар), кыргыз-кыпчак, кытай-кыпчак жана сарт-кыпчак».* Алар төмөндөгүдөй уруктардан турушкан: *кугай, бугач, күмүшай, улмас, яшык, жайдак, пучугай, элатан,*

[1] *Керейтов Р.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.31-32
[2] *Шаниязов К.Ш.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.118-120
[3] *Атаниязов С.* Шежере.-Ашгабат,1992.-130-б
[4] *Ситняковский Н.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-Вып.II.-С.57-58

*бугаз, огим, таз, сирмок, жети-кашка, кутлук-сейит, черик, көк моюн, торы-айгыр, төрт-тай, табылды, чонгаракчи, чиял, кулан, ак-бура, кара-боор, башкырт, тикен, кара-тикен, сары-кыпчак, кара моюн*[1].

Я.Р.Винников[2] өзүнүн изилдөөлөрүнөн кийин кыпчак уруусунун курамына кирген төмөндөгүдөй уруктарды атайт: *«кызыл аяк, таз-кыпчак, алтыке, жартыбаш, ахтачы, ширден, кармыш, жаманаң, омонок, ходжашукур, тору-айгыр.* Ошондой эле *кызыл аяк, жартыбаш, ахтачы* уруктарынан башкаларын урук бөлүкчөлөргө бөлөт. Ушундай эле кыпчак уруусунун курамын С.Аттокуров[3] берет да, ага сакоо кыпчак уругун кошумчалайт.

Санжырачы Турдубай Умар[4] уулу жогоруда аталган кыпчак уруктарына *таймат, ак кыпчак, бөө кыпчак, кара кыпчак, көк кыпчак, кыргыз кыпчак, кытай кыпчак, сары кыпчак* жана *сарт кыпчак* уруктарын кошот. Ал эми С.Р.Саттаров[5] кыпчак уруусунун курамын жогорудагыдай эле берип, Казакстанда, Кытайда жана Өзүбекстанда жашаган кыпчак уруктарынын курамын кошумчалайт.

Өзбек тарыхчысы К.Ш.Шаниязов[6] 1961-жылы Фергана өрөөнүнө болгон илимий этнографиялык экспедициясынын убагында кыргыз-кыпчактардын төмөндөгүдөй уруктарын ачып көрсөтөт: *таз, ходжамшүкүр, шердан, омононг, джамононг, кармыш, жартивош, хидирша, торы-айгыр, овот, кызыл аяк, ахтачи, алтика.* Ал эми джамононг (жаманаң – Н.Т.) уругуна *элатан, тейликул, текай, галча, кулвой, жолика, рай, чоквой, акбарак, умар, хидирша* (кыдырша – Н.Т.) уругуна *кошой, сары, канды, тору-айгыр уругуна эшмат, курмат, ковалы, казах, азберди, кызыл аяк уругуна коңгурбай, тати (же тат), жеткан, хормачи, кочачи, быйло* урук бөлүкчөлөрүн киргизет.

---

[1] *Шаниязов К.Ш.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.123-124
[2] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.160
[3] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-185-б
[4] *Турдубай Умар уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-24-б
[5] *Саттаров С.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-300-б
[6] *Шаниязов К.Ш.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.118-120

Генерал Л.Г.Корнилов[1] Кытайдагы (Чыгыш Түркстан) кыпчак уруусунун *кызыл аяк-кыпчак, кара-кыпчак, тогуз-кыпчак, сарт-кыпчак* уруктарынан кабар берет.

Тарыхчы, профессор А.А.Асанканов[2] Чыгыш Түркстанда жашаган кыпчак уруусунун *сакоо* жана хан *кыпчак* уруктарын белгилейт.

Француз окумуштуусу Реми Дордун Афган Памириндеги кыпчак уруусунун: *чала, колчок, мудурук, сарт* деген уруктардан турарын айтат[3].

Америкалык этнограф М.Н.Шахрани[4] Афган Памириндеги кыпчак уруусунун төмөндөгүдөй курамын берет: к*ара кыпчак, сарт кыпчак, чыла, кулчак.*

Тарыхчы Б.М.Жумабаев[5] Памирде жашаган кыпчак уруусунун курамына *хан кыпчак, тору кыпчак, келте тон, куу топ, чыла, тору айгыр, тобур, кызыл шоодургуч, баштык, шереке, жээрдэ, курду, колчок* уруктарын киргизет.

Г.Абдрахманов жана Ж.Айдартеги «Манас айкелинин курулуш таржымалы жана анын генеалогиялык санжырасы» деген китебинде Баткен районундагы кыпчактардын таралышын Кан Шырдактын санжырасы аркылуу беришет. Кан Шырдактан эки уул: Каражан жана Сарыжан. Каражандан – Кожомүшкүр, Таз, Шерден. Кожомүшкүрдөн – Жартыбаш. Сарыжандан – Жаманаң, Кармыш, Атыке, Омокон. Торайгыр уругун аларга теӊ ата кылып көрсөтөт.

Жогоруда айтылган «кожомшүкүр» уругун, булар «кожомүшкүр» деп аташып, «мүшкүр» – деген «аалым, философ» дегенди түшүндүрөт дешет. Айтылгандарга кошумча Кожомүшкүрдөн *жартыбаштан башка эшмат тобу, надыр тобу, калдар тобу, казактар тобун,* ал эми калдар тобуна *кожомжар, атабий, дос, эркул, канкул, ак козу, кара козу* урук бөлүкчөлөрүн киргизишет[6].

---

[1] *Корнилов Л.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.235-236

[2] *Асанканов А.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.141

[3] *Реми Дор.* Көрсөтүлгөн эмгек.-14-б

[4] *Shahrani M.* Nazif Mohib. Көрсөтүлгөн эмгек.-P.152

[5] *Жумабаев Б.* Көрсөтүлгөн эмгек.-38-б

[6] *Абдрахманов Г., Айдартеги Ж.* Манас айкелинин курулуш таржымалы жана анын генеалогиялык санжырасы.-Б.,2008.-68-74-б

## Кыпчактардын тотеми

Кыпчактардын башкы тотеми боз бөрү болгон. Мисалы, бөрү уруусунан чыккан половец ханы Боняк венгрлер менен согушаар алдында, түн жарымында талаага чыгып улуйт, аны коштоп карышкырлар да улушат. Муну жакшы белги катары кабыл алышат. Ал бөрүлөргө кыпчак уруусунун өкүлдөрү катары кайрылат, себеби кыпчактардын ата-бабалары бөрүлөр болушкан[1].

Анжияндык кыпчактар аялдын төрөтүн жеңилдетиш үчүн, төрөп жаткан аялга кургатылган бөрүнүн жүрөгүнөн бир үзүм беришкен[2].

## Кыпчак уруусунун эн тамгасы

Кыргыздын кыпчак уруусунун эн тамгасы С.М.Абрамзон[3] боюнча «кыпчак тамга» – +. Ногойлордун (ак жана кара ногой) курамындагы кыпчактардын (кыпшак) тамгасы[4] «кош тамга» – ||, крым татар[5], башкыр[6] жана казактардын курамындагы кыпчактардын тамгасы «кош алип» – ||, мындан сырткары көрсөтүлгөн тамганын мындай //, =, \\ варианттары кездешет. Каракалпак кыпчактарынын (кыпшак) тамгасы[7] «алип тамга» – |, өзбектердин[8] курамындагы кыпчак уруусунун тамгасы «кош алип тамга» – ||, ал эми алтайлык кыпчактардын тамгасы – +, бул тамга кыргыз кыпчактарынын тамгасы менен окшош, ошондой эле алтайлык кыпчактардын ичиндеги уруктардын ар биринин өзүнчө тамгалары бар[9].

---

[1] *Ахинжанов С.М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.279

[2] *Потапов Л.П.* Волк в старинных народных поверьях и приметах узбеков// КСИЭ.-№30.-1958.-С.138

[3] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения...-С.104

[4] *Керейтов Р.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.31

[5] *Навширванов З.Ш.* Предварительные заметки о племенном составе тюркских народностей, пребывавших на юге России и в Крыму//ИТОИАЭ.-Т.3.-Симферополь,1929.-С.83

[6] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.173

[7] *Жданко Т.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.45

[8] *Шаниязов К.Ш.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.151-152

[9] *Ямаева Е.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.29

*Схема 7.* Кыпчак уруусунун генеалогиялык схемасы



# НАЙМАН

*«XI–XV кылымдардын аралыгындагы тарыхта маанилүү ролду ойношкон байыркы түрк тилдүү уруулардын бири наймандар»*

Ч.Ч.Валиханов

Кыргыздын найман уруусу ичкилик тобуна кирген байыркы уруулардын бири болуп саналат.

Наймандардын өз алдынча мамлекети болуп, мамлекеттин башында хан турган. Ал эми аскер түзүлүшү жалпы эле көчмөндөрдүн аскердик-башкаруу принциптерине окшош болгон – он башы, жүз башы, түмөн сыяктуу. Алгач найман мамлекетинин башында легендарлуу Наркыш-Таян жана Эниат-каан турган[1]. Мамлекеттин өз алдынча жазуусу болуп, ал уйгур алфавитинин негизинде жүргүзүлгөн. Ошол жазууну кийинчэрээк Чыңгыз хан монголдорго киргизген[2].

Х кылымда түндүк Кытайда күчтүү кидан Улуу Ляо (916-1125-жж.) империясы түзүлөт. Кытай жыл баяндамасы «Ляо шиде» – «Ляо династиясынын тарыхы» 984-985-жылдары батышка жөнөтүлгөн кидандардын колу цзуцбу деген көчмөндөрдүн тобун талкалайт, бул согушта алардын «далай-хан» деген титулду алып жүргөн кол башчысы курман болот»[3] – деп айтылат.

---

[1] *Рашид-ад-Дин.* Сборник летописей.-Т.I.-Кн.1.-С.135

[2] *Бартольд В.В.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.108

[3] *Wittfogel K.A., Fêng Hsia-shèng.* History of Chinese Sosiety Liao.-Philadelphia, 1949.-P.581

Фэн Шэн-шун *цзуцбу* терминин – ортоазиялык элдердин жалпы аталышы деп санайт. Чыгыш цзуцбулар, анын ою боюнча – жалаир менен татарлар, батыштагы цзуцбулар – наймандар, түндүктөгү цзуцбулар – кереиттер[1].

Ван Го-вей «цзуцбу – кидандардын татар деп аталышы, себеби бул аталыш кидандар менен бирге жоголот»[2] – дейт.

Л.Л.Викторова *«цзуцбу* – хундардын урпактары болгон өзүнчө түрк эли»[3] болушу мүмкүн дейт.

Кытайлыктар «токой элдеринен» башка талаа көчмөндөрдү «цзуцбу» дешкен.

X кылымдарда цзибулар менен кидандардын ортосунда карама-каршылык күчөп олтуруп, 1069-жылы көчмөндөр Ляо империясынын аскерлерин талкалайт, бирок көчмөндөрдүн мамлекети улам начарлай берип, 1092-жылы керейит, наймандардын ханы Маргуз II колго түшүрүлүп, өлтүрүлөт да, наймандар Ляо империясынын курамына киргизилет. 1125-жылы Улуу Ляо империясы талкалангандан кийин наймандар өз алдынча мамлекет куруугa жетишип, анын башында Инанчы-билге-Буку-хан турган.

Академик С.Л.Тихвинский бул жөнүндө мындай деп жазат: «Ар кандай татар-монгол урууларынын – монголдордун, керейиттердин, ойроттордун, наймандардын, татарлардын жана башкалардын XII кылымдын аралыгындагы күч-кубаттуулугунун өсүшү, алардын ичинен эң ирилери болгон наймандар менен керейиттерде алгачкы феодалдык мамлекеттик түзүлүшкө алып келген»[4] – деп белгилеген. XII кылымдын орто ченинде наймандар керейит мамлекетинин батыш жагында, батыш Монголиянын жана Казахстандын түз мейкиндиктерин ээлеген.

Наймандардын мамлекетинин ээликтери жана алардын жайгашкандыгы жөнүндө Н.А.Аристов «наймандар алгач Ка-

---

[1] Ушул эле жерде.-Р.102

[2] Ушул эле жерде.-Р.50

[3] *Викторова Л.Л.* Ранний этап этногенеза монголов.-Л.,1961.-С.12.Автореферат кадидатской диссертации

[4] *Тихвинский С.Л.* Татаро-монгольские завоевания в Азии и Европе//Татаро-монголы в Азии и Европе.-М.,1977.-С.3

тун дарыясынын куймасы Найма суусунун боюнда жашашып, ... кийин түз эле түштүккө өтүшүп, батыш Монголияда туруп калышат, ...алар Монголияда Орхондон Кара Иртышка чейин жашашкан»[1] – дейт.

Перс тарыхчысы Рашид-ад-Дин өзүнүн «Жылнаамалар жыйнагы» деген эмгегинде найман уруусу мекендеген жерлер жөнүндө мындай деп жазат: «Бул найман уруулары көчмөн болушкан, айрымдары өтө тоолуу аймактарда, ал эми кээ бирлери түздүк жерлерди мекендешет. Алар отурукташкан жерлер Чоң (Екэ) Алтай, Угедей хан тургузган керемет сарай турган Каракорум түздүгү, Элуй-Сирас, жана Көк- Ирдыш тоолору»[2].

Папа Иннокентий IV 1245-жылы Улуу монгол ханына жиберген элчиси Плано Карпини наймандар «Хангай менен Алтаин-нуру тоо кыркаларынын ортосундагы кең мейкиндикте, Кара-Иртыш дарыясынын өрөөнүндө жана Зайсан-Нор көлүнүн тегерегинде көчүп-конуп жүрүшөт»[3] – деп жазат.

Г.Е.Грумм-Гржимайло «Наймандар өздөрүнүн конуштары менен Хангай тоолорун, Алтаин-нуру кырка тоосунун эки бетин, Кара-Иртыш өрөөнүн жана Зайсан-Нор көлүн ээлешип, чыгышта – кереиттер, түндүктө кыргыздар, батышта – канглдар жана түштүктө – Уйгурстан менен чектешет»[4] – дейт.

Наймандар жөнүндө француз окумуштуусу К.д'Оссон «Көп сандаган наймандар жогорку Иртыш дарыясы агып өткөн аймактарда жана Чоң Алтай тоолору кесип өткөн жерлерди мекендешкен, батыштан аларды түрк-уйгурлардан чөл, түндүктөн түрк-кыргыздардын жана кем-кемчжуттардын мекенинен Кичи Алтай жана чыгыштан Онондун башатынан жана Керуленге чейин созулган керейиттердин мекенинен Каракорум тоолору бөлүп турган»[5] – деп жазган.

---

[1] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен...-С.361 ; он же. Труды по истории и этническому составу тюркских племен...-С.182

[2] *Рашид-ад-Дин.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.I.-Кн. 1. -С.136-137

[3] Путешествия в восточные страны Плано Карпини и Рубрука. -М., 1957.-С.25,196

[4] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-С.411

[5] *д'Оссон К.* От Чынгызхана до Тамерлана.-Алматы, 1996.-С.32-33

Монгол изилдөөчүсү Ш.Садаг акыркы илимий изилдөөлөрдүн негизинде «Наймандардын ээликтери чыгыштан батышка карай – Селенга менен Орхондун жогорку агымынан Тарбагатайга чейин; түндүктөн түштүк-чыгышка карай – Танну-Оладан Алтайдын чыгыш тоо тармактарына чейин созулган»[1] – деген жыйынтыкка келген.




*Карта 1.* Жети-Суулук Наймандардын мамлекети (1211–1218-жж.)

XII кылымдын аягы – XIII кылымдын башталышында найман мамлекети начарлай баштайт. Эниат-каандын эки уулу, Таян хан менен Буйрук хандын бири-биринин ортосундагы талаш тартыш, ич ара келишпестик найман мамлекетинин өсүп-өнүгүшүнө тескери таасир тийгизип, найман мамлекетинин эки хандыкка бөлүнүшүнө алып келет. Рашид-ад-дин «Таян хан менен Буйрук хан бир тууган эле, ал эми экөөнүн ортосундагы ынтымак, биримдиктин жок болгондугунан Алла-таала алардын тагдырын өзгөрттү»[2] – деп жазат.

Тарыхий булактарда белгиленгендей, найман хандарынын ортосундагы биримдиктин жоктугу, монгол аскерлеринин аларды бир-бирден талкалоосуна шарт түзүп берген. 1204-жылы

[1] *Садаг Ш.* Образование единого монгольского государства и Чингисхан//Татаро-монголы в Азии и Европе.-М.,1977.-С.24

[2] *Рашид-ад-Дин.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.I.-Кн.1.-С.136

Чыңгызхан Таян ханды талкалагандан кийин анын уулу Кучлук хан наймандардын бир бөлүгү менен Иртыш дарыясынын боюна чегинген меркиттерге кетет. 1208-жылы Субудай баатыр Иртыштын боюнда найман жана меркит аскерлерин талкалайт. Бул согушта меркиттердин кол башчысы Токта-Беки курман болуп, анын балдары кыпчактарга качып кетишет. Ал эми Кучлук хан калган наймандар менен Жети-Сууга жер которот[1].

Кара кытайлардын гурханы Чжулху Кучлук ханды жылуу-жумшак тосуп алат, себеби ага хорезмшах Махмуд менен согушууга Кучлук хандын аскерлери керек эле. Бир аз убакыттан кийин Кучлук хорезмшах Мухаммед менен бирге союз түзүп ага каршы жүрүшкө чыккан. М.Дулати мындай жазат: «Кучлук чагылгандай Гурхандын аскерине тийип, аны өзүнө каратып, анын ээликтерин басып алып, кыздарынын бирин аялдыкка сурады»[2].

Кучлук Кара-кытай мамлекетин ээлеп алуу менен аны 1211–1218-жылдары башкарган. 1218-жылы жылы Чыңгыз хан Кытайга боло турган жортуулунан баш тартып, таланттуу кол башчысы Жэбэ нойонду ага каршы аттандырат. Жэбэ аскери менен Кучлуктун колун кууп, Сары-Колго (Памир) чейин жетип, ошол жерде талкалайт[3].

Наймандардын келип чыгышы тууралуу маселе көп жылдардан бери талаш-тартыштарды жаратып келүүдө. Бул маселе боюнча эки көз караш өкүм сүрүүдө.

Н.Я.Бичурин, И.Н.Березин, В.П.Васильев, В.В.Бартольд, Б.Я.Владимирцов, Б.Д.Греков, А.Ю.Якубовский, И.П.Петрушевский жана Н.П.Шастина сыяктуу окмуштуулар наймандарды батыш монголдор деп эсептешет[4]. Наймандарды монгол тек-

---

[1] *Гумилев Л.* Поиски вымышленного царства.-М.,2002.-С.183,187

[2] *Мирза Мухаммад Хайдар.* Та'рих-и Рашиди.-Ташкент,1996.-С.363-364

[3] *Ата-Мелик Джувейни.* Чингисхан. История Завоевателя Мира.-М., 2004.-С.43-44,554

[4] Кара: *Бичурин Н.Я.* Записки о Монголии.-Т.I-II.-СПб.,1828; Березин И.Н. Очерки внутреннего устройства улуса джучуева...; Васильев В.П. История и древности восточной части Средней Азии от X до XIII века.-СПб.,1857; Бартольд В.В. Сочинения.-Т.V.-М., 1968; Владимирцев Б.Я. Общественный строй монголов. Мон-

түү деп жактаган окумуштуулар өздөрүнүн теориясын найман уруусунун монголчо «найман» – сегиз, башкача айтканда «сегиз уруунун союзу» деген аталышка негиздешет.

Бирок XIX кылымдан баштап наймандардын түрк тектүү экендиги жөнүндө ойлор айтылган. Акыркы жылдары наймандар түрк этносуна тийиштүү экендигин көптөгөн аргументтер менен толукталып жатат. Н.А.Аристов, Г.Е.Грумм-Гржмайло, Л.Лигети, С.Мураяма, Х.Ховорс, П.Поуха, Л.Л.Викторова, М.С.Муканов, С.А.Аманжолов сыяктуу окумуштуулар наймандардын байыркы кытай булактары жана орхон-енесай жазууларында сакталып калган энчилүү аттарын жана титулдарын (даражаларын) анализдеп көрүшүп, наймандарды түрк тектүү эл деген жыйынтыкка келишкен[1].

Наймандарды белгилүү немис окумуштуусу П.Рачневский моңголдорго эмес түрктөргө кошот, алардын «найман» деген аты моңголчо түрктөрдүн «сегиз өгүзүн» түшүндүрүш керек дейт[2].

Кытай тарыхчысы, моңгол тарыхы жана Юань династиясы боюнча адис Хань Жу-линь наймандарды кыргыз урууларынын бири деп эсептейт. Чынында эле наймандардын «Манаста» дайыма кыргыздар менен чогуу жүргөнүн, Манастын бешик тоюна чакырылган элдин арасынан көрөбүз. «Юань династиясынын тарыхынын» авторлору наймандар X кылымдын биринчи

---

гольский кочевой феодализм.-Л.,1934; Греков Б.Д., Якубовский А.Ю. Золотая Орда и ее падение.-М.,1952; Петрушевский И.П. Рашид-ад-Дин и его исторический труд. Вводная статья в кн.: Рашид-ад-Дин Сборник летописей.-Т.I.-М.-Л.,1952; Шастина Н.П. Путешествия на восток П.Карпини и Г.Рубрука. Вступительная статья в кн.: Путешествия в восточные страны Плано Карпини и Рубрука.-М.,1957

[1] Кара: *Аристов Н.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-СПб.,1896; Грумм-Гржимайло Г.Е. Көрсөтүлгөн эмгек.-Л.1926; Лигети Л. Рецензия на книгу Санжиева Г.Д. Сравнительная грамматика монгольских языков.-М.,1953//ВЯ,1955,№5; Murayama S. Sind die Naiman Türken oder Mongolen?//CAJ.-The Hague-Wiesbaden,1959; Howorth H.H. History of the Mongols from the 9 th to the 19 th centure, pt. III. -London, 1888; Poucha P. Die Geheime Geshichte der Mongolen als Geshichtsquelle und Literaturdenkmal//AOS.-IV.-Praha,1956; Викторова Л.Л. Монголы.-М.,1980; Муканов М.С. Этнический состав и расселение казахов Среднего Жуза.-Алма-Ата,1974; Аманжолов С.А. Вопросы диалектологии и истории казахского языка.-Алма-Ата,1959

[2] *Кыргыздар:* Он төрт томдук.-Т.II.-Б.,2011.-510-б

жарымындагы «Тан династиясы кыйрагандан кийин түштүккө ооп кеткен кыргыздардын бир бөлүгү болуш керек» – деп жазат[1].

## Найман этниминин этимологиясы

Кидан, татар (шивей), хи (татаби) ж. б. уруулардан айрымалаган, уруу атын белгилеген «найман» этноними алгач, Х кылымдын ортосунда кытай жыл баяндамасы «Ляо-шиде» пайда болот.

Кыргыздар кеткенден кийин Монголия менен Тарбагатайда калган түрк «сегиз огуз» урууларын монгол тилдүү кидандар «найман» же болбосо «сегиз огуз» деп аташкан.

Профессор И.Н.Березин наймандар жөнүндө минтип жазат: «... найман аталышы бул монгол сан атоочу «найман» – сегиз, албетте сегиз уруунун союзун билдирет»[2]. И.Н.Березиндин айтканын ырастап, академик В.В.Бартольд «найман сөзү монголчо «сегиз» дегенди билдирип, бул элдин сегиз урууга бөлүнөрүн көрсөтөт»[3] – деп жазат.

Монгол таануучу Л.Л.Викторова «найман» сөзүнүн келип чыгышын мындайча түшүндүрөт: «...монгол тилдүү кидандардын тилинен түркчөгө которгондо «секиз окуз» (сегиз огуз) деп которулат»[4] – дейт.

Профессор Г.И.Рамстедт тарабынан 1909-жылы Селенга дарыясынын боюнан табылган уйгур ханы Моюн-Чурга арналган эстеликте 𐰾𐰚𐰔:𐰆𐰸𐰔 – «сäкiз оқуз» уруусу тогуз татарлар менен катар айтылат[5]. Г.И.Рамстедт аталган эстеликте эскерилген Тай-

---

[1] Ушул эле жерде

[2] *Березин И.Н.* Очерки внутреннего устройства улуса джучуева//ТВОИАО.-Ч.V.-СПб.,1858.-С.267

[3] *Бартольд В.В.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.104

[4] *Викторова Л.Л.* К вопросу о найманской теории происхождения монгольского литературного языка и письменности XII–XIII вв.//Ученые записки ЛГУ.-№305.-Серия востоковедческих наук.-Вып.12.-Л.,1961.-С.149

[5] *Малов С.Е.* Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии.-М-Л.,1959.-С.30,31,35,39

Билге-Тутукту Моюн-Чурдун улуу баласы деп, аны «сегиз огуздар» менен «тогуз татарлардын» ябгусу болгон дейт[1].

«Азаркы күнгө чейин «сӓкиз» сөзүнүн алгачкы мааниси тактала элек. Анын негизинде *сӓк* жана *–из* деген көптүк сандын аффикси жатат. I миң жылдыктын аягында «сӓкиз» аты «сегиз уруу» бирикмеси сыяктуу «сегиз» деген түшүнүктү берген. Наймандарды сегиз-огуздардын «сегиз уруу» тобу менен окшоштуруу, аталыштардын дал келүүсүнө негизделген. Бул көз карашты кубаттап, тогуз огуздардын эки чоң тобунун бири болгон «сегиз огуздарды» найман катары кабыл алабыз»[2] – дейт кыргыз тарыхчысы К.И.Петров.

Ал эми Н.А.Аристов «наймандардын аты Катун дарыясынын кумасы Найма суусунун атынан келип чыгышы мүмкүн, себеби алгач алар ошол жерде жашашкан»[3] – дейт.

Япон окмуштуусу С.Мураяма «найман» этнониминин негизинде монголдун «найман» – «сегиз» деген сөзү эмес, анын негизинде inan (ынан) «ишенүү», «ишеним» деген түрк сөзү жаткандыгын айтат[4].

## Найман этнониминин параллелдери

Найман этноними алтай, башкыр, казак, ногой, өзбек, түркмөн элдеринин курамында кеңири таралган.

Алтайлыктарда майман (найман) сөөгү «алтай кижи» жана телеуттардын курамына кирген сөөк[5]. Алтайлыктардын курамындагы *«майман»* этноними *«найман»* этноними экендиги азыркы убакта окумуштуулар менен толук далилденген. Алар *кара майман, кёгёл найман, ябыр найман* деген уруктардан ту-

[1] *Бернштам А.Н.* Социально-экономический строй орхоно-енисейских тюрок VI–VIII веков. -М.-Л.,1946.-С.51

[2] *Петров К.И.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.72

[3] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен...-С. 361 ; он же. Труды по истории и этническому составу тюркских племен…-С.182

[4] *Murayama S.* Sind die Naiman Türken oder Mongolen?//CAJ.-The Hague-Wiesbaden,1959.-Vol.4.-№ 3.-P.191

[5] *Радлов В.В.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.96

рат. Наймандардын жалпы тамгасы –  «кочкор мүйүз». Алтайлык уламыштар боюнча найман (майман) сөөгү өздөрүнүн ата-бабалары катары итти эсептешет[1] .

Казактардын Орто Жүзүнүн курамында найман уруусу бар. Найман уруусу *ак найман, бура найман, болатшы найман, кара керей найман, терс тамгалуу найман, төрт аул найман, көк жарлы найман, ергенекти найман, семиз найман, баганалы найман, садыр найман* деген 11 уруктан турат[2]. Урааны «Каптагай», жалпы тамгасы – V.

Ногой элинин курамында найман уруусу *ак мечит найман, арс найман, ашамайлы найман, багана найман, бакай найман, бакай уулы найман, биюк найман, каза найман, калемберди найман, кара найман, карналык найман, келеаул найман, кучук найман, кылыш найман, мойнапа найман, онгар найман, тараклы найман, тогыншы найман, шокиш найман, челек найман, шорша найман, эргенек найман* деген уруктар менен белгилүү[3].

Кыргыз элинин курамындагы наймандар жөнүндө М.Тынышпаев «Алайда калган наймандар кыргыз элинин катарына кошулду жана ушу күнгө чейин ал жерде жашашат»[4],– деп жазат. Ушундай эле ойду В.В. Востров менен М.С.Мукановдор: «Наймандардын бир бөлүгү Кушлук менен Памирге кетип, Памирдин кыргыз калкын түзөт»[5] – деп айтышат.

Кыргыз тарыхчысы Б.М.Жумабаев «Кыргыз элинин курамына кирген наймандардын бөлүгү дал ушул жерден Чыгыш Түркстан, Памирден тарагандыгы чындыкка жакын»[6] – дейт.

Н.Ф.Ситняковский[7] 1900-жылы найман уруусунун курамына: *босторгой, базар-балдар, чандаке, утай, кул найман, кожо найман, бөө найман, мырза найман, киик найман, жоонпут*

[1] *Ямаева Е.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек. -С.17-18
[2] Кара: *Казак шежiресi.*-Алматы,1994
[3] *Керейтов Р.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.48
[4] *Тынышпаев М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.15
[5] *Востров В.В., Муканов М.С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.65
[6] *Жумабаев Б.* Көрсөтүлгөн эмгек.-41-б
[7] *Ситняковский Н.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-Вып.II.-С.57-58

*найман, куран найман, камаркул найман, жээрде найман* деген уруктарды киргизип, найман уруусун ичкиликтердин «сол канатына» кошот.

Я.Р.Винников[1] өзүнүн изилдөөлөрүнөн кийин найман уруусунун курамына кирген төмөндөгүдөй уруктарды атайт: *«чапкылдык, ширгоо, нарай найман, үркүнчү, кара найман, туума тукум, босторгой, көкө найман, ходжо найман, бөө найман, көн найман.* Ал эми босторгой уругуна *базар болду, чандыке, отой найман, беш найман* деген урук бөлүкчөлөрүн киргизет.

Ушундай эле найман уруусунун курамын С.Аттокуров[2] да берет, бирок бул курамга ал *мырза найман* жана *кийик найман* деген уруктарды кошумчалайт.

Профессор Ш.Жапаров Лейлек районунда жашаган наймандардын *дөөлө* жана *беш бала* деген эки уругун атап, дөөлө: *адил, айдар, айбаш,* беш бала: *кулек, ак бото, чолеке* деген топторго ажырарын белгилейт[3].

Санжырачы Т.Умар уулу найман уруусунун курамын төмөндөгүдөй берет: *байболот, бобуй, боз, бозторгой, боткочу, бөө, жанбол, кандыке, кара найман, кожо, көкө, кудайменде, сарыбай, тентек, туума, үркүнчү*[4]. Ал эми С.Р.Саттаров[5] найман уруусунун курамын мындайча берет: *бабуй, байбол, беш бала, боз, бозторгой, боткочу, бөө, дооло, жанбол, кандыке, кара, көжө, көкө, кудайменде, сарыбай, тентек, туума, үркүнчү.*

Жогоруда келтирилген найман уруусунун курамы негизинен Кыргызстандын Түштүгүндө жашаган найман уруктарына тиешелүү.

Эми биз Памирлик (Ооганстан жана КЭР) кыргыздандын ичиндеги найман уруусунун курамын карап көрөлүк.

XIX кылымдын аягында Памирге келген англис саякатчысы

---

[1] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.164

[2] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-189-б.

[3] *Жапаров Ш.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Алга.-№121,18.10.1967, 4-б; Алга.-03.04. 1993, 2-б

[4] *Турдубай Умар уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-23-б

[5] *Саттаров С.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-308-б

Лорд Дунмор[1] ал жерде жашаган найман уруусунун төрт уругун атайт: *кон* (көн), *бустургас* (бос торгой), *мирза* (мырза), *кияк* (кийик).

Америкалык этнограф М.Н.Шахрани[2] Афган Памириндеги кыргыздардын найман уруусун *жээрде найман, көн найман, жору найман, мырза найман, бөө найман, гуран найман, бос торгой найман, жоон бут найман, көк эчки найман жана кийик найман* деген уруктарга бөлөт.

Француз окумуштуусу Р.Дор[3] Афган Памириндеги кыргыздардын найман уруусунун *мурза, жору, көн, жоон пут, көк эчки, куран* деген уруктарын санайт.

Генерал Л.Г.Корнилов Кытайдагы (Чыгыш Түркистан) кыргыздардын найман уруусу *ой-тагчы, найман сугурлук, гезчи, куприк-артчи, тугайчи, куран найман, кийик найман, жерде найман, жоон пут найман, мырза найман*[4] уруктарынан турарын көрсөтөт.

Профессор А.А.Асанканов[5] Чыгыш Түркстанда жашаган найман уруусунун *абыра, андакул, беш ата найман, борбаш, дандуулат, жоон бут найман, жээрде найман, кайымкан, карачоро, кийик найман, оболбек, сайвак, саргалдак, сарыбел саргалдак, согур, шерене, шыйык* деген уруктарын белгилейт.

Кыргыз тарыхчысы Б.М.Жумабаев[6] жогоруда келтирилген Афган жана Кытай Памириндеги найман уруусуна *көкчө найман, көкө найман, көк кутан найман, гүрдү найман, гожо найман, боз кыйышкак найман, чандеки найман* деген уруктарды кошумчалайт.

Биздин изилдөөлөрдүн негизинде Я.Р.Винниковдун схемасындагы нарай-найман уругу бул төөлөс уруусунун курамындагы нарай уругу болуп чыкты. Жогоруда аталган беш ата найман

---

[1] *Lord Dunmore.* Көрсөтүлгөн эмгек.-P.113-122

[2] *Shahrani M.* Nazif Mohib. Көрсөтүлгөн эмгек.-P.152

[3] Кара: *Dor R.* Contribution á lätude des Kirghih du Pamir Afgan.-Paris,1975

[4] *Корнилов Л.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек. -С.235-236

[5] *Асанканов А.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.140

[6] *Жумабаев Б.* Көрсөтүлгөн эмгек.-42-б

же *беш найман, отой найман, туума тукум, чандеки*[1] бул босторгой уругунун урук бөлүкчөлөрү болуп саналат. Кара найман уругу *сарыбай, тентек, боткочу* уруктарынан турат. *Ак барак, жан барак, байбол, жанбол* урук бөлүкчөлөрү көн найман уруугуна киришет. Бөө найман уругу *жылды бөө, котур бөө, кызыл өң бөө, шоранда бөө* деген бөлүкчөлөрүн өзүнө камтыйт. Негизинен Кыргызстандын Түштүгүндө жашаган найман урuусу *бозторгой, бөө найман, кара найман, кожо найман, көкө найман, көн найман, сары найман, үркүнчү* деген 8 (сегиз) уруктан туруп, ага кошумча Кытай, Памирде жашаган боз кыйышкак найман, жоон бут найман, жору найман, жээрде найман, кийик найман, көкчө найман, көк кутан найман, көк эчки найман, гүрдү найман, куран найман уруктары кирет. Найман уруусу кошумча изилдөөлөрдү жана тактоолорду талап кылат.

## Найман уруусунун эн тамгасы

Кыргыздын найман уруусунун эн тамгасы «чөмүч тамга» – V.

Ногойлордун ичиндеги найман уруусунун ичинде негизинен төмөндөгү тамгалар таралган:  – «тарак же хан тамга», T– «шугуш (балка) тамга», Y – баганайлы (бакан) тамга, + – «кирес тамга». Ногойлук наймандар менен казактын курамындагы найман уруусунун тамгалары окшош келет[2].

Казактын Орто Жүзүнүн курамындагы найман уруусу *терс тамгалы, сары жомарт* жана *толегетай* деген үч чоң уруктарга бөлүнүшөт. Терс тамгалылардын тамгасы  жана , сары жомарт уругунун урпактары ♓, Н эргенек тамганын атынан эр-

[1] Бул урук Я.Р.Винников жана С.Аттокуровдо *чандыке,* Т.Умар уулу менен С.Саттаровдо *кандыке* деп туура эмес көрсөтүлгөн. Б.Жумабаев бул урукту чандеки деп туура жазган

[2] *Керейтов Р.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.48-49

генекты найман деп аталып калышкан. Эргенекты найман уругунун дагы бир тамгасы –  ай. Кээ бир найман уруктарынын аталыштары тамганын маанисинен келип чыккан. Баганалы уругунун тамгасы «бакан» –  ,  ,  (Н.И.Гродеков боюнча),  ,  (М.Тынышпаев боюнча),  ,  ,  (С.А.Аманжолов боюнча). Балталы уругунуку «балта тамга» –  жана . Башка найман уруктары кара керей – , матай – , садыр –  тамгаларга ээ болушкан, бирок казактын Орто Жүзүндөгү найман уруусунун жалпы тамгасы –  болгон[1].

[1] *Востров В.В., Муканов М.С.* Көрсөтүлгөн эмгек. –С.65-66

*Схема 8.* Найман уруусунун генеалогиялык схемасы



# НОЙГУТ

*«Нойгут кыргыз элинин*
*түпкүлүктүү урууларынын бири».*

Үсөйүн ажы

Нойгут кыргыздын ичкилик тобуна кирген уруулардын бири.

Нойгут уруусунун келип чыгыш тарыхы байыркы хунн дооруна барып такалат. Хунндарды сяньбилер б. з. 155-жылы талкалагандан кийин алар төрт бутакка бөлүнүшөт. «Бири сяньбилерге багынышты, экинчилери Кытайга кетишти, үчүнчүлөрү – «багынбастар» – сяньбилер менен согушуп отуруп, Жайык менен Волга дарыяларынын бойлоруна чегиништи, төртүнчүсү – «кубаты аздар» – Тарбагатай жана Саур тоолорун таянышып, кийинчерээк Жети-Суу менен Жунгарияны басып алышып, Юебань мамлекетин түзүшөт. Бул акыркылар башка хунндардан айырмаланып көпкө жашашат. Алардын бир бөлүгү Алтайдагы кыпчактар менен аралашып куман (половец) элин пайда кылышат, бир бөлүгү Кытайга кайтып келишип, Х кылымга чейин жашашкан майда хандыктарды негиздешти. Булар «түрк-шато» деп аталышкан, алардын урпактары – «онгуттар», XIII кылымда монголдор менен аралашты[1]. Онгуттардын бир бөлүгү азыркы убакта кыргыздын ичкилик тобуна кирген нойгут уруусу болуп саналат.

[1] *Гумилев Н.Л.* Тысячелетие вокруг Каспия.-СПб.,2002.-С.93

Н.А.Аристов *онгут* уруусун түрк тилдүү эл деп санайт. Ал мындай деп жазат: «Чыгышта туңгуз урууларына тиешелүү болгон жана түштүк Манжурстанда жашаган кидандарга жакын, Шара-мурендин тегерегинде татабилер көчүп-конуп жүрүшкөн, алар кытайларда *кумохи* же *хи* деген ат менен белгилүү болушкан. Орхон жазууларында кидандар менен татабилер дайым чогу эскерилгендей эле, кытай булактарында кидандар менен хилер да бирге эскерилет. Кээ бир булактар боюнча бул хилер, түкүлөр менен бир урууга таандык болушкан башкача айтканда түрк болушкан. Чыгызхандын убагында ушул эле хилер ак тата, ал эми кытайларда онгут деген ат менен пайда болушат. Моңголдордо ошол эле жерде азыркы убакта моңголдошкон ониют (онгут – Н.Т.) аймагы бар»[1]. Демек Н.А.Аристов боюнча онгут уруусу түрк элдерине кирип, этнонимдин аталышы кытайча *кумохи* же *хи* кийинчерээк *онгут,* түркчө *татаби* же *ак тата* деген аталыштар менен орхон жазууларында жана кытай булактарында белгилүү болушкан.

Рашид-ад-Дин онгут уруусун кераит, кыпчак, найман уруулары менен катар «ар биринин өз алдынча ханы жана уруу башчысы болгон түрк муундарына» кошот[2].

Хива ханы Абул-Газы онгутту *унгут* деп атап, онгут уруусу жөнүндө мындай маалыматтарды берет: «Кытайлыктар өздөрүнүн мамлекетинин чек арасын бойлотуп сепил курушту, анын эки бүткөн аягын деңизге чейин алып келишти....Мындай сепилди арабдар *сядд,* түрк элдери *бур-курга,* кытайлыктар унгу дешет...Бул кытай сепилинде дарбазалар бар; дарбазаларды кайтарыш үчүн кытайлыктар бир нече түрк уруулары менен сүйлөшүп, келишим түзүшүп, ага кароол коюшат... Бул кайтаруучу кароолдор *унгут* деп аталышат. Кытайлыктар сепил дубалды *унгу,* ал эми аны кайтаргандарды *унгут* деп аташты...Чыңгызхандын убагында алар 4 000 үй-бүлө болушкан. Алардын князы

[1] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен...-С.294-295; он же. Труды по истории и этническому составу тюркских племен…-С.116

[2] *Рашид-ад-Дин.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.I.-Кн.1.-С.140-141

Алакуш-тегин эле. Чыңгызхан Кытайга жортуул жасар алдында, Алакуш-тегинге чабарман жөнөтүп, андан ага баш ийүүсүн талап кылат. Ал Чыңгызханга баш ийип, аны тосуп алып, дарбазаны ачып, Чыңгызхан менен кошо Кытайга жортуулга барат»[1].

Демек, Абул-Газы боюнча онгут уруусу Улуу кытай сепилин кайтарган түрк урууларынын бири, уруу аталышын ошол сепилди кайтарган кароолчу кесибине байланыштуу «унгут» – «сепилчи» же «дубалчы» деген сөздөн алат.

«Манас» эпосунда нойгуттар жөнүндө төмөндөгүлөр айтылат:

Айлы бирге, акыр деп,
Анда бар кыйла акыл кеп,
Айтууга кепке макул деп,
Акбалта бийди чакыр деп,
Уругу кыргыз нойгуттан,
Нуска билген жакшы жан[2] ...

Бул саптарда нойгуттар кыргыз уруусу деп даана айтылса, төмөндөгү саптарда нойгут кыргыз ажыратылып айтылган:

Кыргыздардан Байжигит,
Кыпчактардан Тазчечен,
Нойгуттардан Акбалта,
Ногойлордон Эр Эштек[3]...

Эпостун дагы бир саптарында нойгуттар биримдеш, максатташ эл катары берилген:

Антип-минтип чогулуп,
Жети жүз сексен кол болду

---

[1] *Абуль-Гази.* Родословное древо тюрков.-Казань,1906.-С.42-43
[2] Манас.-I-китеп.-Фрунзе,1978.-41-б
[3] Ушул жерде,441-б

Ошо колдун ичинде
Ортоктош болгон нойгут бар,
Кызыр чалган Жакыптын
Кызматын көргөн кыргыз бар[1]...

Нойгуттар тууралуу «Манаста» кездешкен маалыматтарда кыргыз уруусу же кыргызга жамаатташ уруу катары көрсөтүлөт. Кыргыз этносунун курамына нойгуттар же ойгуттар (онгут) XII–XIV кылымдарда кошула баштаган деген божомол бар.

Я.Р.Винников[2] өзүнүн изилдөөлөрүнөн кийин нойгут уруусунун курамына кирген төмөндөгүдөй уруктарды белгилейт: *мауканай* (муӊканай – Н.Т.), *чинатар, тага* (шага – Н.Т.), *кара моюн, таздар, мамаш тукум* (манас тукум – Н.Т.), *акназар, чардалай, сакы.* Ал эми таз уругуна *газды, кара саадак, чалтак, чаилчи, жавай, чардалайга мамабек, сакыга хожояр, досой, бай бол, кул бол, ботояр, атаяр* деген урук бөлүкчөлөрүн киргизет. С.Аттокуров[3] жогоруда аталган нойгут уруусунун курамын эч өзгөрүүсүз берип, бул урууну ичкилик тобуна кошпойт.

Санжырачы Турдубай Умар[4] уулу нойгут уруусунун курамына лагман, чери, бөжө деген уруктарды киргизет. Ал эми С.Р.Саттаров[5] нойгут уруусунун курамын жогорудагыдай эле берип, ага суу башы, найман деген уруктарды кошот.

Биздин изилдөөлөрдөн кийин нойгут уруусунун курамы төмөндөгү схемада көрсөтүлдү.

---

[1] Ушул жерде,145-б.
[2] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.167
[3] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-173-б
[4] *Турдубай Умар уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-23-б
[5] *Саттаров С.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-313-б

*Схема 9.* Нойгут уруусунун генеалогиялык схемасы



# ОРГУ

Я.Р.Винников[1] өзүнүн изилдөөлөрүнөн кийин оргу уруусунун курамына кирген төмөндөгүдөй уруктарды атайт: *сары, чеборе, бай боре, манак, чаши, чабаче, челекче, ит кулы, көк чанак.*

У.Гулматов[2] «Тактек баяны» аттуу китебинде оргу уруусунун божомолдуу бөлүнүшүн берет. Оргу баатырдан Кереге баатыр, андан Канчайиш. Канчайиш *жамгыр, мырза найман* (соголо), *чапан, гөөзан* деген төрт урукка бөлүнөт. Жамгыр: *сары (каратай, шамурза, бай бөрү, чөө бөрү), көгөй, бөйрөк,* мырзанайман: *манак, сары, чөжө, алдаш, жөнөкөй манак* деген майда урук бөлүкчөлөрүнөн турат.

Кызыл-Кыя шаарына караштуу Караван айылынын тургуну К.Пакыров Оргу уруусуна Иткулу, Чапан, Бөлтүрүк уруктарын кошот. Ошондой эле Иткулуну: *жээнбек казыначы, тилемчи бай, сапар мерген,* чапанды: *мырза чапан, бок жубар чапан, беш буудай чапан,* бөлтүрүктү: *саманчы, айбаш, чайбаш* деген уруктарга бөлөт.

Оргу~оргун~оркун – орк + ун, индоевропей тилинде orka, οὐργοі, vrkan деген сөздөр «бөрү» деген маанини беришет[3]. Буга кошумча далил катары оргу уруусунун курамындагы Бай бөрү, Чөө бөрү, Ит кулу, Бөлтүрүк аттуу урук аталыштар мисал боло алат. Кыргыздар мекендеген Оркун дарыясынын аталышы да

---

[1] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.166

[2] *Гулматов У.* Тактек баяны.-Ош,2010.-14-15-б

[3] *Гамкрелидзе Т.В., Иванов В.В.* Индоевропейский язык и индоевропейцы.-Тбилиси,1984.-Ч.2.-С.492-493

«бөрүнү» туюнтат. Демек Оргу уруусу – Бөрү уруусу дегенди билдирет.

## Бөлтүрүк

1953-1955-жылдардагы Кыргыз археолого-этнографиялык экспедициясынын натыйжасында Я.Р.Винников Түштүк Кыргызстандагы Төөлөс уруусунун курамына Бөлтүрүк уругун кошот[1]. Изилдөөлөрдүн натыйжасында кээ бир санжырачылар Бөлтүрүк уругун Төөлөс уруусуна кошсо, башкалары аны Оргу уруусуна кошушат. Кызыл-Кыя шаарына караштуу Караван айылынын тургуну К.Пакыров Бөлтүрүк уругун Оргу уруусуна кошот. Аталган айылда Ит кулу, Чапан, Бөлтүрүк уруктарынын өкүлдөрү турушат. Бул үч урукту бир тууган дешет, бирок санжырачылар алардын жалпы атасын таба алышкан жок. Винниковдун түзгөн схемасында Ит кулу жана Чапан уруктары Оргу уруусунун курамында көрсөтүлгөн[2]. Ал эми Бөлтүрүк уругу бул схемада чагылдырылбай, жогоруда айтылгандай, Төөлөс уруусунун схемасында Айтамганын курамында көрсөтүлгөн. Жалпысынан алганда Бөлтүрүк уругунун өкүлдөрү өздөрүн кайсыл урууга таандык экендигин так билишпеди.

«Бөлтүрүк» деп кыргыздар карышкырдын баласын айтат. Бөрү, карышкыр, гурт//курт, мөжөк//мачак, чоно//чино синонимдеш сөздөр. Борбордук Азияны мекендеген байыркы уруулар (хуннулар, түрк-монгол тилдүү уруулар) өздөрүнүн башатын бөрүдөн деп түшүнүү менен, ага касиеттүү күч катары сыйынышкандыктары маалым.

Кыргыз тарыхчысы Байас Турал «түрк» этнониминин этимологиясын изилдеп жатып төмөндөгүдөй кызык ойду айтат: «түрк» кыргыз тилинде «бөрүнү» билдирет, ал Кыргыздын «бөлтүрүк» деген сөзүндө сакталган. Башкача айтканда, «бөлтүрүк» – «бала түрк» же «бала бөрү», «бөрүнүн баласы» деген сөз[3].

---

[1] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.136-181.-Рис.19.

[2] Ушул эле жерде

[3] *Байас Турал.* Огуздар.-Б.,2008.-197-б

*Схема 10*. Оргу уруусунун генеалогиялык схемасы



# ТЕЙИТ

Тейит ичкилик тобуна кирген байыркы уруулардын бири.

Казак тарыхчысы М.Тынышпаевдин кабары боюнча тейит уруусунун түпкү дүмүрү VI кылымда түрктөр менен Орто Азияга келген. Чумугундар (Чумакей) менен тыгыз байланышат. Алар батыш түрк каганатынын ядросун түзгөн имиш. Кытайлардын, карлуктардын соккусу астында алар чачырап, бир бөлүгү Кашгарга, бир бөлүгү батышка кетишкен. Дал ошолордун насилдери Доит-Тейиттер, Кара-Кесектер болушу божомолдонот. Бул кабарда Тейит байыркы түрктөрдүн бир уруусу катары, ал гана түгүл кара тейиттердин казактардагы бир уругунун байыркы урааны «Доут-Тейит» экендиги баяндалат[1].

Тейит этноними алгач XVI кылымдагы С.Аксыкентинин «Тарыхтардын жыйнагы» аттуу эмгегинде өз алдынча уруу катары Булгачы (Ичкилик) тобунун курамында эскерилет[2].

Ошондой эле тейит уруусу «Манас» эпосунда тейит жана кара тейит формасында «Чоң казатка» катышкан уруулардын бири катары айтылат[3].

Тейит уруусунун келип чыгышы туралуу суроого биринчилерден болуп Г.Е.Грумм-Гржимайло кайрылып, өзүнүн «Кыргыздар» деген статьясында мындай деп жазат: «...азыркы убакта ичкилик тобуна кирген, өтө көп сандагы тейит уруусу, VIII кылымдарда Түркстанда отурукташып калган, тай – чоң араб

---

[1] *Тынышпаев М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.24

[2] *Сайф ад-дин ибн Шах Аббас Аксикенти.* Көрсөтүлгөн эмгек.-65-б.

[3] Манас. II-китеп.-Фрунзе,1980.165,230-б.

уруусунун калдыгы болушу мүмкүн». Андан ары мындай дейт «...өзүнүн курамына кызыл баш аттуу жаш сөөктү камтыган тейит уруусу, XVI кылымдан эрте эмес түзүлүп болуп, тяньшань кыргыздарынын курамына кириши мүмкүн»[1]. Г.Е.Грумм-Гржимайлонун мындай ою башка изилдөөчүлөр тарабынан колдоого алынбаган.

С.М.Абрамзон «тейит деген уруунун атын (кол жазмаларда «таит» түрүндө да жолугат) тайы (курмандык чалуу) этиши менен байланыштырып кароо керек»[2] дейт, ошондой эле «тейит менен уйгурдун урааны бир» дегендин негизинде, тейит уруусун уйгур менен жакындаштырып, аларды тектеш эл катары белгилейт[3]. Бирок Абрамзон бул суроого кийинки эмгектеринде кайрылган эмес.

Кыргыздардын уруулук курамы туралуу белгилүү болгон маалыматтарда тейит уруусу ар дайым ичкилик тобуна кирген уруулар менен бирге айтылат. Мунун негизинде перс тарыхчысы Рашид-ад-Дин кабардаган маалымат кызыгууну жаратат. Мында найман уруусу менен тикин уруусу тектеш эл катары айтылат. Бул уруунун башчысы Кадыр-Буйрук, анын ээликтери найман, кереит хандарынын ээликтеринен чоң болуп, алардан даңктуу жана урматтуу болгон. Чынгызхан текин уруусун багынткандан кийин онгут уруусуна кошуп, өзүнүн уруусуна алардан кыздарды алып, ал уруудан онгут уруусуна да берип турган. Алардын кыздары сулуу жана сымбаттулугу менен белгилүү болушкан[4]. Рашид-ад-Дин текин уруусун «ар биринин өз алдынча ханы жана уруу башчысы болгон түрк муундарына» кошот. Бул уруунун түрктөрдөн келип чыккандыгын анын «тикин» аталышы көрсөтүп турат, ал жалпыга белгилүү болгон байыркы түрк титулу «тегин» менен дал келишет.

---

[1] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Киргизы//ИГГО.-T.LXVI.-Вып.I.-M.,1934.-С.180-181

[2] *Абрамзон С.М.* К семантике киргизских этнонимов//СЭ.-№3.-1946.-С.131

[3] *Абрамзон С.М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи.-Л.,1971.-С.43;ушул эле китеп.-Фрунзе,1990.-С. 54

[4] *Рашид-ад-Дин.* Көрсөтүлгөн эмгек.-T.I.-Кн.1.-С.139-140

Француз чыгыш таануучусу П.Пельо «тегин» титулун аварлардыкы дейт. Себеби «тегин» титулу алгач эфталиттердин титулу катары пайда болуп, VII кылымдардын аягында Борбордук жана Орто Азиядагы түрк урууларынын ичинде кеңири таралган[1]. П.Пельо «тегин» терминин «тигин» деген сөздөн келип чыккан деп, «тегин» титулунун көптүк саны «тегит» болот деген жыйынтыкка келет[2].

Тарыхчы А.Мокеев П.Пельонун айткандарынын негизинде кыргыздын «тейит» этноними жогоруда аталган «тикин» (тикин>тегин>тегит>тейит) этнониминин көптүк мааниси болушу мүмкүн дейт. Ал өзүнүн бул оюн кыргыз тилиндеги үнсүз *г* жана *к* тамгалары кээде кыска үндүү *й* тамгасына өтөт деген эрежеге негиздейт. Мисалы: таг+ата=тайата, таг+аке=тайаке, ток+от=тойут ж.б. Жогоруда келтирилген бул аргументтер «кыргыздын тейит уруусунун келип чыгышы байыркы түрк уруусу текин менен байланышкан, алар алтай кыргыздарынын курамына XIII кылымдан кеч эмес кирип, ошондон бери Ичкилик тобунун эң ири урууларынын бири болуп саналат» – деген бүтүмгө келет[3].

Тейит уруусун аталышын байыркы даи уруусунун аталышы менен окшоштурсак болот. Алгач даилер «daha» (даха) формасында «Авестада» учурайт[4].

Дахаларды В.Гайгерден баштап көптөгөн изилдөөчүлөр грек булактарындагы даилер менен окшоштуруп, байланыштырышат[5].

Геродоттун мезгилинде даилер көчмөн уруулары болушкан[6]. Байыркы дүйнөнүн авторлору даилерди (даха) Орто Азия

---

[1] *Pelliot P.* L' origine de T'ou-Kue, nom Chinoi des Turcs//TP.-Paris,1915.-P.687-689; Pelliot P. Neuf notes sur des questions d'L'Asie Centrale//TP.-Vol.XXVI.-Paris,1929.-P.250; Kafesoğlu İ. Türk millî kültürü.-Istanbul,2006.-S.86

[2] *Pelliot P.* et Hambis L. Histoire des campagnes de Gengis Khan. Cheng-Wou Ts'in-Tcheng lou.-T.I.-Leiden,1951.-P.176

[3] *Мокеев А.* Кыргызы на Алтае и на Тянь-Шане.-Б.,2010.-С.113-116

[4] *Авеста,* Яшт,XIII,144

[5] *Geiger W.* Ostiranische kultur im Altertum.-Erlangen,1882.-S.200

[6] *Геродот.*-I,125

менен Ирандын ар кайсы жерлерине жайгаштырышат, бирок азыркы тарыхчылар аларды Түркмөнстандын (Мангышлак) территориясына жайгаштырышат[1].

Даилердин Окс жана каспий деңизинин аралыгында жашаган чоң уруу бирикмесинен келип чыккандыгы тууралуу күбөлөндүргөн маалыматтар бар[2], кийинчерээк алар Каспий деңизинин түштүк-чыгыш жээктерине көчүшкөн. Алар качандыр бир убакта сармат (сайрима) урууларына коңшу жашашкан, себеби сарматтар «Авестада» даха, ария, тура уруулары менен жакын жашагандыгы эскерилет[3].

Даилердин байыркы өлкөсүн Страбон Каспий жана Арал деңиздеринин жогору (түндүк) жагына жайгаштырат. Страбон «Көпчүлүк скифтер, Каспий деңизинен баштап даи (Δάοι) деп аталышат. Алардан чыгышта жашаган урууларды массагет жана сак деп аташат»[4] деп жазат. Страбон боюнча даилер чоң уруу тобу болушкан, ага апарна (Απαρνοι), ксанфия (Ξάνιοι), жана писсур (Πίσςoωροι) деген уруулар кирген. Апарналарды ксандий жана пария деп да аташкан[5].

Байыркы дахи~даи урууларын А.Марцелин «аландардын ата-бабалары болушкан» деп жазат, башкача айтканда кийинчерээк тарыхта дахи~даилер алан деген этникалык аталыш менен белгилүү болушкан.

Тейит уруусунун аталышы төмөндөгүдөй келип чыгышы мүмкүн: *дахи~даи~дай~тай~тей* + *ит* (монгол тилинде көптүк мүчө) = тейит. Жогоруда келтирилген материалдарга таянсак, анда даха~даи уруулары кыргыздын тейит уруусунун этногенезинде чоң ролду ойногондугу көрүнүп турат. Буга далил катары: а) тейит уруусунун аталышы; б) тейит уруусунун курамындагы таканай, такаба этнонимдериндеги «така» деген бөлүгү «теке»

---

[1] *Дьяконов И.М.* История Мидии.-М.-Л.,1950.-С.267,382, прим.2
[2] *Дьяконов М.М.* Очерки истории древнего Ирана.-М.,1961.-С.180
[3] *Алиев И.* История Мидии.-Т.І.-Баку,1960.-С.101,прим.7
[4] *Страбон.* География.-XI,VIII,2
[5] *Страбон.* Көрсөтүлгөн эмгек.-XI,IX,3

деген сөздүн варианты, аба (оба) – «уруу, эл» дегенди билдирет. С.П.Толстов теке этнонимин даха этнониминин дериватасы деп санайт. Демек, С.П.Толстовго таянсак, таканай, такаба этнонимдери «теке уруусу, эли» же болбосо даха уруусун туюнтат; в) тейит уруусунун курамындагы алак уругунун аталышы алан этнониминин варианты болуп саналат, себеби түрк тилдеринде н-к аффикстери бири-бирине өтүп айтыла берет. Ошондой эле тейит уруусунун курамындагы алапа, арык, асан жана сары урук аталыштары да тейит уруусун даи, сармат, алан уруулары менен байланыштырып турат.

1900-жылы Н.Ф.Ситняковский тейит уруусунун курамына: кара тейит, сары тейит, чал тейит, бай тейит, арык тейит, чоң тейит, уйгур тейит, жаман тейит, чапан тейит, айтемир тейит, токум тейит, чегитир тейит, чоң кыргыз деген уруктарды киргизип, тейит уруусун ичкиликтердин «оң канатына» кийирет[1].

Я.Р.Винников өзүнүн изилдөөлөрүнөн кийин тейит уруусунун курамына кирген төмөндөгүдөй уруктарды атайт: *«кыдырша, чапан тейит, уйгур, сары тейит, токум-тейит, кара тейит, арык тейит, чал тейит, бай тейит*[2].

Ушундай эле тейит уруусунун курамын С.Аттокуров[3] да берет.

Молло Ш.Карваний тейит этнонимин «тоййыб» (таза) деген мааниде түшүндүрүп, аны Надыршах дегенден таратат. «Надыршахтын тогуз уулу болот: 1. Оймат. 2. Баймухаммад. Андан Лакай. Лакайдан Калдык. 3. Ойрош. 4. Майруш, Майруштан Чапан тейит. Чапан тейиттен Жойчигинер. 5.Оңкелди. Оңкелдиден Өтүкчү жана Кочкор. 6. Күнтуумуш. Күнтуумуштан Чал тейит. 7. Каракач көнчү. Андан Кара тейит. 8. Катима Мухаммадкулу. Андан Арык тейит. 9. Кансатыбалды. Кансатыбалдыдан Сары тейит. Ушул тогуз уулдан тогуз уруу тейит таралган»[4] – дейт.

---

[1] *Ситняковский Н.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-Вып.II.-С.57-58
[2] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.165
[3] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-199-б.
[4] *Молло Шарап Карваний.* Көрсөтүлгөн эмгек.-19-б.

Булардын ичинен бизге белгилүүлөрү Чапан тейит, Кочкор тейит, Чал тейит, Кара тейит, Арык тейит, Сары тейит.

Профессор Ш.Жапаров Лейлек районунда жашаган тейит уруусунун бай, куталы, чал, чапан деген уруктарын атап, бул уруулардын географиялык жайгашуусун көрсөтөт[1].

Санжырачы Т.Умар уулу тейит уруусунун курамын төмөндөгүдөй берет: *«арык тейит, бай тейит, галча, кара тейит, кочкор тейит, кызыл баш, сары тейит, чал тейит, чапан тейит»*[2] – деп тогуз урукту санайт. Ал эми С.Р.Саттаров тейит уруусунун курамын мындайча берет: «арык, бай тейит, баркы, баян, галча, зарип, кара тейит, кочкор тейит, кызыл баш, кашка, куталы, кутуке, нооруз, сары тейит, чал тейит, чапан тейит»[3].

Кыргыз тарыхчысы Байас Турал[4] 1989-жылы Өзбекстанда жашаган кыргыздарды изилдөө экспедициясы учурунда такталган Сырдарыялык тейиттердин төмөндөгүдөй уруктарын атайт: *ак чал тейит, бай тейит, жаман тейит, жуман тейит, кара тейит, кесек тейит, кыпчак тейит, найман тейит, сары тейит, уйгур тейит, хан тейит, чапан тейит* ж. б. Ошондой эле бай тейит: арык, кутуке, кутаалы, абай-манак, кашка деген уруктардан туруп, булардын ичинен арык тейит улуусу болуп саналат. Аталган бай тейиттин беш уругуна эл арасында берилген мүнөздөмө бар. Ал мындай айтылат: «Кутукенин баласын мылтык берип зоого кой. Абай менен Манакты маңдайлашкан жоого кой. Кашкаларды чечилбес кара доого кой. Кутаалынын жигитин чалкалатып ашка кой, же болбосо чара менен башка кой». Тейиттер «сары тейитти» «чоң тейит» деп да аташат. Сырдарыялык кыргыздардын бул жакка келип калышы 200 жылдан 500 жылга чейинки убакытты ичине камтыйт.

---

[1] *Жапаров Ш.* Лейлек районунун территориясындагы уруулардын бөлүнүшү// Алга, №121, 18.10.1967.4-б.; ушул эле автор. Лейлектеги кыргыз уруулары// Алга.03.04.1993.2-б

[2] *Турдубай Умар уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-23-б

[3] *Саттаров С.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-308-б

[4] *Алымбаев А.* Үркөр, үркөр топ жылдыз//Бишкек шамы.-№171.-04.09.1990.3-б

«Сырдарыялык тейиттердин уруулук курамы Лейлек, Каратегиндик тейиттердин уруулук курамы менен дал келет» – деп жазат профессор Э.Ж.Маанаев[1].

Жогоруда келтирилген тейит уруусунун курамы негизинен Кыргызстандын Түштүгүндө жашаган тейит уруктарына тиешелүү. Эмесе, биз Памирлик (Ооганстан жана КЭР) кыргыздардын ичиндеги тейит уруусунун курамын карап көрөлүк.

XIX кылымдын 90-жылдарында Памирге келген англис саякатчысы Л.Дунмор[2] ал жерде жашаган тейит уруусунун эки уругун атайт: кара тейит жана сары тейит.

Америкалык этнограф М.Н.Шахрани Афган Памириндеги кыргыздардын тейит уруусун *жаман тейит, кара тейит, сары тейит, чал тейит, чапан тейит, карлек, лакай* деген уруктарга бөлөт. Сары тейитти: айдар мама, кутан деген урук бөлүкчөлөгө бөлүп, айдарды: бука, бөрү, жаманаң, кочкор, отунчу, зариф деген урук бөлүкчөлөрүнө бөлөт. Маманы: *алапа, шаим, нооруз, сейтмат* деген урук бөлүкчөлөрүнө бөлүп, ноорузга дүрбөөл жана текрең деген майда урук бөлүкчөлөрүн киргизет. Кутанды: *алайчы, баргы, кызыл баш, чегетер, чогорок* деген майда урук бөлүкчөлөгө бөлөт[3].

Француз окумуштуусу Р.Дор Афган Памириндеги кыргыздардын тейит уруусунун: *сары тейит, кара тейит, кочкор, шахим, текрең, навруз, алапа, кутан, чегитир* деген уруктарын санайт[4].

Генерал Л.Г.Корнилов Кытайдагы (Чыгыш Түркистан) кыргыздардын тейит уруусу чал тейит, кара тейит, жаман тейит уруктарынан турарын көрсөтөт[5].

Кыргыз тарыхчысы, профессор А.А.Асанканов Чыгыш Түркстанда жашаган тейит уруусунун какыры, кара тейит: *май-*

---

[1] *Маанаев Э.Ж.* Кыргызстандан сырткары жашаган кыргыздардын тарыхынан.-Фрунзе,1969. -15-б

[2] *Lord Dunmore.* Көрсөтүлгөн эмгек.-P.113-122

[3] *Shahrani M.* Nazif Mohib. Көрсөтүлгөн эмгек.-P.152

[4] Кара: *Dor R.* Contribution á lätude des Kirghih du Pamir Afgan.-Paris,1975

[5] *Корнилов Л.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.235-236

*да, чой, чогорок, отунчу, көчкөр (алапа), кыдырша, кочкор, чоок* деген урук жана урук бөлүкчөлөрүн белгилейт[1].

М.Өмүрбай өзүнүн макаласында Кытайда жашаган тейит уруусунун курамына кирген *кара тейит (кежир), сары тейит, чал тейит, майда тейит, кызыл баш тейит, кочкор тейит, кутан тейит, бөрү тейит, алапа тейит, согур тейит, тору тейит, күрдү тейит, куран же кыраан тейит, чоок тейит, кайышкак тейит, отунчу тейит, дүрбөөл тейит, сейитмат тейит* деген уруктарды атайт[2].

А.Сапарбаев, К.Темиркуловдун «Памир кыргыздары» аттуу китебинде тейит уруусун ичкилик урууларынын «оң» канатына киргизишип, тейит уруусун: *чал тейит, кара тейит, сары тейит* деп бөлүп, чал тейитке: *арык тейит, алак, буйлаке, көкүлөң, куртка, мешкубар, токуш, согур, айтемир,* кара тейитке: *жаман тейит, жакшы тейит, чапан тейит, кески тейит, көлмө тейит, тумак тейит* деген урук бөлүкчөлөрүн киргизишет. Сары тейитти: *айдар, мама, кутан* деген урук бөлүкчөлөрүнө бөлүп, айдарга: *бука, бөрү, кочкор, отунчу, жаманаң,* мамага: *алапа, дүрбөөл, норуз, шаим, текрең, сейтмат, зарип,* кутанга: *чегитир, чогорок, кызыл баш, баркы, чой, чуулдай* деген майда урук бөлүкчөлөрүн киргизишет[3].

Кыргыз тарыхчысы, профессор Б.М.Жумабаев[4] Афган Памириндеги тейит уруусунун курамын ушундай эле берет.

С.М.Абрамзон тейит уруусунун курамындагы *уйгур* этноними жөнүндө мындай деп жазат: «Түштүк Кыргызстанда катталган уйгур этноними да кыргыздардын уйгурлар менен этникалык мамилелеринин чагылышы катары кызмат кылат. Көпчүлүк баяндамачылардын маалыматтары боюнча, уйгурлар – тейит уруусунун өз алдынча турган бөлүкчөсү. Башка бир маалымат-

---

[1] *Асанканов А.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.140

[2] *Макелек Өмүрбай*. Кытайлык кыргыздардагы тейит уруусу//Жолдошев С.Н., Токоев С.И. Тейитхандын урпактары.-Б.,2009.-78-б.

[3] *Сапарбаев А., Темиркулов К.* Памир кыргыздары.-Ош,2003.-9-б

[4] *Жумабаев Б.* Көрсөтүлгөн эмгек.-47-б

тар боюнча, уйгур – ошол эле уруунун *чал тейит* бөлүкчөсүнүн же болбосо *сары тейит* бөлүкчөсүнүн бир бөлүгү. Ата-теги боюнча өзүлөрүн уйгур тобуна таандык кылгандар тейит уруусу менен жакын тектеш экендигин белгилешет: тейит менен уйгурдун урааны бир, башкача айтканда, тигилердин да, булардын да урааны бир. Уйгур тобу ошондой эле кыдырша, канды, кесек жана нойгут топтору менен теги бир деп кошумчалашат. Бирок анын буйга төөлөс менен да жакын тектештик байланышы бар экендигин билдирген далилдер да бар»[1]. Ушул себептен тейит уруусунун курамындагы уйгур урук бөлүкчөсүн тактоо зарыл.

**Тейит уруусунун эн тамгалары:** кез эн – , кумурска эн, көзөө эн – , топчу эн – , чапма эн, сырга эн – , тилик эн, жагалмай эн –  же  сыяктуулар болгон.

## Тейит уруусунун паралелллдери

Каракалпак жана тейит уруктарынын аталыштарынын параллелдери төмөндөгүдөй: *айдарбек/айдар, асан/асан, гежекул/генжегул, есен/эсен, жаман/жаманаң, жансары/жансары, жумагул/жумагул, казакы/казак, кара/кара, кареке/караке, көрпө/көрпө, омыр/омур, сары/сары, сүйүндүк/сүйүндүк, тагай/тагай, туманай/туманай, туркмен/түркмөн, уйгыр/уйгур*[2] ж.б.

Б.Х.Кармышева Түштүк Тажикстан менен Өзбекстандын райондорун изилдеп жатып коңурат уруусунун курамынан *айбаш, аррик, бакши, калча, казак, кал, калляр, кызыл баш, сарык, тагайбай, тентак, хожа, чагыр, чал, чууллак,* лакай элинин ичинен *мырзагул, алтымыш, казак, каратума, ноуруз, сакоо, чал,* катагандардын арасынан *сары, сакоо,* дурмендерден *казак*

---

[1] *Абрамзон С.М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи.-Фрунзе,1990.-С.54; ушул автор. Көрсөтүлгөн эмгек.-Б.,1999.-32-33-б

[2] *Жданко Т.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.161,162,165,166-167

аттуу уруктарды каттаган[1]. Жогоруда саналган уруктардын аталыштары кыргыздын тейит уруусунун уруктарынын аталыштарынын параллелдери болуп саналып, алардын каракалпак, коңурат, лакай, дурмен уруулары менен этникалык байланыштары бар экендин тастыктап турат.

Түркмөндөрдө гөклең, кызылбаш, сары, эрсары атту уруулар бар. Ошондой эле кыргыздын тейит уруусунун аттарынын параллелдери *алак/алаша* (сарык), *арык/арык, арыктар* (ата, ёмут, салыр, теке) *бакшы/бакшы* (ата, гөклең, сакар, салыр, сарык, теке), *бүркүт/бүркүт* (эрсары), *казак/газак* (гөклең,), *күчүк/гүжүк* (ёмут), *эшен/ишан, ишанлар* (ата, сакар), *казы/казы, казылар* (ата, нохурлы), *кал/кал, калдар* (ата, ёмут, сакар, сарык, теке, нохурлы), *кожо/кожо* (нохурлы), *көсө/көсө, көсөлөр* (ёмут, нохурлы), *өгүз/өкүз* (ата, ёмут), *сары/сары, сарык, сарылы* (алили, ёмут, теке, эрсары), *туума/туумач* (ёмут), *чакыр/чакыр* (алили, гөклең, эрсары), *чал/чал* (теке), *чалыш/чалыш* (гөклең, эр сары), *жаманаң/чаманак* (теке), *чапан/чопан* (алили) деген этнонимдер түркмөн урууларынын арасында кеңири кездешет[2]. Бул уруу аталыштары түркмөн уруулары менен тейит уруусунун этникалык байланыштарын чагылдырып турат.

## Тейит уруусунун географиялык жайгашуусу

Тейит уруусунун өкүлдөрү негизинен Ош, Жалал-Абат, Баткен облустарынын шаар жана айылдарында жашашат.

*Баткен* облусунун Баткен районунун Чоң-Кара (400 түтүн) айылында сары тейиттин кутан уругунун *чуулдай* деген тобунан тараган өкүлдөрү турушат.

Кадамжай районунда тейит уруусунун сары тейит жана уйгур тейит уруктарынын өкүлдөрү жашашат. Сары тейиттин *кызыл баш, чогорок, чой, чуулдай* уруктары Айдаркен, Чогорок,

---

[1] *Кармышева Б.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.90-93,100,105
[2] *Атаныязов С.* Шежере...-248-281-б

Чоң-Кара, Кара-Кыштак (чой – 10 түтүн), Кара-Жыгач ( чой – 10 түтүн) турушат.

Уйгур тейит уругунун байке (молдо байке, кочкул байке), жору (досек, кашкары, казак), дөөрөй урук бөлүкчөлөрү Кадамжай районунун Майдан айыл округуна караштуу Авыстам (казак – 20 түтүн), Арпасай (уйгур тейит – 30 түтүн), Кереге-Таш (жору – 20 түтүн), Кароол (казак – 10 түтүн), Кара-Кыштак (байке – 30), Майдан (байке – 20 түтүн), Кара-Жыгач (досек, байке – 20), Пум (кашкары), А. Масалиев атындагы айыл округуна караштуу Алыш (байке – 25, казак – 25, досек – 15 түтүн), Олагыш (байке – 60, казак – 60, досек – 20, дөрөй - 30 түтүн), Кара-Дөбө (жору – 30, казак – 20, дөрөй – 30 түтүн), Марказ айыл округуна караштуу Гүлпиян, Бак (казак – 30 түтүн, жору), Көк-Таала (кашкары – 50 түтүн), Үч-Когон айыл округуна караштуу Чавай (байке – 10 түтүн), айылдарында жашашат.

*Лейлек* районунда тейит уруусунун негизинен бай тейит (кашка, куталы), аз санда арык тейит жана чал тейит уруктарынын өкүлдөрү турушат. Бай тейит (кашка) уругунун өкүлдөрү негизинен Баткен облусунун Лейлек районунун Кулунду айыл округуна караштуу Ак-Арык (80 түтүн), Булак-Башы (170 түтүн), Сүлүктү шаар башкармалыгына караштуу Кароол (8 түтүн), Кольцо (120 түтүн) айылдарында жана Исфана (250 түтүн), Сүлүктү (200 түтүн) шаарларында турушат. Сүлүктү шаар башкармалыгына караштуу Кароол, Кольцо айылдарында бай тейит уругу менен бирге аз санда арык тейит жана чал тейит уруктары турушат.

*Жалал-Абат* облусунун Сузак районунун Атабеков айыл округуна караштуу Социализм айылында (кара тейит), Барпы айыл округуна караштуу Барпы айылында (чал тейит, кара тейит), Кара-Дарыя айыл округуна караштуу Арал айылында (чал тейит, сары тейит), Ырыс айыл округуна караштуу Тейит айылында (арык тейит), Ырыс айылында (чал тейит:алак) турушат.

*Нарын* облусунун Ат-Башы районунун Ак-Муз айылында жана Нарын шаарында (бай тейит) турушат.

*Ош* облусунун Араван районунун Төө-Моюн айыл округунда, Ноокат районунун Т.Кулатов атындагы айыл округуна караштуу Ак-Чал, Алак (Кош-Төбө), Баглан, Жансарык, Кулуштан (Таш-Булак), Кум-Майдан, Кызыл-Булак айылдары, Жаңы-Ноокат айыл округуна караштуу Кызыл-Тейит, айылдарында Бел айыл округуна караштуу Кайрагач, Т.Зулпуев атындагы айыл округуна караштуу Кашкалдак, Кеңеш айыл округуна караштуу Шаң-Кол, Кара-Таш айыл округуна караштуу Калинин айылдарында, Кызыл-Кыя шаарында жана шаар баркармалыгына караштуу Жинжиген, Байтейит айылдарында, Өзгөн районунун Куршаб, Жалпак-Таш, Кароол айыл округуна караштуу Мырзы-Арык, Кароол, Шерали айылдарында, Ийри-Суу айыл округунда кара тейит уругунун өкүлдөрү турушат.

Чоң-Алай районунда тейит уруусунун *сары тейит, кара тейит* жана *чал тейит* уруктарынын өкүлдөрү жашашат. Аталган уруктардан бул райондо сары тейит уругунун өкүлдөрү басымдуулук кылат.

Сары тейит уругунун өкүлдөрү Кашка-Суу айыл округуна караштуу Ачы-Суу (кызыл баш 7 түтүн), Кабык-Сай (кызыл баш – 15 түтүн), Кашка-Суу (350 түтүн) айылдарында, Чоң-Алай айыл округуна караштуу Жаман-Жар (нооруз – 60 түтүн), Жаш-Тилек (баркы, зарип, нооруз, чогорок – 350 түтүн), Кара-Шыбак (кызыл баш – 6 түтүн), Куу-Талаа (кызыл баш – 60 түтүн), Кызыл-Эшме (баркы, нооруз, зарип – 300 түтүн) Чак (баркы (алапа), нооруз, аз санда зарип – 400 түтүн), айылдарында, Жекенди айыл округуна караштуу Шибээ айылында (жаманаң – 30 түтүн) турушат.

Чал тейит уругунун өкүлдөрү негизинен Кашка-Суу айыл округуна караштуу Кара-Кабак (айтемир, жансарык (дүйшө/дос, чакыр) – 90 түтүн) айылында, Кашка-Суу (70 түтүн) айылында жана Жекенди айыл округуна караштуу Кара-Тейит (40 түтүн) айылында жашашат. Мындан сырткары чал тейит уругунун өкүлдөрү аз санда Дароот-Коргон, Кызыл-Туу айылдарында турушат.

Кара тейит уругунун *ыйнык, касым* уруктарынын өкүлдөрү негизинен *Жекенди* айыл округуна караштуу Кара-Тейит (110 түтүн) айылында жашашат. Мындан сырткары кара тейит уругунун өкүлдөрү аз санда Ачы-Суу (12 түтүн), Дароот-Коргон (50 түтүн), Жайылма (2 түтүн), Кабык-Сай (17 түтүн), Кара-Кабак (4 түтүн), Кашка-Суу (20 түтүн) айылдарында турушат.

*Талас* облусунун районунун айылдарында турушат.

*Чүй* облусунун Чүй районунун Чым-Коргон айыл округунун Чым-Коргон айылында (чал тейит:орозай) турушат.

*Ысык-Көл* облусунун Жети-Өгүз районунун Жаргылчак айыл округунун Чычкан (Жеңиш) (300 түтүн) айылында чал тейиттин орозу (орозай) уругунун өкүлдөрү турушат. Мындан сырткары бул уруктун өкүлдөрү Кызыл-Суу, Оргочор айылдарында, Кара-Кол, Балыкчы шаарларында жана Ысык-Көл районунун Ж.Абдырахманов айыл округуна караштуу Жаркынбаев (Таштак) айылында турушат.

*Өзбекстандын* айылдарында турушат.

*Тажикстандын* Жерге-Тал районунун Жолборсту (чегилтир – 16 түтүн), Жолболот (чегилтир – 100 түтүн), Калдар (чегилтир – 150 түтүн), Сөгөт (чегилтир – 100 түтүн), Чар (чегилтир – 40 түтүн), Жар-Мазар (сары тейит – 200 түтүн), Кашка-Терек (сары тейит – 10 түтүн), Чоң-Кыргыз (сары тейит – 70 түтүн), Шилбили (чегилтир – 20 түтүн), айылдарында, ошондой эле Тажикстандын Тоолуу Бадахшан Автоном Областынын Мургаб районунун (Сары-Кол) Кара-Көл, Токтомуш (сары тейит, чал тейит – 150 түтүн), Шаймак, Мургаб, Чеч-Төбө (нooруз, дүрбөөл – 10 түтүн), Раң-Көл (сары тейит, кара тейит, чал тейит) айылдарында турушат.

Жогорудагы келтирилген материалдардын жана изилдөөлөрдүн негизинде кыргыздын *тейит* уруусу байыркы дахи~даи урууларынын бир бөлүкчөсү богон даха~така (таканай, такаба), алан (алак, алапа) уруктарынан; байыркы хунн доорундагы гөклең, чумугун, чуе урууларынын бөлүкчөсү көкүл (гөклең),

чуулдай, чой уруктарынан; алтай-түрк-уйгур-кыпчак урууларынын бөлүгү: арык, сары, уйгур, токсоба, жаманаң уруктарынан; түрк-монгол урууларынын бөлүгү: байырку, баргут, бөрү, бука, кочкор, тумат уруктарынан; XV кылымдардагы чогорок, кызыл баш уругунан; Алтын Ордонун курамындагы уруулардын бөлүгү: дүрбөөл, отунчу уруктарынан жана коңшулаш өзбек жана тажик элдеринин бөлүгү болгон гача, калча урук бөлүкчөлөрүнөн турары белгилүү болду.

Ошондой эле кыргыздын тейит уруусунун алтай, башкыр, бурят, казак, ногой, монгол, өзбек, түркмөн, уйгур, хакас элдеринин уруу-уруктары менен болгон параллелдери этностук жана этногенездик байланыштары далилденди.

Тейит уруусунун курамын изилдөөлөрдүн натыйжасында төмөндөгүдөй катачылыктар табылды. Я.Р.Винников боюнча тейит уруусунун *уйгур* уругунун курамында *калмак, гача, текрең, досек, казак, жору, байке* урук бөлүкчөлөрү бар. Мында Я.Р.Винников тейит уруусунун *уйгур* уругунун курамына калмак, *гача, текрең* деген урук бөлүкчөлөрүн жаңылыш кошот[1]. Себеби калмак, гача төөлөс уруусунун толуман жана дүкөн уругунун курамындагы урук бөлүкчөлөр, ал эми текрең бул ушул эле схемада тейит уруусуна туура эмес киргизилген кыдырша уругунун урук бөлүкчөсү болуп саналат. Кыдырша ават уруусунун тогуз уругунун бири. Текрең урук бөлүкчөсүнөн тараган Канказбек, Кенжесары, Избасар ж.б. аталар төөлөс уруусунун айтамга уругунун аталары. Булар текреңге туура эмес кошулган. Изилдөөлөрдүн натыйжасында тейит уруусунун *уйгур* уругу байке, *досек, жору, казак* деген төрт урук бөлүкчөдөн турары такталды. Ошондой эле сары тейит уругунун курамында «уйгур тобу» бар экени маалым болду.

Я.Р.Винников каңды уруусунун курамына (схемасына) *айтемир, каратума, култай* деген тейит уруусунун уруктарын[2],

---

[1] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.165.-Рис.16

[2] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.161.-Рис.13

ал эми тейит уруусунун кара козу урук бөлүкчөсүн «караказы» деген туура эмес аталыш менен төөлөс уруусунун курамына жаңылыш киргизген[1]. Аталган катачылыктар бул уруулардын жакын жайгашкандыгынан келип чыгышы мүмкүн.

«Лейлек тейит»[2], «Жинжиген»[3] деген урук аталыштар *тейит* уруусунун курамында жок болуп чыкты. Жин-Жиген жана Кичи-Жин-Жиген Баткен обулусунун, Кызыл-Кыя шаар башкармалыгына караштуу айыл аттары.

Изилдөөлөрдүн натыйжасында кыргыздын тейит уруусу *арык тейит, кара тейит, сары тейит, бай тейит, уйгур тейит, чал тейит* деген ири уруктардан турары маалым болду. Калган урук бөлүкчөлөр аталган негизги алты уруктан тарашат (№ 11 схеманы карагыла), анын негизинде биринчи жолу Кыргызстанда, Тажикстанда жана Өзбекстанда жашаган тейиттердин уруктук курамынын схемасы толукталып, жалпы генеалогиялык схемасы түзүлдү.

Тейит уруусу кошумча изилдөөлөрдү талап кылат. Себеби Кытай Эл Республикасындагы Кызыл-Суу Кыргыз Автоном Областында жана Өзбекстандагы жашап жаткан ичкилик уруулары анын ичинде тейит уруулары толук изилдениле элек.

---

[1] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.168.-Рис.19
[2] *Каратаев О.К.* Кыргыз этнонимдер сөздүгү.-Б.,2003.-132-133-б
[3] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-199; Каратаев О.К. Көрсөтүлгөн эмгек.-74-б

*Схема 11*. Тейит уруусунун генеалогиялык схемасы




9*

# ТӨӨЛӨС

*«Оң да өзүм, сол да өзүм.*
*Оңго, солго, тең көзүм».*
Эл сөзү
*«Төөлөс төрүн бербейт,*
*өлсө көрүн бербейт».*
Эл сөзү

Кыргыздардын этникалык топторунун ичинен эң байыркылардын бири болгон төөлөс уруусу өзгөчө орунду ээлеп, белгилүү болгон кыргыз уруу-урук структурасы боюнча ичкилик тобуна таандык. Төөлөс уруусунун тамгалары[1]: «ай тамга» – Ɔ жана «кош тамга» – ♈.

Төөлөс уруусунун келип чыгышын изилдөөчүлөр байыркы динлин жана теле уруулары менен байланыштырышат. Динлиндердин көпчүлүк бөлүгү б. з. ч. III–II кылымдарда Байкал көлүнөн түштүгүрөөк жана батыш тарабындагы чоң райондордо жашашкан да, хунндук союздун составына кирген.

Биздин эранын башында хунндардын ички саясий күрөштөрүнүн күчөшүнөн улам Динлиндер түштүккө, учурдагы батыш Кытайдагы провинциялар Ганьсу менен Хэбэйдин аймагына орун которушкан. Жергиликтүү жашоочулар аларды динчжуолук, чжуньшандык жана бэйдинлик динлиндер деп аташкан. Экинчи негизги бөлүгү МНРдин территориясында кала беришкен да, кытайлардын байыркы айтылышы боюнча теклэ (тенле), цилэ жана тэлэ деп аталышкан. Кийинчерек кытай тарых-

[1] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения...-С.104

чылары этнонимдин түркчө аталышын тагыраак мүнөздөө үчүн теле деп жаза башташкан[1]. Ал эми динлиндер өздөрүн башында *туглук*, андан кийин тура деп аташкан[2]. Байыркы заманда *тура* уруулары жашаган өлкө Туран деп аталган.

Туглук (динлин) этноними кытайлыктар тарбынан ар кандай айтылып, айтылышы жагынан бири-бирине окшош түрдүү иероглифтер менен жазылган. Алардын айрымдары 丁令 «тинг линг» деген байыркы окулушка ээ болгон. Кытай булактарынын күбөлөндүрмөсү боюнча динлин ди (тиеук) уруусунун түзүүчү бөлүгү болуп саналат. Ди уруусунун пайда болушу б.з.ч. II–III миңинчи жылдарга туура келет. Ди уруулары учурдагы Ички жана Сырткы Монголиянын территориясында, Кытайдын батыш провинцияларында, Чыгыш Түркстанда, азыркы Казакстандын айрым аймактарында жашашкан. Байыркы заманда алар ээлеген аймактын борбору болуп Байкал көлүнүн түштүк райондору жана Енисей дарыясынын жогорку жерлери эсептелген[3].

Теле (телэ) 鐵勒 – 44 байыркы урууларынын союзунун аталышы. Алардын көбү кийинчерэк кытай булактарында кездешпей калган. Телэлер тууралуу маалыматтардын кытай булактарында биринчи ирет эскерилиши б. з. III–IV кылымына туура келет. Телэлер тууралуу атайын жазуу биринчи ирет «Бей шиде» кездешет. Ал жерде теледер жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтар берилет: «Теленин ата-бабалары хунндардын урпактары болушат. Теле көптөгөн уруулардан туруп, Батыш деңизинин (Жерортолук деңизи) чыгышындагы тоолор менен капчыгайларда көчүп-конуп жүрүшөт. Дуло[4] дарыясынын түндүгүндө пугу (бугу), тунло (тонгра), вэйхэ (уйгур), фу (фуло),

---

[1] *Сыхай.* -Шанхай, 1979.-С.10

[2] *Чэнь Хуа, Го Пинлян, Ван Чжилай.* Краткая история Синьцзяна.-Т.I.-Урумчи, 1984.-С.141

[3] *Лю Итан.* Чжунго бяньцзян миньцзу ши (История погра¬ничных народов Китая).-Тайвань,1969.-С.223-237; Фэн Цзяшэн, Чэн Су-ло, Му Гуанвэнь. Вэйвуэр цзу шиляо цзяньбянь (Краткий сборник материалов по истории уй¬гуров).-Т.I.-Пекин,1981.-С.4-9

[4] Тола дарыясы

аны цзайцзинь (эркин) деп да аташат, мэнь-чэнь (мчин, мачин), тужухэ (турагур), сыцзе (изгил), хун, ху (хо, хор), сие (сир) уруулары турушат, алардын 20 000ге жакын аскери бар. Ивунун[1] бытышында жана Яньцинин түндүгүндө, Байшанга жакын жерде ци-би (чибни), боло, чжииде (чжиде), супо, нахэ, уху (угу - угуз), хэгу (киркиз), еде, юйнихулар (юйнигу – урянхай) жашашат, алардын 20 000ге жакын аскер күтүшөт. Цзиншандын түштүк-батышын се-яньто (сир-тардуш), делээр (диер), шипань (забендер), да¬ни (тургеш) уруулары жердешет, булардын 10 000ге жакын жоокери бар. Кан мамлекетинин түндүгүндө, Адэщуй дарыясына жакын хэде (адиз), хэцзе (хазар), бо-ху (булгар, болгар), бэйцянь (печенег), цзюйхай, хэбэйси (абусы, башимибасмил), хэсо (буртас), суба (сибир), емо (емак), кэда (гот, гоч) уруулары турушат, аларда 30 000 аскер бар. Дэихай[2] көлүнүн чыгышын жана батышын сулуйзе (сароугоур), саньсуянь (саксин), мецу (мокшас), саху уруулары ээлешет, алар 8 000 жоокер күтүшөт. Фусэндин[3] чыгышын эньцзюй (онгар), алань (алан), бэйжу (башкыр), цзюлифу (кутигур), вахундар (овархун) мекендешет, алардын 20 000ден ашык аскери бар. Бэйхайдын[4] түштүгүндө дуполор (дубо, тува) жашашат, булар башка уруудан экенине карабай, өздөрүн телэ уруусунанбыз дешет»[5].

Кытай булактары «Бей ши» жана «Суй шу»[6] теле урууларын төмөндөгүдөй сүрөттөшөт: «Телэ 鐵勒 урууларынын жалпы башкаруучусу жок. Булардын бир бөлүгү чыгыш, ал эми экинчи бөлүгү батыш туцзюелерге (тукю, түрк) баш ийишет. Алардын туруктуу жашаган жери жок, суу менен чөптүн абалына жара-

---

[1] *Ивергул* – Кумулдун байыркы түрк аталышы жергиликтүү элдердин тилинде жана кытай адабияттары боюнча Хами. Ал аркылуу Кытайды батыш өлкөлөр менен байланыштырган эң ыңгайлуу негизги жол өткөн. Ошондуктан кытайдын тарыхый адабияттарында аны «Сиюй мэньху», которгондо «Батыш өлкөлөрдүн дарбазасы» деп аташкан

[2] Балхаш көлү

[3] Фусэндин аныктамасына Жер ортолук деңиздин жээктери кирген

[4] Байкал көлү

[5] *Поздеев Д.* Исторический очерк уйгуров.-СПб.,1899.-С.37-40

[6] «Суй шу» 636-656-жылдары жазылган (Суй династиясынын тарыхы/589-619-жж.)

ша бир жерден экинчи жерге көчүп жашашат. Жаратылышынан ачуусу чукул жана тырышчак, дүйнөкор келишип, уурулук менен да алектенишет. Өсүмдүктөрдү чеберчилик менен өстүрүшөт, үйүр малдары бар. Кой менен уй, жылкы малына караганда басымдуулук кылат. Телэлердин салты негизинен түрктөрдүкүнө окшош, бир гана айырмачылыгы күйөө бала үйлөнүү тойдон кийин кыздын ата-энесинин үйүнө барып жашайт. Күйөөнүн ата-энесинин үйүнө балалуу болгондо гана кайтып келишет. Каза болгондордну негизинен жерге көмүшөт».

Кытайга коңшу жайгашкан элдердин этногенезин изилдөөгө зор салым кошкон кытай тарыхчысы Линь Хуйсян XX кылымдын 30-жылдары эле мындай деп жазган: «Телэ же тэлэ жана гоачэ бир урууга таандык. Бирок Тоба Вэй 拓拔魏 (386–534-жж.) империясына кошуна болгон уруулар акыркы айтылган тарабынан күчтүү соккуга учурап, чөлдүн түндүгүнө орун которууга аргасыз болушат (Гоби, Ички Монголиянын батышында). Кытай булактарында алар (түштүккө орун которгон телэлер) гаочэ деп аталып калышат. Ал эми түндүктө калган бөлүгү чжурчжэндерге, андан кийин түрктөргө багынып калышат. Аларга бул хроникаларда телэ деген аталыш берилген. Ошондуктан эки аталыш бир эле элди туюндурат. Аны менен бирге телэнин составына кирген уруулар «Бэй шиде» кененирээк сүрөттөлгөн»[1].

Белгилүү тайван тарыхчысы Лю Итан өзүнүн Кытайга кошуна жайгашкан элдердин этногенезине жана тарыхына арналган эмгегинде мындай деп жазат: «Теле динлиндердин урпактары. Түндүк жана Түштүк династиясынын (265-583-жж.) тушунда батыштан Волгадан башталган, чыгышта Толы дарыясына чейин созулган аймакты ээлеген көчмөн калк өзүн теле деп атаган»[2]. Тарыхчынын андан аркы дагы белгилеп кеткени боюнча теле башында чилэ, дили, тэлэ деп аталган. Суй жана

---

[1] *Линь Хуйсян.* Чжунго миньцзу (История народов Китая).-Т.I.-Тайбэй, 1973.-С.7

[2] *Лю Итан.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.229

Тан династияларынын бийлиги учурунда мурдагы аталышын өзгөртүп, өздөрүн теле  деп атап калышкан. Алар бийик дөңгөлөктүү арабаларды колдонгондуктан гаочэ (бийик араба) деген дагы аталыштын ээлери болушкан. Ошентип бир эле эл эки аттын ээси болгон. Теле алардын түптүү уруулук аталышы болсо, гаочэ – салттык негизде пайда болгон аталыш[1]. Өз пикиринин далили катары ал кытай династиялык баяндамалары «Вей династиясынын тарыхы» менен «Суй династиясынын тарыхы», «Тан династиясынын тарыхында» берилген  жана ага чейинкилердин изилдеп калтырган маалыматтарына таянат.

«Вэй династиясынын тарыхында» мындай деп айытлат: «Гаочэ 高車 байыркы чидилердин 赤狄 (кызыл ди) урпактары болуп эсептелет. Башында алар дили 狄歷 деп аталган, түндүктөгүлөр аларды чилэ 敕勒 деп аташкан. Ал эми кытайлар аларды гаочэ динлин деп аташкан (которгондо «бийик дөңгөлөктүү динлиндер» дегенди туюндурат). Гаочэ хуннулар менен бирдей тилде сүйлөшкөн. Бирок айрым учурда анча-мынча айырмачылыгы байкалып турган. Ошондой эле бул урууну хунндардын башчысынын кызынан тараган деп айтышат. Гаочэлер төмөнкү уруктардан турган: ди[2], юаньхэ (уйгуры), до-улюй (толай же долай), цзеби (циби, чибни), хугу (хэгу), ицицзинь...»[3].

XIX кылымдагы белгилүү кытай тарыхчысы Хун Цэюнь (1839-1893-жж.), кытай булактарындагы маалыматтарды жалпылаштырып мындай пикирин айткан:  «Бул уруулар (гаочэ) Дулохэ[4] дарыясынын  райондорунда, байыркы Ивада[5], Цзин-

[1] *Лю Итан*. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.226

[2] Ди же тиеук деп аталган. Анын транскрипциясы болуп «түрк» эсептелет. Кийинчерек ди эли төмөнкүдөй болуп бөлүнгөн: чи-ди (кызыл ди), бай-ди (ак ди), чжан-ди (улуу ди). Мааниси боюнча ди 狄 иероглифи «жырткыч» же «варвар» деген түшүнүктү берет. Ди иероглифи элдин аталышы катары кытайдын тарыхый булактарында пайда болушу б. з. ч. XX–XVI кылымдарга туура келет

[3] «Вэй шу», цз. 103, л. 26 аб.

[4] Тола дарыясы

[5] Учурда Кумул, Хами

шанда[1] жашашып, акырындап батыш өлкөлөргө тараган, алыскы өлкөлөргө орун которуп отурушуп, Россия менен Кара деңиздин түштүгүндөгү Дуань[2] дарыясына чейин жетишкен»[3].

Англиялык тарыхчы Эдуард Паркер бекемдегендей, хунндардын мамлекети жашап турганда динлиндер канкалик деп аталышкан. Бул түрк тилинде «ээлөчүлөр» же «арабанын ээлери» дегенди түшүндүрөт. Вей династиясынын тушунда алар гаочэ, түрктөрдүн тушунда хуйхэ, Юань (1280-1367-жж.) династиясынын тушунда канли деп аталышкан. Ал динлиндерди эки топко бөлгөн: 1) Байкал деңизине жакын жашагандар жана 2) Балхаш көлүнүн жана Юлдуз Цзилицзиси – Или дарыясынын тегерегинде жашагандар. Андан кийин теле уруулары Жер Ортолук деңиз тарапка монголдордун бийлиги орногон мезгилде жер которушкан. Ал мезгилде алардын айрымдары дагы деле канли деп аталып жүргөн, кытайча «араба» дегенди туюндурган. Тарыхчы ар кайсы булактардагы маалыматтарды анализдеп чыгып мындай деп айткан: Улуу чөлдүн түндүгүндө жана Ысык-Көл көлүнүн тегерегинде жашагандар, Амурдарыя менен Сырдарыянын башатындагы аймактарды жердегендер, ошондой эле арабаны колдонгон хунндар, түрктөр байыркыда динлиндер деп аталып, аны менен бирге гаочэ, кийин теле деп аталып, хуйхэлер башкарган доордо алар хуйхэ жана канли[4] деп аталышкан»[5].

## Телелердин келип чыгышы тууралуу уламыш

Н.Я.Бичурин[6] телелердин келип чыгышы жөнүндө төмөндөгүдөй уламышты келтирет: «Айрымдардын айтуусу боюнча гаогюйлүктөрдүн ата-теги Хуннулардын шанюйүнүн кызынан тараган. Хунндардын Шаньюйю эки кыздуу болгондугу

[1] Алтай
[2] Дон дарыясы
[3] *Лю Итан.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.227
[4] Канглы, каңды этнонимдери менен чаташтырбагыла
[5] *Паркер Э.* Татары. История возникновения великого народа.-М.,2010.-С.119, 184
[6] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Ч.І.-СПб.,1851.-С.248-250;-Ч.І.-М.- Л., 1953.-С.214-216

жана алар өзгөчө чырайлуу болушкандыгы тууралуу айтылат. Шаньюй айткан: өз кыздарымды адамдарга күйөөгө берсем туура болобу? Мен аларды Асманга тартуу кылам.

Ошентип, борбор шаардын киши буту баспаган түндүк аймагына бийик мунара салып, кыздарын ошол жерге жайгаштырып, муну айткан: «Асмандан кыздарымды кабыл алуусун суранам». Үч жыл өткөндөн кийин энеси кыздарын кайра алып келүүнү каалады. Шаньюй: «Мүмкүн эмес. Убакыт боло элек». Андан бир жыл өткөндөн кийин бир кары карышкыр күндүр-түндүр улуп мунараны кайтарып калат. Карышкыр мунаранын түбүнөн үңкүр казып алып, ал жерден чыкпай калат. Кичүү кызы айтат: «биздин ата-энебиз бизди Асманга тартуу кылууну каалап бул жерге жашатып коюшту. Карышкыр гана келди. Балким бул көрүнүш бактылуу жышаандан кабар». Ал жаңы эле карышкырга чыгайын дегенде улуу эжеси аябай коркуу менен айтат: «Ал жаныбар. Ата-энебизди уят кылба». Сиңдиси эжесинин айтканын укпай коюп, карышкырга күйөөгө чыгып, уулдуу болот.

Алардын урпактары көбөйүп, мамлекет түзүлгөн: ошондуктан бул жердеги адамдар созуп ырдаганды жакшы көрүшөт же карышкырларча улушат. Алардын баарын башкарган бир башчысы болгон эмес. Ар бир уруу өзүнүн башкаруучусуна же аксакалына ээ. Табиятынан орой жана жырткыч мүнөздүү келишет. Туугандар өз ара ынтымакта жашашат. Чабуулдарда кездешкен кооптуу жагдайларда биригишип, бири-бирине жардам кылышат. Согуш талаасында катарга тизилишпейт; бөлүнүп калган башына кысым көрсөтүшөт; күтүүсүз чабуулга чыгып, күтүүсүз кайра чегинишет. Туруктуу күрөшө алышпайт.

IV–V кылымдарда гаогюйлөр он эки уруудан турган: 1) ли-фу-ли, 2) ту-лу, 3) и-чжань, 4) да-лянь, 5) ку-хэ, 6) да-бо-гань, 7) а-лунь, 8) мо-юнь, 9) сы-фынь, 10) фу-фу-ло, 11) ци-юань, 12) ю-шу-пэй»[1].

---

[1] *Поздеев Д.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.13

Ал эми VII–VIII кылымдарда гаогюйлөрдүн урпактары болгон телес уруу бирикмеси юаньгэ (уйгур)[1], сйеяньто (сир жана яньто), к(ц)ибиюй (ци-би), дубо (туба), гулигань (курыкан), доланьгэ (теленгит), пугу (бугу), байегу (байыркы), тунло (тонгра), хунь, сыгйе, хусйе, хигйе, адйе (эдиз), байси деген он беш уруудан турган[2]. Д.Позднеев бул урууларга гэ-ло-лу жана ба-сими урууларын кошот[3].

## Телес термини жана этноними

Кээ бир орто кылымдардагы мусулман булактарында телес аталышына синоним болуп тулас термини берилген. Рашид-ад-Диндин[4] белгилүү болгон «Жылнаамалар жыйнагында» тулас термини Баргуджин-Токум аймагында орун алышкан түрк-токой урууларынын биринин этнонимине берилген. Аталган аймак Монголиянын территориясында болуп, монголдордун «Ыйык сыр баянында» тулас телес деп айтылат.

XIII–XIV кылымдарга таандык булактарда телес этноними бир нече жолу теленгут этноними менен бирдикте эскерилет. Бул албетте, биз үчүн абдан кызыктуу. Монгол булагы «Ыйык сыр баянында» монголдорго багынган элдердин катарында XIII кылымдын башында бир мезгилде, бир жерде тоолес менен теленгуттар, башкасында теңлек менен тоолестер эскерилет. Аталган бул этнонимдер «токой элдери» категориясына киришкен. Алар тоолуу-токойлуу райондордо, батыштан чыгышка карай Монголдук Алтайдан (жогорку Иртыш) баштап, Хангай тоолоруна чейин жетип, андан ары чыгышка карай созулган. Маалымат бу-

[1] Уйгурлар «Тан-шу» боюнча өздөрү төмөнкү тогуз уруктан турган: ио-ло-гэ, ио-ву-гэ, ху-ду-гэ, кюй-лоу (ху-ло-ву), гэ-са, ха-се-ву (си-се-ву), мо-ке-си-ге, ху-вынь-ю (ху-су-ву) жана а-у-чжай (а-у-цзе) [Грумм-Гржимайло Г.Е. Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-С.290]. Ушул себепен тогуз уруудан турган «тогуз огуздарды» уйгурлар менен чаташтырышкан. «Тогуз огуз» уруу бирикмесинин ичине уйгур өзү бир уруу болуп кирип, жогоруда аталган тогуз урукка бөлүнгөн.

[2] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Ч.I.-Отд.1.-СПб,1851.-С.373;-Т.I.-М.-Л., 1950.-С.301

[3] *Поздеев Д.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.4

[4] *Рашид-ад- дин.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.I.-Кн.1.-М.-Л.,1952.-С.121

лагынын бул күбөсү биз үчүн XIII кылымдын башында бир эле убакта толес (башка жазууда тоелес) жана теленгут, тенлек деген аталыштагы элдин же уруунун болушунан кабар бергени менен кызыгууну жаратат. Башкача айтканда учурдагы түштүк алтайлыктардагыдай телес менен теленгуттар XIII кылымда синоним болушкан эмес, а тил жагынан жакын болгон жана мал чарбачылык, мергенчилик менен алектенип, көчмөн жашоо турмушун өткөрүшкөн «токой элдеринин» ар башка тобун билдирген.

Аталган монгол булагы «Ыйык сыр баянында» 1207-жылы Чынгыз хандын уулу Джучи багындырган элдердин аталышы жана географиялык жайгашышы кезеги менен төмөндөгүдөй берилет: «Токой элдери» тигил жерден бизди карай (батыштан чыгышка карай) аймактарды бул элдер ээлейт: шибир, кесдиин, байт, тухас, тенлек, тоелес, тас, бачжиги»[1]. Бул жерден төөлөстөрдүн жогоруда аталган башка элдерге салыштырмалуу Онон менен Керулендин жогорку аймактарына жакын экенин байкасак болот. Кыязы, алар Саян-Алтайлык тоолорунун райондорунда жайгашышса керек.

Рашид-ад-Диндин «Жылнаамалар жыйнагы» аттуу эмгегинде төлөс туалас же тулас деген аталышта берилген. Алар «Селенги дарыясынын аркы өйүзүндө» Баргуджин-Токум аймагында жашашкан. «Бул аймак, – автордун түшүндүргөнү боюнча, – Селенги дарыясынан жогору жагында, Монголиянын чыгышында орун алган»[2]. Иши кылып бул жерде сөз түштүк Прибайкалье тууралуу болуп жатат.

Телес-туластар тумат уруусунун туугандары[3]. Учурда түштүк алтайлыктардын арасында Тумат сөөгү сакталган, ал эми тувиндиктерде мындай аталышта бир нече топтор белгилүү. VI–VII кылымдан XIII–XIV кылымга чейинки аралыкта теленгиттер менен телестердин конуштары Хангай менен Саян-Алтайлык тайпак тоолорунун чет жакаларында жайгашкан[4].

---

[1] Сокровенное сказание...-С.174-175

[2] *Рашид-ад-Дин.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.I.-Кн.2.-С.111

[3] *Рашид-ад-Дин.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т. I.-Кн.1.-С.121

[4] *Анохин А.В.* Материалы по шаманству у алтайцев.-Л.,1924.-С.79.

XIV кылымга таандык мусулман булагы «Мажму ат-таварих» аттуу эмгекте дөөлөс (төөлөс) уруусу Алтайдан батыш тарапта орун алган кыргыз уруу-уруулук топторунун арасында эскерилет[1]. Ал мезгилде телестердин кайсы бир бөлүгү азыркы кыргыздардын тарыхый ата-бабаларынын составына киришкен, бул топ бүгүнкү күндө да уруу-уруулук составда кездешет. Телестер тууралуу XIII кылымдагы «Тарих-и-Кашгар» деген эмгекте Яркендге карай жүрүшкө катышкан, Арзу Мухаммедбектин аскерилеринин катарында айтылат.

Тарыхый жазуу булактары телестердин XIV кылымдан кийин да, XVII–XVIII кылымдарга таандык орус жазуу булактарынын пайда болушуна чейин жашагандыгынан кабар берет.

Теле уруусунун жашаган аймагы байыркы жана орто кылымдын топонимиясында берилген. Кытай жазуу документтеринин биринде VII кылымдын аягынан VIII кылымдын аягына чейинки мезгилдерде төлөс тоолору – Тэ-лэ-шань деп эскертилген, ал Алашань чөлүндө жайгашкан, учурдагы картада Алашань тоосу[2]. Белгилүү болгон X кылымга таандык персид аноними «Худуд-ал-аламда» Тулас[3] тоолору (же тоосу) аталган. Теле этноними учурдагы топонимияда да сакталган. Өзгөчө бир нече Монгол дарыяларында, алардын бири Тели (же монголчо Телин-гол) деген аталышта, Упса-Нор дарыясына куят, экинчиси – Шабир (Теси дарыясынын куймасы) дарыясына куюп, үчүнчүсү – Деле деген аталыштагы дарыя, Алатоо тоолор системасында жайгашкан[4]. Ошондой эле Алтайдагы Телец көлүнүн жана Казакстандагы Теле-Көл көлүнүн аталыштары да теле уруусунан кабар беришет.

---

[1] *Сайф ад-дин ибн Шах Аббас Аксикенти.* Көрсөтүлгөн эмгек.-67-б

[2] *Зуев Ю.А*. Тамги лошадей из вассальных княжеств//Тр. ИИАЭ АН КазССР.-Т. VIII.-Алма-Ата,1960.-С.112

[3] *Minorsky V.* Hudud al-Alam. The regions of the World a persiangeography.-London,1937.-P.195-196

[4] *Валиханов Ч.Ч.* Избранные произведения.-Алма-Ата,1958.-С.243-244; Г.Н. Потанин. Очерки Северо-Западной Монголии.-СПб.,1883.-С.15

## Орхон-енисей таш жазууларындагы «төлөс» термини

Байыркы түрк жазууларынын руникалык эстеликтеринде толис термини кездешет. Аны алгач В.В.Радлов телес деп окуп, аны кытай булактарындагы теле менен окшоштурушкан[1]. Мунун негизинде Н.А.Аристов телестерди түрк-тугю урууларынын башчысы деп эсептеген, анткени, орхон-енесай таш жазууларында байыркы түрктөрдүн телес жана тардуш деп бөлүнгөнү көрсөтүлгөн. Алардын ичинен телестер – чыгыш, тардуштар – батыш тараптан болушкан.

Байыркы түрк жазууларынан бизди кызыктырган этнонимди окуу бүгүнкү күнгө чейин ачык жоопту берген жок. Эскерте кетчү нерсе, В.В.Радлов менен П. Мелиоранский ал терминди телес деп окуган. Мындан тышкары алар Билге-кагандын урматына тургузулган храмдын калдыктарынын жанындагы балбалдардын айлампасындагы биринчи таштан да ушул атты окушкан. Ал жазууда мындай деп берилет: «Бул таш балбалдар (эстелик) толестердин шадына»[2]. С.Е.Малов берилген терминди ар кайсы эстеликте ар башкача окуган. Мисал келтирсек Куль-Тегиндин эстелигинде тексти – IYNk, транскрипциясы – Töliс, которгондо тёлис[3]. Могилян-хандын эстелигинде: тексти – IYNk, транскрипция – Töläс, которгондо толес[4]. Бирок Моюнчурдун эстелигинде: тексти – IYNk, транскрипциясы –Töliс, которгондо тёлис[5] термини берилген. Л.Амбис бул терминге

---

[1] *Radloff W.* Aus Sibirien.-Bd.I.-Leipzig,1884.-P.26; Fr. Hirth. Nachwort zur Inschriften des Tonjukuk. In: Die Alttiirkischen Inschriftender Mongolei. Zweite Folge.-St.-Pet,1899.-P.133

[2] Древнетюркские памятники в Кошо-Цайдаме. Сб. трудов Орхонской экспедиции, IV.-СПб.,1897.-С.45

[3] *Малов С.Е.* Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии.-М.-Л.,1959. -С.30,38

[4] Ушул эле жерде.-С.18,23

[5] Ушул жерде.-С.36,40

орхондук аталыш берет – Töläc (Tölös)[1], ал эми Э.Пулибланк – Tölis деп окуйт[2].

Толис деп окууну И.А.Клюкин[3], эч кандай аргументсиз эле киргизген. Албетте, ал бул терминди В.В.Радлов менен П.Мелиоранскийдин, же Ф.Хирт менен Э.Шаванндын окуганын жана алардын телес уруусун кытай жылнаамаларындагы теле менен бир деп айтышканын билген[4]. Толис, тардуш терминдерин изилдеп И.А.Клюкин аларды сол менен оң канаттын аталыштары катары алгач түрк урууларынын чөйрөсүнөн алынган этнонимдер болушу мүмкүн деген пикирге жол берет. Мындай бөлүнүш түрк чөйрөсүндө пайда болгон. Бирок ошол эле мезгилде ал географиялык чөйрөнүн аталышынан келип чыккандыгына да жол берет.

В.В.Бартольд орхон-енесай таш жазууларындагы телес (толис) терминин теле менен эмес, а Монголияда көчүп-конуп жүргөн уруулардын бири, кытай жылнаамаларында Ту-ли формасында берилген этноним менен салыштырат[5]. Бартольддун пикирин П.Мелиоранский менен Г.Е.Грумм-Гржимайло колдошкон. Г.Е.Грумм-Гржимайло Толёстү кытай летопистериндеги То-ли же Ту-ли менен окшоштурат жана аны биринчи Түрк каганаты кулаганда телелерге каршы көтөрүлүш жасап, каза болгон Хели-кагандын баласы Чебинин кол астында Алтайга жер которгон тамырлуу түрк уруусунан деп эсептейт[6]. Чеби токуз-огуздардан Алтай тоолоруна качып, өзүн түрк каганы деп атап карлуктарды жана түндүк енисейдеги кыргыздарды багындырган. Кандай болгон күндө да *ту-ли* уруусу чындыгын-

[1] *Hambis L.* Notes sur trois tribus de l'Jenisseі supérieur: les Us Qapqanas et Tälängüt// JA.-T.CCXLV,1957.-F.1.-P.32

[2] *Pulleyblank E.C.* The Consonantal system of old Chinese. The Hsiung-nu Language// AM.-New Series.-Vol.IX.-Pt.2.-London,1962.-P.258

[3] *Клюкин И.А.* Новые данные о племени тардушей и толисов//Вестник Дальневосточного отделения Академии Наук СССР, 1932, № 1-2. -С.96-98

[4] *Chavannes E.* Documents sur les Tou-kien (turcs) occidenteaux.St.-Pet.,1903.-P.14; Hirth F. Nachworte zur Inschrift des Tonjukuk//Die alttürkischen Inschriften der Mongolei. Zw. Folge.-St.-Pet.,1899.-P.133

[5] *Потапов Л.П.* Корсөтүлгөн эмгек.-С.165

[6] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-С.283-284

да жашаган жана бул аталышта телестер да аталгандыгы толук мүмкүн.

Азыркы мезгилдеги түштүк алтайлыктардын курамындагы *теленгит, телес, телеут* этнонимдеринин – уңгусунда байыркы *«теле»* термини жатат. Белгилүү болгондой, «теленгит» менен «телеут» деген аталыштар байыркы этнонимдин грамматикалык формада монголдук көптүк санда туюндурулушу. Буга байланыштуу орхон-енисей таш жазууларында берилген *«телес»* термини гана ишенбөөчүлүктү жараткан болчу. В.В.Радлов, Томсен, Ф.Хирт, Е.Шаванн жана башкалар телес этнонимин кытай летопистериндеги теле теримини менен бир деген пикирин айтышкан. Бирок мында В.В.Бартольд П.Мелиоранский жана Г.Е.Грумм-Гржимайлолор тараптан колдоого алынып бул пикирден күмөн санаган. Учурда бул суроо түркологдор тарабынан аныкталган маалыматтар менен такталган: аффикс з (с) байыркы түрк тилдеринде көптүк сандын көрсөткүчү болгон, анын ичинде жеке орхон таш жазууларынын тилинде да[1]. Буга байланыштуу *телес* этноними теленин көптүк сандын граматикалык формасы катары Л.П.Потапов сунуштайт[2]. Алтайдан башка төлөстөр Тувада да бар, алар өздөрүн *«тулүш»* же *«түлүш»* деп аташат. Алгачкылардан болуп Г.Н.Потанин тувалык «түлүштөрдүн» атын «төлөс» термини менен салыштырган. Кийинчерээк муну Г.Е.Грумм-Гржмайло колдогон[3].

## Е-48 (Абакан) эстелиги

Хакассияда Минусинск музейинде (инв. № 44) сакталып турат. Бул жерге эстелик таш 1913-жылы келип түшкөн. Борбордук Хакасиядан, Уйбат суусунун Абакан дарыясына (сол жээги) куйган жериндеги ортоңку агымында мурунку Тутатчиковдордун улусунун жанынан табылган.

[1] *Кононов А. Н.* Грамматика турецкого языка.-Л.,1941.-С.95

[2] *Потапов Л.П.* Очерк этногенеза южных алтайцев//СЭ.-М.,1952.-№ 3.-С.26

[3] *Сердобов Н.А.* История формирования тувинской нации.-Кызыл, 1971.-С.43-44

Аталган эстеликтеги жазууларды С.В.Киселев[1], С.Е.Малов[2], Д.Д.Васильев[3] жана Д.М. Насиловдор туура эмес окушкан. Орус окумуштуусу И.В.Кормушин Е-48 (Абакан) эстелигиндеги жазууларды ревизия кылып, кайрадан оңдоп окуп чыгып, «бул жазуу төөлөстөрдүн башчысына (тутук) арналган. Ошондой эле бул факт, хакас, шор, тува, алтай, кыргыз жана түрк тилдүү элдердин этникалык тарыхын тактоодо далилдүү документ катары саноого болот»[4] – деп жазат.

Тексти:

*Сол жагы*



Транслитерациясы:

(7) töl$^{ä}$s b$^{i}$lgÄ : tʊt$^{u}$q b$^{ä}$g : $^{a}$ltï j$^{ä}$g$^{i}$rmI : j$^{a}$ŚdA : $^{a}$lM$^{ï}$Ś : qʊNČ$^{u}$j$^{ï}$ŋ$^{ï}$Z : bü$^{ü}$kM$^{ä}$dI b$^{ä}$g$^{i}$Č$^{ä}$M

(8) $^{ä}$rdÄMl$^{i}$g : $^{ä}$lIntÄ : b$^{ü}$kM$^{ä}$dI : tül$^{ä}$Ś $^{a}$lP : tʊt$^{u}$q : IŚ$^{i}$ŋÄ : b$^{ü}$kM$^{ä}$dI : j$^{ä}$g : t$^{ä}$rk$^{ä}$n : $^{ä}$sIZ : jïta : $^{a}$ČIγA

Транскрипциясы:

(7) töläs bilgä tutuq bäg altï jägirmi jašda almïš qunčujïŋïz bökmädi bägičäm

(8) ärdämlig älintä bökmädi töläs alp tutuq išiŋä bökmädi jäg tärkän äsiz jïta ačïγa

## Котормосу:

(7) Төлөстөрдүн беги, акылман тутук. Он алты жашында алынган колуктусу менен ырыкаттанган жок, менин кымбаттуу бегим.

---

[1] *Киселев С.В.* Неизданные надписи енисейских кыргызов//ВДИ.-М.,1939.-№ 3.-С.126-130

[2] *Малов С.Е.* Енисейская писменность тюрков.-М.-Л.,1952.-С.93-96

[3] Кара: *Васильев Д.Д., Насилов Д.М.* К прочтению Абаканского памятника//Средневековый Восток: история, культура, источниковедение.-М.,1980

[4] Кормушин И.В. Тюркские Енисейские эпифатии.-М.,1997.-С.44

(8) Өзүнүн кайраттуу эли менен ал ырыкаттанган жок; төлөстөрдүн тутугу катары эрдик иштери менен ырыкаттанган жок, башкаруучулардын мыктысы, кандай аянычтуу, кандай күйүт, кандай кайгы!

## Е-55 эстелиги

Хакассияда Минусинск музейинде (инв. № 41) сакталып турат. Кайдан табылганы белгисиз.

Тексти:



Транслитерациясы:

**(1) quČγ$^{a}$r : tüläŚ tIr$^{i}$g**

Транскрипциясы:

**(1) qočγar töläs tirig**

Котормосу:

(1) Мен – тириг Кочкар-төлөс

## Е-147 (Ээрбек I) эстелиги

Тува музейинде сакталып турат. Улуг-Хем дарыясынын оң жагындагы Ээрбек поселогунан 19 км батыш тарабындагы Онгар-Хову деген жерден табылган.

Тексти:

*Алдыңкы бети*



Транслитерациясы:

**(3) υγl$^{a}$n $^{a}$t$^{i}$m : j$^{ä}$rl$^{i}$g Čυr : t$^{ä}$ŋrI el$^{i}$MdÄ t$^{ä}$gZ$^{i}$nm$^{i}$s$^{i}$M tül$^{ä}$s $^{a}$lP t$^{a}$rq$^{a}$n $^{a}$t$^{i}$MqA : büükM$^{ä}$d$^{i}$M**

Транскрипциясы:

**(3) oɣlan atïm järlig čor täŋri elimdä tägzinmišim töläs alp tarqan atïmqa bökmädim**

Котормосу:

(3) Менин жаш кездеги атым – Йерлиг-чор. Менин Теңир колдогон мамлекетимден мен кетип жана келгем. Өзүмдүн төлөстөрдүн тарханы деген кайраттуу даражам менен мен ыракаттанган жокмун!

Аталган жазууларда Е-48де  тамга, Е-55те  тамга жана Е-147де тамгалары кездешет. Көрсөтүлгөн тамгаларды И.В.Кормушин кыргыздарга таандык деп эсептейт[1].

Демек Ди уруусу Динлин урууларынан башка уруу. Ди 狄 бай-ди (ак ди), чи-ди (кызыл ди), бэй-ди (түндүк ди), усунь деген урууларга бөлүнөт. Бай-ди, чи-ди жана усуньдарды «талаа ди»си деп да аташат.

Чи-ди 赤 狄 кытайча «түндүктөгү кызыл көчмөндөр» деген маанини билдирет. III-кылымдын акыркы жарымынан кийин Кытайдагы улуу өзгөрүштөрдүн уландысы катары «кызыл көчмөндөр» кысымга алынып түздүккө бет алышкан. Ал жерден алар Ди-ли 狄 歷 деген аталышта белгилүү болуп, Ордостон батышка карай созулган аймакты ээлеп, хунну тилинде, башкача айтканда, ортоктош түрк тилинде сүйлөшүшкөн. 338-жылы Тоба Вэй империясына багынышкан.

Тан династиясынын тарыхы боюнча дилилер көп учурда арабаларды, же болбосо бийик дөңгөлөктүү арабаларды колдонушкан, ошондуктан Юань-вей династиясынын тушунда, 390-жылы Дили деген аталыштын ордуна Гао-гюй деген аталыш менен белгилүү болушкан. Кытайча «гао-гюй» 高 車 деген сөздүн мааниси «бийик араба» дегенди түшүндүрөт. «Гао-гюй» – «бийик араба» деп билдиргендиктен көп окумуштуулар

---

[1] *Кормушин И.В.* Көрсөтүлгөн эмгек.-с. 15,33

анын аталышын канклы деп, канглы (канды) этноними менен чаташтырышкан. Канклы уруусу кытайча 康居 Кан-цюй деп аталган. Бул эки сөздүн айтылышы окшош болгону менен жазылышы башка иероглифтер менен берилген. Гао-гюй урууларын канглы уруулары менен чаташтырбагыла.

Суй династиясынын тушунда (589-618-жж) гаогюйлөр *теле* 鐵勒 деген ат менен кытый баяндамаларына түшө башташкан.

Байыркы орхон-енисей таш жазма эстеликтерде төлөс 𐱅𐰇𐰠𐰾 термини (этноними) – Tölic (тёлис), Töläc (толес), Tölic (тёлис), Töläc (Tölös) формаларында берилет.

Орто кылымдардагы мусулман жана монгол булактарында *телес* аталышы *тулас, тоолес, тоелес жана төөлөс (дөөлөс)* формаларында белгилүү.

Телес этноними *теле + (с)* аффиксинин жардамы менен пайда болгон теле этнониминин көптүк сандын граматикалык формасы. Түштүк алтайдын телестери өзүнүн аталышы алардын эзелки ата-бабалары – «теле» уруулар бирикмесине, орхон-енисей таш жазма эстеликтериндеги, мусулман жана монгол баяндамаларындагы төлөстөргө тиешелүү экендигин ачык-айкын көрсөтүп турат.

Жогорудагы эстеликтерде: Е-48де «төлөс элинин башкаруучусу тутугу (башкаруучусу)», Е-55те «кочкор-төлөс уруусунан» жана Е-147де «төлөс элинин тарханы» деген котормолор ошол заманда «төлөс» деген эл жашагандыгын айтып турат.

Демек орхон-енисей эстеликтериндеги жазуулардагы «tölic» термини орто кылымдарда Түрк каганатынын «чыгыш тарабы» же «чыгыш канаты» деген мааниге ээ болгон географиялык аскердик-административдик бөлүктүн (тюкюларда, тогуз-огуздарда, андан кийин уйгурларда) аталышы гана болбостон, «төлөс» этнонимин бергендиги ачык айкын көрүнүп турат.

Мурда телес этноним катары документалдуу түрдө XIII кылымдын башынан гана белгилүү болгон болсо, эми илимдеги жаңы ачылыштардын негизинде телес этнонимин VII–VIII кылымдардагы орхон-енесай таш жазма эстеликтериндеги жазуулардан белгилүү десек жаңылышпайбыз.

*Схема 12*. Борбордук Азиядагы арий урууларынын бөлүнүшү



Кыргыздын төөлөс уруусу алгач «дөөлөс» формасында XVI кылымдагы Сайф ад-Дин Аксыкентинин *«Тарыхтардын жыйнагы»* аттуу эмгегинде өз алдынча уруу катары Булгачы (Ичкилик) тобуна кирген алты уруунун бири катары эскерилет[1].

1763–1770-жылдарда жазылган кытай булагы «Сиюй Чжи» **西域志** *«Батыш жерлердин сүрөттөлүшү»* кыргыздарды жалпысынан экиге бөлөт: кэ-эр-гэ-ци-сы (түндүк) жана то-го-со-хо-лэ (түштүк) деп. Бул жерде төөлөс уруусун то-го-со-хо-лэ кыргыздарына кошот. Ошондой эле «Кокондон 3-5 күндүк жерде, тоолуу өрөөндөрдө бурут (кыргыз) уруусу төөлөстөрдүн конуштары жайгашкан» деген маалыматтар кездешет[2].

Ч.Ч.Валиханов[3] *«Кыргыздар жөнүндө кат»* деген эмгегинде төөлөс уруусун ичкилик урууларына таандык кылат.

Чыгыш тануучу, генерал-майор А.Ф.Костенко өзүнүн *«Алай жана Памирге болгон аскерий-илимий экспедиция»* аттуу эмгегинде 20 негизги ичкилик урууларынын катарында тулус (төөлөс – Н.Т.) уруусун белгилейт[4].

Полковник Н.Ф.Ситняковский[5] ферганалык кыргыздарды отус-уул жана ичкилик деп эки топко бөлөт. Ошондой эле ичкилик тобун «оң» жана «сол» деп бөлүп, төөлөс уруусун «сол» канат ичкиликке киргизет. Ситняковский төөлөс уруусунун *айтамга, коштамга, карагайлуу* (кара койлуу – Н.Т.), *нуркут* (муркут – Н.Т.), *кара тегинчи, агачке* (ак эчки – Н.Т.), *меркит* уруктарын атайт.

Кыргыздын көрүнүктүү саясий кызматкери жана тарыхчысы А.Сыдыков өз эмгегинде *тюелес* (төөлөс – Н.Т.) уруусун ичкилик тобуна кошуп, анын додоң, толман, докан (дүкөн), кенже тукум,

---

[1] *Сайф ад-дин ибн Шах Аббас Аксикенти.* Көрсөтүлгөн эмгек.-65-б

[2] Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана...-Т. II.-201,205-б

3 *Валиханов Ч.Ч.* Собрание сочинений в пяти томах.-Т.II.-Алма-Ата,1985.-С.45. Ал төөлөс уруусунун аталышын туяляс деп берген

[4] *Костенко Л.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.372

[5] *Ситняковский Н.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-Вып.I.-С.92-100;-Т.II.-Вып.II.-С.57-58

меркет (меркит), меркут (муркут) уруктарын атап, алар Ош округунун Өзгөн жана Ичкилик волосторунда турушат деп жазат[1].

Я.Р.Винников 1953–1954-жылдары Түштүк Кыргызстанда жүргүзүлгөн кыргыз урууларын изилдөө экспедициясынын материалдарына таянып, ичкилик тобун *оң* жана *сол* канатка бөлөт. Ал *төөлөс* уруусун оң канатка киргизип, анын жашаган жерин белгилеп, этникалык картага түшүрөт.

Түштүк Кыргызстандагы Төөлөс уруусунун курамы Я.Р. Винников боюнча төмөндөгүдөй: Төөлөс уруусу экиге бөлүнөт: «Айтамга жана коштамга. Айтамгадан: буйга, дукун (дүкөн – Н.Т.), толуман, кенже тукум, додон, кураш; буйгадан: кошкара (кашкары – Н.Т.), чала, байке, карынчы, калдар; коштамгадан: шорон, герей, муркут, меркит, бөлтүрүк, качканак, шапандар; шорондон: кысроо, буралар, жору; герейден: арыкбай, даркы, кочкор, торутай, токтамат; торутайдан: караказы, алашан; муркуттан: чулетатыр, андан каратегенчи, кенже тукум; меркиттен: чулебатыр»[2].

С.М.Абрамзон «төөлөс» этнонимин «дөөлөс» формасында берет. Ал «дөөлөс уруусу өзгөчө көңүл буруууга татыктуу, анткени анын аталышы (мүмкүн түпкү теги да) алтайлык уруулардын тобу менен байланышы бар экени шексиз» деп, төөлөс уруусун алтайлык төлөс уруулары менен байланыштырат.

Ал Түндүк Кыргызстандагы төөлөс уруусунун курамын төмөндөгүдөй берет: «Төөлөстөн – толуман, андан: карасакал (акжол), барат, ак эчки, чулум кашка, кызыл аяк, кызыл курт, керейит; карасакалдан: карагул, жаманкул, жаан бала, сарт; чулум кашкадан: замбул, булбул, абышка, кармыш; замбулдан: мендеке, андан кудайкулу, жаный, олжотой; булбулдан: сатыке, алыйлар; абышкадан: итбок, тагай, казанбак, чыгырык; жаныйдан: кудаш, барак; кудаштан: жолуке, байболот; барактан: бакшан, жоруп; бакшандан: майна, андан абыл, түлкү, шергазы, чүң-

[1] *Сыдыков А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.293-295;-Б.,1992.-С.95,106-107
[2] *Винников Я. Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.166.-Рис.19

көй, эсенгул, кебек, токоч; абыл менен түлкүнүн тукумдарын *он жети үй* дешет, жоруптан эмил»[1].

Кыргыз тарыхчысы Б.Жамгырчинов[2] кыргыз элинин 40 уруудан түзүлүшүн колдоп, аны «эски» уруулар деп атап, аттарын тизмелеп берип, ичкилик урууларын «оң» жана «сол» деген эки чоң топко бөлүп, акыркысына төөлөс уруусун кийирет.

С.Аттокуров[3] өзүнүн «Кыргыз санжырасы» аттуу эмгегинде Я.Р.Винников менен С.М.Абрамзон түзгөн төөлөс уруусунун генеалогиялык схемаларын бириктирип, бул схемага жаңылык катары Алангар жана Көлөнгөр деген этнонимдерди киргизет. Ошону менен катар Я.Р.Винников жана С.М.Абрамзон кетирген каталарды автоматтык түрдө кайталайт.

Төөлөс уруусунан чыккан молло Шарап Карваний[4] төөлөс уруусун ичкилик тобунун оң канатына кийирет. Ал «Төөлөс калкы ичкиликтердеги чоң уруулардын бири» – деп, анын *меркит, муркут, керайит, шорон, айтамга, додоң* уруктарын санайт жана *муркут* уругу экиге бөлүнөт: бир бөлүгү Боролдой деп, анын алты топко бөлүнөрүн айтат.

Төөлөс уруусунун азыркы (Төөлөс айыл округу) отурукташкан жерине качан келгендиги туралуу төмөндөгү маалыматтарды берет: «Төөлөс уруусунун башка жерден көчүп келгендигине, ушул жерде эл-журт болуп туруп калгандарына божомол менен 400 (төрт жүз) жылча убакыт өтсө керек. Муркут жана Меркит экөө ага-ини болгон экен. Булар баштап Самарканддан нары, Нур-Ата деген жайда жашашкан. Жүлгө[5] топурагына илгери баарынан мурда Айтамга, Толмандардын бабалары келген экен. Булар келишип, Абшыр сай, Көк-Жар сай, Жылгын сай, Жинжиген сай, Жабылуу ата аттуу жерлерди ээлешкен. Айтамгалардан кийин керайит, шорон келген. Алардын арты-

---

[1] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения...-С.83-84.-Рис.23. Структура племени дөөлөс; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...-714-715-б.

[2] *Джамгерчинов Б.* Присоединение Киргизии к России.-М.,1959.-С.23-26

[3] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-204-б.

[4] *Молло Шарап Карваний.* Көрсөтүлгөн эмгек.-25-27-б

[5] Азыркы Төөлөс айыл өкмөтүнүн территориясы

нан муркуттун бабасы Мухаммадамин бий көчүп келген. Анда аларга Кубатбектин жогорураагындагы чукур келген лейлек кушу уялаган, токойлуу жерлерди көрсөтүп беришкен. Муркуттун бир бөлүгү, Ноокаттагы Ойталга көчүп кеткен. Ошол жерде отурушкан. Азыркы күндө ал жерде Муркут дөбө деген дөбө бар. Меркит-муркуттун тамгалары «кош тамга» экен. Ошондуктан, буларга «кош тамга» деген наам коюлган» – деп жазат.

Т.Умар уулунун «Кыргыз санжырасы» аттуу китепчесинде, *төөлөс* уруусун ичкилик (кызыл уул) тобунун курамына киргизилип, анын кызыл аяк, көк аяк, төлмон, чулум, кудаш, байболот, жолуке, ажы, абышка, жаный, барак, кудайкул аттуу уруктары көрсөтүлөт[1].

С.Жаңыбай уулунун[2] «Кыргыз санжырасы» аттуу китепчесинде, автор *төөлөс* уруусун кыргыздын Сол канатына киргизет. Ал мындай деп жазат «Куу уулдан эки бала: кушбак, куунак. Куунактан эки уул төрөлөт: канды, төөлөс». Төөлөс уруусунун курамын Т.Умардыкындай эле берет.

Э.Төрөкан уулунун[3] «Сол канат кыргыз» аттуу эмгегинде төөлөс этноними «дөөлөс» деп берилип, төөлөс уруусунун келип чыгышы туралуу бир нече вариант уламыштар келтирилет. Ошондой эле төөлөс уруусунун курамы, жашаган жерлери көрсөтүлүп, Кыргызстандын түндүгүндөгү төөлөс уруктарынын генеалогиялык схемасын берилет.

«Манас» эпосунда жана ошондой эле «кырк уруу кыргыздын» тизмесинде да *төөлөс* уруусу айтылат[4].

---

[1] *Турдубай Умар уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-22-24-б

[2] *Сапарбай Жаңыбай уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-16,18-19-б

[3] *Эсенкул Төрөкан уулу.* Сол канат кыргыз.-3-чү китеп.-Б.,1995.-153-157,165-172-б

[4] Манас. -Т. II. -Фрунзе, 1980. -94-б (С. Орозбаковдун варианты боюнча)

**Төөлөс уруктары «92 элетийа» урууларынын тизмесинде**[1]

| I. Маджму ат-таварих боюнча (Л. 17а-18а кол жазма; Т. чыгарылган с. 22-23) | II. II Тухфат ат-таварш-и хани боюнча (ЛО ИВАНнын тизмеси, С 468, л. 2666) | III. ӨзССРнин чыгыш таануу Институтунун 4330.3 кол жазмасы боюнча, л. 1326. | IV. Закир Чормошевден Абрамзон С. М. жазып алган 92 уруунун тизмеси боюнча | V. Төөлөс уругу |
|---|---|---|---|---|
| 40. кереит کريت | 35. кераит كرايت | 41. кераит كرايت | ÷ | кереит |
| 56. гирай, гирей كيراى | 51. гирай, гирей كراى | 91. гирей, кирей كراى | ÷ | герей |
| 57. дурмен دورمن(تابين) | 53. дурман دورمن | 57. дурмен دورمان | дурман | дүрбөөл |
| 46. меркит مركيت | 41. меркит مركيت | 46. меркит مركت | меркит | меркит |
| 47. бүркүт مركيت | 42. бүркүт مركيت | 47. бүркүт مركت | бүркүт | муркут |
| 88. шуран شوران | 91. суран سوران | 87. шуран شوران | сооран | шорон |
| 11. калмак قالماق (قلماق) | 69. калмак قالماق | 16. калмак قلماق | ÷ | калмак |

Памирде жашаган *төөлөс* уруусу кесек уруусунун курамында көрсөтүлгөн, ошондой эле сары тейит уругунун курамына кирген *дүрбөөл* төөлөс уруусунун уругу болуп саналат[2].

Кытайлык кыргыз тарыхчысы Анвар Байтур «теле уруу бирикмесин» «төөлөс уруу бирикмеси» – деп жазат[3].

Орус генералы Л.Г.Корнилов[4] *төөлөс* уруусун найман жана кыпчак уруулары менен бирдикте 170 түтүн болуп, Янги-Гиссар уездинин Кызыл-Таг бектигинде жашарын белгилейт.

Профессор А.А.Асанканов Чыгыш Түркстанда жашаган төөлөс уруусу жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтарды берет: «Тарбагатайдын Дүрбөлжүн районунун Чынмий, Чадыжы, Калажын, Эки-Суу, Оркошар айылдарында *керей* (төөлөс) уруу-

---

[1] Материалы по истории киргизов и Киргизии.-Т.I.-Б.,2002.-С.230,232

[2] *Жолдошев С.Н., Токоев С.И.* Көрсөтүлгөн эмгек. -89-б

[3] *Анвар Байтур.* Кыргыз тарыхы. -I-китеп. Б.,1992.-75-б

[4] *Корнилов Л.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.235. Корнилов төөлөс уруусун аталышын тойлясь деп берет

су кыргыздын мундуз, найман, баарын, сарыбагыш, сарт, саяк уруулары менен чогуу жашашат.

Ал эми Тарбагатайдын батыш бөлүгүндөгү Илиниде (Текес) жашаган кыргыздын ичинде *төөлөс* уруусу да бар.

Ак-Суу аймагынын Жаман-Суу районунун Боз-Дөң айылындагы кыргыздардын 70%тин *төөлөс* уруусу түзөт. Бул жердеги төөлөстөр өздөрүн Чулум кашканын урпактары катары санашып, Анжиян тараптан келгенбиз дешет. Аталган айылда төөлөстөрдөн башка бугу, моңолдор, сарбагыш, саяк, черик уруулары да турушат, бирок алар 30%тин гана түзүшөт.

Үч-Турпан районунун (Какшаал) Жаман-Суу айылында да төөлөс уруусунун өкүлдөрү жашашат. Аталган айылда төөлөстөрдөн башка бугу, жоош, коңурат, кушчу, моңолдор, мундуз, саруу, черик уруулары да турушат, бирок айылда *төөлөс* жана черик уруулары басымдуулук кылышат.

Ошондой эле Куча оазисинин Шая деген жеринде *төөлөс* уруусунан чыккан кыргыздар жашашат деген маалыматтар бар»[1].

Азыркы убакта төөлөс уруусунун өкүлдөрү Баткен, Жалал-Абат, Нарын, Ош, Чүй, Ысык-Көл облустарынын айылдарында турушат. Төөлөс уруусунун жана анын уруктарынын аталыштары Ош облусу, Ноокат районунда Төөлөс айыл өкмөтүнүн, Герей-Шорон, Меркит, Муркут, Нарай айылдарынын, Өзгөн районунун Төөлөс айылынын, Чүй облусу, Ысык-Ата районунда Барат айылынын аталыштарында сакталып калган.

## Төөлөс этнониминин этимологиясы

Төөлөс этноними байыркы «ди» же «дили» урууларынын аталышынан пайда болушу мүмкүн. Буга мисал катары төөлөстөрдүн ичинде төмөндөгүдөй уламыш бар: «Жер жаралгандан бери кандайдыр бир эл болуптур, алар акырындап жок боло башташат. Бул элден жети уруу калат – жети-сары, төөлөс...»

[1] *Асанканов А.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.134-135,138-140

Уламыштарга таянсак, алтайлыктар урууларга бөлүнүшүп жатканда, жети бир тууган кечигип калып сөөк жетпей калат. Аталган жети бир тууган таз болгондуктан буларды «жети таз» деп аташат. Г.Н.Потанин «төөлөстөрдүн чыныгы аты «джиты тас» (титас)»[1] – дейт. Бул жерде сөздүн уңгусу «ди» (ди+тас), аталган уңгу сөз «ди», «дили» этнонимдерин чагылдырып турат. «Ди», «дили» уруулары кийин теле деп аталат. Ал эми теле этнониминин көптүк саны (с) аффиксинин жардамы менен *телес* этноними пайда болгондугун биз жогоруда айтып кеткенбиз.

«Төөлөс» этноними «төр» же «төрө» деген сөздөн келип чыгышы мүмкүн. «Төр» же «төрө» термини «бийик, тоонун чокусу, боз үйдүн ичиндеги ардактуу же сыйлуу орун, уруу башчы» деген маанилерди берет, ошондой эле бул терминдер менен Саян-Алтай аймагындагы жашаган *динлиндерди* аташкан. Өзүңүздөргө белгилүү болгондой төөлөстөрдүн ата-бабалары дили урууларынан болушкан. Төлөстөр ак сөөк уруу экендигин көптөгөн изилдөөчүлөр белгилеген[2]. Ага далил катары төөлөс уруусу жөнүндө эл арасында мындай лакаб сөздөр бар: «Төөлөс төрүн бербейт, өлсө көрүн бербейт», «Төөлөстүн кыздары ханыша болуп саналат»[3], «Төөлөс жаман атка минбейт, жаман катын албайт», «Төөлөстөн өткөн асыл урук жок, төөдөн өткөн ыйык мал жок».

«Төөлөс» этноними «төө» деген сөздөн келип чыгышы да мүмкүн. Төөлөс жана төө терминдери дайыма фонетикалык жактан уйкаш, бул бекеринен эмес. Ал төмөндөгүдөй уламышта чагылдырылган: биринчи уламышта «үч бир тууган атасынын мурасын бөлүп жатканда төөлөстүн ата-бабасы Төөлөскө ашыкча төө тийип калат». Элдик этимологиянын семантикасы

---

[1] *Потанин Г.Н.* Очерки Северо-Западной Монголии.-Вып.IV.-СПб.,1883.-С.9

[2] *Калачев А.* Поездка к теленгитам на Алтай//ЖС.-Вып.III-IV.-СПб.,1896; Потапов Л.П. Алтайские телесы в этническом отношении//Проблемы происхождения и этнической истории тюркских народов Сибири.-Томск,1987.-С.53-71

[3] Төлөстүн аялдары жана кыздары эркектери согушта жүргөндө калган элди башкарышкан

боюнча төөлөс деген «төөлөрү бар» дегенди билдирет[1]. Экинчи уламышта «абдан кыйынчылык убакта төөлөстөр төөнүн жардамы менен аман калышат». Бул уламыш төөлөстөрдүн этногезин көрсөтүү менен бирге, төөлөстөрдүн ата-бабаларынын Борбордук Азиянын талаа мейкиндигинде үстөмдүк орунду ээлешип, төөлөрдү өстүрүшүп, аларды тотем катары тутушкан[2]. Буга далил катары төөлөс уруусунун айтамга жана шорон уруктарындагы буура (төө) деген урук бөлүкчөсүнүн болушу бекеринен эместир.

Демек, төөлөс этнониминин мааниси «ак сөөк, төрө, башчы, башкаруучу» деген маанилерди билдирет.

Төөлөс этноними этнотопоним катары Сузак жана Өзгөн райондоруна караштуу Төөлөс айылдарынын, Ноокат районунун Төөлөс айыл округунун аталыштарында сакталып калган.

Ошондой эле төөлөс уруусунун курамына кирген айтамга, меркит, мркут, толуман, додоң, керейит, шорон этнонимдеринин аталыштары Ноокат районуна караштуу Айтамга, Меркит, Муркут, Толуман, Додоң жана Керей-Шорон деген айыл аттарына – этнотопоним болуп айланган.

---

[1] Наречия тюркских племен, живущих в Южной Сибири и Джунгарской степи// Образцы народной литературы, отд.1, /Сост. В. В. Радлов/.-СПб.,1886.-С.183-184

[2] *Ямаева Е.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.20

*Схема 13*. Төөлөс уруусунун генеалогиялык схемасы



## Ичкилик тобунун тотемдик жана түстүк белгилери

Кыргыз урууларынын ар биринин тотемдик белгилери бар. Кыргыздын Оң канатынын тотеми – багыш/бугу, Сол канатыныкы – бука/уй, ал эми Ичкиликтики – бөрү/ит болуп саналат.

Бөрү/ит тукуму – сактоочу, коргоочу, күч-кубаттын, чыдамдуулуктун символу, жоокердик тотем. Орто кылымдагы кыргыз аскеринин тотеми – Кызыл ит (Барс) болгондугу жөнүндө кытай булактарында айтылат. Кыргыздар «Ит тукумуна»: арстанды – «ак ит», «жүндүү ит» – барак, «чоң ит»; жолборсту жана илбирсти – «кызыл ит», «сары ит»; кабыланды – «кара ит», «көк ит»; бөрүнү – «көк ит», «көк жал», карышкыр» деп киргизишкен. Бөрүнүн баласынан башка баарынын балдарын «күчүк», карышкырдыкын «бөлтүрүк» деп аташкан.

Түрк каганатынын курамына кирген төөлөс уруулары – бөрүнүн тукумдары болушкан[1]. Түрк каганы А-шина ушул төөлөс урууларынын жардамы менен улуу мамлекет түзүп, төөлөс (түрк) уруларынын атын алып, өздөрүн жана мамлекетин Түрк аты менен атаган. Ал жөнүндө «алар төөлөс урууларынын күчү менен «түндүктүн талааларында» көптөгөн эрдиктерди жаратышты»[2] – деп кытай булактарында жазылган.

Туранды бийлеген хандар Күн хандан тараган. Күн хандын Геродот жазган аты – Колоксай. Колоксай хан катары дайым кызыл кийинип жүргөн. Бул түстү ыйык түс катары кечеги күнгө чейин Кыпчактар сактап келди. Ал эми Ичкилик ордосунун хандары жана атактуу кол башчылары дал ушул уруудан чыкканы санжыраларда, дастандарда айтылып келет.

Тарыхый булактарда «кермихион» деген перс аталышта түрк уруусу кездешет. Кермихион термини эки бөлүктөн турат: *керми/херми/ерми* + хион, керми «кызыл», перс. «хион»,

[1] «Түрк» деген сөз «бөрү, карышкыр» дегенди билдирет.

[2] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Ч.I.-Отд.1.-СПб.,1851.-С.373-374;-Ч.I.-М.-Л.,1950.-С.301

индо-евр. «khuon», байыркы кыт. «k'iwen», кидан., монг. «kion» «ит, дөбөт» дегенди билдирет. Демек кермихион деген «кызыл-ит» деген маанини берип, бул уруунун тотемдик атын билгизет. Булардын кийип жүргөн баш кийимдери, соот-шаймандары жана желеги кызыл болгондуктан «кызыл» деген атка ээ болушкан[1].

Ичкиликтердин өз аты – «сколоттор» – «падыша скифтер» экенин Геродот жазып калтырган. Скифтер жөнүндө эң алгачкы эскерүүлөр б.з.ч. VI кылымдын 70-жылдарында падыша Ассарходондун ассириялык жазууларында кездешет[2]. Аларды байыркы еврейлер «ашгуз», гректер Σκυθαι «скифтер», перстер «сака», кытайлыктар «саи» же «саи-ванг», ассириялыктар «аш-гу-за-ай», вавилондуктар «иш-гу-зай» деп жазышкан жана айтышкан[3]. Ашгуз же ишгуз деген «иш-огуз» же «ич-огуз» деген сөз[4]. Ал эми «ичкилик» деген «ич-огуз» дегендин эле бир варианты.

Жогоруда айтылган сколот термини түрк тилинде *ыскы~ско-ло-т* деп бөлүнөт. *Сколо* бул *скыты~скыт~скит*[5] *~скиф~скуз* деп чечмеленип, «ич-гуз» ~ «ич-огуз» деген маанини берет.

Байыркы кытай жылнаамасы «Шан-хай-цзинде» төмөндөгүдөй уламыш бар: «Кытайдан түндүк батышта улуу чөлдө Жун-фу-шан деген тоо бар. Ал тоодон Шун-шуй дарыясы агып чыгат. Кээде ушул дарыянын аталышынан Жун-фу-шан тоосу Шун-шан деп да аталат. Ушул аталган жерлерде Цюанжун (ит-жундар) деген эл жашайт. Булардын келип чыгышын

[1] *Marquart J.* Historische Glossen zu dem Alttürkischen Inschriften//Wiener Zeitschrift für die Kunde des Morgenlandes.-Bd.XI.1898.-P.196-197; Bailey H.W. Hārahūṇa/Asiatica. Festschrift F.Weller.-Leipzig,1954.-P.13-14

[2] *Гасанов З.* Царские скифы.-Нью-Йорк,2002.-С.25

[3] *Алексеев С.В., Инков А.А.* Скифы: исчезнувшие владыки степей.-М., 2010.-С.34; З.Гасанов. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.124; Ilhami Durmuş. Iskitler (Sakalar).-Ankara,1993.-S.26; Дьяконов И.М. История Мидии.-М.-Л.,1956.С.242-243;

[4] Книга моего деда Коркута.-С.15,31,35; Сулейменов О. Аз и Я.-Алма-Ата,1975.-С.269

[5] *Мизиев И.М.* Шаги к истокам этнической истории Центрального Кавказа.-Нальчик,1986.-С.48

төмөндөгүдөй түшүндүрүшөт. Император Хуан-диден (б. з. ч. 2697–2597-жж.) Мяо-лун, андан Жун-у. Жун-удан Бяо-мин, андан Бай-цюачя (ак ит). Иттерден экөө болгон: дөбөтү жана ургаачысы, булардан Цюан-жундар (ит-жун) келип чыгат. Алар эт менен тамактанышып «кызыл» болушкан»[1].

Бул уламышта Чи-ди (кызыл-ди) уруусунун алгачкы мааниси жатат. «Чи-ди негизи байыркы ит уруусунун урпактары, ди 狄 иероглифи «ит» дегенди түшүндүрөт»[2].

Демек, теле урууларынын ата-бабалары болгон Чи-ди – кызыл-ди уруусунун аталышы кыргызча «кызыл-ит» деген маанини берип, тотемдик атты билдирет.

Ичкилик урууларынын аталыштары негизинен анын тотеми болгон жана «бөрү/ит» маанисин түшүндүрөт.

Мисалы: Бостон этноними бос+тон деген эки бөлүктөн турат. Анын биринчиси «боз же бос» деген түстүк маанини берсе, экинчиси тон, тери деген мааниде, боз тери. Мында адам кийген бос тон эмес, бул жерде тотемдик маани жатат. Бостон деген бул бо(с)з бөрү же карышкыр деген түшүнүктү берет. Бөрү дайым бо(с)з түстө эмеспи. Бостон этнониминин этимологиясы «боз же көк бөрү» деген түшүнүктү берет»[3].

Каңды уруусунун курамындагы Акбарак, Жун, Итбок, Түркмөн аттуу урук аталыштары да жогорудагы маанини түшүндүрөт.

Кесек этнонимин ке(с)+сак деп карасак, анда ал «сак» элинин бир кесиндиси дегенди билдирет. Перс тилинде «сак» – «сакчы, ит» дегенди туюнтат.

Ал эми кыпчак урууларынын башкы тотеми боз бөрү болгон. Мисалы, бөрү уруусунан чыккан половец ханы Боняк венгрлер менен согушар алдында, түн жарымында талаага чыгып улуйт,

---

[1] *Поздеев Д.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.2

[2] Ушул жерде. С.3

[3] *Сулейменов О.* Көрсөтулгөн эмгек.-С.55; Гордлевский В.А. Что такое «босый волк»? //Известия АН СССР. Отделение литературы и языка.-Т.VI.-Вып.4.-М.1947.-С.320

аны коштоп карышкырлар да улушат. Муну жакшы белги катары кабыл алышат. Ал бөрүлөргө кыпчак уруусунун өкүлдөрү катары кайрылат, себеби кыпчактардын ата-бабалары бөрүлөр болушкан[1]. Анжияндык кыпчактар аялдын төрөтүн жеңилдетиш үчүн, төрөп жаткан аялга кургатылган бөрүнүн жүрөгүнөң бир үзүм беришкен[2].

Найман – «нейма» монгол тилинде – «сегиз» («сакз»). XII-XIII кылымдарда «сакз» аттуу түрк уруулары белгилүү болушкан[3]. Сак + з түрк тилинде з/с көптүк мүчөнү билдирет, демек «сак» – «ит», ал эми «сакз» – «иттер» деген маанини берет. Ошондой эле алтайлык уламыштар боюнча найман сөөгү өздөрүнүн ата-бабалары катары итти эсептешкен[4].

Нойгут~ногой~нохой монг. тилинде «ит» деген маанини берет[5].

Оргу~оргун~оркун = орк + ун, индоевропей тилинде orka, οὑρүοі, vrkan деген сөздөр «бөрү» деген маанини беришет[6]. Буга кошумча далил катары оргу уруусунун курамындагы Байбөрү, Чөөбөрү, Иткулу, Бөлтүрүк аттуу урук аталыштар мисал боло алат. Кыргыздар мекендеген Оркун дарыясынын аталышы да «бөрүнү» туюнтат. Демек «оргу» – «бөрү».

Тейит этноними – дахи~даи~дай дегенден келип чыгат, Δάοι (даи) грек тилинде «бөрү» деген маанини берет[7].

Төөлөс уламышы боюнча бөрүдөн келип чыккан, демек «бөрү». Буга кошумча далил катары төөлөс уруусунун кура-

---

[1] *Ахинжанов С.М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.279

[2] *Потапов Л.П.* Волк в старинных народных поверьях и приметах узбеков// КСИЭ.-№30.-1958.-С.138

[3] *Акеров Т.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.183

[4] *Ямаева Е.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.17-18

[5] *Поппе Н.Н.* Монгольский словарь Мукаддимат ал-адаб.-Ч.I-II.-М.-Л., 1938.-С.259

[6] *Гамкрелидзе Т.В., Иванов В.В.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Ч.2.-С.492-493

[7] *Гамкрелидзе Т. В., Иванов В.В.* Индоевропейский язык и индоевропейцы.-Кн. II.-Тбилиси, 1984.-С.495

мындагы Барак, Избасар, Иттыйбас, Итбок, Итэмген, Керейит, аттуу урук аталыштар мисал боло алат.

Ичкилик тобунун түстүк символикасы – *кызыл түс.* Бул түс Ичкилик тобунун өзүнүн – Кызыл уул деген аталышында жатат. А.К.Акишев «Кызыл – Күндүн жана Алтындын, социалдык элиталардын кийиминин жана белгисинин түсү»[1] – дейт. Кызыл түстөгү кийимдерди хандар, вазирлер, колбашчылар кийишкендиги баардыгына маалым. Ал эми ичкилик урууларынын желегинин түсү кызыл экендигин Махмуд Кашгарлык да жазып кеткен[2].

Демек Ичкилик тобунун жалпы тотеми бөрү/ит (барс), түстүк символикасы «кызыл» түс.

---

[1] *Акишев А.* Искусство и мифология саков.-Алма-Ата,1984.-С.127-145

[2] *Короглы Х.Г.* Из истории древнетюркской поэзии//Средневековый Восток.-М.,1980.-С.162

## Ичкилик тобунун тамгалары жана ураандары

«Уруулук эн тамгаларды тотем сыяктуу эле уруу-уруктарды, этникалык топторду бирин экинчисинен айырмалоочу белгилер катары кызмат кылган этникалык мүнөздөгү маанилүү булак катары карасак болот»[1] – дейт түркмөн этнографы Аташиязов С.

Ар бир кыргыз уруусунун өз тамгасы жана урааны болгондугу тарыхый булактарда жана санжыраларда айтылат. Ал тамга алгач малдарга басылып, белгилүү мааниге ээ болгон. Кийинчерээк тамга ошол уруунун өздүк тамгасына айланышы мүмкүн. Уруулардын жалпы жонунан бир тамгасы болгон менен, ички урук бөлүнүшүндө өзүнчө белгилери – тамгалары да болгон.

*Таблица 1.*

| № | Уруу аталышы | Тамга белгиси | Тамганынын аталышы | Урааны, тотеми |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Абат |  | ача тамга | кушу туйгун |
| 2. | Бостон |  | бөрү тамга | тотеми бөрү |
| 3. | Кесек |  | босого тамга, саадак тамга, жебе тамга | урааны “Ала-Тоо” |
| 4. | Каңды |  | орок тамга, үч ок тамга, чырак тамга | тотеми бөрү |
| 5. | Кыпчак |  | кош тамга | урааны “Айбаш”, “Манас” тотеми көкбөрү |
| 6. | Найман |  | чөмүч тамга | тотеми ит |
| 7. | Нойгут |  | жаа тамга | урааны “Акбалта”, тотеми ит |
| 8. | Оргу |  | күн тамга | тотеми бөрү |
| 9. | Тейит |  | сырга тамга, көзөө тамга, жагалмай тамга | Урааны “Тейит”, тотеми бөрү |
| 10. | Төөлөс |  | ай тамга, кош тамга | тотеми көк бөрү |

*Схема 14*. Ичкилик тобунун канаттарга бөлүнүшү




## Ичкилик тобунун параллелдери

| Урруу жана уруктардын аталыштары | Кыргыз | Казак | Өзбек | Каракалпак | Ногой | Башкыр | Түркмөн | Монгол, калмык | Бурят | Татар | Крым татар | Хакас | Алтай | Якут | Тува | Лакай |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыпчак | + | + | + | + | + | + | + | | | + | + | | + | | | |
| Канглы | + | + | + | + | + | + | | | | | + | + | | + | | |
| Кесек | + | + | + | + | | + | + | | | | | + | | | + | + |
| Найман | + | + | + | + | + | + | | + | | + | + | | + | | | |
| Кереит | + | + | + | + | + | + | + | + | + | | + | | + | | + | |
| Меркит | + | | + | | + | + | + | + | + | | | | + | | | + |
| Дөрбөн | + | | + | | + | + | | + | + | | | | + | | | + |
| Төөлөс | + | | | | | | | | | | | | + | | + | |

# Ичкилик тобу жашаган жерлер

*Таблица 3.*

| № | Уруунун аталышы | Жашаган жери |
|---|---|---|
| 1. | Ават | *Баткен облусу*: Лейлек районунун Ак-Арык, Баул, Достук, Жаштык, Интернационал, Исфана, Кара-Суу, Катыраң, Кулунду, Өзгөрүш айылдары жана Сүлүктү шаары; Баткен районунун Ак-Сай, Ак-Татыр, Базар-Башы, Баткен, Бужум, Булак-Башы, Гөөсүбар, Жаңы-Бак, Капчыгай, Кара-Булак, Кешмыш, Кулан, Кызыл-Бел, Кызыл-Жол, Орто-Боз, Самаркандек, Түбөк, Үч-Дөбө айылдары; *Жалал-Абад облусу:* Сузак районунун Абат, Таштак-Абат айылдары; *Ош областы:* Кара-Суу районунун Кыдырша айылы; *Өзбек Республикасы:* Үч-Коргон районунун Ишан-Арык, Нарын районунун Ак-Төөлүк, Ташлак, Тохмак жана Чанкул кыштактары. |
| | Кыдырша | *Тажик Республикасы:* Тоолуу Бадахшан Автоном Областынын Мургаб районуна караштуу Аличор, Баш-Гүмбөз, Кара-Көл, Көөнө-Коргон, Кызыл-Рабат, Медиян, Мургаб, Раң-Көл, Токтомуш, Шаймак айылдары; Жерге-Тал району Жайылган, Ак-Сай (Төмөнкү, Жогорку), Ачык-Алма, Гулама, Деп-Шаар, Домбрачы, Дубана, Жаңы-Кайың, Жыланды, Кара-Сай, Кашат, Кичи-Кара-Мык, Кош-Тегирмен, Кылжуу-Жай, Миң-Булак, Мөк, Мукур, Саргой, Сары-Талаа, Чобой айылдары; *Өзбек Республикасы:* Фергана облусу Фергана району Каражантак, Жабагы кыштактары; Анжиян облусунун Айым району Ленинабад, Дарак жана Мукур) кыштактары. |
| 2. | Бостон | *Баткен облусу:* Кадамжай районунун Ак-Турпак жана Бирлик айыл өкмөтүндө, Айдаркен, Жаңы-Коргон, Жал, Жоошук, Кичи-Айдеркен, Кызыл-Коргон, Моло, Орозбеков (Охна), Ормош, Өтүкчү, Сары-Камыш, Сырт, Тутек, Эшме айылдары; *Ош областы:* Өзгөн районунун Бозалабостон, Тогузбулак, Кыйшык-Алма, Канторма, Алабаш, Ирдык, Шагым, Сасык-Булак, Чинар-Булак, Каратарык, Бостон айылдары; Ноокат районунун Кыргыз-Ата айылы; *Жалал-Абад облусу:* Ноокен районунун Бостон айылы; Сузак районунун Каранай айылы; *Чүй облусу:* Аламедин району, Таш-Төбө айылы; *Өзбек Республикасы:* Фергана районунун Бостон, Куйбышев районунун Калават, Жайылма, Кува районунун Бостон, Каранкол, Дыйкан-Абат, Ташлак районунун Бел-Кыштак, Буткачы, Кум-Кыштак, Вуадил районунун Халмион жана Курганча кыштактары; *Тажик Республикасы:* Жерге-Тал району Кара-Кенже, Кара-Шоро, Сары-Кенже, Сарыгой, Сасык-Булак айылдары; Мургаб району Токтомуш, Шаймак айылдары; *Кытай Эл Республикасы:*Кашкар вилайетинин Таш-Коргон районунун Көк-Жар айылы; Котон аймагынын Сары-Кыя жана Кең-Кыр айылдары. |
| 3. | Каңды | *Баткен облусу:* Лейлек районунун Баул, Жаңы-Турмуш, Өзгөрүш, Катыраң айылдары; Кадамжай районунун Алга, Жаңы-Айыл, Орозбеков (Охна), Пулгон, Халмион айылдары; *Ош облусу:* Ноокат районунун Борбаш, Жаңы-Ноокат, Жийде, Көк-Жар (Алашан, Каранай) Кыргыз-Ата, Кашкалдак, Эски-Ноокат айылдары; Араван районунун Төбө-Коргон айыл өкмөтүндө; *Жалал-Абад облусу:* Аксы районунун Дардак-Дөбө айылы; Базар-Коргон районунун Жарыке, Кулат айылдары; Сузак району, Чангет-Сай; |

| | | |
|---|---|---|
| | | *Өзбек Республикасы:* Аим районунун Мукур, Каңды, Чирак-Тамга кыштактары; Фергана районунун Көкелең, Кува районунун Канды, Вуадил районунун Каражантак, Каптархана жана Каранай кыштактары. |
| 4. | Кесек | *Баткен облусу:* Лейлек районунун Айбике, Айкөл, Ак-Булак, Ак-Суу, Ак-Терек, Арка, Беш-Бала, Голбо, Гордой, Жеңиш, Калта-Кол, Кара-Булак, Кара-Даван, Кара-Камар, Кара-Сай, Кара-Суу, Кара-Таш, Кекире, Коргон, Көк-Таш, Кулунду, Лейлек, Миң-Жыгач, Мырза-Патча, Раззаков, Самат, Сары-Дөбө, Суу-Башы, Тайлан Чалды-Балды, Чимген, Чуулдак айылдары жана Исфана, Сүлүктү шаарлары; *Ош облусу:* Ноокат районунун Бел-Өрүк айылы; Араван районунун Маңгыт, Төбө-Коргон айылдары; Өзгөн районунун Ийри-Суу, Жаңы-Арык, Куршаб айылдары; *Чүй облусу:* Аламүдүн районунун Озёрная айылы; *Өзбек Республикасы:* Аим районунун Дардак, Ворошилов районунун Дыйкан-Чек, Кемпир-Абат кыштактары жана Алмалык шаары; *Тажик Республикасы:* Бөрүгөн (Бөрүэмген), Дазгон, Динау, Кайрагач, Күркент, Кыргыз-Кыштак, Селкен айылдары; Жерге-Тал району Ак-Мойнок, Балхы, Баш-Пилдон, Долоно, Жол-Терек, Жаңы-Шаар, Жар-Мазар, Кашка-Терек, Кыргыз-Пилдон, Майдан-Терек, Орто-Пилдон, Чобой, Чоң-Кыргыз, Чингак, Шараш айылдары; Мургаб району Токтомуш, Шаймак айылдары; *Кытай Эл Республикасы:* Кашкар вилайетинин Таш-Коргон районунун Көк-Жар айылы. |
| | Жоокесек | *Баткен облусу:* Кадамжай районунун Абдусамат, Алга, Бел, Жошук, Зар-Таш, Кайтпас, Кызыл-Коргон, Кыргыз-Кыштак, Мыргылчек, Навали, Ноогардан, Орозбеков (Охна), Өтүкчү, Советский, Сур, Таш-Дөбө, Таш-Курук, Чечме, Чукур-Кыштак, Шак-Шак, Ынтымак айылдары; *Өзбек Республикасы:* Нарын районунун Думар, Ак-Төөлүк, Чакул, Алты-Арык районунун Жаңы-Арык, Фергана районунун Чекшура, Шура, Ак-Арык, Куйбышев районунун Калават, Жаилма, Кува-Сай районунун Бостон, Каран-Көл, Кува районунун Телмен, Ахунбаев районунун Дөрмөн, Ташлак районунун Бел-Кыштак, Горба, Рамадон, Жарва, Вуадил районунун Халмион, Курганча жана Ханкиз кыштактары. *Тажик Республикасы:* Бөрүгөн (Бөрүэмген), Дазгон, Динау, Кайрагач, Күркент, Кыргыз-Кыштак, Селкен айылдары; Жерге-Тал району Ак-Мойнок, Балхы, Долоно, Жол-Терек, Жаңы-Шаар, Жар-Мазар, Кашка-Терек, Майдан-Терек, Чоң-Кыргыз айылдары; Мургаб району Токтомуш, Шаймак айылдары; |
| 5. | Кыпчак | *Баткен облусу:* Баткен районунун Ак-Турпак, Базар-Башы, Баткен, Боз-Адыр, Бужум, Булак-Башы, Зар-Таш, Карабак, Кара-Булак, Кызыл-Бел, Кызыл-Жол, Тегирмен-Башы, Шейхалан, Шураб, Самаркандек айылдары; *Жалал-Абад облусу:* Аксы районунун Падыша-Ата айылы; Ала-Бука району; Сузак районунун Барпы, Бегават, Жийде, Чоко-Төбө, Октябрское айылдары; Базар-Коргон районунун Акман, Карача, Бешик-Жол, Чоң-Курулуш айылдары; Чаткал районунун Чаар-Таш, Тиллаберди сайларында; Көк-Жаңгак шаары; *Ош областы:* Чоң-Алай районунун Жекенди, Чолок, Карамык, Батман-Көл, Шибе айылдары; Кара-Суу районунун Савай, Кутчу, |

| | | |
|---|---|---|
| | | Жылкелди Кара-Суу айылдары; Өзгөн районунун Ана-Кызыл, Кызыл-Сенгир айылдары;<br>*Чүй областы:* Аламүдүн районунун Ак-Булуң, Бер-Булак, Орок, Таш-Төбө, Терек, Төш-Булуң, Чоң-Арык, Кант районунун Ак-Сай, Чоң-Далы, Чүй районунун Ак-Бешим, Дөң-Арык, Плоходников, Кемин районунун Бейшеке, Кашкелең айылдары;<br>*Нарын облусу:* Нарын районунун Ак-Кулун, Кызыл-Эмгек, Ак-Талаа районунун Терек, Ат-Башы районунун Төш-Булак, Кочкор районунун Кара-Булуң айылдары;<br>*Ысык-Көл облусу:* Тоң район унун Большевик, Түп районунун Күрмөнтү, Сары-Булак, Ысык-Көл районунун Тору-Айгыр, Ак-Суу районунун Ак-Булуң, Бурма-Суу айылдары;<br>*Өзбек Республикасы:* Анжиян областынын Аим районунун Кызыл-Токой, Ворошилов районунун Фазылман, Дехканчек, Кош-Дөбө, Кожо-Шүкүр, Кемпир-Абат, Абдуллаби, Анжиян районунун Чиланмазар кыштактары, Фергана областынын Фергана районунун Пакана, Чекшура, Ахунбаев районунун Барат кыштактары;<br>*Тажик Республикасы:* Мургаб жана Жерге-Тал району Коргон, Каршы, Майдан-Терек, Жерге-Тал, Калта-Булак айылдары.<br>*Кытай Эл Республикасы:* Кашкар вилайетинин Армүдүн айылы; Илиде (Текес). |
| 6. | Найман | *Баткен облусу:* Баткен районунун Ак-Татыр, Гөөсүбар, Рават, Сай, Самаркандык, Суубашы, Шейхалан, айылдары; Кадамжай районунун Ак-Терек, Ак-Сай, Кайрыма, Кара-Дөбө, Кара-Жантак, Кара-Жыгач, Кара-Кол, Кара-Кыштак, Көл, Кызыл-Кыштак, Орозбеков (Охна), Майдан, Марказ, Чукур-Кыштак, Суукана, Шыгай, айылдары; Лейлек районунун Андаркан, Арка, Даргун, Жаңы-Жол, Кызыл-Байрак, Маргун, Мургун, Чурбак айылдары;<br>*Ош облусу:* Чоң-Алай районунун Арча-Булак, Кара-Кабык, Кашка-Суу, Көк-Булак, Кулчу, Чак айылдары; Ноокат районунун Найман, Нарай, Жийде, Кызыл-Булак, айылдары; Араван районунун Найман айылы;<br>*Жалал-Абад облусу:* Сузак районунун Найман айылы;<br>*Өзбек Республикасы:* Куйбышев районунун Кал-Кишлак, Кувасай районунун Найман, Ахунбабаев районунун Дурман, Ташлак районунун Бел-Кыштак, Базала кыштактары.<br>*Тажик Республикасы:* Мургаб району Токтомуш, Шаймак, Кара-Көл айылдары; Жерге-Тал району Иргет, Миң-Булак айылдары;<br>*Кытай Эл Республикасы:* Тарбагатай, Дүрбөлжүн районунун Калажын, Оркошар, Чынмий, Чадыжы, Эки-Суу айылдары; Ак-Тоо ооданынын Булуң-Кол, Можу, Кез (Тар-Капчыгай), Суу-Башы, Токой (Корук), Чакырагыл айылдары; Кашкар вилайетинин Армүдүн айылы. Котон аймагынын Сары-Кыя жана Кең-Кыр айылдары; Илиде (Текес). |
| 7. | Нойгут | *Баткен облусу:* Баткен районунун Авгол, Апкан, Баткен, Газ, Дара, Жаңы-Жер, Жаңырык, Зардалы, Зар-Таш, Кайыңды, Кан, Кара-Дөбө, Кыштут, Согмент, Сай, Сары-Талаа, Суу-Башы, Таш-Коргон, Таян, Чарбак, Чек, Чек-Булак Чет-Кызыл Шурдан айылдары; Кадамжай районунун Ак-Турпак, Бүргөндү, Ак-Тилек айылдары;<br>*Ош облусу:* Ноокат районунун Кара-Таш, Нойгут айылдары;<br>*Жалал-Абад облусу:* Ноокен районунун Көпүрөк-Башы айылы;<br>*Нарын облусу:* Жумгал районунун Ак-Татыр айылы; |

| | | |
|---|---|---|
| | | *Ысык-Көл облусу:* Ак-Суу району Зындан айылы; *Өзбек Республикасы:* Үч-Коргон районунун Ишан-Арык, Кува районунун Кесек, Фергана районунун Чекшура, Куйбышев районунун Нойгут кыштактары. *Тажик Республикасы:* Жерге-Тал району Чобой айылы. |
| 8. | Оргу | *Баткен облусу:* Кадамжай районунун Үч-Коргон, Кызыл-Кыя шаарынын Караван айылдары; *Ош областы:* Ноокат районунун Ак-Жар, Арыкбою, Беш-Буркан, Дөңмаала, Ничке-Суу, Таш-Булак, Челекчи, Ынтымак айылдары. |
| 9. | Төөлөс | *Баткен облусу:*Кадамжай районунун Алыш, Гүлпиян, Кара-Жыгач, Кара-Кыштак, Кароол, Майдан, Марказ, Олалыш, Пум айылдары. *Ош облусу:* Араван районунун Авиз, Мангыт, Найман, Сары-Таш айылдары; Кара-Суу районунун Жаңы-Арык, Кара-Дөбө, Папан, Правда айылдары; Ноокат районунун Айбек, Айтамга, Атамерек, Апшыр-Ата, Баргы, Бел-Өрүк, Борбаш, Герейит-Шорон, Додоң, Жайылма, Жал, Жаңы-Ноокат, Жийде, Кайрагач, Камал-Ата, Кара-Таш, Кош-Таш, Кызыл-Тейит, Меркит, Муркут, Нарай, Нойгут, Он-Эки-Бел, Өсөр, Чечме-Сай айылдары айылдары; Өзгөн районунун Алтыбай, Бостон, Заргер, Кароол, Кашка-Терек, Куршаб, Кутурган, Кызыл-Дыйкан, Кызыл-Кырман, Кыймыл, Мырзаке, Төөлөс айылдары; Чоң-Алай районунун Кашка-Суу айылы; *Жалал-Абат облусу:* Сузак районунун Ачы, Барпы, Боз-Чычкан, Жийде, Кара-Дарья, Комсомол, Кырк-Казык, Кыргыз-Абат, Ырыс, айылдары; Тогуз-Торо районунун Казарман айылы; *Чүй облусу:*Чүй районунун Онбир-Жылга айылы; Ысык-Ата районунун Барат, Жайылма айылдары; *Ыссык-Көл облусу:*Жети-Өгүз районунун Ак-Дөбө, Аң-Өстөн, Боз-Бешик, Жалгыз-Өрүк, Оргочор, Кызыл-Суу, Чоң-Кызыл-Суу, Кажы-Сай айылдары жана Каракол шаары; Ысык-Көл району Бактуу-Долоноту, Сары-Ой, Сары-Камыш айылдары жана Балыкчы шаары. *Нарын облусу:* Ат-Башы районунун Казыбек, Ат-Башы айылдары жана Нарын шаары; *Өзбек Республикасы:* Анжиян облусунун Коргон-Төбө районунда, Фергана облусунун Кува районунун, Каракум кыштагы, Ташлак районунун Найман-Бостон совети, Кувасай шаары, Айрытам кыштагы; *Тажик Республикасы:* Тоолуу Бадакшан Автоном Облусу, Мургаб району, Көөнө-Коргон айылы; *Кытай Эл Республикасы:* Кызыл-Суу автономдуу областынын Тоюн дарыясынын Чакмак, Терек, Майдан, Тоюн аттуу өрөөндөрүндө, Кашгар шаарынын түндүк-батышындагы Кызыл-Ой, Канжууган, Жыгач-Арт, Оксалыр, Кавагатты деген жерлерде, Ак-Суу ооданына караштуу Боз-Дөң айылында, Карашаардын тегерегинде турушат. Ошондой эле Жаңы-Гиссар уездинин Кызыл-Таг жеринде, Муңгул-Күрөө ооданынын Ак-Суу аймагындагы, Жаман-Суу районунун Он-Суу жана Боз-Дөң айылдарында, Үч-Турпан районунун (Какшаал) Жаман-Суу айылында, ошондой эле Бөрү-Токой, Ак-Терек (Сарыкол) айылдарында турушат. |

# КОРУТУНДУ

Жогорудагы келтирилген материалдардын жана изилдөөлөрдүн негизинде кыргыздын ичкилик тобу өзүнүн курамына: 1. Сак-усун доорундагы даха~даи, алан, кангар, уйсун, сак урууларынын бөлүкчөлөрү: така, таканай, алак (тейит), каңды, сака (нойгут), сары уйсун (кесек) урууларын; 2. Хунн доорундагы хунн, жужан (авар), теле урууларынын бөлүкчөлөрү: жун, алашан, төөлөс, нойгут, уйгур (тейит) урууларын; 3. Алтай-Түрк уруулары – апар, чумугун, текин, карлук, төрдөш, чулум, толуман, нараба бөлүкчөлөрү: ават, бостон, тейит, каржооду, кесек, кыпчак, додоң, нарай, толман, чулум урууларын; 4. XII–XV кылымдардагы Энесай менен Иртыш дарыяларынын ортолугундагы жана Түндүк-Батыш Монголияда жашаган түрк-монгол элдеринен жана урууларынан кереит, кыпчак, меркит, могол (абат), найман, нойгут, сиберги, тума (тумат), булгачи, баргут (баркы), урууларын; 5. XV–XVI кылымдардагы Алтын Ордо чачылгандагы эчки, кара койлуу, ак койлуу урууларынын бөлүкчөлөрү: ак эчки, кара эчки, сары эчки, кара койлуу, ак койлуу, дүрбөөл урук бөлүкчөлөрүн; 6. XVII кылымдардагы калмак урууларынын бөлүкчөлөрү: калмак, калмакы, ошондой эле коңшу жашаган өзбек жана тажик элдеринин гача, калча аттуу майда уруктарын камтыйт.

Жогоруда келтирилген материалдардын жана изилдөөлөрдүн негизинде Кытайдын СУАРда, кыргыздын ичкилик тобунан ават (кыдырша), бостон, кесек, кыпчак, найман, нойгут, тейит жана төөлөс уруулары, ал эми Афган Кичи-Памирин, Памир жана Каратегинди тейит, ават (кыдырша), кесек, найман, кыпчак жана төөлөс уруулары мекендешери маалым болду.

Кыргыздын ичкилик тобун 10 уруу: ават, бостон, каңды, кесек, кыпчак, найман, нойгут, оргу, тейит, төөлөс түзүп, булар өз ара «оң» жана «сол» болуп экиге бөлүнүшөт. Оңго – бостон, кесек, оргу, тейит, төөлөс, солго – ават, каңды, кыпчак, найман, нойгут уруулары кирет. Белгилей кетүүчү нерсе жогоруда далилденгендей, кесек менен жоо кесек бир эле уруу. Кыргызстандагы кыдырша уругу ават, тейит урууларынын, ал эми Памир, Каратегинде кесек уруусунун курамына кирген урук.

Бул он уруу – «он уул» деп да аталат. «Он уул», «он ок будун», «он огузы», «он оглан», «он огур», тувалардагы «ондар-уйгур», «ханхан-ондар», «кыргыс-ондар», башкырлардагы «онлар», «ондар аз кыпчак» деген уруулар байыркы түрктөр (бөрү түкуму) менен гана эмес бири-бири менен болгон этногенездик байланыштары зор.

Лейлек районунда жашаган чапкылдык уруусун акыркы убактарда эл ичинен чыккан санжырачылар ичкилик тобуна кошуп жүрүшөт, бирок бул уруу изилдениле элек. Я.Р.Винников Кыргызстандын түштүгүндө жашаган кыргыз урууларын изилдөөдө чапкылдык уруусу жөнүндө эч кандай маалымат берген эмес, бирок найман уруусунун курамына «чапкылдык» деген урукту киргизген[1].

*«Чапкынчы»* аттуу урук бөлүкчө кытай жана чекир саяк урууларынын курамында кездешет.

Кыргыздын Сол канатындагы кытай уруусунун (жогору тамга) курамындагы чапкынчы урук бөлүкчөсүн А.Усупбаев[2] чапкылдык уруусу менен байланыштырып, азыркы чапкылдык уруусу мурда «чапкынчы» деп аталган дейт. Мунун негизинде ал чапкылдык уруусун кытай уруусунун бир бөлүгү катары санайт.

Кыргыздын Оң канатына кирген чекир саяк уруусунун курамына кирген чапкынчы урук бөлүгү жөнүндө С.М. Абрамзон мындай деген маалыматтарды берет: «Профессор К.К.Юдахинден чапкынчы уругу жөнүндө биз алган маалыматтар, чекир саяктардын бул уругунун Кыргызстандын түштүгүндө жашап турган чапкылдык тобу менен кандайдыр бир байланышы бар экенин кабарлайт. Иликтеп көргөнүбүздө бул маалыматтар ырасталды. 1949-жылы Касымаалы Токтомамбетов (Нарын облусу, Жумгал району) чапкынчы тукуму Хожент шаарынын чет жакасында да жашап турганын жана ал бул жакка Тянь-Шандан көчүп келишкенин айтып берген эле.

1955-жылы Ош облусунун Лейлек районундагы Булак-Башы айылдык кеңешине караштуу эски Сүлүктү деген жерде жашаган 67 жаштагы Калыгул Жолчубековдон биз алган маалыматтарга караганда чапкылдык тобунун ата-бабалары Оңколу менен Чапколу деген бир туугандар болгон жана бул жерде жашап тургандар Чапколунун

---

[1] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.164

[2] *Усупбаев А.* Кыргыз улуту уруулардан жаралат.-Б.,2011.-С.55

тукумдары. Ал чоң аталарынан чапкылдыктардын теги сарыбаштар (башкача айтканда  сарбагыш) болгон жана алар азыркы жашап турган жерине «Кочкор-Жумгалдан» ооп келишкен»[1].

Ушуга окшош ойду тарыхчы Ж.Малабаев да айтат. Ал мындай дейт: «Фергана өрөөнүнүн ар кайсы жерлеринде, Жумгал өрөөнүндө «чапкылдык», «чапкынчы» деген уруу жашайт. Бул эки уруунун түбү бир. Алардын ата-бабалары Кашкар тараптагы Чапкын деген жерде жашап, туулган баласына Чапкынчы деп ат койгон. Ошондон улам чапкынчылар, чапкындыктар деген уруу келип чыккан. Чапкынчы болжол менен XVIII кылымдын башында туулган. Демек, чапкылдыктардын пайда болгонуна 300 жыл чамасы болот»[2].

Ал эми С.Р.Саттаров чапкылдыктар тууралуу өз китебинде төмөндөгү маалыматты берет: «Лейлек районунун Маргун айыл өкмөтүнүн Даргаз айылындагы Зуфар Тилебай уулу (1900-ж.т.) 1991-жылы берген маалыматы боюнча чапкылдыктардын ураанын «Найман». Ал киши: «Биздин элдин урааны – найман, уруусу – чапкылдык» – дейт[3].

Жогоруда келтирилген маалыматтардын негизинде кытай жана чекир саяк урууларына кирген урук аз да болсо айрымаланып «чапкынчы» деп аталат. Ал эми найман уруусунун курамындагы урук «чапкылдык» деп туура аталып, «Найман» деген ураанды чакырышат. Ураан бул этностун өзүн өзү башка уруулардан ажыратуучу тотем жана тамга сыяктуу байыркы белги. Ошондой эле С.Р.Саттаровдун Баткен районунун, Самаркандек айылынын тургуну А.Абдыраимовдон алган «Наймандардын санжырасы» (эки барак) дегенде чапкылы найман деген урук кездешет.

Ал эми автордун Памирдеги найман урууларынан жазып алган санжырада Хан наймандан Кан Сыдык жана Бек  Сыдык. Бек Сыдыктан Каабай жана Карга. Каабайдан Ормон, Одон, ал эми Каргадан Чапкылдык наймандар тарашат деп айтылат[4].

---

[1] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения...-С.43; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...-674-675-б

[2] *Малабаев Ж.* Чапкынчылар.-Б.,1996.-56-57-б

[3] *Саттаров С.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Б.,2009.-316-б

[4] АТМ.-Т.№4

Демек, жогорудагы айтылгандар жана чапкылдык тобунун наймандар менен географиялык коңшу жашаганы бул топтун найман уруусунан чыккандыгынын далилдери боло алат.

Жыйынтыкта кыргыздын «ичкилик тобунун» бир бөлүгү алгач «бурут» деп аталып, байыркы кытай булактарына булу (пу-лу)~бо-лу (по-лу)~бо-лю (по-лю)~фу-ли деген аттар менен түшкөн. «Бурут» – «бөрү» деген маанини туюнткан. «Бөрү» кыргыздын ичкилик тобунун жалпы тотеми.

Баргужин-Токумдагы булгачын, ихирет, кермучин жана хори-тумат урууларынын бир бөлүгү, XIII кылымдарда «булгачын-ичкилик» (төөлөс, каңды, кыдырша, жоокесек, тейит, бостон) жана «кермучин» (ават, оргу) деген аталыш менен Тян-Шанга жер которушуп, ал жерде кийин найман, кыпчак уруулары менен кошулуп кыргыздын «ичкилик тобун» түзүшкөн.




Булардан сырткары Кыргыз элинин курамында кыргыз эмес жана аралаш тектеги топтор: *сарт-калмак*, *калмак-кыргыз*, *калмак*, *чала казак*, *келдике*, *күрөң* аттуу урук бөлүкчөлөр бар.

# КЕСЕК

# КЕСЕК

**Тамгасы: П.**

**Урааны: *«Ала-Тоо».***

Кесек кыргыз элинин байыркы урууларынын бири. Бул уруу жөнүндө алгачкы маалымат XVI кылымга таандык Маджум-ат-таварихте кездешет. Кесектер байыртадан эле Памир-Алайды жана Чыгыш Түркстанды мекендешет. Бүгүнкү күндө кесектер Баткен облусунун Лейлек, Баткен, Кадамжай райондорунда, Ош облусунун Чоң-Алай районунда, Тажикстандын Каратегин, Памир аймактарында, Өзбекстанда жана Кытайда жашашат.

Кесек этнониминин параллелдери бүгүнкү күндө башкырлардын курамында – «кезек табын»[1], венгрлерде – «keszö»[2], казактарда – «кара-кесек», тожулук туваларда – «кезек куулар», «кезек-маады»[3], туваларда – «кезек соян»[4], лакайларда – «кесек каллар», заравшандык өзбектерде – «молла-кесек», «мырза-кесек»[5], заравшандык каракалпактарда жана түркмөндөрдө – «кара-кесек»[6], уйгурларда – «кэса»[7], хакастарда – «кезегет», чулым татарларда – «кецик»[8], кыргыздын саруу урусунун курамында

---

[1] *Кузеев Р.Г.* Происхождение башкирского народа.-М.,1974.-С. 274

[2] *Nemeth G.* Ungarische stammesnamen bei den baschkiren//AL.-T.16.-№ 1-2.-Budapest,1966.-P.17

[3] *Вайнштейн С.* Тувинцы-Тоджинцы.-М.,1961.-С.40-41

[4] История Тувы.-Т.I.-М.,1964.-С.251

[5] *Гребенкин А.Д.* Узбеки//Русский Туркестан.-М.,1872.-С.70

[6] *Гребенкин А.Д.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.99,106

[7] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.417

[8] *Радлов В.В.* Из Сибири. Страницы дневника.-М.,1989.-С.92

– «кезек таз» жана «кезек сары», кытай уруусунда – кесектер, кесек кара, жетиген уруусунда – «кезек сары»[1] формаларында кездешет.

Кесектер С.Аксикентинин «Тарыхтар жыйнагында», Сохтун акими Иляс Кесек деген эскерилет, демек кесек уруулры ошол заманда эле Сохто жашап, аны башкарып турушкан[2].

Ч.Ч.Валиханов «Кыргыздар жөнүндө кат» деген эмгегинде Кокон хандыгында көчүп жүргөн кыргыз урууларын, анын ичинде кесек уруусу Апшырата жана Маргеланда жайгашкандыгын белгилейт[3].

Орус изилдөөчүсү А.П.Федченко «Туркестанга болгон саякат» аттуту китебинде «Лейлекке жакын тоолордо кыргыздын аваат, батыш жагында кесек жана чапкылдык уруулары жашайт»[4] – деп учкай белгилеп кеткен.

Полковник А.А.Кушакевич илимий адабиятта биринчилерден болуп Ходжент уездинде *кесек* уруусунун 13 уругун белгилейт: Мөжөй, Калдар, Кызыл аяк, Бөлөк сары, Сарыүсөн, Чуулдак, Теит, Бөксө, Тагайберди, Эшкара, Алтынчы, Чүчүк жана Кара молдо[5]. А.А.Кушакевич бул жерде *теит* уруусун кесек уруусуна урук кылып, жаңылыш кошот. Уезде кесектердин жалпы саны 700-гө жакын түтүн деп кабардаган[6].

Мындан сырткары ал кесектердин кыштоосун үч чоң топко бөлөт: «1. Хтой менен Андерсайдан Исфана-су жана Сүлүктүсу менен жогору, Ак-Терек-таңги жана Көкнэ-сай аркылуу, Ис-

---

[1] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения...-С.75,119; Ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер...-706,750-б; Усупбаев А. Кыргыздын сол канатынын, кытай уруусунун нукура тарыхы.-Б.,2011.-6-б

[2] *Сайф ад-дин ибн Шах Аббас Аксикенти,* анын уулу Нурмухаммед. Тарыхтардын жыйнагы (мажму атут-таворих)/котор. М. Досболов, О. Сооронов.-Б.,1996.-33-б

[3] *Валиханов Ч.Ч.* Записки о киргизах/Собрание сочинений в пяти томах.-Т.2.-А-А.,1985.-С. 40,44-45

[4] *Федченко А.П.* Путешествие в Туркестан.-Т.I.-Ч.II. В Кокандском ханстве.-СПб.-М., 1875.-С. 64; его же. Путешествие в Туркестан.-М.,1950.-С.265

[5] *Кушакевич А.А.* Сведения о Ходжентском уезде//ЗИРГО, по общей географии.-Т. IV.-СПб.,1871.-С.231

[6] Ушул эле жерде

фананын түндүк жагындагы сайлардын жана капчыгайлардын ичиде; 2. Исфанадан чыгышка карай кең жогорку мейкиндикте; 3. Исфанадан түштүк-батышта, Андарак жана Дих-наyга жакын жайгашкан. Алардын жойлоолору – Төө-Жайлоо тайпак тоолору, Андарактын айланасы, ошондой эле Андарак капчыгайлары жана Ак-Тоонун этектери болуп саналат. Кесектердин анча чоң эмес, 70 түтүнгө жакын бир бөлүгү Ура-Төбө жакта, Чирчай, Жанышке жана Жар-Кутан-таңгиге жакын кышташат»[1] деп жазат.

Алай жана Памирге болгон аскерий-илимий экспедициянын катышуучусу, Генералдык штабдын генеарл-майору Л.Ф.Костенко кыргыздардын ичкилик бөлүмү 20 уруудан турагандыгын белгилеп, анын *кесек, казык аяк, кара-садак* урууларын негизги уруулар деп санайт[2].

Кесек уруусунун келип чыгышы жөнүндө Ш.Караваний төмөндөгүдөй маалыматтарды берет: «Ата-бабаларыбыздын айткандарына караганда, тарыхта бир атадан эки уул болгон. Биринчиси Мергузи, экинчиси Жалайыр. Мергузиден казактар таралган. Экинчи уулу Жалайырдан эки уул болгон. Биринин аты Нармурад, экинчисинин аты Четак. Ушулардан таралгандарга *кара кыргыз* деген лакап берилген. Четактан алты уул болгон: 1. Адигене, 2. Тагай, 3. Муңгуш, 4. Мундуз, 5. Басыз, 6. Кутчу. Алты уулдан тарагандардын баары отуз уул кыргыз калкы.

Нармураддан тарагандардын перзенти Султан Субханкулу Балх шаарынын падышасы болгон. Анын үч уулу бар эле. 1. Полот, 2. Шаамухаммад, экөө бир энеден. 3. Шермухаммад башка аялынан, Кожонун кызы Сайидабибиден.

Султан Субханкулунун кожонун кызы Сайидабибиден болгон перзенти Шермухаммаддин балдары жана перзенттеринен *кесектер* таралган.

---

[1] Ушул эле жерде

[2] *Костенко Л.Ф.* Военно-научная экспедиция на Алай и Памир//ВСб.-СПб.,1877.-№4.-С.372

Шермухаммаддин бир уулунун аты Кулмухаммад болгон. Кулмухаммаддан эки уул. Биринчиси – Султан шах, дагы бири – Надыршах. Султаншахтын балдары *кесек* деп аталат.

Султаншахтан он эки уул бар: 1. Мерке, 2. Коӊурат, 3. Бөркө, 4. Тиймес, 5. Кепемер, 6. Маӊгыт, 7. Жоо кесек, 8. Бостон, 9. Дөмөр, 10. Каӊды, 11. Кыдырша, 12. Жастык. Ушул он эки уулунун балдары кесек деп аталат.

Бабалары Султан Субханкулу чеберелери Султаншах жана Надыршахты көргөнү келет. Ошондо Султан Субханкулу Кулмухаммад небересинен: «Бул уулуӊуз Надыршах экен, дагы бир уулуӊуз Султаншах кайда?» – деп сурайт.

Султаншах бабасы Султан Субханкулуга кесек алып берип турган экен.

– Таксыр сизге кесек алып берип турган уулуӊуз Султаншах, – дейт. Ошол окуядан кийин Султаншахтын балдарына кесек деген наам берилген»[1].

М.Тынышпаев казактардын кара-кесек уруусу менен кыргыздардын кесек уруусун байыркы чумугундар менен байланыштырып карайт да, 742–744-жылдарда уйгур жана карлуктардан жеӊилгенден кийин батышка карай сүрүлгөн деп божомолдойт[2].

Н.Ф.Ситняковский Фергана өрөөнүндө жашаган кесек уруусунун толук курамын берет да, анын он төрт уруудан тургандыгын көрсөтөт: Кесек, Бай кесек, Кара кесек, Кыдырша, Каӊглы, Чоӊ кыргыз, Бөрү баш, Авай, Ахтачы, Кара саадак, Чүчүк, Алашан, Жоо кесек, Бостон[3]. Бул жерде белгилей кетүү керек, бостон жана кыдырша уруусун көпчүлүк санжырачылар өзүнчө уруу катары караса да, Каратегиндик (Жерге-Талдык) жана Памирлик (Сарыколдук) кыргыздардын арасында ал урууларды

---

[1] *Абдикулов М., Мадимаров М.* Молло Шарап Караваний.-Б.,2008.-81-82-б; Молло Шарап Караваний. Элдин, жердин тарыхы.-Ош,2010.-16-18-б

[2] *Тынышпаев М.* Материалы к истории киргиз-казахского народа.-Ташкент, 1925.-С.24

[3] *Ситняковский Н.Ф.* Перечисление некоторых родов киргиз, обитающих в восточный части ферганской области//Изв. ТОРГО. Т. XI, вып 1.-Ташкент,1900.-С.58-59

ды кесек уруусунун курамына киргизишет. Н.А.Аристов Ичкилик урууларынын ички уруулук курамын терең изилдебей эле «Ичкиликтердин курамында найман жана кесек урууларынын болушу алардын аралашма экендигин көрсөтөт, наймандардын орто жүзгө кириши, кара кесек уругунун ошол эле жүздүн аргын уруусунун курамында же кичи жүздүн алимулы уруусунда болушу. Мүмкүн кесектер наймандар сыяктуу эле шейбаниддик өзбектер менен келсе керек»[1] – деп жыйынтык чыгарат.

Кыргыздын көрүнүктүү саясий кызматкери жана тарыхчысы А.Сыдыков өз эмгегинде бардык кесектерди бириктирип Жоо кесек деп атайт[2]. «Кесек же яукесек жана бостондор Ош округунун Яукесек-бостон волостун түзүшөт. Мындан сырткары алар Ош округунун Араван жана Наукат волосторунда жана Джалял-Абад округунун Аим волостунда жашашат» деп жазат[3].

Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсүн жана калк катары калыптануусун изилдешкен Э.Маанаев менен О.Каратаев кыргыз элинин калыптануусун үч этапка бөлүп, биринчи жана байыркы катмарын б.з.ч. III – б.з. X кылымдарына таандык кылып, кесек уруусун ушул мезгилдерде кирген этнокомпонент катары карашат[4].

Кесектер кыргыз элинин эң байыркы урууларынын бири болуу менен жана кыргыз элинин түзүлүшүнө ичкиликтер тобу менен киргендиги анык. Бул уруунун Алтай, Сибир этнонимдери менен тыгыз байланыш болгону менен Фергана, Памир-Алай аймактарына енисейдеги «улуу кыргыз» дөөлөтүнөн мурда эле же түрк каганаты мезгилинде келсе керек.

Академик Д.Немет кесе (кесек) этнонимин венгердик байыркы жети уруу менен жакындаштырат. Ал жети уруунун биринин аталышы К.Багрянородный тарабынан Καση формасында берилген. Д.Немет Венгриянын учурдагы топонимиясында

---

[1] *Аристов Н.А.* Опыт выяснение этнического состава…-С. 49

[2] *Сыдыков А.* Родовое деление киргизов//Сб. «Белек».-Ташкент,1927.-С.293-295

[3] *Сыдыков А.* Родовое деление киргизов//Курманов З., и др. Абдыкерим Сыдыков – национальный лидер.-Б.,1992.-С.95-96

[4] Кара: *Э. Маанаев.* Этническая история кыргызского народа.-Б.,2008

кесе (кесек) этноними катышкан 50 учурду көрсөтөт: Kesz, Keszï, Keszö, Keszü…[1] ж. б. Этнонимдин келип чыгышына байланыштуу венгер окумуштуусу анын башаты негизинен түрк урууларына байланыштуу экенин таануга ийкемдүү. Анын ою боюнча keszönун байыркы формасы keseү (кесег) болгон жана ал *«уруунун алыстаган бөлүгү»* деген маанини билдирген[2].

*Кесек* уруусунун этникалык тарыхынын булактары Борбордук Азиядагы жана Алтайдагы байыркы түрк чөйрөсүндө жоголот. Бул тезис тарыхый айтымдардагы маалыматтар менен бекемделет. Андан тышкары кесек же кесе аталышынын башкыр, венгер, локай, казак, тувин, түркмөн жана кыргыз этнонимияларында кездешиши анын байыркылыгынан кабар берет. Кесек же кесе этнониминин келип чыгышын жана алардын байыркы өкүлдөрүн Борбордук Азиянын түрк-монголдук чөйрөсүнөн, жана ошондой эле б.з. I кылымынын башында Алтайдын түндүк бөлүгүн ээлеген угор-самодий калкы[3] менен тыгыз байланышкан Алтай урууларынан издөө керек. Б.з. I-чи миң жылдыгынын башында жана биринчи жарымында байыркы түрктөр (алардын бирикмесинин курамында эреже катары этникалык жактан ар түрдүү өкүлдөр) өзүнүн курамына Арал бойлору жана батыш Казакстандын түздүктөрүндөгү түрк, угор көчмөн калкын кошуу менен батышка багыт алышкан.

Кесек уруусу негизинен өзүнүн курамына бай кесек, сибирги, кара кесек, жоо кесек деп аталган төрт чоң топту камтыйт. Жоо кесек кыргыздын көп сандаган байыркы уруктарынын бири болуп саналат. Анын өкүлдөрүнүн көбү Кадамжай, Ноокат, Кызыл-Кыя аймактарында отурукташкан. Анча – мынча бөлүгү байыркы мезгилден бери Фергана өрөөнүндө жашап келет.

Казактын алгачкы окумуштууларынын бири М.Тынышпаевдин маалыматтары боюнча кесек (жоо кесек) уруусунун бир бөлүгү VI кылымда эле байыркы түрк уруулары менен бирдикте

---

[1] *Nemeth G.* Көрсөтүлгөн эмгек.-P.11
[2] *Nemeth G.* Көрсөтүлгөн эмгек.-P.17
[3] *Потапов Л.П.* Этнический состав и происхождение алтайцев.-Л.,1969

Жети-Суугa жер которгон, алардын ата-бабалары Чүй дарыясынын батышында жашашкан. *Жоо кесектер* XVI кылымга таандык Сайф ад-Диндин «Мажму ат таварих» эмгегинде эскерилет. Бул эмгекте алардын кыргыздын уруу топторунун составына киргендиги айтылат. Бул этникалык аталыштын параллелдери жогоруда айтылгандай казактарда – *«кара кисек», «караук кесек»,* хакастарда – *«кезегет»,* тувалыктарда – *«кезек куу»,* башкырларда – *«кесе-табын»* формасында кездешет. Аталган параллелдер бекеринен келип чыкпаса керек. Эң кызыгы кезегет урууcунун курамында кездешкен учурдагы хакас-сагайлар Енисей кыргыздарынын түздөн-түз тукуму болуп саналат. Р.Г.Кузеев башкыр урууcу кесе(к) – табындардын теги саян-алтайлыктар менен байланыштуу экенин белгилеген[1].

Бул илимий аныктаманы белгилүү тарыхчы-этнограф, профессор В.Я.Бутанаевдин аргументтери тактайт. Анын аргументтери боюнча *кезегеттер* Енисей кыргыздарынын тукуму болуп саналат.

Кесек уруусунун уруктары коңшулаш Өзбекстандын Сыр-Дарыя облусунда, Чыгыш Түркестанда, Каратегин жана Памирде кеңири таралган.

Сырдарыялык кесектер – булар негизинен бай кесектер (бай кесектер кесектердин арасынан эң чоң топ болуп эсептелет). Алар он эки уруктан турат: *чүчүк, тагайберди, кызыл аяк, кара кесек, кара молдо, сибирчи, таздар, бөксө, ават, найман, чапкылдак, чувулдак.*

Сырдарыялык кесектердин аталган урук түзүлүшү толук түрдө Баткендик, Лейлектик жана Каратегиндик кесектердин урук түзүлүшүнүн аталыштары менен дал келет.

Кесектердин Чыгыш Түркестанда жашашы да белгилүү. Орус генералы Л.Г.Корнилов Яркенд округунун Тагарма бектигинде – кесек, Янги-Гиссар уездинин Пас-Рабат бектигинде 95 үй – кесек, Раскем бектигинде – кесек»[2] уруулары турарын көрсөтөт.

---

[1] *Тынышпаев М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.23-25

[2] *Корнилов Л.Г.* Кашгария или Восточный Туркестан.-Ташкент,1903.-С.235-236

1947-жылы ССРдин Илимдер Академиясынын этнография жана антропология институту, Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясы Ноокат районуна уюштурган экспедициясынын натыйжасында, бул жерге Кытайдан көчүп келген кыргыздардын маалыматтарынын[1] негизинде Пас-Рабат, Кең-кол жана Тагарма капчыгайларында кесек (180 кожолук) уруулары, Хотан округунун Кулан-Арык, Санджу жерлеринде найман, тейит, бостон уруулары менен кошо кесек уруусунун өкүлдөрү жашашат.

Кашкар вилайетиндеги Таш-Коргон тажик автоном районунун Көк-Жар кыргыз автоном айылында кесек уруусунун – кызыл аяк, Котон округунун Сары-Кыя жана Кең-Кыр айылдарында кара саадак, кошкулак, шаа булут уруктары турушат»[2].

Памирдеги кесек урусунун Каратегиндеги жана Фергана өрөөнүндөгү уруулаштары менен уруктук паралеллдери болгону менен өз алдынча айырмалалыктары да бар.

Америкалык этнограф М.Н.Шахрани памирлик кыргыздарды изилдеп, памирдеги кесек уруусунун төмөндөгүдөй генеалогиялык (уруулук) схемасын[3] берет:




*Схема 15*. Памирдеги кесек уруусунун бөлүнүшү (*М.Н.Шахрани боюнча*)

[1] *Абрамзон С.М.* Киргизское население Синьцзян-Уйгурской Автономной Области Китайской Народной Республики//ТКАЭЭ.-Т.II.-М.,1959.-С.334-338

[2] *Асанканов А.А.* Этническая история кыргызов Шинжана КНР//Вестник КНУ им. Ж.Баласагына.-Серия 1. Гуманитарные науки.-Вып.VIII.-Б.,2009.-С.134-136,138-142

[3] *Shahrani M.* Nazif Mohib. The Kirghiz and Wakhi of Afghanistan.-University of Washington Press,-Seattle and London,1979.-P.152

Кесек: кара саадак, чоок, мөшкө, кыдырша (айдаке, ыңырчак), шах булут, жекжем, бостон (сар башел, моулабей), шалтак, мама чар, куралай, кызыл аяк (желма, мырза, бакыжан, мета), кушкулак, тайлек. М.Н.Шахранинин схемасындагы кесектердин курамына кирген бостон өзүнчө ичкилик тобуна кирген уруу, чоок жана мөшкө кыдырша уругунун урук бөлүкчөлөрү болуп саналат.

Француз окумуштуусу Р.Дордун Афган Памириндеги кесек урууcунун: жыгдым, кызыл аяк, кыдырша, куралай, мамачар, навруз, кесек, бостончок, мөшкө, пур баш (борбаш – Н.Т.), кош кулак деген уруктардан турарын жазат[1]. Р.Дор берген кесектин курамындагы кыдырша – ават урууcунун, пур баш (борбаш) – каңды урууcунун уруктары болуп саналат.

Ал эми кыргыз тарыхчысы Б.М.Жумабаев Памирде жашаган төмөнкү кесек уруктарын белгилейт: жоо кесек, кара кесек, бай кесек, аргын, айдаке, бостон, дүңкө, ийрекчи, кыдырша, жутаңкы, болжочу, кызыл аяк, кара саадак, мөшкө, шамирбек, ыңырчак, төөлөс, таз, чоок, кызыке[2]. Бул жерде айдаке, дүңкө, ийрекчи, жутаңкы, болжочу (олжочу – Н.Т.), мөшкө, шамирбек, ыңырчак, чоок – кыдырша уругунун урук бөлүкчөлөрү, ал эми кыдырша ават урууcунун уругу, бостон менен төөлөс ичкилик тобуна кирген уруулар.

Памирлик кыргыздардын курамында «аргын» деген уруктун кездешүүсү жана казактардын Орто Жүзүндөгү *аргын* урууcунун курамында «кара-кесек» уругунун болуусу бул кокустук эмес. Өзбекстандагы жана Тажикстандагы лакайларды изилдеген Б.Х.Кармышева «лакайлардын Орто жүздүн негизин түзгөн байыркы түрк урууcу аргындар менен байланышы лакайлардын казактар менен болгон этногенетикалык жакындыгын белгилейт»[3] деп жазат. Хакастардын курамындагы «ар-

---

[1] *Реми Дор.* Ооган Памириндеги кыргыздар.-Б.,1993.-14-б

[2] *Жумабаев Б.* Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш.-Б.,2009.-44,45-б

[3] *Кармышева Б.Х.* Узбеки-локайцы Южного Тажикстана//Труды ИИАЭ.-Т.28.-Вып.1.-Сталинабад,1954.-С.9

гын» сөөгү[1] кесектер менен аргындардын енисей кыргыздары менен түз байланышын аныктары шексиз. Монгол династясынын чыгыш тарыхин чагылдырган кытай булагы «Юань-ши»-нин негизинде Н.А.Аристов аргындарды XI–XII кылымдарда наймандардын батышында, кыпчактардын чыгыш жагында же Иртыштан батышыраак жакты мекендешкен[2] – деп белгилесе, профессор О.Каратаев аргындарды кыргыздардын курамына VII–XII кылымдан кеч эмес кирген деп санайт[3].

Памирде жашаган *кесек* уруусу саны жагынан *тейит* уруусунан кийин экинчи орунда турат. Кесек жана тейит уруларынан сырткары Памирде кыргыздын *кыпчак, найман, бостон* жана *ават* уруктары аталган уруктар менен бирге жашашат.

Демек жогоруда келтирилген маалыматтардын негизинде Памирде жашаган кесек уруусу – жыгдым (жекжем), куралай, мамачар, кош кулак, кара саадак, шах булут, шалтак, кызыл аяк (желма, мырза, бакыжан, мета), тайлек деген уруктардан турары маалым болду. Памирде жашаган кыргыздын бостон, кыдырша (айдаке, дүңкө, ийрекчи, жутаңкы, олжочу, мөшкө, шамирек, ыңырчак, чоок) жана каңды (борбаш) урууларынын урук бөлүкчөлөрү ал жердеги кесек уруусунун курамына киришет.

Я.Р.Винников XX кылымдын 50-чү жылдарында Түштүк Кыргызстандагы кыргыз урууларын изилдеп жатып баяндамачылардан кесек уруусуна байланышкан төмөндөгүдөй маалыматтарды жазып алган. «Кесек жана жоо кесек уруусунун курамына кирген *калдар* жана *жейдемиш* уруктарынын өкүлдөрү азыркы жашап жаткан жерине Кашкардын Итарка, Сары-жел-Сай деген жеринен келишкен. Кийинчерээк аларга телмин, дөмөр, жангылчек уруктары келип, кошулуп жашап калышкан.

---

[1] *Бутанаев В.Я.* Этническая история хакасов XVII-XIX вв.-М.,1990.-С.81

2 *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения и их численности//Труды истории и этническому составу тюркских племен.-Б.,2003

[3] *Каратаев О.К.* Кыргыз этнонимдер сөздүгү.-Б.,2003.-24-б

Кесек уруусу кыргыздын Кызыл уулунун (Ичкилик) курамына кирет. Ичкиликтердин санжырасы боюнча, Ичкиликтер Намрат дегенден тарашат. Анын атасы Кыргызбайдын бир баласы болот. Намраттын Субуханкулу деген баласы болгон, анын биринчи аялынан Пулата жана Шумата. Пулатадан кыпчактар, ал эми Шуматадан наймандар тарайт. Экинчи аялынан Ширмата, анын небереси Надыршадан бостондор, ал эми Султанша аттуу небересинен кесектер жана жоо кесектер тарайт»[1].

Я.Р.Винников кесек жана жоо кесек урууларын өз алдынча уруу катары карап, кесек уруусунун төмөндөгүдөй генеалогиялык таблицасын берет.

Я.Р.Винников бул схемасында кесек уруусунун курамына борбаш уругун жаңылыш киргизген, себеби борбаш каңды уруусунун уругу болуп саналат. Лейлекте борбаш уругу кесектин кара молдо уругу менен чогу жашагандыктан Я.Р.Винников бул урукту кесек уруусунун курамына кошкондур.

Биздин изилдөөлөрдүн негизинде кыргыздын кесек уруусу *бай кесек, сибирги, жоо кесек* жана *кара кесек* деген ири топторго бөлүнөрү аныкталды.

**Бай кесекке** бөлөк сары, калдар, кара молдо, кызыл аяк, мала, мөөжөй, сарүсөн, чуулдак уруктары кирет. Ошондой эле бөлөксары: алчаке, атага, башыке, жаманкул, кызылбаш, хожо (кожо), чоот (чобот), эселбай; калдар: бешим, гала, көкмө, үчүм, соломо; кара молдо: беш бала, боз калак, күлчачар; кызыл аяк: кавели, калай баш, митан, таңатар, торбо, чуукай; мала: токон, үмөт, ыманкул; мөөжөй: абыл (аул), ажыбек, убрайым; абыл: акмат (касай), нармат, нурмат, бактыгелди; ажыбек: гүлөтөк, кокондук, төөлөр; убрайым: галча, сартча, котур, дыхан (дыйкан), торбо, мачайы; сарүсөн: байназар, гожош (кожош), жарашкул, карга, мамай, нооруз, тойчу; чуулдак: айт (аюу), байыт, досмат, сарыкул (чалыштар) деген урук бөлүкчөлөрүнүн турат.

**Сибиргиге** алтынчы, бөксө, тагайберди, чүчүк, эшкара уруктары кирип, алтынчы: аншай, баба, беглер (бектер), куттук

---

[1] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.158

*Схема 16.* Кесек уруусунун уруктарга бөлүнүшү
(*Я.Р.Винников боюнча*)



*Схема 17.* Кесек уруусунун уруктарга бөлүнүшү
*(С.Аттокуров боюнча)*



сейит, мырза, олаке, сокур; бөксө: бөксө-калдар, маматолбай, көчөк, он эки, тагайберди: ырысмат, тотобай, байтобу (кожомжар), тилеш; чүчүк: кара саадак, мамат, чаңай; эшкара: айткулу, гожош, жалаңдөш, кенже, ындыстан аттуу урук бөлүкчөлөрүнөн турат.

**Жоо кесек** – *жаңычек, калдар, телмиң, дөмөр, төрчек, шаа улут* урук бөлүкчөлөрүнөн турат. Калдар: жейдемыш, кырк уруу, шүкүр, молдо, булут; телмиң: буйлалы, көсөө, торбо; төрчек: кулукей, жоогашты, кичик; дөмөр: ажы, акбай, атай, орозмат, кара чүйүш, кубат, сазан, чем, шабек деген майда уруктардан турат.

**Кара кесек** – *беш капа, чоң кыргыз* деген уруктарга бөлүнөт. Беш капа: акистер, бийлер, калдар, суктар-калдар, орозмат сопу, чоң кыргыз: көк телпек, сары, тору, чөжөлөр, кепшеек, балкы, пакал, көр дөбөт деген майда урук бөлүкчөлөрүнөн турат. Аталган кара кесек уруктары Ош облусунун Ноокат районун *Кара-Таш* айылында, Жалал-Абат облусунун Сузак районун Арал, ошондой эле Жерге-Тал районунун (Тажикстан) Чоң-Кыргыз айылдарында турушат.

## Кесек этниминин этимологиясы

Монгол тилинде kesig (кесиг) «кезек, кезектешүү, кезектеги караул (кароол, күзөтчү, сакчы)» деген маанини берет[1]. Kesig (кесиг) деп Чынгыс-хандын атактуу гвардиясы аталган. 8 otoγ'-дон туруп, Түштүк Монголиянын бир аймагын түзгөн монгол уруусунун аты – kesigten[2]. Кобдалык дөрбөтөрдүн арасында кешиктен аттуу урук бар[3].

Академик Д.Немет кесе (кесек) этнонимин байыркы жети мажар урууларынын бирөөсү менен окшоштурат. Анын аталы-

---

[1] *Владимирцов Б.Я.* Монгольское ongniγud – феодальный термин и племенное название// Доклады АН СССР.-Л.,1930.-№12.-С.222-223

[2] Мэн-гу-ю-му-цзи. Записки о монгольских кочевьях.-СПб.,1895.-С.29-30

[3] *Pelliot P.* Notes sur le «Turkestan» de W. Barthold//TP.-Vol. XVII.-1913.-P.27-29

шы К.Багрянородный боюнча Κασή формасында берилет. Д.Немет кесе (кесек) этноними боюнча 50-гө жакын топонимидерди Мажарстандан тапкан. Мисалы Kesz, Keszï, Keszö, Keszü... ж.б.[1]. Ал эми кесе (кесек) этнониминин келип чыгышынын негизи түркчө дейт мажар окмуштуусу. Анын оюу боюнча «keszö»нун байыркы формасы «keseү» (*кесег*) болуп, «бир уруунун бөлүгү» дегенди түшүндүргөн[2].

Эгерде венгр изилдөөчүсү Д.Неметтин кесек бул «бир уруунун бөлүгү» же «кесиндиси» деп айтканына таянып, кесек этнонимин кес+сак деп карасак, анда «сак» элинин бир кесиндиси, бир бөлүкчөсү же тобу деген маанини бериши мүмкүн. Кесек (кеъсэк) тофалар тилинде «үйүр», «топ» дегенди билдирет[3].

Казах тарыхчысы Касым Масими печенектер менен кыргыздар жөнүндө өз китебинде минтип жазат: «Жер-жерлердеги көтөрүлүштөрдү басуу жана жазалоо операцияларын жүргүзүү үчүн атайын дайындалган түмөндөр болгон. Алар өзгөчө, атайын терилип алынган, ишенимдүү ак сөөк жоокерлерден турган. Өз милдеттерин өтө так жана кылдаттык менен аткаргандыктан, алар өзүнүн атынан башка атка конушуп, аны менен тарыхка киришкен. Мисалы: «печенек – пачэнэк» жана «кргиз – кыргыз». Биринчиси уйгур тилинде *«пачэ», «бөлүк, үзүм, кесим»* дегенди, экинчиси «кыр» – «жок кыл» деген маанини берет. Мындан *«пачэнэк – печенек – печенег»* талкалоочу, сындыруучу, баш ийбести таш-талканын чыгаруучу, ал эми «кыргыз – кргиз» багынбасты – жок кылуучу»[4]. Демек бул айтылгандарга таянсак, менин оюмча кесек, кесүүчүлөр, атайын дайардалган, алар душманга каршы же болбосо көтөрүлүштөрдү басуу жана жазалоо операцияларын жүргүзүү үчүн колдонулуучу аскердик бирдиктин аталышы. Кийинчерээк ал аскерлердин урпактары

---

[1] *Nemeth G.* Көрсөтүлгөн эмгек.-P.11

[2] Ушул жерде.-P.17

[3] *Рассадин В.И.* Словарь тофаларско-русский и русско-тофаларский.-СПб.,2005.-С.38

[4] *Масими К.* История Уйгурской державы. Голубые тюрки.-Алматы,2000.-С.27

кесек (жоо кесек) аталышып, аскердик аталыш этнонимге айланып кетиши мүмкүн.

Ал эми Г.Мадаминов кесек этноними жөнүндө өзүнүн жана элден чогултулган жети вариантын берет[1].

Молло Шарап Карваний кесек этнонимин кесек (катып калган топурак) менен байланыштырып, аны Султаншах дегенден таратат. «Султаншахтын он эки уулу болот: 1. Мерке. 2. Коңурат. 3. Бөркө. 4. Тиймес. 5. Кепемер. 6. Маңгыт. 7. Жоо кесек. 8. Бостон. 9. Дөмөр. 10. Каңды. 11. Кыдырша. 12 Жастык. Ушул он эки уулдун балдары кесек деп аталат»[2].

## Кесек уруусунун тамгасы

Азыркы убакта кыргыздын кесек уруусунун үч тамгасы сакталып калган. Биринчиси кесек уруусунун жалпы эн тамгасы «босого тамга» – П, кээ бир булактарды аны *эшик, капка, үй-тамга* жана *журт-тамга* деп да аташат. Кесек уруусунун уруктарынын да тамгалары болгон, тилекке каршы алар жоголгон, бирок кесек уруусунун курамына кирген кара саадак урук бөлүкчөсүнүн тамгасы –  «кара саадак тамга»[3] жана чуулдак уругунун –  «жебе» тамгалары сакталып калган.

Орус аалымы С.Е.Малов «босого тамга» жөнүндө мындай деп жазат: «Босого тамга» бул татаал фигура жана түрк урууларынын арасынан сейрек кездешет. Ал эми орхон алфавитинин тамгаларынын арасынан «босого тамга» кездешпейт»[4]. «Босого тамгасын» Алтын Ордонун ак сөөк мырзалары, казактын «султандары», коңурат, керей (герей) уруулары алып жүрүшкөн. Ошондой эле кыргыздын *саруу, кесек, коңурат, кыдырша* урууулары, ал эми *абат, адигине, багыш, баарын, сарбагыш* уруула-

[1] Кара: *Мадаминов Г.* Кесектин кыскача тарыхы жана санжырасы.-Б.,2011.-16-18-б

[2] *Молло Шарап Карваний.* Көрсөтүлгөн эмгек.-18-б

[3] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения Северной Киргизии//ТКАЭЭ.-Т.IV.-М.,1960.-С.104

[4] *Малов С.Е.* Памятники древнетюркской писменности.-М.-Л.,1951.-С.17

ры анын вариантын –  азыркы убакка чейин сактап алып жүрүшөт.

Башкыр окмуштуусу Р.Г.Кузеев «босого тамганын» таралышын XIII кылымда Алтын Ордого *коңурат* жана *кереит* урууларынын келиши менен башланыштырып, ал жерден алар түрктөшкөндөн кийин Орто Азиянын жана Чыгыш Европанын элдеринин курамына кирип ал тамганы кошо ала кетишкен»[1] – дейт.

Кесек уруусунун тамгалары менен башкыр[2], ногой[3] урууларынын тамгалары, ошондой эле алтайлыктардын курамындагы *иркит, мундус, төөдөш, кергил, кыпчак,* хакастардын курамындагы *ак хыргыс, белтир, каргин, сагай, сарыг, чыстар, шалошин, хасха, харга,* тувалыктардын эхемаа сөөктөрүнүн эн тамгалары[4], казак элинин курамындагы коңурат уруусунун тамгасы[5], казактын курамындагы кара-кесек уругунун тамгасы, алимулуна кирген төрт-кара деген уруктун курамында да кара-кесек бөлүктүн тамгасы[6], лакайлардын «босого тамгасы»[7], ошондой эле Эне-Сай чөлкөмүндө табылган Е14 тамгасы[8] кесектин кара саадак урук бөлүкчөсүнүн тамгасына –  окшош.

Ал эми чуулдак уругунун –  «жебе» тамгасы жогоруда аталган уруктардын жана Ч.Жумагулов Куру-Бакайыр, Үр-Марал, Кырк-Казыктан, К.Табалдиев Алай, Кочкор, Ысык-Көл аймактарынан табышкан белги-тамгаларга[9] окшош.

---

[1] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.180,181

[2] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.189,192,291,292,297,313,314,373

[3] *Керейтов Р.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.102,105,118-127; Баскаков Н. А. Ногайский язык и его диалекты.-М.-Л.,1940.-С.133,134,139

[4] *Каратаев О.К.* Кыргыздардын этномаданий...-31,174,185,194,195,199,203,207-б

[5] *Востров В.В., Муканов М.С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.77

[6] *Аристов Н.А.* Труды по истории и этническому составу тюркских племен...-С.202

[7] *Каратаев О.К.* Көрсөтүлгөн эмгек.-43-б

[8] *Каратаев О.К.* Көрсөтүлгөн эмгек.-103-б

[9] *Табалдиев К., Белек К.* Памятники письменности на камне Кыргызстана.-Б., 2008.-С.4,5

# БАЙ КЕСЕК

13–1179

# БАЙ КЕСЕК ТОБУНУН УРУКТАРЫ

Кесектин курамындагы «бай кесек» тобун *бөлөк сары, калдар, кара молдо, кызыл аяк, мала, мөөжөй, сарсөн, чуулдак* аттуу ири уруктар түзөт.

## БӨЛӨК САРЫ

Бөлөк сары – «бай кесек» тобунун курамындагы урук.

Бөлөк сары уругу «бөлөк» – башка, бөтөн жана «сары» деген эки сөздөн турат. Анын экинчи бөлүгү – «сары» деген сөздүн мааниси абдан көп. Мисалы, тохар тилинде а. Tsar жана б. Sar «кол» дегенди[1], ушул эле тилде а. Sar жана б. Ser «эже»[2] дегенди билдирет. Ошондой эле маанини еврей сөзү «сара» да берет[3]. Хетт тилинде hassy – «хан» дегенди билдирсе, анда hassy-sara – «ханыша» дегенди түшүндүрөт. Аккад тилинде «sarru», «serri» – «хан» деген маанини берет[4]. «Сир», «шир» фарси тилинде «арстан» дегенди билдирсе, «сар» деген «баш, башкы» дегенди түшүндүргөн. Тува жана тофалар тилинде «езір», «esir» – «бүркүт» дегенди билдирет. Кыргыз тилинде «сар» деген коршун[5] жырткыч канаттуу. Ал эми якут тилинде «эсир»

---

[1] *Гамкрелидзе Т.В., Иванов В.В.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.785

[2] Ушул жерде.-С.764

[3] *Марр Н.Я.* Избранные работы. Этно- и глоттогония Восточной Европы.-Т.V.-М.-Л.,1935.-С.484

[4] *Вильхельн Г.* Древний народ хурриты.-М.,1992.-С.95

[5] Киргизско-русский словарь.-М.,1985.-С.137

«илегилекке окшогон куш» деген маанини берет. Байыркы монгол тилинде «eseri, esiri, ucep» – «хан тактысы» деген мааниде айтылган. Азыркы монгол тилинде «сар» – «ай» дегенди берсе, орто кылымдагы кидандардын «сары» деген сөзү ак сөөк элитаны түшүндүргөн[1]. Кыргыз тилинде сер, сир – көп, сер- 1. коюу, тез-тез, нык 2. калың 3.терең деген маанилерди берет. Ал эми «сара» деген тандалган, мыкты, эң жакшы, абдан жакшы деген мааниде[2]. «Сардал» – сымбаттуу дегенди туюнтат.

Мындан сырткары «сары» чыгышта императордук (падышалык) түс катары колдонулган, бекеринен «сары» уруктары түзгөн Тоба-Вэй империясынын туусу сары болбогондур. Кийинчерээк Батый хан түзгөн мамлекет – Алтын (Сары) Ордонун да сарылар менен байланышы бар. В.В.Бартольддун бул жөнүндө айткан ойлору өзгөчө кызыгууну туудурат, ал өз эмгегинде мындай деп жазат: «...половцылардын (сарылар) аты монгол мамлекети Алтын (Сары) Ордонун атына ооштурулган»[3]. Анткени сарылыр Джучи улуусунун бир топ бөлүгүн түзгөн.

«Сар» деген сөздүн жогоруда айтылган маанисине байланыштуу, төмөндөгүдөй аскерий титулдар пайда болгон, мисалы: XVIII кылымдагы ногой ордосундагы башкаруучу титул сераскер. Түркмөн, Хива, Бухара, Кокон жана Алтышаар хандыктарындагы сардар (*сердар, сирдар), саркер, сарбас* же *сарбаз* аскерий титулдары. Европа жана орус армиясында гусар (куусар) – атчан аскер.

Мындан сырткары Европага кеткен «сары» элинин уруктары ал жакка барып, орто кылымдагы Европадагы рыцарлыктын пайда болушуна шарт түзгөн. Кийин «сар, сер же сир» деген сөздөн Европа ак сөөк-мырзаларына кайрылуу иретинде англистерде «сер», французрдарда «сир жана монсиньер», италия-

[1] *Васильев В.* История и древности восточной части Средней Азии от X до XIII века.-СПб.,1857.-С.194

[2] Там же.-С.136

[3] *Бартольд В.В.* Кипчаки//Сочинения.-Т.V.-М.,1968,-С.550-551; Rásonyi L.Les noms toponymiques comans du Kiskunság//ALAH.-T.7.-Fasc.1-2.-Budapest, 1957.-С.73-146

лыктар менен испандыктарда *«сеньер» («сеньера, сеньерита»),* немистерде *«герр»* деген сөздөр келип чыккан. Ал эми байыркы Рим императорлорунун наамдары *«кесарь (кейсар)», «цезарь»,* кийинчерээк алардан орус падышасы кабыл алган наам – «царь» деген титулдардын негизинде да *«сар»* сөзү жатат.

Жогоруда айтылгандарга таянсак «сар» деген сөздүн түп-күрүндө «хан, падыша, ханыша, хан тактысы», «мырза, мырза айым», «ак сөөк – элита», «баш», «башкы» жана ошондой эле аскерий түшүнүктөр жатат. Түрк элдеринин арасында «сары» этноними кеңири таралган: туваларда – *сарыг, сарыглар,* казактарда – *сары-кыпчак, сары-аргын, сегиз-сары, сары-усунъ*, түркмөндөрдө – *сары, эрсары;* каракалпактарда – *бессары, арсары, сары,* хакастарда *(сагай) – сарыг;* уйгурларда – *сары-уйгур, сарыг-югур,* башкырларда – *сары, сарылар,* кыргыздарда – *саруу, сары-каңды, сары-тейит* ж.б.

Бай кесек тобунун курамындагы бөлөк сары уругу *алчыке, атага, башыке (бешике), гожо (кожо), жаманкул, кызыл баш, чобот (човот), эселбай,* деген урук бөлүкчөлөрдөн турат.

## Алчыке

Алчыке – бөлөк сары уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Бул этнонимдин уңгусу «алчы» – чүкөнүн таасына карама-каршы бети, айкүр жагы[1], +ке сөз жасоочу мүчө.

Алчындар «Манас» эпосунда эскерилет. Этнонимдин параллелдери казактарда – алшын (алчын), саруу уруусунда – алчыкен, солто уруусунда – алчы куртка формаларында кездешет.

## Кожо

Кожо – бөлөк сары уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Антропоэтноним.

---

[1] Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү.-Т.I.-Фрунзе,1984.-69-б. Мындан ары КТТС.

Кожо – араб. 1. Устат, молдо, урматтуу, бай, соодагер, кожоюн; 2. Алгачкы төрт халифтин (Абу Бекр, Омар, Осмон, Али) түз тукумдарынын титулу[1]. 3. Кожоюн, ээ[2].

Айрым учурларда мусулмандардын диний жетекчилигине берилүүчү наам же «кожо» наамы бар адамдын аты. Шиизм багытындагы исмаилиттер да өздөрүн «кожо» деп аташат. Кыргызстандын аймагында жашаган өзбектерде өздөрүн «кожолорбуз» деп атаган көп сандуу топтор белгилүү. Алар өздөрүнүн чыгыш тегин алгачкы «шайланма халифтер» жана алардын урпактары менен байланыштырышат[3].

Саян-Атайдагы байыркы түрк элдеринин мифологиясында «Кожо-хан» эркек кудай катары белгилүү болуп, молчулуктун, түшүмдүүлүктүн символу болгон. Түрк тилинде «кожо» аялдын күйөөсүнө болгон кайрылуусу[4]. Кийин «кожо» деген түрк (кыргыз) сөзүнөн орустун «хозяин» жана «хозяйка» деген сөздөрү келип чыгышы мүмкүн.

Кожо этнониминин параллелдери казак, түркмөн, каракалпактардын уруулук курамдарынан көп санда кездешет. Кыргыз уруулары адигинеде (бөрү, жору, кара багыш) – *кожо, кожоке, кожомберди,* сарууда (келдей, күркүрөө) – *кожо, кожоакмат,* сары багышта – *кожобек,* чекир саякта – *кожоберди,* солтодо – *кожомберди,* кытайда – *кожокелди* формаларында учурайт[5].

Кожо-Ата – Аксы районундагы айылдын, дарыянын жана мазардын[6], Кожо-Арык – Ноокат районундагы айылдын аталыштары катары белгилүү[7]. Ошондой эле Баткен облусунун территориясында Кожо-Ашкан, Кожо-Бакырган ж.б. топонимдер кездешет.

---

[1] *Джанузаков Т.* Очерки казахской ономастики.-Алма-Ата,1982.-С.145

[2] КТТС, 528

[3] Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк...240-б

[4] *Бутанаев В.Я.* Бурханизм тюрков Саян-Алтая.-Абакан,2003.-С.202-203

[5] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского...-С. 119; ушул эле автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы... 750-751-б; Джанузаков Т. Көрсөтүлгн эмгек.-С.170

[6] Аксы району. Энциклопедия.-Б.,2008.-200-б

[7] СГНК, 1988, 116

## Кызыл баш

«Кызыл баш» – бөлөк сары уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

1478-жылы, Ардебил шаарындагы суфий үй-бүлөсүнөн чыккан, келечектиги иран шахы Исмаил I, чоң атасы Узун Хасан дүйнөдөн кайткандан кийин чыккан козголоңду басат. Бул козголоңду басканга Исмаилге бир жагынан атасы Айдардын жан-жөөкөрлөрү, экинчи жагынан Азербайжандагы баардык түрк уруулары колдоо көрсөтүшөт. Аталган уруулардан ал саны боюнча көп эмес, бирок эр жүрөк, бекем жана бирдиктүү аскерий кол түзөт. Душмандар жана коңшулаш өлкөдөгүлөр бул аскерлер кызыл баш кийим (кызыл селде) кийип жүргөндүгүнөн *«кызыл-баштар»* деп аташат. Аталган аскерлер менен Исмаил 908/1502-жылы Ширван, Азербайжан, жана Персиялык Иракты багындырып, «шах» деген титулду кабыл алат. 914/1508-жылы шах Исмаил I-нин ээликтери чыгышта тимуриддердин, батышта Диабакыр жана Багдад менен чектешип турган[1].

«Кызыл баштар» Шейбани-хандын өзбектери менен тимуриддердин согушунда, тимуриддердин союздашы болуп, алар тарапта өзбектерге каршы согушушкан.

Шейбани-хан аскерлери менен 28 ша’’бан 916/30-ноябрь 1510-жылы Мерв шаарынан 3 фарсанг алыстыкта турган Махмудабад деген кыштакта Исмаил I жана «кызыл баштар» койгон буктурмага кабыл болушат. Шейбани-хандын аскерлери кайраттулук менен салгылашканы менен «кызыл баштар» аларды талкалашат. Шейбани-хан 500дөй жан-сакчылары менен курчоого алынып, баардыгы курман болушат. «Кызыл баштар» Шейбани-хандын башын кесип келишип, салт боюнча ат үстүндө отурган шах Исмаил I-нин алдына ташташат. Анын баш сөөгүнөн терисин ажыратып, саманга толтуруп, түрк султаны Баязет II-ге жөнөтүшөт. Ал эми Исмаил I Шейбани-хандын баш сөөгүн алтын

---

[1] Huart Cl. Ismail I//The Encyclopedia of Islam.-Vol. II.-Leyden-London, 1927.-P.544-545

менен каптатып, шарап иче турган чөйчөк жасатып[1], көптөгөн салтанаттуу тойлордо андан шарап ичкен.

Кийинчерээк «кызыл баштар» султан Бабурдун өзбектерге каршы согушуна көмөк көрсөтүшүп, султан Бабурдун өзбектердин үстүнөн жеңишке жетишип, Мавереннахрды басып алышына өбөлгө түзүшөт. Балким ушул убакта «кызыл баштар» кыргыз урууларынын курамына киргендир. Себеби султан Бабурдун аскерлеринин курамында кыргыз уруулары да болгон.

«Кызыл баштар» Иран жана Түркстан аймагында болуп өткөн көптөгөн тарыхый жан саясий окуяларда маанилүү ролду ойношуп, исламдын шиит багытын кабыл алышкан. XVI кылымдан кийин ирандыктар Иранда жашаган түрк урууларын жана түркмөндөрдү «кызыл баштар» деп атай башташкан. «Кызыл баш» деп ошол кездеги шамлы, румлы, текели, авшар, гажар туркмөн тайпалары да атала башташат.

Азыркы учурда этнонимдин паралледери түркмөндөрдүн эрсары, гөклен, мүрчели, теке, ставропольдук игдир урууларынын курамында – «кызыл баш»[2], өзбек-коңураттарда – кызыл баш[3], ошондой эле кесек уруусунан башка кыргыздын мундуз, тейит урууларынын курамында кызыл баш урук бөлүкчөлөрү белгилүү[4].

## Чоот

Чоот – бөлөк сары уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

Этнонимдин параллелдери телеуттардын ак кыштымынын курамында – *жооты* (чоот), алтайлык кумандыларда – *дьоуты* (чоот), койбалдарда – *чооты* (йоот), тофалардын карагастарында – *чооты* (йоот), чыгыш жана түштүк туваларда – *чооду,* хакастарда – *чоду,* зарафшандык өзбектерде – *чубот* формаларында кездешет[5].

---

[1] *Семенов А.А.* Шейбани-хан и завоевание им империи тимуридов//Материалы по истории таджиков и узбеков Средней Азии.-Сталинабад,1954.-С.78

[2] *Атаниязов С.* Шежере...-127-б

[3] *Кармышева Б.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.93

[4] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.154,163. Рис.9. Рис.16

[5] *Потапов Л.П.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.24,57,60,180,181; Гребенкин А.Д. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.70

Н.А.Сердобов тувалардагы *чооду* уругун байыркы дубо уруусу менен байланыштырат: *дубо – добоут – тодоут – тодут – чооду*[1]. Тувалардагы чооду уругу *ак чооду* жана *кара чооду* деп бөлүнөт. Н.А.Аристов, М.А.Кастрен жана С.И.Вайнштейн чооду уругун – самодийлик деп белгилешсе, В.В.Радлов – түрк деп жазат[2].

Хакастарда – *чоду* уругу качин, койбал, кызыл, сагай, пурут, хыргыс уруктарынын курамында кездешет. Хакас тарыхчысы профессор В.Я.Бутанаев *чода* уругун «байыркы кыргыздардын уругу, алар 1703-жылдагы калмактар алып кеткен кыргыздардын калдыгы болуп, сагай, качи жана кызыл урууларынын арысында жашашат. Чода уругунун келип чыгышы аларды Чыгыш Саяндагы бугу багуучыларга алып барат, азыркы убакка чейин буряттар тофаларды «зугдэ» дешсе, тофалар жана тувалыктар «чооты» деген сөз менен тувалык-тоожиндерди аташат» деп жазат[3].

Профессор В.Я.Бутанаев Түштүк Сибирь аймагынан бир топ санда кездешкен *чоода=чоты=чоду* этнонимдерин эзелки замандагы Түштүк Сибирдин этносторунун субстраты катары карайт.

Демек бөлөк сары уругунун курамындагы чоовот урук бөлүкчөсү кесек уруктарынын байыркы уруктарынан болуп, кесек уруусун алтай жана тува элдери менен этникалык байланыштырып, алардын бир тектүү экендиги айгинелеп турат.

## Бөлөк сары уругу жашаган жерлер

Азыркы убакта *бөлөк сары* уругунун өкүлдөрү Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Ай-Көл, Кара-Булак, Миң-Жыгач, Тогуз-Булак айылдарында жана Таджикстандын Кайрагач кыштагында жашашат.

Алардын Лейлек районундагы жайлоосу – Жабагул жана Көк-Сарай.

---

[1] *Сердобов Н.А.* История формирования тувинской нации.-Кызыл,1971.-С.152
[2] Ушул эле жерде.-155,157-б
[3] *Бутанаев В.Я.* Происхождение хакасских родов и фамилий.-Абакан,1994.-С.10

# КАЛДАР

Калдар – *бай кесек, жоо кесек, кара кесек* уруктарындагы ири топ.

Бай кесек тобунун курамындагы калдар уругу бешим, гала, көкмө, соломо, үчүм деген урук бөлүкчөлөрдөн турат.

Этнонимдин параллелдери алтайлыктарда – *каллар*[1], башкырларда – *кал, калсер*[2], казактарда – *кул, кули*[3], түркмөндөрдө (йомут, эрсары) – *кул, кел, келлер*[4], өзбектерде – *кал*, лакайларда – *кул*[5], туваларда – *кул, кол*[6], хакастарда (сагай, койбалдарда) – *кул, көл*[7], сары уйгурларда – *кулин (колен)*[8], тажикстандык конграттарда – *калляр, майда кал*[9], кыргыздардын – адигине, абат, кыпчак, төөлөс (муркут, меркит, нарай, додоң, дүкөн, шорон) урууларында – *кал, калдар* формаларында кездешет[10].

Жогоруда айтылгандай «бай кесек» тобунун курамында калдар, ушул эле топтун бөксө уругунда – *бөксө-калдар,* жоо кесек уругунда – *жоо кесек-калдар,* кара кесек уругунда – *калдар, суктар-калдар,* Тажикстандык жана Жерге-Талдык кесектерде – калдар, калдар тобу деген аталыштар менен белгилүү.

---

[1] *Радлов В.В.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.90

[2] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.270,308

[3] *Семенюк Г.И., Моржанов В.М.,* Материалы по родо-племенному составу казахов Старшего и Среднего Жузов в X VIII веке//УЗКГУ.-Т.XLVIII.-Сер. ист.-Вып.7.-Алма-Ата,1961.-С.185

[4] *Карпов Г.И.* Тамга (родовые знаки у туркмен)//Туркменоведение.-№ 8-9,-1929.-С.70; Атаныязов С. Шежере...-263,269,270,275,276,279,280-б

[5] *Кармышева Б. Х.* Узбеки-локайцы Южного Таджикистана.-Сталинабад, 1954.-С.16,17

[6] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен...-С. 348

[7] *Баскаков Н.А.* Хакасско-русский словарь.-М.,1953.-С.357

[8] *Тенишев Э.Р.* Этнический и родоплеменной состав народности юйгу//СЭ.-№1.-1962.-С.63

[9] *Кармышева Б.Х.* Очерки этнической истории Южных районов...-С.92

[10] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского...-С.116; ушул эле автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...-747-б.; Саттаров С. Көрсөтүлгөн эмгек.-65,297-б.; Винников Я.Р. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.160. Рис. 12;Туран Н., Өсөров Э. Төөлөс.-Б.,2011.-231-б

## Калдар этониминин этимологиясы

Калдар уругунун баяндоочуларынын айтымында «калдар» деген аталыштын келип чыгышы төмөндөгү элдик варианттарда берилет:

1. Манас эпосунда Калдар эпизоддук кейипкер, балбан. Манас туулгандагы тойдо чоң күрөштө калмактын Карасман деген балбанын жыгып, чон байгеге ээ болот. Мына ошол Калдар баатырдан, палбандан тарагандар «калдар» деп аталып калган деген божомол бар.

2. Жоокерчилик заманда, азыркы Чимген, Кара-Таш аймагында аскердик колдор жайлашып турган экен. Булар «катта кол», «орто кол», «кичик кол» болуп бөлүнүп жайланышкан. Биз тарыхый китептерден «Аскер, кол курап чыкты» деген сөздөрдү көп эле угуп жүрөбүз. Ошол «колдор» эл, жерди коргоп турган. Кийин ошол «колдордон» тараган элдер – «колдор», «калдар» деп аталып калган экен.

3. Жоокерчилик доордо жоокерлер атайын устара менен чачтарын тасырайта кырып, эр жүрөктүүлүк менен ат үстүндө салгылашчу экен. Ошол жоокерлерди «калдар» деп аташып, андан тарагандар «калдар» уруусу аталып калган дешет.

Ал эми трыхый фактыларга кайрыла турган болсок, анда алтайлык теленгиттердин (телут, теленгут) ичинде чедибер (чедебес) сөөгү бар. «XIX кылымда чедиберлердин Кондом дарыясынын Мундыбай деген куймасынын боюнда жашаган бөлүгү белгисиз себептен өздөрүн *калдар* деп атап калышты. Ушундай эле аталыш менен алар *шор* уруусунун ичине киришкен»[1] – деп жазат Л.П.Потапов.

Г.И.Карпов кул уруу жана уруктарынын аталышынын негизин монгол тилинен издеп, түркмөндөрдөгү кул уругун сойоттор менен тыргоотордун курамындагы кул уругу менен жакындаштырып, этнонимдин маанисин «курама», «ар кошкон» деп түшүндүрөт»[2].

---

[1] *Потапов Л.П.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.86

[2] *Карпов Г.И.* Родословная туркмен//Туркменоведение.-№ 1.-1929.-С.70

Башка ой пикирди Л.П.Потапов[1] сунуштап, *кал–кол–кул* деген уңгулуу этнонимдер койбал тили тарабынан этимологизацияланууга ыйкемдүү деп, *куле – карга* деген маанини берерин айтат. Л.П.Потаповдун бул көз карашын В.Ф.Генинг[2] кубаттап колдоп, унгусу кал-кол-кул болгон этнонимдер сибир элдеринде, анын ичинде түрк, угор жана самодийлерде кеңири кездешерин белгилейт[3].

Башка гипотезаны Л.Р.Кызласов түзгөн: кул тувин этнонимин ал уйгур уругунун аталышы кулин менен салыштырат, анан ошонун негизинде тувин-кулиндерди уйгурлардан келип чыккан деп эсептейт[4].

Жогорудагы келтирилген ар түрдүү көз караштарга карабай, изилдөөчүүлөр унгусу *кал-кол-кул* болгон этнонимдеринин келип чыгышын Монголия, Алтай жана Түштүк Сибирь аймактары менен байланыштырышат.

Кал-кол-кул уруу-уруулук топтору түрктөрдүн алгачкы миграциялык толкунунда алар менен кошо Сырдарыянын бойлоруна орун которушуп, кийинчерээк алар Орто Азиянын жана Чыгыш Европанын элдеринин этногенезине катышышкан.

Демек, кесек уруусунун курамындагы «кал» же «калдар» уругу этногенездик жактан Монголия, Алтай жана Түштүк Сибирдеги байыркы уруулар менен байланышы бар экендигинде шек жок.

## Гала

Гала – калдар уругунун курамындагы урук бөлүкчө. «Гала» тажик тилинен которгондо «улуу», «чоң» деген маанини туюнтат.

---

[1] Потапов Л.П. Происхождение и формирование хакасской народности.-Абакан, 1957

[2] Генинг В.Ф. Мазунинская культура в Среднем Прикамье//Вопросы археологии Урала.-Вып.7.-Свердловск,1967

[3] Кузеев Р.Г. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.308

[4] Кызласов Л.Р. История Тувы в средние века.-М.,1969.-С.83

## Калдар уругу жашаган жерлер

Азыркы «калдар» уругу жашап турган жерге, алардын баяндоочуларынын айтуусу боюнча, илгери Кували, Жавали деген жерден келишкендигин айтышат. Бирок аталган жерлер кайсы жакта экенин билишпейт.

Соңку убакта калдар уругунун өкүлдөрү Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Айкөл, Арка, Гордой, Кара-Сай, Кара-Таш, Миң-Жыгач, Чимген айылдарында жана Сүлүктү шаарында жашашат.

Негизинен соломо уругу Миң-Жыгач, гала, бешим жана үчүм уруктары Чимгенде, көхмө уругу Кара-Сай айылдарында отурукташкан.

Ошондой эле калдар уругунун Кырк-Каракчы деген тоодо Улуу-Кол, Чоң-Кол, Калта-Кол аттуу жерлери да бар.

Алардын Лейлек районундагы жайлоосу – Чукур-Булак жана Тегирменти-Сай.

## КЫЗЫЛ АЯК

Кызыл аяк – «бай кесек» тобун курамындагы урук.

Бул уруу Дешт-и Кыпчактагы байыркы түрк урууларынын бири катары болжолдонот. Калмак чабуулдарына чейинки мезгилдерде (1472-ж.) кызыл аяктар Сырдарыянын жогорку агымы тарапка көчүп, түркмөндөр менен каракалпактардын курамына кошулган, бир бөлүгү болсо кыргыз-кыпчактарга кошулган[1] деп жазат тарыхчы К.Ш.Шаниязов. Кытай булагы Сиюй Чжиде (1763-1770-жж.) кызыл аяктар кыпчак – бурут (кыргыз) урууларынын арасында эскерилет[2]. Ошондой эле орус генералы Л.Г.Корнилов[3] Кытайдын Яркенд округунун Тагарма бектигинде, Янги-Гиссар уездинин Чумбус бектигинде жана Каргалык уездинин Раскем бектигинде – кызыл аяк-кыпчак уруулары турарын жазат.

---

[1] *Шаниязов К.Ш.* К этнической истории узбекского народа.-Ташкент,1974.-С.146
[2] ККТБ, 2003, 231, 234
[3] *Корнилов Л.Г.* Кашгария или Восточный Туркестан.-Ташкент,1903.-С.235-236

Профессор А.А.Асанканов[1] СУАРдын Кашкар вилайетиндеги Таш-Коргон Тажик автоном районунун Көк-Жар Кыргыз автоном айылында кызыл аяк уругу бар экендигин белгилейт.

Я.Р.Винников жана профессор С.Аттокуров кызыл аяк уругу *кесек, кыпчак* жана *төөлөс* урууларынын курамында бар экендигин өз схемаларында көрсөтүшкөн[2], ал эми Э.Төрөкан уулу кызыл аяк уругу жоо кесек менен төөлөс уруусунун курамында бар экендигин белгилейт[3]. Бирок, изилдөөлөрдүн натыйжасында *кызыл аяк уругу төөлөс, жоо кесек* жана *кыпчак* урууларынын курамында жок болуп чыкты[4].

Бул этнонимдин параллелдери түркмөндөрдө (эрсары) – гызылаяк[5], каракалпактарда – кзылаяк[6] формаларында бар.

## Кызыл аяк этнониминин этимологиясы

Кызыл аяк уругунун баяндоочуларынын айтымында «кызыл аяк» деген аталыштын келип чыгышы төмөндөгү элдик варианттарда берилет:

1. Кызыл аяк уругу жашаган аймактагы дөңсөлөр кызыл топурактуу болот экен. Ал кездерде бут жалан же чарык кийип жүргөндө ошол кызыл топурак тамандарына жугуп, кызыл түстүү болуп калгандыгы үчүн «кызыл аяктар» же «кызыл буттуулар» деп аталып калган.

2. Кызыл аяк уругунун өкүлдөрү көбүнчө хандыкта (мамлекетте) көзөмөлчү кызматты аткарышып, отурукташкан элдин үстүнөн карап, бийлик жүргүзүшчү экен. Алар башкалардан айырмаланып ат үстүндө жүрүп, кызыл өтүк кийип жүрүшчү

---

[1] *Асанканов А.А.* Этническая история кыргызов Шинжана КНР//Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. -Серия 1. Гуманитарные науки.-Вып.VIII.-Б.,2009.-С.134-136,138-142

[2] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского...-С.85; ушул эле автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...-754-б; Шаниязов К.Ш. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.146

[3] *Төрөкан уулу.*-Б.,1995.-151,165-б

[4] *Туран Н., Өсөров Э.* Төөлөс: тарых жана санжыра.-Б.,2011.-261-262-б

[5] *Атаниязов С.* Шежере.-Ашгабат,1992.-126,258-б

[6] *Жданко Т.А.* Очерки исторической этнографии каракалпаков.-М.-Л., 1950.-С.52,165

экен. Ошондон талаада иштеп жатышкандар алар келгенде тер-геп, «кызыл аяктар» келди деп жүрүп, «кызыл аяктар» аталып кетишкен дешет.

Ал эми илимий жактан караганда түркмөн изилдөөчүсү С.Атаниязов, этнонимдин этимологиясын «кызыл+бут», «кызыл+идиш», «бут» деп түшүндүрөт. Автор буга далил катары түркмөндөрдөгү «дашаяк» этнонимин мисал катары көрсөтөт[1]. Бирок, бул божомол илимий жактан колдоого алынбаган.

Кыргыз илимпозу Х.Карасаев «Камус наама» аттуу сөздүгүндө, «кызыл аяк» этнонимин «бойдок жигит» деп түшүндүрөт[2].

Ал эми этнонимдин «кызыл» деген бөлүгү Н.А.Баскаковдун изилдөөлөрү боюнча «түштүк» тарапты билдирет. Ал кыргыз этнонимин «кызыл огуздар» – «түштүктө жайгашкан огуздар менен байланыштырат[3]. «Бул көз караш чындыкка жакын, анткени түркмөн этнографы С.Атаниязов берген маалыматтарга караганда, Селджук султаны Тугрул мырзанын генералдарынын ичинен түркмөн лидери Гызыл ибн Яхя Шурин XI кылымдын башында кол алдындагы көп сандаган түркмөндөрдү «кызыл или (эли)» деп атаган. Бул этнонимдин экинчи бөлүгү «аяк» биз билген бут же болбосо колдонулган буюм, идишти түшүндүрбөйт. «Соңу, бир нерсенин аягы, бүткөн жери, учу»[4] деген маанига келет. «Төмөн», «ылдый» деген маанини да берет. Биздин оюбузча, биз жогоруда сөз кылган Н.А.Баскаковдун «Кызыл – түштүктү билдирет» деген көз карашы туура. Болжол менен кызылаяк уруусу, түштүктө жашаган огуз (түркмөн) урууларынын бири болгон. Башкача айтканда бул уруунун түркмөндөр менен байланышы бар деп айтууга болот» – деп жазат М.Кадыроглу[5].

---

[1] *Атаниязов С.* Шежере.-Ашгабат,1992.-126-б

[2] *Карасаев Х.* Камус наама.-Б.,1996.-126-б

[3] *Баскаков Н.А.* К вопросу о происхождении этнонима кыргыз//СЭ.-М.,1964.-№ 2.-С.92-93

[4] *Grönbech K.* Kuman Lehçesi Sözlügü (Türkçe çevirisi: Kemal Aytaç).-Ankara,1992

[5] *Кадыроглу М.* IX к. экинчи жарымынан 15 к. Чейинки мезгилдерде кыргыз жана кыпчак этно-саясий байланыштары.-Б.,2007.-88-89-б (диссертациялык иш).

Жогоруда айтылгандай түркмөндөрдө (эрсары) кездешкен кызыл аяк урууcунун кыргыздардын кызыл аяк уруусу менен байланышы болушу мүмкүн анткени, бул уруунун негизинде огуз элементи жаткандыгы ачык. Кызыл аяк уруусу огуздар аркылуу кыргыздардын курамына кошулган. Огуздардын курамына качан кошулгандыгы туурасында тарыхый булактарда маалымат жок. Ал эми «кызыл аяк» уругун кыргыздардын курамына XI кылымда кошулса керек деп жазат тарыхчы М.Кадыроглу[1].

Кызыл аяк уругу *кабели, калай баш, митан, таңатар, торбо, чуукай* деген урук бөлүкчөлөрдөн турат.

## Кавели

Кавели – кызыл аяк уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

Этнонимдин параллелдери алтайлыктарда – «кообалы»[2], – туваларда – «хоовалыг»[3], хакастарда – «хобый=кобый»[4] формаларында кездешет. Изилдөөчүлөр бул этнонимдердин тектик жакындыктарына маани беришет. Аталган этностук аталыштар хакас, алтай, тува элдеринин жана кыргыздардын этностук жакындыктарын чагылдырат.

Кыргыздарда этнонимдин параллелдери бугу жана тынымсейит урууларында кабели формасында кездешет[5]. Тынымсейит уруусундагы *кабели* уругунун курамында беш бала аттуу урук кездешет, ал эми кесек уруусунун *карамолдо* уругунун курамында да *беш бала* аттуу урук бар. Ал эми алтайлыктардын курамында коболу аттуу уруу бар.

---

[1] Ушул жерде.-90-б

[2] *Радлов В.В.* Из Сибири...-С.125; Потапов Л.П. Этнический состав и происхождение алтайцев...-С.23

[3] *Потапов Л.П.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.33

[4] *Бутанаев В.Я.* Происхождение хкасских родов и фамилий...-С.87

[5] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского...-С.21,116; ушул эле автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...-747-б

## Митан

Митан – кызыл аяк уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

А.Д.Гребенкин Заревшан округундагы өзбек урууларынын курамында *митани* аттуу урукту атайт. *Митани* уругунун өкүлдөрү өздөрүн «Биз Орусиядан келгенбиз, биз ногойбуз, өзүбек эмеспиз» дешет. Чындыгында эле алардын ырларында Орусияда жакшы жашагандыгы, анан алар Самарканга келгендиги тууралуу ырдалат. Митан уруусунун өкүлдөрүнүн кел-бетинин түзүлүшү Орусиядагы татарларга окшош. Орусиядан келгин татарлар бул уруунун меймандостугуна кабылышат». Заравшандык митандар *бегляр-митан, парча-митан* жана *кара-калпак-митан* деген топторго бөлүнүшөт. Ал эми ушул эле заравшандык каракалпактардан *уйшун-митан, мырза-митан* аттуу уруктарды кезиктирсек болот[1]. Ч.Ч.Валиханов[2] бухара өзүбектеринин курамында митан уругу бар экендигин белгилейт. Ошондой эле каракалпак жана зарафшандык муйтендерде байлар жана беш уул деген урук бөлүкчөлөр катталган[3].

Этнонимдин паралелдери каракалпактарда жана башкырларда – муйтен формасында белгилүү[4]. Башкыр этнографы Р.Г.Кузеев *митан* уругун муйтен уругунун аталышынын бир формасы деп белгилейт. Муйтендер – байыркы каракалпак урууларынан болуп саналат. Изилдөөчүлөрдүн айтымында бул уруунун этникалык тамыры байыркы *массагет* урууларына барат. Кийинчерээк алар эфталиттердин жана көчмөн-түрк урууларынын таасирине кабылышкан. Муйтендердин этникалык калыптанышы Л.С.Толстова боюнча Кара-Деңиз жээктеринде, Түндүк Кавказ, Төмөнкү жана Орто Волга дарыясынын бойлорундагы талаа мейкиндиктеринде сармат, авар, хазар, булгар кийинчерээк башкыр элдери менен тыгыз байланышта өтөт.

---

[1] *Гребенкин А.Д.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.99,103-105

[2] *Валиханов Ч.Ч.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.154

[3] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.144

[4] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.429

Алтын-Ордо заманында муйтендер Арал деңизинин бойлоруна жер которушкан[1].

Демек, жогорудагы келтирилген фактыларга таянсак, муйтен/митан этноними башкыр, каракалпак, өзбек жана кыргыз урууларынын курамында катталып, ал эми өзбек жана кыргыз урууларына каракалпактардан көчүп келген болот.

Митан «92 элетия» урууларынын тизмесинде[2]

| I. Маджму ат-таварих боюнча (Л. 17а-18а кол жазма; Т. чыгарылган с. 22-23) | II. II Тухфат ат-таварш-и хани боюнча (ЛО ИВАНнын тизмеси, С 468, л. 2666) | III. ӨзССРнин чыгыш таануу Институтунун 4330.3 кол жазмасы боюнча, л. 1326. | IV. Закир Чормошевден Абрамзон С. М. жазып алган 92 уруунун тизмеси боюнча | V. Кесек уругу |
|---|---|---|---|---|
| - | 57. митан میتن | 61. митан میتن | мит | митан |

## Кызыл аяк уругу жашаган жерлер

Азыркы убакта кызыл аяк уругунун өкүлдөрү Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Айбике, Кош-Булак, Кулунду, Май-Тоңбос, Раззаков айылдарында жана Сүлүктү шаарында, Чүй облусунун Сокулук районунун Сокулук, Карл Маркс айылдарында, Москва районунун Беловодск айылында, Жайыл районунун Сосновка айылында, Ош облусунун Ноокат, Кара-Суу, Өзгөн райондорунда, Жалал-Абат облусунун Сузак районун Барпы, Ырыс айыл округдарынын айылдарында жашашат.

Алардын Лейлек районундагы жайлоосу Май-Тоңбос жана Ак-Тоок.

---

[1] *Толстова Л.С.* К вопросу о закавказско-переднеазиатских связях в этногенезе каракалпаков (мюйтены)//Общественные науки в Узбекстане.-Ташкент,1966.-№ 3.-С.65

[2] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары.-Т.I.-Б.,2002.-302-б

Ошондой эле *кызыл аяк* уругунун өкүлдөрү Тажикстандын Жерге-Тал районунда, Тоолуу Бадахшан Автоном Облусунун Мургаб районунун Токтомуш, Шаймак, Мургаб айылдарында[1], Афган Ислам Республикасынын Вахан коридорундагы кыштактарда[2] жана Кытай Эл Республикасынын Кызыл-Суу Кыргыз Автоном Районунун айылдарында турушат.

## КАРА МОЛДО

Кара молдо – «бай кесек» тобунун курамындагы ири урук бөлүкчө.

Санжыра боюнча бул уруктун негиздөөчүсү Жармат, ал молдо жана кара киши болгондуктан, аны «кара молдо» деп аташчу. Андан таркаган балдар кара молдонун балдары деп аталып, кийинчерээк алардан тараган эл «кара молдо» уругу деп аталып калган.

Кара молдо уругу негизинен беш бала, бөз калак, күл чачар деген урук бөлүкчөлөрдөн турат.

### Беш бала

Беш бала этноними беш + бала деген сөздөрдөн турат. «Беш» сөзү менен башталган этнонимдер түрк элдеринин ичинде кеңири таркалган: башкырда – *беш уул,* казактын Улуу Жүзүндө – *бесъ-тэнь бала*[3] уруусу, кара калпакта – *бес-сары*[4] уруусу; заравшандык өзбектердин курамында – *бешул, бешкалы, беш-юс, бешкули, бешбала, бешсары, бешсаит*[5]*, бешогул, бешуру куштамгалы*[6]*,* ногойлордо – *бесавыл урув*[7], кыргыздын саруу урую-

---

[1] Автордун талаа материалдары. Тетрадь №3

[2] *Shahrani M. Nazif Mohib*. Көрсөтүлгөн эмгек.-P.152

[3] *Радлов В.В.* Этнографический обзор турецких племен Сибири и Монголии.-Томск,1887. -С. 23

[4] *Жданко Т.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.39, таблица

[5] *Гребенкин А.Д.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.87,93,99

[6] *Файзиев Т.*О родо-племенном составе узбеков-кураминцев конца XIX–начала XX в.//Общественные науки в Узбекистане.-Ташкент,1963,№11

[7] *Баскаков Н.А.* Ногайский язык и его диалекты.-М.-Л.,1940.-С.137

сунда – *бешанги, бешендер, бешкаман, бешкарын* этнонимдери учурайт. Ошондой эле «беш» сөзү менен башталган көптөгөн топонимиялык аталыштар да кездешет: Беш-Балык, Беш-Булак, Беш-Тау, Беш-Терек, Беш-Тал, Беш-Буркан ж.б.

Башкырлардын «беш уул» уруусунун келип чыгышы тууралуу төмөндөгүдөй уламыш бар. Уламыш боюнча башкыр кызы сыйкырлык жагдай менен боюна бүтүп (жарык нурунан), беш эгиз эркек балалуу болот. Ошол беш бала – «беш уул» уруусунун башатын түптөгөн деп эсептелет. Бул сюжет чыгышта жана батышта түрдүү вариантта берилген байыркы түрк (гундук) уламыштарына үндөшүп кетет, ал-Жувейни Каракорум суусунун жээгинде табылган «жазма ташта» берилген байыркы уйгур уламышын толук айтып берген. Селенги жана Тогла дарыясынын кошулган жеринде эки дарак өскөн, алардын ортосунда тоо пайда болгон. Уйгурлар ал тоого жакын келгенде ал ачылып, андан «беш келбеттүү балдар» чыгат. Алар дарактардын тамырынан агып жаткан сүт менен азыктанышкан. Ал балдарга ат берилип, улуусу Буку хан болуп: «чыгышты, батышты багындырган жана эгиз бир туугандары менен бирдикте Беш-Балык шаарын негиздеген»[1].

Бул түрк фольклорундагы беш бир тууган тууралуу байыркы мифологиялык сюжеттин кенен таркалышынан, берилген жагдайда этнонимиялык параллелдер жогоруда келтирилген элдердин байыркы түрк жалпы этникалык компонентке ээ экендигин күбөлөндүрөт деген жыйынтыкка келсек болот. Берилген компонентин этникалык негизи Алтайдагы же Батыш Монголиядагы уруулардын союзу болушу мүмкүн. Ал жерде сандык урук-уруулук аталыштар – үч-карлук, үч-курыкан, үч-огуз, тогуз-огуз, секиз-огуз, он-уйгур ж.б. кенен тараган көрүнүш болгон. Бул пикирге түрткү берген булактардын көргөзмөсү бар: *теленгит, урасут* жана *коштеми* (урянкат) уруулары беш

---

[1] *Радлов В.В.* Об уйгурах//Записки РАН. Т. LXXII, № 2, приложение.-СПб.,1893.-С.56-62

каем – «беш уруу» деген жалпы аталышта белгилүү болгон. Бул уруулар Чынгызхан тарабынан «кыргыздар менен болгон согушунда»[1] каратылган.

Беш уулдардын байыркы тарыхындагы жагдайлар алардын этногенезинде монголдук топтордун, керек болсо эскертилген беш кавм да катарына кире турган «токой урууларынын» тиешеси бардыгынан кабар берет. Бирок келип чыккан теги боюнча уруу же тактап айтканда «беш уул» уруулары түрк болуп эсептелет. Буга «беш уул» тамгаларынын негизги формаларынын башка түрк урууларынын тамгаларына, жада калса орхон-енисей белгилерине окшош экендиги күбөлөндүрөт[2]. Беш уул тамгасы  илмек, Бишул-Унгар тамгасы  (така) жана  чөмүч[3].

Р.Г.Кузеев «беш уул» уруусун байыркы түрк урук-уруулук түзүлүштөрдүн бири деп жазат[4].

Этнонимдин паралелдери кыргыздарда «беш бала» – тынымсейит, «беш уул» – чекир саяк уруусунда катталган.

Ак козудан – Арзы, Алдаберди, Эгемберди, Бабакожо, Калматай, Дөөлөт. Арзыдан – «кара шыйрак» тобу, Алдабердиден – «алда тобу», Эгембердиден – «чунак тобу», Халмат бийден – «марка тобу», Калматайдан – «тынтай тобу», Дөөлөттөн – «казак тобу» тарашат.

Нурике мергенден – күл чачар тобу, Досукеден – бөз калак тобу, Байикеден – камбар тобу, Токтогулдан – бабырган тобу тарашат.

[1] Таварих-и гузида-Нусрат-наме.-Ташкент,1967.-С.83
[2] ДТС, XV
[3] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.296
[4] Ушул эле жерде

## Бөз калак

Бөз калак – кара молдо уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Лакап этноним.

Этнонимдин аталышы баяндоочулардын айтымында мындайча келип чыккан: «Кара молдо уругунун өкүлдөрү негизинен шарияттын осуяттарын сактаган эл болушкан. Күндөрдүн биринде алардын бири башындагы селдесин жуудуруп коёт, аба ырайы бузулуп, күн чыкпай, анын селдеси намаз убагына чейин кургабай калат. Намаз маалы башталып калат. Аны өткөзүп жибербөөнүн айласын табыш үчүн, ал киши жаңы эле базардан алып келген «бөздүн» (материалдын аталышы) бир бөлүгүн алып, башына ороп, намазга жетип келет. Аны көргөн теңтуштары бөздү калактай кылып, башына чалып алыптыр деп жүрүшүп, андан тарагандар *«бөз калак»* деген лакап атка конушкан экен.

## Күл чачар

Күл чачар – кара молдо уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Лакап этноним.

Этнонимдин аталышы баяндоочулардын айтымында мындайча келип чыккан: «Илгери бир заманда кара молдо уругунун өкүлдөрү Кутчу тоонун күн чыгыш жагында Боз тумшук деген жерде жайлап турушат. Күндөрдүн биринде Исфана жактан «жоо келе жатат» деген кабар келет. Кара молдо уругунун өкүлдөрү аз санда болгондуктан, жоодон аман калыш айласын төмөнкүчө ойлоп табышат. Алар атка минген жигиттерине күл толтурулган куржундарды артышып, алдына малдарын айдашып, куржундагы күлдү чачышып жооду карай бет алышат. Алыстан караганда чоң чаң чыгып, көптөгөн аскерий кол келе жаткандай көрүнөт. Мындан бир аз мурда алар бир кишини качкан адамга окшотуп, жоону карай жиберишкен. Ал жоого жакындай бергенде, тигилер аны токтотуп, бул эмне деген чаң деп сурашат. Бул жакка чоң аскерий кол келе жатат деп жооп берет. Анын сөзүнө ишенишкен каракчылар артын көздөй качышат. Ушундай айла-амал

менен каракчылардан аман калган кара молдо уругунун бир бөлүгү – *«күл чачар»* деген лакап ат менен аталып калышат.

Азыркы убакта кара молдо уругунун өкүлдөрү Баткен облусунун Лейлек районунун Самат айыл аймагына караштуу Беш-Бала, Калта-Кол, Мырза-Патча, Самат, Чалды-Балды айылдарында, аз санда Сүлүктү жана Исфана шаарларында жашашат. Алардын Лейлек районундагы жайлоосу Чукур-Булак.

## МАЛА

Мала – «бай кесек» тобунун курамындагы урук. Ал негизинен *бай тобу, кош өтөк, аширек, жел баш* деген урук бөлүкчөлөрдөн турат.

А.А.Кушакевичтин 1871-жылы жарык көргөн «Ходжент уезди жөнүндө маалыматтар» деген эмгегинде 12 кесек уруктары аталып, эмнегедир мала уругу атаган эмес[1].

Санжыра боюнча мала уругунун чоң бабасы болуп – Иманкул бий айтылат. Анын Токон деген баласынан Иметкул, андан 1. Маматкул 2. Андакул. 3. Аманкул. 4. Мамаш. Маматкулдан тарагандарды – «бай тобу», Андакулдан тарагандарды – «кош өтөк» тобу, Аманкулдан тарагандарды – «аширек» тобу, ал эми Мамаштан тарагандарды – бий тобу (жел баш деп да аташат) деп аташат.

### Мала этнониминин этимологиясы

Мала уругунун баяндоочуларынын айтымында «мала» деген аталыштын келип чыгышы төмөндөгү элдик варианттарда берилет:

1. Мала уругунун «мала» болуп аталып калышы, илгери бир заманда «Мала-хан» деген хан өткөн экен. Ошонун урпактарысыңар деп оозмо-ооз айтылып жүрүп, бул уруунун өкүлдөрү «мала» уругу деп аталып калыптыр.

---

[1] *Кушакевич А.А.* Сведения о Ходжентском уезде//ЗИРГО, по общей географии.-Т. IV.-СПб.,1871.-С.231

2. Тажик сөзү «малла» кыргызча «сары, саргыч» деген маанини туюндурат.

Менимче мала этнониминин этимологиясынын экинчи варианты туурадай сезилет, себеби мен мала уругунун өкүлдөрү менен маектешкенде өңү-түсү сары, көздөрү жашыл (көк) адамдарды көп жолуктурдум. Мүмкүн башка элдер бул уруктун өкүлдөрүн алардын сырткы көрүнүшү үчүн мала (сары, саргыч) деп аташкандыр.

### Мала уругу жашаган жерлер

Мала уругунун өкүлдөрү Кош-Булак, Кожо-Гулистан, Опурулма, Жети-Күңгөй, Тегерек, Кара-Булак (күн чыгыш жагындагы булактын айланасы) деген жерлерди мекендешкен.

Азыркы убакта *мала* уругунун өкүлдөрү Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Кулунду айылында жана Сүлүктү шаарында жашашат.

Алардын Лейлек районундагы жайлоосу Май-Тоңбос жана Ак-Боок.

## МӨӨЖӨЙ

Мөөжөй – «бай кесек» тобунун курамындагы урук. Мөөжөй уругу *абыл, ажибек, ыбрайым* деген урук бөлүкчөлөргө бөлүнөт. Абыл: *нармат, бакты келди, акмат (касай), нурмат*; ажибек: *гүлөтөк, төөлөр, кокондук*; ыбрайым: *сартча, галча (калча), котур, дыкан (дыхан), торбо* деген майда урук бөлүкчөлөрүнөн турат.

### Мөөжөй этнониминин этимологиясы

Мөөжөй этнониминин келип чыгышы жөнүндө: «мөөжөй» – бөгө + жай, бөгө – арык, сууну тоскон бөгөт, дегенди билдирип, «арык боюнда жашагандар» деген түшүнүктү берет» деп жазат Ш.Жапаров.

Бирок биздин оюбузча «мөөжөй» бул »мөжөк» деген сөздүн бузулуп айтылганы. «Мөжөк» – бөрүнүн баласы же бөлтүрүк дегенди түшүндүрөт. Кесек уруусунун тотеми бөрү/ит.

Бөрү, карышкыр, гурт/курт, мөжөк (мөжөй)/мачак, чоно/чино синонимдеш сөздөр. Борбордук Азияны мекендеген байыркы уруулар (хуннулар, түрк-монгол тилдүү уруулар) өздөрүнүн башатын бөрүдөн деп түшүнүү менен, ага касиеттүү күч катары сыйынышкандыктары маалым.

Байыркы теле (төлөс) уруулары өздөрүн хунну акиминин кызы жана бөрүдөн тараганбыз деген ишеничте болушкан. Байыркы түрктөр өздөрүн хунну ханзаадасы менен эне-бөрүнүн урпактары экендигин өзгөчө белгилешкен. Байыркы түрктөргө таандык «ашина» этноними (ашина – «а» урматтоону аныктаган кытай префикси, -шоно/чоно/чино; -чино монг. «карышкыр») «бөрү», «карышкыр» маанисин берет. Бүгүнкү моңголдор чыгыш тегин касиеттүү марал (Гао марал) жана бөрүдөн (Бортэ Чино) таратышары уламыштарда чагылдырылат[1].

Огуз кагандын аскер жүрүштөрүндөгү жол баштоочусу карышкыр болгондугу жөнүндө уламыштар айтылат. Башкыр фольклорунда бул элдин мергенчи менен эне-бөрүдөн тарагандыгын баяндаган уламыштар кезигет[2].

Изилдөөчүлөр көпчүлүк түрк элдеринде кийинки учурларда тотем-карышкыр сактоочу функциясын аткарып калганын белгилешет. Кыргыздарда түз тиешелүү маалыматтар жоктугуна карабастан, карышкырга байланыштуу ырым-жырымдар тотемизмдин изин чагылдырат. Карышкырдын тырмагы, тиши, тарамышы ж. б. оорудан, түрдүү кырсыктардан сактоочу тумар болгондугу ырас. Мындай ишеним ырым-жырымдар Түштүк

---

[1] Кара: *Бичурин Н. Я.* Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена.-Ч.I.-М.-Л.,1953.-С.214-216; Гумилев Л.Н. Древние тюрки.-М.,1993.-С.22-23; Сокровенное сказание.-Т.I.-М.-Л.,1941.-С.79-80

[2] Кара: *Фазлаллах Рашид ад-Дин.* Огуз-наме.-Баку,1987; Илимбетов Ф.Ф. Культ волка у башкир//АЭБ.-Т.4.-Уфа,1971.-С.225-228

Сибирдин элдеринде (алтай, тува, хакас) да абдан кенен тарал-ган. Мисалы, карышкыр тувалардагы шамандардын жардамчы-духтарынын бири болгондугу маалым. Байыркы кыргыздардын карышкырга карата тотемдик ишенимдери Түштүк Сибирдеги руникалык таш эстеликтеринде да чагылдырылат: «Мен жети бөрүнү өлтүрдүм...» – деген маалыматтар бар. Бүгүнкү хакас-тардын курамында теги эң байыркы «чити пүүр» (жети бөрү) аттуу урук (сөөк) белгилүү. Энесайдагы руникалык жазуулар-дагы маалыматтарда кыргыздардын өлкөсүнүн ичинде «жети бөрү» жана алардын курамындагы «көк жана кара бөрүлөр» уруулары менен согушкандыктары баяндалат.

Энесай кыргыздарынын урпактары катары эсептелген ха-кастардын курамындагы «чити пүүр» (жети бөрү) уругу (хакас-сагайлардын ичинде) ак пүүр, хара пүүр, көк пүүр ж.б. жети уруктан тургандыгы маалым. Жогорудагы орчундуу фактылар, келтирилген айрым параллелдер түз этногенетикалык байла-ныштарды аныктары бышык[1].

Этнонимдин параллелдери казактын Улуу жана Кичи Жү-зүнүн курамында *кызыл курт*[2], түркмөндөрдүн салур, сарык, теке урууларынын курамында *гурт, мөжөк, гарамөжек*[3] фор-маларында, кыргыздарда *бөрү, сары бөрү* – адигине, азык, *ба-рак, кызыл курт* – саруу, *түктүү курт* – адигине, саруу, *мачак* – саруу, чоң багыш, *бөлтүрүк, бай бөрү, чөө бөрү* – оргу, *барак, аксакбөрү, бөрү, сокур бөрү, үч куртка* – кушчу[4] урууларындагы урук аталыштарында сакталып келет[5].

---

[1] *Каратаев О., Эралиев С.* Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк.-Б.,2005.-224-б

[2] *Востров В.В., Муканов М.С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.99

[3] *Атаныязов С.* Шежере...81,83,269-б

[4] *Шаршеналиев Д.* Ата-тегиң биле жүр.-Б.,2010.-89,90,205,227,241,264,280-б

[5] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского...-С.112,123,124,132; ушул эле автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...-743,754,755,763-б; Винников Я.Р. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.150, Рис. 6. Структура родо-племенного деления группы адигине

## Касай

Касай – мөөжөй уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

1590-жылдары Итил (Волга) дарыясынын боюнда жашаган ногой элиин тогуз уруусунун бири *касай* уруусу болгон[1]. Ногой хандын Касай аттуу уулу башкарган уруу кийин *касай* аталып кетти.

Казактардын Кичи Жүзүнүн курамындагы адай уруусунда *косай* аттуу урук бар. Косайдын атасы Кудайке, анын төрт баласы болгон. Көчүп бара жатышып, Сыр-Дарыядан өтүшкөн учурда анын аялы жана төрт баласы суугa чөгүп өлүшөт. Кудайке туркмөн аялга үйлөнөт, андан Тажике жана Косай деген эки бала төрөлөт. Косайдан тарагандар түркмөн-адайлар деп аталып калышкан[2].

Бул этностук аталыштар ногой, казак жана кыргыздардын этностук жакындыктарын чагылдырат.

## Кокондук

Кокондук – мөөжөй уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Этнонимдин аталышы бул уруктун өкүлдөрү Кокон тараптан келгендиктен «кокондук» деп аталып кеткен. Бул уруктун баяндоочуларынын айтуусу боюнча «Болжол менен 1910-жылдары Лейлекте кургакчылык болуп, ачарчылык башталат. Ал жерде жашаган элдин бир бөлүгү арга издеп, азыркы Ханабад шаары турган жерге көчүп барышып жан сакташат. Ал жерде алар 1915-жылдарга чейин жашап, кайта өз жерине келишет. Ошондо кайра көчүп келгендерди жеңелери Кокондон келген «кокондук» деп жүрүп, ошондуктан бул топ «кокондук» деп аталып калган» дешет.

Бирок, өзүбектердин *юз* уруусунун курамында «кокондук» тобунун болушу бул элдик божомолду четке кагат[3]. Балким,

---

[1] *Смирнова В.Д.* Крымское ханство под верховенством Оттоманской порты до начала XVIII века.-СПб.,1887.-С.443

[2] *Востров В.В., Муканов М.С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.88-89

[3] *Макшеев А.И.* Географические, этнографические и статистические материалы о Туркестанском крае//ЗИРГО, по отд. статистики.-Т.II.-СПб.,1871.-С.39

«Кокондук» тобунун ата-бабалары илгерки замандарда, б.а. Кокон хандыгынын убагында ошол Кокон шаарындагы хандын ордосунда кызмат өтөшүп, кийин тарыхый бир кырдаалдарда (хандык талкаланганда), алар Кокон шаарын таштап чыгып кетишип, өз туугандарына кайра келиши мүмкүн. Өзбекстандын Ханабад шаарында да «кокондук» деген топ жашашайт, алар мөөжөй уругундагы «кокондук» тобуна тууган болушат.

## Калча

Калча – мөөжөй уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

«Манас» эпосунда калчалар кыргыздарга жоо, ал эми айрым варианттарында теги жакын эл катары чагылдырылат. Изилдөөчүлөр калчалардын кыргыздарга, өзгөчө тажик жана өзбектерге жакындыгын эпостогу «каратегин калча» терминине ж.б. маалыматтарга таянып айтышат.

Тилчилер калчалардын өзбек жана тажиктерге жакындыгын белгилөө менен бирге, төмөндөгүдөйчө чечмелешет: 1. Көрүнүшү сүрдүү (кочкор тумшук) киши; 2. «Манас» эпосунда Коңурбайга карата айтылчу эпитет; 3.Тоолук тажик (негизинен каратегиндиктер); 4. Эпостук чыгармаларда «сакчы», «кароолчу» катары айтылат; 5. Эпосто «кул» маанисин түшүндүрөт. Ал эми айрымдары мындайча аныктама беришет: 1. Памирдик тоолук ирандыктар галча//калча, ал эми өрөөндөгүлөр «тажик» деп аталат; 2. өтм. Кочкор тумшук, айбаттуу, багалчак адам.

Байыркы буряттарда коллективдүү аңчылыктын жетекчиси коомдук өзгөчө абройго ээ шаман (бакшы) болгондугу маалым. Коллективдүү аң уулоонун алдында ырым-жырым ритуалын аткарып, жалпы процессти башкарган шаман «галша» деп аталган. Галша (галшин, галчи) сөзүнүн түпкү мааниси «гал» -от, -ша/-ча суффикси кесиптин жана кыймыл-аракеттин маанисин аныктайт. «Галша» – отту сактоо, бир эле учурда алачыкты күзөтүү, чабылып алынган аңды ууга катышкандар үчүн бөлүштүрүүнү башкаруу функцияларын да аткарган[1]. Терминдин баш-

[1] *Вяткина К.В.* Пережитки тотемизма и его разложение в связи с облавными охотами бурят//СЭ.-1933.-№5-6.-С.48-67

тапкы маанисинде байыркы бабаларыбыздын отко сыйынуу салты жатат. Алгачкы жамааттык коомдо уруктагы (уруудагы) отту өчүп калуудан сактаган абройлуу милдет жана ага сыйынуу ритуалын аткаруу кийинчерээк шамандардын карамагына өткөн. Анонимдүү фарси тилдүү булак «Худуд ал-Аламда» (IX–XI кк.) кыргыздар отко өзгөчө маани беришери баяндалат. Шамандын коомдогу ээлеген социалдык жана экономикалык ролунун жогорулашы менен бирге, галша//галча урууда (урукта) шамандын уруу жетекчиси, аскер башчылык милдеткерликтерин аткара баштайт. Бул процесс жапайы жаныбарларга карата уюштурулган коллективдүү аң уулоо гана эмес, башка кошуна жашаган урууларга да кол салуу менен коштолгон. Узак тарыхый процессте галшанын (галча) коомдогу ролу жана милдеттери бир топ өзгөрүүлөргө учураган. Ошондуктан кыргыздардын курамындагы калча этнонимин байыркы галша//галча титул-термини менен параллель кароого болорун белгилегибиз келет. Анткени башка түрк-монгол элдери сыяктуу эле көчмөн кыргыздар да тарыхый өнүгүүнүн бул этабын басып өтүшкөнү ырас. Кийинчерээк, чарбалык колдонуудан калып, унутулган «калча» же «галча» титул-термини кыргыздарда энчилүү ат катары калыптанышы чындыкка жакын[1].

Калча – адигине (баргы, жору, кара багыш), бостон, тейит, төөлөс урууларынын курамдарындагы уруктар[2].

## Торбо

Торбо – мөөжөй уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Лакап этноним.

Торбо түштүктө: 1.Дан салынуучу анчалык чоң эмес кап. 2. Ат торбо же элеси баштык[3]. Илгери балдар айына жетпей төрөлүшсө, ырымдап торбого салып коюшчу экен. Кийин ал балага Торбо деген лакап ат беришчү.

---

[1] *Каратаев О., Эралиев С.* Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк...-212-б

[2] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.136-181

[3] *Юдахин К. К.* Киргизско-русский словарь.-М.,1969.-С.753

## Мөөжөй уругу жашаган жерлер

Азыркы убакта *мөөжөй* уругунун өкүлдөрү Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Кара-Булак жана Миң-Жыгач айылдарында жана Сүлүктү шаарына караштуу Ак-Жар, Танги-Башы, Маевка деген жерлерде, ошондой эле Өзбек Республикасынын Хан-Абад шаарында, Тажик Республикасынын Ходжент шаарында жашашат.

Алардын Лейлек районундагы жайлоосу – Шооваз, кыштоосу Жан-Булак.

## САРСӨН

Сарысөн (сарыусун) – «бай кесек» тобун курамындагы урук.

Кыргыз тарыхчысы С.Аттокуров кесек уруусунун курамындагы «сарысөн» уругун «сарыусун» деп жазат, ошондой эле ал кесектин курамына «караусун» деген урукту кошот[1]. Бирок мен кесек уруусунун курамынан «караусун» деген урукту жолуктура албадым.

Усунь этнониминин аталышы – уйсун, уйшун, ушун, ушин, уйсын, усын, усөн, усон ж.б. формаларда илимий адабияттарда кездешип, кытай булуктарында, Тонукөк жана Билге каганга арналган байыркы түрк жазма таш эстеликтеринде аталат. Уйсундар жөнүндө Рашид-эд-дин ж.б. араб-перс тарыхчылары жазышкан.

Кытайтаанууучу Ю.А.Зуев у-сунь 烏窌 аталышын – aĥsmən<asman деп окуйт[2]. Индоиран. asana, asman – «көк», «асман»; хот.-сак. – asseina «көк»; тох./б/ asam, asnke, тох./а/ āsānik, хот.сак. asana – кадыр-барктуу, асыл, yasa – абийир, ар-намыс, aise – күч, кубат; хет., лувий. asi, assija assemi– көрүнүктүү, assu – мыкты, кайрымдуу, assa – ак көңүл; гал. aesus – ардактуу, урматтуу; фракий. asni – ыйык, сыйлуу; этруск. ais – теңир, aisina,

---

[1] *Аттокуров С.* Кыргыз санжырасы.-Б.,1995.-192, 193-б

[2] *Зуев Ю.А.* Ранние тюрки.-Алматы,2002.-С.23

eisina – сонун, укмуштуу; санскрит. assanna – кымбат, баалуу, āsāāna – бай, падыша; байыркы инд. īśāná – өкүмдар, ажо деген маанилерди берет. Асман (asman) аттуу уруу Птолемейге (177-ж.) белгилүү болгон. Анын убагында бул уруу Ра (Волга) дарыясынын чыгышында жайгашкан болучу. Буга байланыштуу байыркы алан жана сарматтарда Ασανού (Асаной), түрк элдеринде Асан, кыргыздарда Манас деген адам аттары белгилүү болгон.

Белгилүү татар окмуштуусу М.З.Закиев «усун уруусунун аталышы эки алгачкы түрк этнонимдеринен турат, алар: ас-сюн > ас-сунь > ус-сунь > усунь. Этнонимдин этимологиясы боюнча алар – түрктөр»[1] деп жазат.

Г.В.Вернадский усунь этнонимин асиан-асии-асы-ясы (осы)-алан этнонимдери менен салыштырып, усундарды юэчжилер багынткан алан уруулары деп санайт[2].

Тарыхчы А.Өмүркуловдун пикири боюнча, «усун» этноними байыркы тилден которгондо «он урук эл» («ус» – урук, «ун» - он) дегенди түшүндүрөт.

Дегиндин убагынан бери батыш илимий адабияттарында асии уруулары исседон уруулары менен окшоштурулуп, аларды бир эле уруунун эки аталышы деп билишет. А.Н.Бернштам «исседон» этнониминин кесилген формасы «усунь» деп санайт. Буга байланыштуу ал «асии» жана «кушан» этнонимдери «усунь» этнониминин тохарча айтылышы деп жазат. Башкача айтканда анын оюу боюнча кытай булактарындагы «усунь» жана антикалык авторлордун «асии», «исседон» аталыштары бир эле элдин аты болуп саналып, тарыхый булактарда ар түрдүү – «ус», «ас-», «ис-» ж.б. формаларда белгиленген[3]. Көпчүлүк Казакстандык изилдөөчүлөр (Агеева, Пацевич ж.б.) А.Н.Бернштамдын бул концепциясын колдошкон.

---

[1] *Закиев М. З.* Происхождение тюрков.-М.,2003.-С.112-113

[2] *Vernadsky G.* Ancient Russia.-New Haven,1946.-P.82

[3] *Бернштам А.Н.* К вопросу об усунь-кушан и тохарах//СЭ, 1947.-№3.-С.41-47

А.Н.Бернштамдын асии жана усунь этнонимдери бир эле элдин аталышы деген тыянагына кийинчерээк М.В. Крюков да келет. Ал «усунь этнониминин байыркы формасы asuen'ге жакын», себеби ал asiani (асианы) этнониминин аталышына абдан жакын деп жазат[1].

Цин империясынын заманындагы кытай тарыхчысы Сун Юнь усунь терминин монгол лексикасынын жардамы менен чечмелеп, «усунь» монгол тилинде «сууду» түшүндүрөт дейт[2]. Ушундай эле ойду профессор Васильев айтат: «Усунь аталышы монголчо экендиги шексиз. Усунь түркчө – су, кытайча – шуй, тибетче – чу деген сөздөр менен тектеш, монгол тилинен которгондо «суу» деген маанини берет[3]. Усунь этнониминин аталышы Ордостогу Ушуй же Чыгыш Түркстандагы Узун (Упса) дарыясынын атынан аталган деген да божомол айтылат.

«Юань ши» (XIV к.) – Юань монгол сулалесинин тарыхында: «Цзилицзисы (кыргыздар) өзүнүн келип чыгышын Хан жергесинин 40 кызы  Усы дарыясынын өрөөнүндөгү Усынын эркектери менен баш кошкон кезеңден баштайт. Усы журту өз наамын өзөндүн атынан алган, алар кыргыздардын чыгыш жагынан орун алышкан. Өздөрү тутунган үрп-адатка ылайык, алар жыл сайын 6-айдын биринчи он күндүгүндө акбоз жылкы, бука жана кой союшуп, кымыз чачышып, бүт (усылар) дайранын ээсине тазим этиш үчүн сууга чайынышып, өзөнгө тайынышат. Анткени аңыз боюнча, аерден алардын түпкү атасы чыккан» деп жазылат[4]. Демек жогоруда айтылгандарга таянсак усунь этнониминин этимологиясы дарыя, суу менен да байланышы бар экендигинде шек жок.

---

[1] *Крюков М. В.,* Восточный Туркестан в III в. до н.э. – VI в. н.э.//Восточный Туркестан в древности и раннем средневековье.-М.,1988.-С.233

[2] *Зуев Ю.А.* К этнической истории усуней//Труды ИИАЭ АН КазССР.-Т.VIII.-Алма-Ата, 1960.-С.14

[3] *Васильев.* Об отношениях китайского языка к средне-азиатским//ЖМНП.-СПб.,1872.-Сентябрь.-С117

[4] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары.-Т.II.-Б.,2003.-67-68-б

Кытай иероглифтеринин 烏孫 (у-сунь) этимологиясы «карганын урпактары» же «карга уруусу» деген маанини берет[1]. Буга байланыштуу кытайлык чалгынчы Чжан Цянь усундар жөнүндө төмөндөгүдөй уламышты айткан: «Мен хуннуларда болгонумда укканым бар, усундардын башчысы «гуньми» (куньмо, куньбянь) деп аталат. Гуньминин атасынын хуннулардын батыш чектеринде анчалык чоң эмес ээлиги болгон экен. Хуннулар согушта анын атасын өлтүрүп, ал эми жаңы эле төрөлгөн гуньмини талаага таштап салышат. Куштар анын денесиндеги курт кумурскаларды терип жешип, канчык карышкыр келип, ага эмчегин эмизип турат, ошол эле учурда бир үзүм этти мыкчый кармаган карганын айланып учуп жүргөнүн көрөт. Муну көрүп таң калган шанүй аны дух экен деп эсептеп, өзүнө алдырып алат да, тарбиялап өстүрөт. Гуньми чоңойгондо шанүй аны аскер кол башчысы кылып дайындайт. Ал жортуулдарда бир нече жолу эрдиги менен көзгө көрүнгөндүктөн шанүй ага атасынын ээлигин кайтарып берип, Батыш дубалдын бойлорундагы кароолго көзөмөл жүргүзүүнү тапшырат» [2].

Жогоруда келтирилген уламыш боюнча усундардын ата-бабалары катары карга жана бөрү саналат. Бөрү ичкилик тобунун тотеми. Изилденип жаткан Сарыусөн уругунун курамында «карга» деген урк бөлүкчө бар. Бул этнонимдин өзү жана Сарыусөн уругунун аталышы кесек уруусун байыркы усундар менен байланыштырып, кыргыздардын курамындагы эң байыркы этнокомпоненттердин бири экендигин тастыктайт.

Алгач усундар Ордосто Ушуй дарыясынын бассейнинде турушкан, б.з.ч. 178-жылы юэчжи урууларынын соккусунун натыйжасында алар хунндардын Монголиядагы ордосуна аргасыздан чегинишет. Бул жерде 20-жылдын ичинде усундар күч-

---

[1] *Daffina P.* La migrazione dei Wu-sun//Revista degli studi orientali.-Vol.44.-1969.-P145

[2] *Аристов Н.А.* Усуни и кыргызы или кара-кыргызы.-Б.,2001.-С.10; Зуев Ю.А. Тамги лошадей из вассальных княжеств//Труды ИИАЭ АН КазССР.-Т.VIII.-АлмаАта,1960.-С.122; Кюнер Н.В. Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока.-М.,1961.-С.72

кубаттуу болушуп, хунндардын өздөрүнө коркунуч туудура баштайт. Усундардын күн-беги б.з.ч. 161-158-жж. хунндардын шанүйү Лаошань өлгөндөн кийин, өздөрүн хунндардан көз каранды эместигин жарыялап, Теңир-Тоо менен Жети-Сууга көчүп келишет. Көп убакыт өтпөй бул жерде – түндүктө Балхаш көлүнө чейин, чыгышта хуннулар менен, батышта Кангүй менен, түштүктө Фергана жана Чыгыш Түркстан менен чектешкен, кытай булактарында «Усун-го» деп аталган, мамлекетти түзүшөт. Алардын ордосу – Ысык-Көл өрөөнүндөгү Чи-гу, же Чи-гу-чэн шаары болгон. В.П.Мокрынин жана В.М.Плоскихтер боюнча Чи-гу-чэн азыр Түп дарыясынын Ысык-Көлгө, ал эми башка изилдөөчүлөр Кызыл-Суу дарыясынын Ысык-Көлгө куйган жериндеги көл түбүндөгү шаарча деп божомолдошот.

Кытай булактары усундар жөнүндө: «Усунь мамлекети Чанъандан 8900 ли алыстыкта турат. Калкы 120.000 боз үй, 630.000 адам, 183.000 жоокерден турган кошуун чыгара алышат. Дыйканчылык менен багбанчылыкты билишпейт. Оттуу, суусу мол жерлерде малы менен көчүп-конуп жүрүшөт. Үрп-адаттары хуннулардыкы менен бирдей. Алардын ээлигинде жылкылар көп, байларында 4000ден 5000ге чейин жылкы бар. Усундар орто бойлуу, ак жуумал жүздүү, көк көз, сары чач адамдар» деген маалыматтарды беришет[1].

Усундардын европеиддик расага (андроновдук типке жакын) тиешелүү экендигин К.А.Акишев менен Г.А.Кушаевдин археологиялык изилдөөлөрү далилденген[2].

Усундардар жөнүндө акыркы эскерүүлөр негизинен V-VI кк. менен аяктайт. Бирок, Хэ Цю-таонун айтуусу боюнча алар Ляо (907-1125-жж.) династиясынын мезгилинде да белгилүү болушкан. «Бинвейчжи» боюнча Ляо мамлекетине баш ийген 50

---

[1] *Кюнер Н.В.* Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока.-М.,1961.-С.72,73,74

[2] *Акишев К.А., Кушаев Г.А.* Древняя культура саков и усуней долины реки Или. Алма-Ата,1963.-С.139

өлкөнүн тогузу усундук болушкан. «Ляоши»ден кийин «усунь» аталышы башка эскерилбейт»[1].

Кийин жоголгон «усунь» этноними Н.А.Аристовдун айтуусу боюнча «нушеби», ал эми А.Н.Бернштам боюнча «он ок» деген термин менен алмашат[2]. Н.А.Аристов мындай деп жазат: «нушебилер усундар болушкан, алардын чыныгы элдик аты дайыма «кыргыз» болгон[3].

Алгач усундардын индо-готтордон келип чыгыш теориясын Абель-Ремюза[4] менен Юджин Клапрот[5] илимий чөйрөгө сунуштаган. Аны Г.Е.Грумм-Гржимайло активдүү колдоп, усундар аралашма түрк-индо-готтордон келип чыккан деп санаган[6]. Бул изилдөөлөр VIII кылымда кытайлык комментатор Янь Ши-гунун усундардын келбетинин түзүлүшү европалыктарга окшош деп айтканына негизделген болчу. Ушунун эле негизинде Ф.Гренар Жети-Суудагы усундар финн-угорлордон келип чыккан деген теориясын сунуштайт[7]. Бирок бул эки теория окмуштуулардын колдоосуна ээ болгон жок.

Француз окмуштуусу Дегин[8] мындай гипотезаны сунуштайт, ал антикалык авторлордун Грек-Бактр мамлекетин б.з. II кылымынын ортосунда талкалаган асиан, тохарлар жөнүндөгү маалыматтарын кытай булактарындагы грек-бактрларды юеди же юешчи уруулары талкалагандыгын салыштырып, кытай жыл наамаларындагы усундарды антикалык авторлордун Грек-Бактр

[1] *Кюнер Н.В.* Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока.-М.,1961.-С.97-98

[2] *Бернштам А.Н.* Древнейшие тюркские элементы в этногенезе Средней Азии//СЭ.-1947.-С.156

[3] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен//ЖС.-№III-IV.-СПб.,1896.-С.298

[4] Азиатский вестник.-Кн.IV.-СПб.,1825.-С.287

[5] *Klaproth.* Tableaux historiques de l'Asie.-Paris,1825

[6] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Белакурая раса в Средней Азии//Записки ИРГО по отд. этнографии.-СПб.,1909.-С.186; анын. Западная Монголия и Урянхайский край.-Т.II.-Л.,1926.-С.5-7

[7] *Grenard F.* Le Turkestan et le Tibet.-Paris,1898.-P.26

[8] *De Guignes.* Recherches sur les Rois Grecs de la Bactriane. Memoires de l'Acad, des Inscriptions.-Paris,vol.XXV.-P.28

мамлекетин талкалаган асиан-асийлер менен окшоштуруп, аларды бир эле эл деп санайт. Бул гипотезаны В.В.Григорьев, Т.Кингсмилл, Г.Вернардский, андан кийин А.Н.Бернштам жана С.П.Толстовдор колдошот[1].

Н.А.Аристов көптөгөн тарыхый-этнографтык материалдардын негизинде, 1896-жылы байыркы усундарды түрк тилдүү деп, аларды енисей кыргыздарынын батыш бутагы деп санайт[2]. Алты жылдан кийин анын гипотезасын япон окмуштуусу К.Сиратори далилдеген. К.Сиратори кытай жыл наамасы «Цянь Ханьшу»да сакталып калган усун титулдары менен аттарды чечмелеп, усундар түрк тилдүү деген бүтүмгө келген. Ф.Хирт, О.Франке, И.Маркварт, П.Пелльо жана Ю.А.Зуев сыяктуу кытайтануучуулар да ушундай бүтүмгө келишкен[3].

Ордостогу монголдордун курамындагы усундарды П.Пельо жана Л.Амби кыргыздардын курамындага сары-уйсундарды, өзбектердеги ушун жана уйсундарды, казактардагы уйсундардын келип чыгышын байыркы усун уруулары менен байланыштырып, жалпылыкта карашат[4].

Зеравшандык өзбектердин курамындагы *уйшун* уруусу туралуу Д.Гребенкин мындай деп жазат: «Уйшундардын ырлары жана тили таза кыргызча»[5].

---

[1] *Григорьев В.В.* О скифском народе саках.-СПб,1871.-С.139; Th. Kingsmill. The Intercourse of China with Eastern Turkestan.-Journal of the Royal Asiatic Society, New Ser.,vol.XIV.-P.79; G. Vernadsky. Ancient Russia.-New Haven,1946.-P.82; Бернштам А.Н. К вопросу об усунь-кушан и тохарах//СЭ,1947.-№ 3; Толстов С.П. Древний Хорезм.-М.,1948.-С.150

[2] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен//ЖС. Отд. отт.1896.-С.17

[3] *K. Shiratori.* Uber die Wu-sun Stamm in Zentral Asien//Keleti Szemle.-№2-3.-Budapest,1902.-P.103-140; F. Hirth. Nachworte zur Inschrift des Tonjukuk.-St.-Pb,1898.-P.49; O. Franke. Chinesische Quellen zur Kenntnis der Türkvolker und Skythen Zentralasiens.-Berlin,1904.-P.21; J. Marquart. Ueber das Volkstum der Komanen.-Berlin,1914.-P.69; P. Pelliot. A propos des Comans.-Journal Asiatique.-April-June,1920.-P.138; Ю.Зуев. К вопросу о языке древних усуней.-Вестник АН КазССР, 1957 №5

[4] *Pelliot P., Hambis L.* Histore des compagnes de Gengizkhan.-Vol.I.-Leiden,1951.-P.72

[5] Туркестанские ведомости.-Ташкен,1871,№ 39

Усун этнониминин паралелдери XVI кылымдагы көчмөн-өзбектердин курамында – *уйшун*[1], башкырларда – уйшин (уйшун)[2], зеравшандык өзбектерде – *уйшун*[3], казактарда – *сары-уйсун*[4], зеравшандык каракалпактарда – уйшун-митан[5], ногойлордо – *уйсун*, *уйсюн, ишун*[6], ордостук монголдордун курамында – ушин (уйшин)[7] формаларында катталган.

Уйсун «92 элетия» урууларынын тизмесинде[8]

| I. Маджму ат-таварих боюнча (Л. 17а-18а кол жазма; Т. чыгарылган с. 22-23) | II. II Тухфат ат-таварш-и хани боюнча (ЛО ИВАНнын тизмеси, С 468, л. 2666) | III. ӨзССРнин чыгыш таануу Институтунун 4330.3 кол жазмасы боюнча, л. 1326. | IV. Закир Чормошевден Абрамзон С. М. жазып алган 92 уруунун тизмеси боюнча | V. Кесек уругу |
|---|---|---|---|---|
| 61. уйшун اويشون | 58. уйшун اويشون | 62. уйшун اويشون | - | сарсөн |

Азыркы убакта Кесек уруусунун курамындагы Сарсөн уругу *гожош* (кожош), *мамат, нооруз, карга* деген урук бөлүкчөлөргө бөлүнөт.

## Карга

Карга – сарүсөн уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

У-сунь 烏孫 же уйсун этнониминин аталышын кытай тилинен которгондо – «карга уруусу» деген маанини берет. Карга

[1] *Семенов А.А.* К вопросу о происхождении и составе узбеков Шейбани-хана//Материалы по истории таджиков и узбеков Средней Азии.-Вып.1.-Сталинабад,1954.-С.21; Ибрагимов С.К. «Михман-Намеи Бухара» Рузбехана как источник по истории Казахстана XV-XVI вв.//Новые материалы по древней и средневековой истории Казахстана.Труды ИАЭ АН КазССР.-Т.VIII.-Алма-Ата,1960.-С.143

[2] *Кузеев Р. Г.* Происхождение башкирского народа.-М.,1974.-С.468

[3] *Гребенкин А. Д.* Узбеки//Русский Туркестан.-Вып.II.-М.,1872.-С.59,84

[4] *Востров В.В., Муканов М.С.* Родоплеменной состав и расселение казахов.-Алма-Ата,1968.-С.25-26

[5] *Гребенкин А.Д.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.99,103-105

[6] *Керейитов Р. Х.* Этническая история ногайцев.-Ставрополь,1999.-С.42-43

[7] *Потанин Г.Н.* Тангутско-тибетская окраина Китая и Центральная Монголия.-Т.I.-СПб.,1893.-С.103

[8] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары.-Т. I.-Б.,2002.-302-б

уруk бөлүкчөсүн алтай, хакас элдеринин курамындагы *карга* сөөгү менен салыштырсак болот. Карга сөөгү – «суғ харғазы» (суу каргасы) жана «тағ харғазы» (тоо каргасы) деп экиге бөлүнөт. Карга Саян-Алтайдын түрк-монгол элдеринде ыйык деп эсептелген канаттуу. Хакас этнографы, профессор В.Я. Бутанаев бирюсин-хакастардагы «харга» этнониминин баштапкы маанисинде тотемдик негиз бар экендигин белгилейт. Хакастар (хакас-бирюсиндер) карганы ыйык тутушкандыгын, бул канаттууну табу (тыюу салуу) иретинде «кара таан» деп аташкан[1].

Тунгус тилдүү элдерде (эвенктерде) харга – «жапайы бугу» маанисиндеги этностук аталыштар бар. Мындан сырткары, жапайы бугу (эвенкче – «харги») – шамандардын идеологиясындагы тотемистик башатты аныктайт. Харги – шамандардын башкы колдоочусу, жетекчиси, устаты катары түшүнүк калыптанган.

Карга – тува шамандарынын түшүнүгүндө оорулуунун жарасын айыктырууга жана өзүнө душман шаманды издеп табууга жардам берген. Бул мисалдар жалпы карга, «харга», харги терминдеринин баштапкы тотемистик негизин аныкташы мүмкүн.

Тунгус тилдүү элдердин мифологиясында карга дүйнөнү жаратууга катышкан аялдын элесин берген. Ошондуктан бул канаттууга багышталып, курмандык чалынган көрүнүштөр арбын кездешет.

Байыркы арий тилинде k'er (кер) деген «карга» дегенди берет[2].

«Карга» сөзүнүн этимологиясы көптөгөн тилдерде карганын үнүн же болбосо анын түсүн билдирет. Байыркы Вавилон эпосу Гилгемеште, жерди топон суу каптаган учурдагы мифте, Ут-напиште аттуу адам өз кемесинен суу тартылып жер көрүнгөндүгүн билиш үчүн, биринин артынан бирин, чабалекей, көгүчкөн жана карганы жиберет. Чабалекей менен көгүчкөн жерди таппай кайтышат. Ал эми карга келбейт, себеби ал жерди тапкан

[1] *Бутанаев В.Я.* Происхождение хакасских родов и фамилий.-Абакан, 1994.-С.16-17

[2] *Гамкрелидзе Т.В., Иванов В.В.* Индоевропейский язык и индоевропейцы.-Ч.2.-Тбилиси,1984.-С.540

болот. Кийинчерээк бул мифти жүүттөр бурмалашып, карганын ордуна көгүчкөн жерди таап, жакшылыктын белгиси болуп, ал эми карга жамандыктын белгиси болуп калган. Байыркы скандинавдардын улуу кудайы Одинди Хугин жана Мугин аттуу эки акылман каргалар коштоп жүрүшкөн. Байыркы сибирь элдеринин уламыштарында карга «ата-баба», «улуу шаман», «көрөгөч» катары көрсөтүлөт[1].

Жунгар (ойрот-калмак) уруулук бирикмесине киришкен *дөрбөт* (дэрбэт) жана *баиттерде* «харгачууд» – «каргалар» аттуу уруктар болгондугу маалым. Бул фактылар карганын моңгол тилдүү урууларда да тотемдик канаттуу болгондугун тастыктаары шексиз[2].

*Карга* – кыргыздын моңолдор уруусунун курамындагы урук аталышы катары белгилүү[3], ошондой эле накай (кушчу) уругунун курамында карга аттуу урук бөлүкчөсү бар[4]. Түркмөндөрдүн *ата, гөкленг, теке, човдур* урууларынын курамында *гарга/гаргалы,* азербайжандарда *карга* уруктары катталган[5].

## Нооруз

Нооруз – сарүсөн уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

Антропоэтноним. Норуз (нооруз) кыргыз тилине – иран тилдеринен келип кирген. «Нау»-жаңы, «руз» – жаңы күн, жаңы жылдын келиши маанисин түшүндүрөт. Этнонимдин параллеледери лакайлардын курамында *«науруз»*, казактардын курамында *«наурызбай»* формасында кездешет[6]. Кыргыздын жедигер

---

[1] Мифы народов мира.-Т.I.-М.,1980.-С.246-247

[2] Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк...222-б.; Анисимов А.Ф. Шаманские духи по воз-зрениям эвенков и тотемические истоки идеологии шаманства//Сб. МАЭ.-Т.XIII.-М.,1951.-С.187-215

[3] *Абрамзон С.М.* Этнический состав...-С.53,55,118; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...-685,687,749-б

[4] *Туран Н.* Накай: тарых жана санжыра.-Б.,2011.-62-б

[5] *Атаниязов С.* Этнонимы в туркменском языке...-С.117

[6] *Кармышева Б.Х.* Очерки этнической истории южных районов...-С.11; Джанузаков Т. Очерк казахской ономастики...-С.171

уруусунда – *ноорuz уулу*, кедикеде – *ноорус*, тейитте – *ноорuz*[1], төөлөстө – *ноорузбай* формаларында кездешет[2].

## Мамай

Мамай – сарүсөн уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Антропоэтноним.

Этнонимдин параллелдери каракалпак, казак урууларынын жана кыргыздын саруу (колпоч) уруусунун курамындагы урук[3].

Крым жарым аралында этнотопоним катары маалым[4], бул аталыш Мамай – татар ханынын атынан келип чыккан. Ошондой эле Мамай – Аксы[5] жана Ноокен[6] райондорундагы айылдардын аталышы.

## Сарүсөн уругу жашаган жерлер

Азыркы убакта *сарүсөн* уругунун өкүлдөрү Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Айбике айылында жашашат.

Алардын Лейлек районундагы жайлоосу – Чымындык.

# ЧУУЛДАК

Чуулдак – «бай кесек» тобун курамындагы урук. Чуулдак уругу *аюу (айыт), досмат, жумабай, калвайти (байыт), чалыштар(сарыкул)* деген урук бөлүкчөлөргө бөлүнөт.

---

[1] *Абрамзон С.М.* Этнический состав...-С.126; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...-757-б

[2] *Туран Н., Өсөров Э.* Төөлөс.-Б.,2011.-246-б

[3] *Абрамзон С.М.* Этнический состав...-С.123; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...-754-б

[4] *Лезина И.Н.* Тюркские топонимы Крыма//Ономастика Киргизии.-Вып.1.-Фрунзе,1985.-С.89

[5] Аксы району. Эциклопедия.-197-б

[6] СГНК, 1988.-137-б

## Чуулдак этнониминин этимологиясы

Чуулдак уругунун баяндоочуларынын айтымында «чуулдак» деген аталыштын келип чыгышы төмөндөгү элдик варианттарда берилет:

1. Байыркы замандарда чуулдак уругунун өкүлдөрү аскерий кызмат өтөгөндө жана жортуул-согуштарда жаа аткычтар болушкан. Душман менен салгылашканда алар душмандын үрөйүн учуруп, жүрөгүнүн үшүн алыш үчүн, атайын даярдалган жебелерди колдонушкан. Алар бул жебелерди душманга карай атышканда алардан чуулдаган үндөр чыкчу. Аскер башчылар атайын жебелер менен аткыла дегенде «чуулдак» деген буйрук беришкен. Кийин ошол жебечилердин урпактары «чуулдак» аталып кетишкен. Бекеринен чуулдак уругунун ата-бабасы Алижебечи деген болгон эместир.

2. Байыркы заманда чуулдак уругунун ата-бабалары Чу деген дарыянын бойлорунда жашашып, кийин жоортуул-согуштардын аркасында көп жерлерди басып алышкан. Басып алынган жерлерде отурукташкан фарсы элдери аларды «чуу уруулары» деп аташып, кийин алардын бир бөлүгү «чуулдак» аталып кеткен.

3. Чуулдак уругунун өкүлдөрү Кокан хандыгынын убагында туура эмес бийлик жүргүзгөн хандарга нааразычылык билдиришип, көп жолу чуу чыгарышат, кийин булар кимдер деп сурашса, баягы чуу чыгаргандар деп жүрүп, «чуулдактар» деп аталып кетишет.

Эгерде тарыхый булактарга кайрылсак, анда хунн доорунда, б.з.ч. IV–III кылымдарда хунндардын аскерлеринин негизги куралы – жаа жана жебе болуп, алар согуштарда «ышкырган», «чуулдаган» жебелерди колдонушкан[1]. Аталган «чуулдаган» жебелерди хуннулардын шаньюйю Маодун (Моде же Мете) ой-

---

[1] *Никаноров В.П., Худяков Ю.С.* «Свистящие стрелы» Маодуня и «Марсова меч» Атиллы. -М.-СПб,2004.-С.13

лоп тапкан деп айтышат[1]. Атылган «чуулдак» жебелер өз огунда айланып учуп, кулак жарган чуулдак-ышкырык үн чыгарышкан. Бул чуулдаган үн душмандын аттарын үркүтүп, алардын аскерлерине моралдык-психологиялык таасир берген[2]. Аталган жебелердин хунндарда болушу жалаң гана тарыхый булактардагы жазуулардан тышкары археологиялык изилдөөлөр менен такталган.

Ошондой эле кытай тарыхый булактары «Ханьшу», «Вейчжи», «Бейши» жана «Таншу»да «чу» деп аталган уруулар катталган. Алар аталган булактар боюнча Тарбагатай менен Тянь-Шань тоолорунун ортосундагы аралыкта Юебань өлкөсү катары б.з.ч. II кылымдарда эле белгилүү[3] болуп, аны VII кылымдарда *чу* уруулары мекендешкен. *Чу* уруулары хуннулардын урпактары болуп саналышат. Хунндардын шаньюйлери чыккан атактуу уруу *«чугэ»* деп аталган.

Кытай жыл наамасы «Си-юй-ту-чже» боюнча Тан империясынын заманында *чуюэ'лер* Фоу-кан жана Ци-тайдын ортосундагы Цзинь (Гинь)-мань, б. а. Бэй-лу округунда, ушул эле жыл наама боюнча *чу-ми'лер* Манас дарыясынын өрөөнүндө отурукташып, 657-жылы батышка карай көчүп кетишкен.

Н.А.Аристовдун ою боюнча юебандар Чыгыш Жунгарстандын Эби-Нор чөлкөмүндө жашашкан б.а. кыргыз өлкөсүнүн түштүк жагында. Алар *чүй* уруулары катары тарыхта белгилүү болуп, алты чуб: *чу-бань, чу-юе, чу-ми, чу-мугунь, гешу чу-бань* жана *шунишi чу-бань* деп аталышкан. Аристов боюнча *чу-юе, чу-ми* (чу-миши-чубань), *чу-мугунь, чу-бань* уруулары чектеш, жакын жашашып, Алтай, Бардык жана Тянь-Шань аралыгындагы жерлерди ээлешкен.

IV–V кылымдарда Түндүк хундардын батышка кетишине байланыштуу, юебандар өздөрүнүн Саян-Алтай аймагына болгон таасирин күчөтөт да, байыркы Каңгюй жана динлиндердин

[1] Ушул эле жерде, 22-б

[2] Ушул эле жерде, 55-б

[3] *Кюнер Н.В.* Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока.-М.,1961.-С.10-11

жерине көчүп барышат. Алты чуб урууларынын Алтайга көчүп келгенине байланыштуу кыргыздар күч алышат. Алар Афу (Абакан) жана Гянь (Энесай) дарыяларынын ортосун ээлешип, негизинен Миңөзөндү мекендешет. VIII-кылымдарда чу урууларынын бир бөлүгү *басмыл* союзуна кирген. Алты чуб уруулары шато түрк (чуюе) жана кимактардын (чу-мугунь) этногенезинде чоң ролду ойношкон.

Н.А.Аристов казактын Кичи жүзүндөгү *алимулу* уруусундагы чумекей уругун VII кылымдагы *чу* урууларынын бири *чу-мугун*'дардын бир бөлүгү катары карап, аларды кийин, тарыхый кырдаалдардын натыйжасында *алчындарга* кошулган дейт[1]. Ал эми А.Левшин «кичи ордодогу чумекей уругу киргиз-казактарга тиешеси жок, алар түрктөрдөн келип чыккан, өздөрүнүн аталышын Чумекей деген ханынын атынын алышкан, ал Чынгызхан менен душмандашып, андан бөлүнүп, азыркы турушкан жайларына, киргиз ордосунун ичине көчүп келишкен. Чумекей хандын урпагы Аюсырым жалгыз кызын Алимулу уруусунун башчысына күйөөгө берип, киргиз-казактардын курамына кирип калат»[2].

Казактын кичи жүзү алгач күчтүү *алчин* уруусу жана *жети* кичи уруудан турган, кийин алчин уруусу *алимулу* жана *байулу* деп экиге бөлүнүп кетет. *Алимулу* уруусунун курамында *чумекей*'ден башка дагы беш урук болуп, алардын бири *кара кесек* уругу деп аталат. Ал эми кыргыздын *кесек* уруусунун курамында да *кара кесек*, *алчеке*, *чуулдак, чүчүк* жана *чуу-кай* уруктары бар. Эгерде Аристовдун казактын *чумекей* уругунун, ошондой эле М.Тынышпаевдин казактын жана кыргыздын *кара-кесек* уруусунун келип чыгышы жөнүндө айтылган теорияларына таянсак, анда кыргыздын *кесек* уруусунун курамындагы *кара кесек*, *чуулдак, чүчүк* жана *чуу-кай* уруктары VII кылымдагы *чу*

[1] *Аристов Н.А.* Труды по истории и этническому составу тюркских племен.-Б.,2003.-С.201

[2] *Левшин А.* Описание киргиз-казчьих или киргиз-кайсакских орд и степей.-Ч. II.-СПб.,1832.-С. 30; он же, Описание киргиз-казчьих или киргиз-кайсакских орд и степей. -Алматы,1996.-С.147-148

урууларынын бир бөлүгү болуп, алардын урпактары катары саналат.

Бул жөнүндө кеңири ушул китептин 257-260-беттерин карагыла.

### Аюу

Аюу – чуулдак уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

Аюу[1] – дүйнөнүн көпчүлүк элдеринде эзелтеден тотемдик жаныбар катары белгилүү. Байыркы түрк тилдеринин диалектилеринде бул сөз «azıq», «adıq» формаларында айтылат[2]. Учурда тываларда жана хакас тилинин айрым диалектилеринде бул жаныбардын аталышы «адыг», «азыг» түрлөрүндө айтылары аныкталган. Түштүк Сибирдин түрк тилдүү элдеринде, езгөчө саха-якуттарда аюуга байланыштуу табу (тыюу салуу) кенен таралганы анык. Мындан сырткары, аюуга байланыштуу бир топ эвфемизмдер белгилүү. Мисалы, саха-якуттар аюуну «өхө» (чоң ата), хакастар – «аба» (ата), алтайлыктар – «абага» (тайаке, ага), тывалар – «ава» (эне, апа) деп аташат[3]. Ал эми ичкиликтер, ошондой эле лейлектиктер атасын «аба» деп аташат.

Тунгус-манжур тилдүү элдерде (эвенктерде) «манги» аюу келбеттүү адамды элестетип, ата-бабалардын духунун мифологиялык символу, шамандардын башкы колдоочусу деген түшүнүктү билдирет. «Манги» сөзүнүн семантикасы «аюу», «ата-бабалардын духу» маанисин туюндурат[4]. «Тайганын кожоюну» деген ат менен белгилүү болгон бул жаныбар бүгүнкү күндө да бугу, жолборс, бүркүт сыяктуу кайберендер менен бирге тотемдик ыйык жаныбар катары белгилүү болуп келет.

Айрым изилдөөчүлөр Түштүк Сибирде тунгус-манжур урууларына чейин «манги» («аюу») атту уруу жашаганын далилдеп келишет[5]. Бул этникалык аталыш кыргыздарда эзелтеден эле белгилүү.

---

[1] *Каратаев О.* Кыргыз этнонимдер сөздүгү...27-28-б

[2] ДТС, 13

[3] *Щербак А.М.* Названия домашних и диких животных в тюркских языках//История и лексика тюркских языков.-М.,1961.-С.131

[4] *Анисимов А.Ф.* Шаманские духи по воззрениям эвенков и тотемические истоки идеологии шаманства//Сб. МАЭ.-Т.XIII.-М.,1951.-С.200-203

[5] *Васильевич Г.М.* Этнонимы в фольклоре//Фольклор и этнография.-Л., 1970.-С.31-32

Этнонимдин параллелдери башкырларда – *айыу*[1], өзбек-коңураттарда – *айын*[2], түркмөндөрдө (алили, нохурлы, теке) – *айы*[3] формаларында бар. Кыргыздын ават, адигине (бөрү), чекир саяк урууларында – *аюу*, сарыбагышта – *аюуке*, солтодо – *аюукор* аталыштагы уруктар катары белгилүү[4].

## Чуулдак уругу жашаган жерлер

Чуулдак уругунун ата-бабалары Козу-Баглан дарыясынын жээгиндеги Кара-Жыгач, Тамды-Булак, Кекире деген жерлерде байыртадан бери жашап келишкен. Аталган уруктун айдоо жерлери Кара-Булак менен Гордой айылдарынын аралыгында болгон. Төө-Жайлоо жана Чымындык – жайлоолору болгон. Ошондой эле Тажикстандын Ходжент жана Ж. Расулов атындагы районго караштуу Ак-Арыктан тартып Катма кыштагына чейинки, ошондой эле аталган районго караштуу Өзбек (мурдагы Кытай-Резе) кыштагынан Дехмай кыштагына чейинки жерлер чуулдак уругунун айдоо жерлери болгон.

Азыркы убакта *чуулдак* уругунун өкүлдөрү Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Айбике, Миң-Жыгач, Кулунду, Разаков айылдарында, Исфана жана Сүлүктү шаарларында, Чүй облусунун Сокулук районуна караштуу Сокулук, Чат-Көл, К.Маркс, Камышановка, Москва районуна караштуу Ак-Суу (Беловодск) айылдарында, Кара-Балта шаарында жана Тажикстандын Селкен, Оочу-Калача кыштактарында жашашат.

Тогуз-Булак айыл округуна караштуу Айбике айылында чуулдак уругунун *досмат, айыт* топтору, Миң-Жыгач айылында *байыт* тобу, Исфана шаарында *жумабай, сарыкул* (чалыш) топтору, Кулунду жана Разаков айылдарында *айыт, байыт, сарыкул* (чалыш) топтору, Сүлүктү шаарынын Макаевка, 18-шах-

---

[1] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.190

[2] *Кармышева Б.Х.* Очерки этнической истории южных районов...-С.92

[3] *Атаниязов С.* Этнонимы в туркменском языке...-С.22

[4] *Абрамзон С.М.* Этнический состав...-С.108; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...739-б

та, 8-Поле деген жерлеринде *жумабай, сарыкул* (чалыш), *эркебай* топтору жашашат.

Тажикстандын Ж.Расулов атындагы райондун Селкен кыштагында *айыт, байыт, досмат, жумабай, сарыкул,* топтору жана Оочу-Калача кыштагында *айыт, байыт* топторунун өкүлдөрү 150-200-жылдан бери жашашат. Ошондой эле аталган районго караштуу Өзбек (мурдагы Кытай-Резе) кыштагында да чуулдак уругунун өкүлдөрү турушкан, буга далил катары бул жерлерде азыркы убакка чейин кыргыздардын төрт эски мазарлары жана VII-VIII кылымдарда курулган кыргыздарга таандык Кытай-Резе-Чеби бар.

Чүй өрөөнүнүн шаар-айылдарына чуулдак уругунун өкүлдөрү жогоруда саналган Лейлек районунун жана Тажикстандын айыл-кыштактарынан көчүп келишкен.

*Схема 18.* Бай кесек тобунун уруктарга бөлүнүшү



# СИБИРГИ

## СИБИРГИ ТОБУ

Кесек уруусунун курамындагы «сибирги» тобунун аталышын же «сибирги» этнонимин тарыхый булактарда кездешкен – сабар (*сапар*), сабир (*сепир*), савир (*сав ир*), савар (*сăвар*), субар (*супар*), суар (*сум ар*), суваз (*суас*) этнонимдери менен салыштырсак болот.

Алар түрдүү аталыштар менен тарыхта белгилүү: Птолемейде (II к.) – савар; Приск Паннийскийде (V к.) – сабир; Захария Ритордо (V к.) – сабир; Прокопий Кесарийскийде (VI к.) – сабир; Мовсес Хоренациде (VI к.) – савир; Менандр Протектордо (VI к.) – сабир; Иорданда (VI к.) – савир, сабир; Феофилакт Симокатта (VI-VII кк.) – сабир; Константин Багрянородныйда (X к.) – сабар асфал – «ак сабирлер»; Ибн Хордадбехте (IX к.) – сувар; аль-Масудиде (IX–X кк.) – савардия; эль-Балхиде (X к.) – сувар; Ахмед ибн Фадланда (X к.) – суваз; аль-Истакриде (X к.) – сувар; ал-Мукадассиде (X к.) – сувар; Иосифте хазар каганы (X к.) – сувар; Худуд аль-Аламда (X к.) – сувар; Ибн Хаукалда (X к.) – сувар; Махмуд Кашгариде (XI к.) – сувар; аль-Гарнатиде (XII к.) – сувар; ал-Идрисиде (XII к.) – сувар; Якутта (XIII к.) – сувар; булгарская эпитафиясында (XIV к.) – сувар; Фра Мауронун картасында (1459 г.) – веда суар[1].

Байыркы заманда Батыш Сибирде «сибир», «сабир», «сыбыр» деген легендага айланган эл жашаган. «Сибир» топоними аталган элдин атынан келип чыгат. Тоболдук «татарлардын»

---

[1] *Алмантай (Иванов) В.Н.* Суваро-булгарская культура. Философия символов монет и украшений.-Чебоксары,2012.-С.9

уламышы боюнча «сыбыр» деген эл Иртыш дарыясынын ортоңку агымындагы жерлерде жашашкан. Бул жерди мекендеген уруунун аты менен XI–XII кк. негизделген айыл Сыбыр деп аталат. XV кылымдын аягында Алтын Ордонун кулашынын натыйжасында Батыш Сибирдин түштүгүндө Сибир хандыгы түзүлүп, Сыбыр анын борбору болуп калат. Татар окмуштуусу М.З.Закиев мындай деп жазат: «Б.з.ч. III кылымынан б.з. III кылымдарында сармат, алан, болгар, сабир деген этнонимдер кеңири таралат. Түрк урууларынын ичинен субары уруусу басымдуулук кылып, анын этноними менен Багдаддын түндүгүдөгү жер Субарту деп аталган. Субарлар, байыркы түрк уруулары катары, бир нече миң жылдын ичинде көптөгөн аймактарга кеңири жайылышкан, алар Алдыңкы Азияда, Кавказда, Урал-Волга бойлорунда, Батыш Сибирде жашашкан жана «субар» этноними ар түрдүү тилдердин курчоосунда, көптөгөн фонетикалык варианттарды берген субар/суар/сумер/шумер/сабир /савир/самар/сибир ж.б. Тарыхчылардын жалпы ою боюнча «Сибир» аталышы да субар/сабир/сибир этнониминин аталышынан келип чыгат. Түрк тилинде суб – «суу, дарыя», ар – «эл, эр». Алгачкы ар>ас – «эл, эр, жоокер» этноними көптөгөн уруулардын жана элдердин аттарын белгилөө үчүн колдонулат: татар – «жат элдер», хазар – «аска-тоодогу элдер», булгар – «дарыя элдери», мишар – «токой элдери», суар – «суу эли»[1].

Монгол булагы «Ыйык сыр баянында» 1207-жылы Чыңгыз хандын уулу Джучи багындырган элдердин аталышы жана географиялык жайгашышы кезеги менен төмөнкүчө берилет: «Токой элдери» тигил жерден бизди карай (батыштан чыгышка карай) аймактарды бул элдер ээлейт: *шибир,* кесдиин, байт, тухас, тенлек, тоелес, тас, бачжиги»[2]. Бул жерде сибирги тобунун аталышы *шибир* формасында берилет.

*Сибирги* уругун биз хакастардын *сибичин* сөөгү менен салыштырсак болот. Жакынкы каргин уруусу өзүнө «сибічін» уру-

---

[1] Кара: *Закиев М.З.* Происхождение тюрков и татар.-М.,2003

[2] Сокровенное сказание...-С.174-175

гун кошкон (үч түрлүү фамилия). Уламыштар боюнча аталган этноним теги Сибічектен келип чыккан. Ал Мрассу дарыясындагы өрөөндө Падың тоосунун этегинде жашаган. Биздин оюбузча бул этноним Сибічі дарыясынын аталышынан улам чыккан. Дарыя башаты Падың тоосунун этегинен башталып, Анзас суусуна куят, анын оң куймасы Мрассу болуп саналат. Так ушул жерде жогоруда аталган сөөктүн байыркы мекени жайгашкан. XIX кылымда сибічі уруусу Аскиз дарыясынын орто агымында жашап калышкан[1].

Демек, жогорудагы маалыматтардын негизинде «сибирги» этноними байыркы заманда Батыш Сибирде, а балким Алдыңкы Азияда, Кавказда, Урал-Волга бойлорунда жашаган сибир/сабир/сыбыр/субар эли менен этногенездик байланышта болуп, алардын бир бөлүгү кыргыздардын курамына киришкен. Кийин байыркы түрк урууларынын миграциясынын же монголдордун согуштук аракеттеринин натыйжасында Орто Азияга жер которуп келишкен.

Кесек уруусунун «сибирги» этноними «сибирлик» деген түшүнүктү берет. «Сибирги» этнониминин негизинде сибир/сабир/сыбыр/субар деген аталыштар жатып, са/си/сы/су – «суу» жана ар/ир/ыр/эр – «эл, эр, жоокер» деген сөздөрдөн туруп, «суу эли» дегенди туюндурат. Буга далил катары «сибирги» тобундагы «алтынчы» уругунун өкүлдөрү дайыма суулардын, булактардын башын ээлешип, суулуу жерлерде жашап келишет.

Кесек уруусунун курамындагы «сибирги» тобу *алтынчы, бөксө, тагайберди, чүчүк, эшкара* аттуу уруктардан турат.

## АЛТЫНЧЫ

Алтынчы – «сибирги» тобунун курамындагы урук.

Алтынчы уругунун баяндоочуларынын айтымында «алтынчы» деген аталыштын келип чыгышы төмөндөгү элдик варианттарда берилет:

---

[1] *Бутанаев В. Я.* Происхождение хакасских родов...-С.17

1. Мажму ат-таварихтеги Илияс Кесектин алтынчы баласы богондуктан бул уруктан тарагандар «алтынчы» деп аталып калган.

2. Кесектин бир баласы медреседе окуп жүргөндө жаштык кылып шариаттын эрежелерин бузгандыгы үчүн, аны жоопко тарта турган болгондо, баланын ата-энеси, бул баланын салмагы менен барабар алтын берип өлүмдөн сактап калышат. Кийин бул баланын урпактары «алтынчы» деп аталып калышат.

Алтынчы уругунан Баабек деген бек чыгып, ал Ходжен уездинин башкаруучусу болгон. Анын убагында алтынчылар негизинен Кара-Камар, Чимген, Ак-Булак жана Ак-Терек деген жерлердеги булактардын баш жактарын ээлеп жашашкан жана ошол чөлкөмдөгү ханга төлөөнүүчү салыктарды элден чогултушкан. Ошондой эле бектиктеги казынаны тейлешкен.

Ал эми илимий жактан «алтынчы» этнонимин чечмелесек, анда этнонимдин аталышы «алтын» жана ага кошулган «чы» мүчөсүнөн турат. Түрк тилинде altun – алтын, altunčï – «ювелир» же «заргер» дегенди түшүндүрөт. Altun arγu uluš – Талас шаарынын башкача аталышы, Altun jïš – Алтайдагы географиялык аталыш[1].

Демек «алтынчы» деген аталыш бул уруктун өкүлдөрү жалаң гана Баабек бектин убагында эмес, андан да мурдагы убактарда хандыктагы, бектиктеги казынаны тейлешип, аны толуктап, жер-жерлерден салыктарды чогултушкан, ошондой эле бул уруктун өкүлдөрүнүн көпчүлүгү «заргер» уста болуп, заргерчилик кесибин аркалашкан, балким ошол себептен «алтынчы» аталып калышкан. Алтынчы уругу *аншай, баба, беглер, мырза, кудайкул, кудайберди, кожомберди, олоке* деген урук бөлүкчөлөргө бөлүнөт.

## Баба

Баба – алтынчы уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

Баба антропоэтнониминин мааниси: 1. Түпкү ата, ата-баба; 2. Беделдүү карыя адамдарга карата урматтоо, кадырлоо иретинде колдонулат[2].

---

[1] ДТС, -С.40

[2] КТТС, 109-б

Этнонимдин паралелллдери казактарда жана кыргыздын *саруу* (колпоч), жедигер урууларында бар[1].

## Мырза

Мырза – алтынчы уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

Алтынчы уругунун курамындагы мырза тобу жөнүндө башкыр элинин курамындагы мырзалар деген урук бөлүкчөнүн уламышында мындай деп айтылат: «Илгери биз сырдарыялык-башкырлар деп аталганбыз. Ата-бабаларыбыз Сырдарыянын боюндагы Кайеп деген жерде жашашыптыр. Биздин бир бай аталарыбыздын боз айгыры, байталы жана Гуделбану деген чүрөктөй сулуу кызы жоголуп кетет. Буларды издөөгө үч жигит жөнөшөт. Жылкылардын изин кууп, алар көп күн жол жүрүшүп, Тургояк деген жерден кызды (Гуделбану) табышат. Ал эми жылкылардын изи андан ары Уралга кетет. Жигиттер Жайык дарыясынын жогорку агымынан өтүшүп, Ай деген дарыяга келишет. Алар калың токой, дарыя жана өрөөндөргө бай жерди көрүшүп, жаратылыштын кооздугуна суктанышып, таң калышат. Бул жерлерде адамдар жашабайт экен. Жигиттер бир дарыяны – Ай, экинчисин – Өзөн, ал эми экөөнүн ортосундагы тоону Кудрет-Тоо деп аташат. Алар дарыянын боюнда оттоп жүргөн эки жылкыны таап, Сырдарыяга кайтып келишет. Бул үч жигит өздөрү көргөн кооз жерлер жөнүндө элге айтып беришет. Муну угуп, кызыккан сырдарыялык-башкырлар бүт бойдон Уралга көчүп кетишет. Көчүп келгендердин ичинде Мырзабек – мурзалардын ата-бабасы да бар эле»[2].

XIV–XV кылымдарда башкыр жана ичкилик уруулары Сырдарыя бойлорунда коңшу жашашы мүмкүн, этнонимдик окшоштуктар башкыр жана ичкилик урууларынын этногенездик байланыштарын чагылдырат.

---

[1] *Джанузаков Т.* Очерки казахской ономастики...-С.165; Абрамзон С.М. Этнический состав...-С.108; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан...739-б; Винников Я.Р. Родоплеменной состав и расселение...-С.150

[2] *Кузеев Р.Г.* Происхождение башкирского народа...-С.199

Мырза этнониминин паралелллдери башкырларда – мурзалар, казактарда –мырзалар, мырзагул[1], тажикстандык конграттарда – мирза топ[2], локайларда – мырзагул[3] формаларында кездешет.

Кыргыз уруулары адигинеде (баргы, жору, кара багыш) чал мурза, бий мырза, мурзакул, мурзаке, бугуда – кара мырза, сары багышта – мырзабек уулу, солто жана кытайда – бай мырза[4], төөлөстө – мурза тобу[5].

## Куттук сейит

Куттук сейит – алтынчы уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

Этнонимдин биричи бөлүгү «куттук» – «бактылуу», «куттуу», ал эми анын экинчи бөлүгү «сейит» – «башчы, жетекчи, кол башчы» деген маанилерди берип, «куттуу кол башчы» дегенди түшүндүрөт.

Куттук сейит – багыш, сарыбагыш, солто уруларынын курамындагы ири урук бөлүкчө[6].

## Беглер

Беглер (Бектер) Алтынчы уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Ал *бег* (бек) жана +лер көптүк мүчөдөн турат.

Бек – Түрк империяларындагы титул, даража. Махмуд Кашгаринин «Диванында» Bilge Bek (акылман, даанышман бек), Čaγri Bek (шумкар бек), Inanc Bek (ишенимдүү бек), Beklen

---

[1] *Семенюк Г.И., Моржанов В.М.* Матералы по родоплеменному составу казахов... -С.185

[2] *Кармышева Б.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.90

[3] *Кармышева Б.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.99

[4] *Абрамзон С.М.* Этнический состав...-С.109,111,118,133,125; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...740,742,749,756,764-б

[5] *Туран Н., Өсөров Э.* Төөлөс.-171-б

[6] *Абрамзон С.М.* Этнический состав...-С.122; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...753-б

(бектен, бек бол) сыяктуу «бек» титулу кошулган энчилүү аттар кездешет[1]. В.В.Бартольд «бек» сөзүнүн маанисинин негизги үч түшүнүгүн берет: 1) бег – жөнөкөй катардагы адамдан жана бийликтеги династиянын хан мырзаларынан асылзаттыгы менен айырмаланат (кээ бирде акыркылар да бул аталыш менен белгиленген); 2) бег – кагандан жана анча чоң эмес мамлекеттин ханбашчысынан айырмаланып өтө чоң эмес же чоң топту башкарган князь; 3) бег – кенен мааниде ар кандай «башчы». Бул сөз, үч маанисинде тең б.з. VIII кылымына таандык түрк тилиндеги байыркы эстеликтерде кездешет[2].

Огузхандын небереси, Жылдыз-хандын үчүнчү уулу Бекдили. Анын атын Рашид-ад- Дин – «дайыма баалуу, улуулардын накыл-кебиндей, сыйлуу; [анын уруусунда] тамгасы: онгону – коёндорду алып учкан бүркүт; эттин бөлүгү – оң жанбашы[3]. Хива ханы Абул-Гази – «анын айтканы баалуу, анын онгону – карга»[4], Язычи оглу – «бектин сөздөрү баалуу», анын онгону – бүркүт» [5] – деп чечмелешет.

*Бегдили*[6].

| XI к. (МК) | | XIV к. (Р. ад-Д) | | XVII к. (Абулгази) | | XVIII к. (Яз.оглы) | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бег-Тили |  | Бег-Дили |  | Бекдели |  | Бегдили |  |

[1] МК, I, 428,421,133,444

[2] *Бартольд В.В.* Сочинения.-Т.V.-М.,1968.-С.502

[3] Сборник летописей. История монголов, сочинение Рашид-Эддина//ТВОИАО.-Ч.V.-СПб.,1838.-С.27; Рашид-ад-Дин. Сборник летописей.-Т.I.-Кн.1.-М.-Л.,1952.-С.89

[4] Родословная туркмен. Сочинение Абу-л-Гази, хана хивинского.-М., 1958,-С.26-28

[5] *Фазлаллах Рашид ад-Дин.* «Огуз-наме».-Баку,1987

[6] *Kaşgârî Mahtmud.* Divân-ı lugâti’t-Türk. s. 21. Besim Atalay. Divanu lugat-it-turk tercemesi. -Cilt I.-Ankara,1999.-S.58; Kâzım Mirşan. Anadolu Prototürkleri.-Ankara,1985.-S.134; Tarih-I âl-I Selçuk, Topkapı Sarayı, Revan Köşkü kip.,nr.1390,s.21-24; Faruk Sümer. Oğuzlar. -Istanbul,1999.-S.229-231; Рашид-ад-дин. Сборник летописей. История монголов// ТВОИАО.-Ч.V.-СПб,1858.-С.25-29; Рашид-ад-дин. Сборник летописей.-Т.I.-Кн.1.-М.-Л.,1952.-С.88-90: Кононов А.Н. Родословная туркмен. Сочинение Абу-л-Гази хана Хивинского.-М.-Л.,1958.-С.53-54

Казактын Кичи Жүзүнун курамына кирген бай-улу бөлүмү адай, тана (же тама), маскар жана тастар аттуу уруктарды өзүнө камтыйт[1]. XIX кылымда бай-улу-казактар Урал жана Эмба дарыяларынын аралыгында көчүп жүрүшкөн[2]. Казактын Кичи Жүзүнүн курамына кирген бай-улу бөлүмүн В.В. Востров С.А. Аманжоловдун гипотезасына таянып, аларды байыркы түрк уруусу – *бекулы* (бегулы – бег-улы) уруусунун урпактары катыры эсептейт[3]. XII кылымда *бегулы* уруусу кидандар менен чек аралаш жашашкан[4]. С.А.Аманжолов боюнча кидандар күчтөнгөндөн кийин алар азыркы Батыш Казакстанга көчүп, жер которушкан[5]. Кийинчерээк, XIV–XV кылымдарда алардын бир бөлүгү башкырлардын бурзян уруусунун курамына *байулы* деген ат менен киришет. Ушундай эле ат менен алар каракалпактардын курамында да катталган[6].

Демек, жогоруда келтирилген матералдардын негизинде алтынчы урук бөлүкчөсү кесек уруусун байыркы түрк доорундагы уруулар менен байланыштырып, кыргыздын байыркы уруусу экенин дагы бир жолу тастыктайт.

## Алтынчы уругу жашаган жерлер

Азыркы убакта *алтынчы* уругунун өкүлдөрү Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Ак-Булак, Ак-Терек, Арка, Кара-Камар, Кара-Суу (Лейлек), Чимген айылдарында, Исфана жана Сүлүктү шаарларында, Чүй облусунун Аламүдүн районуна караштуу Озёрный, Москва районуна караштуу Беловодск айылдарында жашашат.

[1] *Радлов В.В.* Этнографический обзор тюркских племен…-С. 23

[2] *Востров В.В.* Родо-племенной состав и расселение казахов на территории Тургайской области (конец XIX – начала XX в)//Труды ИИАЭ АН КазССР.-Т.16.-Алма-Ата,1962.-С.83

[3] Там же,-С.77

[4] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности//ЖС.-СПб.,1896.-Вып.III-IV.-С.304

[5] *Аманжолов С. А.* Вопросы диалектологии и истории казахского языка.-Алма-Ата,1959.-С.68

[6] ДАХХ.-С.212,231

# БӨКСӨ

Бөксө – «сибирги тобунун» курамындагы урук. Бөксө уругу негизинен *маматолбай, он эки, көчөк, бөксө-калдар* деген урук бөлүкчөлөргө бөлүнөт. Географиялык жактан шарттуу түрдө тоо жакта жашаган маматолбай, он эки урук бөлүкчөлөрүнүн өкүлдөрүн – *«тоо бөксө»* жана чөлдөгү көчөк, бөксө-калдарды – *«чөл бөксө»* деп аташат.

Аталган урук бөлүкчөлөрү – маматолбай: *балта, эргеш, толбай, галча, гала;* он эки: *булбул, гурбай, алим, аман, асат, салам, сапар, хантөрө, занкелди, кара, калмурза, азган*, күчүк: *ооган – эчки баш, тасма, жүн баш*; бөксө-калдар: *чомко ж.б.;* көчөк: *бабаш, пачекбай, эшке, сарт тобу* деген майда бөлүкчөлөргө бөлүнүшөт.

Ал эми Тажикстандын Согды вилаети, Шахристан туманына караштуу Бөрөгөн жана Мукур кыштактарында бөксө уругунун *көчөк, булбул, каразак, калдар* деген урук бөлүкчөлөрү жашашат. Аталган урук бөлүкчөлөрү – көчөк: *эшке, пачек, сарт тобу*; булбул: *андабай, шама, аксакалдар*; калдар: *каракул, аккул, тутуу* деген майда бөлүкчөлөргө бөлүнүшөт.

## Бөксө этнониминин этимологиясы

Бөксө уругунун баяндоочуларынын айтымында «бөксө» деген аталыштын келип чыгышы төмөндөгү элдик варианттарда берилет:

1. «Кесек уруусу, анын ичинде бөксө уругу да башка уруктарындай эле байыркы мезгилден баштап, Кокон хандыгынын тушунда да аскер атчан кошундарында болуп келген. Жоо менен болгон салгылашууларда аскер тизилишинде ортодо турган бөксө уругу биринчилерден чабуулга өтүп, душман менен бет мандай тирешип, дайыма оор жоготууларга дуушар болуп турган, эки-үч жылда элинин саны өтө азайып кеткен деген мурдатан калган сөз бар. Натыйжада булар «бүтүн эмес, жарды, толо

эмес – бөксө» деп, ошол кесектин уругу «бөксө» аталып калган». Аз – азайды, бөксө – бөксөрдү деген түшүнүктөр ар бир кыргызга таанымал.

2. «Дагы бир муундан муунга айтылып жүргөн сөз боюнча, ошол оор жоготууларга учураган урук кийин Кокон хандыгына салыкты толук төлөбөй, жарымын (толук эмес – бөксө) төлөп, ошондон бул урук «бөксө» аталып кеткен».

3. «Кыргызда бөксө-тоо деген байыртадан келген түшүнүк бар. Ушул бөксө-тоолорду мекендеген урук болгондуктан ушул атты алып калган деген да вариант бар».

Профессор К.К.Юдахин[1] түзгөн сөздүк боюнча *бөксө* – 1. бөксө-тоо, 2. жазгы жайыт, 3. каптал, дененин каптал бөлүгү (жоон сан менен желкенин ортосу), 4. толгон эмес деген маанилерди өзүнө камтыйт.

Тунгус-манжур тилдеринде *бөскө* – «кесинди», «бөлүк» деген маанилерди туюнтат[2].

Демек, бөксө уругунун аталышы, кесек уруусунун аталышындай эле «кесинди», «бөлүк» деген маанилерди берип, «толо эмес», «толук эмес», «аз», «жарым», «чачыранды» деген түшүнүктөрдү өзүнө камтыйт.

## Бөксө-калдар

Бөксө-калдар – бөксө уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

*Калдар* этноними жөнүндө кеңири ушул эле китептин 201–203-беттерин карагыла.

## Көчөк

Көчөк – бөксө уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Бул урук бөлүкчөнүн параллелдери казактарда – *көшөк,* лакайларда – *кучек*[3]*,* кыргыздын адигине (баргы, кара багыш) уруусунун

---

[1] Кыргызча-орусча сөздүк...151-б

[2] Сравнительный словарь тунгусо-маньчжурских языков.-Л.,1975.-С.97

[3] *Кармышева Б.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.100

курамында – *көчөк,* солто (талкан) уруусунда – *бай көчөк,* черик (тору) уруусунда – *көчөктөр* формаларында кездешет[1].

Аталган уруктун курамында *бабаш* – урук бөлүкчөсү бар. Бул урук бөлүкчөнүн параллелдери *адигине* (баргы, кара багыш) жана *кушчу* (накай) урууларынын курамында – *бабаш* формасында кездешет[2].

## Маматолбай

Маматолбай – бөксө уругунун курамындагы ири урук бөлүкчө. Антропоэтноним. Этнонимдин келип чыгышы ушул уруктун ата-бабасынын аты менен байланышта.

## Балта

Балта – бөксө уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Лакап этноним.

## Гала

Гала – бөксө уругунун курамындагы урук бөлүкчө. «Гала» тажик тилинен которгондо «улуу», «чоң» деген маанини туюнтат. Ушундай эле аталыштагы урук бөлүкчө калдар уругунда бар.

## Он эки

Он эки – бөксө уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Бул урук майда 12 урук бөлүкчөдөн тургандыктан «он эки» деп аталып калган. Аталган уруктун курамында *күчүк* – урук бөлүкчөсү бар. Бул урук бөлүкчөнүн параллелдери түркмөндөрдө – *гүжүк*, адигине (баргы, бөрү) уруусунун курамында – *кара күчүк, ит күчүк, каркүчүк,* азык уруусунда – *бай күчүк,* саяк жана багыш урууларында – *күчүк* формаларында кездешет[3].

---

[1] *Абрамзон С.М.* Этнический состав...-С.121; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...752-б

[2] *Абрамзон С.М.* Этнический состав...-С.108; ушул эле автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...739-б. ; Туран Н. Накай.-Б.,2011.-97-99-б

[3] *Абрамзон С.М.* Этнический состав...-С.108, рис. 15; Винников Я.Р. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.150, рис. 6

Ошондой эле аталган уруктун курамында *тасма* – урук бөлүкчөсү бар. Бул урук бөлүкчөнүн параллели адигине (жору) уруусунун курамында тасма – *ак тасма, кара тасма* формаларында катталган[1].

Он эки уруктагы *булбул* урук бөлүкчөсүнүн параллелдери саруу (теңечим) жана төөлөс (толуман) урууларынын курамында аталган формада кездешет[2].

Он эки этнониминин параллелин А.Д.Гребенкин заравшандык мангыт уруусунун курамынан каттаган[3].

## Бөксө уругу жашаган жерлер

Бөксө уругунун аксакалдарынын айтымында, мурдатан бөксөлөр Итарка жана Сары-Жон деген аймактан келген деген аңыз кеп болгон. Бирок ал аймактын кай тарапта экендигин так эч ким билбейт. Жазуучу Мурзапар Үсөндүн айтуусунда, Итарка менен Сары-Жон деген географиялык аталыштар Кытайда жайгашкан, ошол жактан кесектер жалпы кыргыз көчү менен Фергана өрөөнүнө багыт алып, азыркы Лейлек районунун территориясына келип токтошкон.

Айрымдардын айтымында, бөксөлөр азыркы Талас округунун тоо тарабынан көчкөн деген уламыштар да бар. Ошол аймакта Итагар дарыясы, Сары-Жон тоосу бар экендиги белгилүү.

Азыркы убакта *бөксө* уругунун өкүлдөрү Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Айкөл, Ак-Суу, Арка, Голбо, Гордой, Кара-Даван, Кара-Камар, Коргон, Мырза-Патча, Тайлан, Кара-Даван, Суу-Башы, Жеңиш айылдарында жана Исфана, Сүлүктү шаарларында, Кадамжай районунун Кайтпас айылында, Тажикстандын Бөрүгөн (Бөрүэмген), Мукур, Гулакамдоз

---

[1] *Абрамзон С.М.* Этнический состав...-С.63, рис.15; Винников Я.Р. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.150, рис. 6

[2] *Абрамзон С.М.* Этнический состав...-С.112

[3] *Гребенкин А.Д.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.87

кыштагында жашашат. Өзбекстандын Ташкент облусунун Бөкө районунун бир топ айылдарында, Фергана облусунун Кокон шаарынын тегерегинде бөксө уругунун (бөксө-калдар, көчөк) өкүлдөрү жашап келишет. Кытайдын Кызыл-Суу автономдук районунун айылдарында да бул уруктун өкүлдөрү бар. Ошондой эле Чүй облусунун Ысык-Ата районуна караштуу Ивановка айылында 200 түтүн Тажикстандын *Бөрүгөн* деген жеринен келген кесек уруусунун бөксө уруктары турушат. Бөксөсө уругунун Лейлек районундагы жайлоосу – Кутчу жана Токол-Бава.

Аталган айылдардын эң ириси – Голбо айылы. Бул айылда негизинен бөксө уругунун *он экилер тобу* жашайт, андан тышкары аз санда *маматолбай тобунун* өкүлдөрү бар. Голбо айылынын жогору жагында жайгашкан Гордой айылында *маматолбай тобунун* өкүлдөрү жашашат. Бийик тоолуу Ай-Көл айылынын жашоочуларынын көпчүлүгү бөксө уругунун *маматолбай, он экилер тобунун* өкүлдөрү, андан тышкары бул айылда аз санда кесек уруусунун бөлөксары жана калдар уруктары жашашат. Тайлан айылында *он экилер тобуна* кирген бир канча майда уруктар, андан тышкары бөксө-калдар (чомко) урук бөлүкчөсүнүн өкүлдөрү жашайт. Ак-Суу айылында жашагандар - бөксө уругунун *көчөк тобунун* өкүлдөрү, андан тышкары аталган айылдын Кара-Дабан участогунда бөксө-калдардын *кара-дабандык тобу* жашайт. Мырза-Патча айылында бөксө-калдардын бир нече тобу жашап келет. Бөксөлөр башка уруктар менен биргеликте Сүлүктү шаарында мурдатан топ болуп жашап келген. Кадамжай районунун Кайтпас айыл округунун айылдарында бөксө уругунун (калдар, көчөк) өкүлдөрү турушат.

Тажикстандын Бөрөгөн айылына бөксөлөр Лейлек районундагы Замборуч айылынан тээ илгерки замандарда келишкен экен. Качан келишкенин так билишпейт. Бөрөгөндөн алар Мукур кыштагына жана Чүй облусунун Ысык-Ата районуна караштуу Ивановка айылына көчүшкөн.

# ТАГАЙБЕРДИ

Тагайберди – «сибирги» тобунун курамындагы урук. Антропоэтноним. Тагайберди уругу *ырысмат, тотобай, кожомжар (байтобу), тилеш* деген урук бөлүкчөлөргө бөлүнөт. Ырысмат: *айдар, алакап, жанатай, касай* (касым)*, калча*; кожомжар: гедей же *чадай* (безери), *арзымат, кара баш, маркабай, кошумурат, кенжебай*; тилеш: *байкул, баймат* деген майда урук бөлүкчөлөрүнөн турат.

Тагайберди уругунун баяндоочулары «тагайберди» этнониминин этимологиясын төмөндөгүдөй түшүндүрүшөт: «Байыркы заманда бир хандын үч баласы болот. Хан карып бийликти кичүү баласына бермей болот. Улуу балдары Адигине жана Тагай бийликти бизге бербеди деп, түштүк тарапка карай таарынып, жол тартышат. Адигине Алайга, Тагай Андижан тарапка келишип жайгашышат. Тагайдын урпактарынан Мааматкул деген киши Сумбулада отурукташып жашап калат. Мааматкул уулдуу болгондо, баласына чоң аталары болгон Тагайдын атын коёт. Ошол Мааматкулдун баласы – Тагайбердиден тараган урук «тагайберди» деп аталып кетет».

Тагайберди =Тагай + берди деген сөздөрдөн турат. Өз кезегинде Тагай= Таг+айга ажырайт. Таг Огуз-хандын экинчи аялынан болгон баласы[1].

Таг байыркы грек. ταγός – «жогорку кол башчы», «уруу башчы» деген маанилерди берет. Тага (тайке) – эне жактан болгон тууган.

## Маркабай

Маркабай – тагайберди уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Этнонимдин аталышы «марка» жана «бай» деген сөздөрдөн турат. Аталган этнонимдин биринчи бөлүгү Алтайдагы Марка

---

[1] *Кононов А.Н.* Родословная туркмен. Сочинение Абу-л-Гази, хана хивинского.-М.-Л., 1958.-С.48

көлүнүн аталышын элестетип, бул урукту *карлык* уруусунун *марка* деген атын алып жүргөн уругунун калдыктары дегенге мажбурлайт. Карлыктар батыш Тянь-Шанга түштүк-батыш Алтайдан келишкен. Алар Алтайдагы Марка көлүнүн аталышын бул жакка ала келиши мүмкүн. Этнонимдин параллелдери казактын жалайыр уруусунда – *ак-марка, кара-марка*[1], заравшандык өзбектерде – *марка*[2], кыргыздын адигине (баргы), бугу (желдең) урууларында – *маркаш*[3], каңды уруусунда – *маркабий*[4] формаларында кездешет.

## Каржооду

Каржооду – тагайберди уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Этнонимдин аталышы «аралашма, кошулма» деген маанини туюнтат. Этнонимдин параллелдери башкыр, казак жана лакайларда – кармыш, түркмөндөрдө – гаржав жана гарма (эрсары), карнас (карагунас) (эрсары, гөклен), гарлык (ак жана кара (барс) гарлык), өзбектерде – «карлук» формаларында кездешет[5].

Орхон жазма таш эстеликтериндеги байыркы түрк уруусу – карлыктын аталышы да «аралашма, кошулма» дегенди түшүндүрөт[6]. Этникалык аталыш кытай жыл баяндарында (Тан династиясынын мезгили) 648-ж. «хэ-лу» формасында чагылдырылат. «Тан-шу» берген маалыматтарга караганда, карлуктар VII кылымда Батыш Түрк каганатынын саясий турмушунда үстөмдүк абалды ээлешкени маалым[7].

---

[1] *Аристов Н.А.* Труды по истории и этническому составу...-С.22

[2] *Гребенкин А.Д.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.56

[3] *Абрамзон С.М.* Этнический состав...-С.124; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...755-б.

[4] Автордун талаа дептедри. Тетрадь №4

[5] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.46; Атаниязов С. Словарь туркменских этнонимов...-С. 44; Шаниязов К.Ш. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.147; Кармышева Б.Х. Көрсөтүлгөн эмгек.-С. 99

[6] *Атаниязов С.* Этнонимы в туркменском языке...-С. 38

[7] *Зуев Ю.А.* К этнической истории усуней//Труды ИИАЭ АН КазССР.-Т.8.-Алма-Ата,1960.-С.125

Араб жана фарси тилдүү булактарында карлуктар «харлух», «халлух» деген аттар менен белгилүү болушкан[1]. VI кылымга таандык айрым тарыхый булактарда бул уруулук бирикме «үч өгүз» кийинчерээк «үч карлук» деген ат менен белгилүү болгондугу маалым[2].

Көчмөн турмуш менен күн көрүшкөн карлуктар VII–VIII кылымдарда Жунгария, Батыш Алтай, Иртыш дарыясына жамаатташ аймактарды мекендешкен. 755-жылы аскердик кагылышууда күчтөнүп келе жаткан уйгурлардан жеңилгенден соң, карлуктар түргөштөрдүн жерине сүрүлгөн.

Аз сандуу карлуктар кыргыздар жетектеген уйгурларга каршы согуштук-саясий коалицияга киришкени маалым. Карлуктар IX кылымдын орто чендеринде азыркы Кыргызстандын айрым аймактарын (батыш аймактары) кучагына камтыган чакан мамлекет түзүшкөн.

Фарси тилиндеги анонимдүү тарыхый булак «Худуд ал'аламда» карлуктар кыргыздардын түштүк тарабындагы кошуналары катары учкай кабар айтылат. Ушул эле булакта кыргыздардын карлуктарга чукул байырлаган «кесайим» аттуу уруусу эскерилет[3].

Демек, 840-жылдан кийин Енисейдан журт которгон айрым кыргыз уруулары карлуктарга коңшу туруп калышкан[4]. Профессор К.Ш.Шаниязов тарыхый даректерге таянып, кыргыздар IX–X кылымдардан тартып, Ысык-Көлдүн чыгыш бөлүгүн байырлай баштаган деген жогорудагы пикирге үндөш көз карашын айткан[5].

Карлук каганынын ордосу азыркы Жамбул шаарына жакын жерде жайгашкандыгы маалым[6]. Кыргыз-карлук алакалары б.з. VIII кылымында эле башталган. Бул уруу (урук) кыргыздардын этникалык курамына ушул тарыхый мезгилде кирүүсү мүмкүн.

---

[1] *Бартольд В.В.* Сочинения.-Т.I.-М.,1963.-С.547
[2] *Гумилев Л.Н.* Древние тюрки.-М.,1967.-С.61-62
[3] *Шаниязов К.Ш.* Узбеки-карлуки.-Ташкент,1964.-С.9
[4] *Урстанбеков, Чороев,* 1990, 76
[5] *Шаниязов К.Ш.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.9
[6] *Зуев Ю.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.126

Кыргыздын бостон уруусунда – *каржооду,* кушчу уруусунда – *карды*, адигине (баргы), төөлөс, кыпчак урууларында – *кармыш* формасында кездешет[1].

## Тагайберди уругу жашаган жерлер

Азыркы убакта *тагайберди* уругунун өкүлдөрү Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Искра, Сары-Дөбө, Арка, Жаштык айылдарында, Сүлүктү шаарында, Чүй облусунун Аламүдүн районуна караштуу Озёрный, Сокулук районунун Романовка, Москва районунун Беловодск айылдарында жана Кара-Балта шаарында, Тажикстандын Ноо районунда жана Кыргыз-Кыштак айылында жашашат.

Алардын Лейлек районундагы жайлоосу Айкөл, Айна-Таш, Бүтөө, Кархана, Кутчу, Саркент.

Тагайберди – *Ырысмат, Тотобай, Кожомжар (Байтобу), Тилеш* деген топторго бөлүнөт.

# ЧҮЧҮК

Чүчүк – «сибирги» тобунун курамындагы урук.

Чүчүк уругу *мамат, чаңай, кара саадак* деген урук бөлүкчөлөргө бөлүнөт. Мамат (мамай): козубек, коңурбай, кутулумуш, бекжар, мөндүрчү, өбөйүт (өрөбөйүт); чаңай: котурак, элчибек, сарыбай, бава, бегелек; кара саадак: бай тобу, бий тобу деген майда урук бөлүкчөлөрдөн турат.

Ноокат районунда жашашкан чүчүк уругунун баяндоочулары мамат урук бөлүкчөсүн *чил, өбөйт, көкчө, чөө, мада, эркесары,* чаңай урук бөлүкчөсүн *бегэлек* деген майда урук бөлүкчөлөргө бөлүшөт.

Чүчүк уругунун чүчүк деп аталып калышы: «Өткөн замандарда чон ата-бабаларынын балалыкта тили чыккандан баштап тили чүчүк болгондуктан энелери «тили чүчүк», «чүчүк» деп

---

[1] *Туран Н., Өсөров Э.* Төөлөс.-Б.,2011.-56,84-б; Төрөкан уулу.-Б.,1995.-14-б

эркелетип жүрүп ылакап сөзгө айланып, ошол Чүчүк атадан тарагандар «чүчүк» уруусу болуп калган дешет. «Чүчүк» сүйлөгөн сөзү так эмес, тантык дегенди туюнтат.

Чүчүк уругун байыркы чумугун уруулары менен салыштырсак болот, себеби жогоруда айтылгандай М.Тынышпаев казактардын *кара-кесек* уруусу менен кыргыздардын *кесек* уруусун байыркы чумугундар менен байланыштырат.

«Тан-шу» боюнча «чуюе Инсо тоосунун түштүк тарабын көздөй, Баркөлдөн батышка карай көчүп жашашкан. Бул жерде Шато деп аталган ири кум чөл бар. Мунун негизинде шатолук дулгастар өзүнүн аталышына ээ болушкан»[1]. Батыш-түрклүк Кюэ-дэлэге тургузулган эстеликтеги кытай жазууларында 732-жыл, түрктөрдүн мамлекети батышта чуюелер менен коңшулаш деп берилет[2]. Бул маалыматтрага таянсак чюуелер түштүгүнөн Барлык, Урка-шар, Саур тоолору чектешкен жерлерди ээлешкендигинен кабар берет. 657-жылы кытайлардын батыш түрктөрдүн аймактарын губернаторлуктарга алмаштырып, аттарын кытайлаштырганда мугунь мууну (уругу) (албетте, чумугунь дегенибиз) фуянь губернаторлугунун атына ээ болгон; шуниши чубань – юнсо (инсо); нешетидунь мууну Шуан-хэнин (экиленген дарыя, кыясы Боротал болсо керек) алдындагы губернитор-лукка айланат. Бул үч аймак кыясы Эбин-Нордун бассейинин жердешкен. Калган эки аймак Тарбагатай менен Или дарыясынын ортосунда жайгашышкан. 657-жылы хулу-ши-кюе муунунан (хулуву болушу мүмкүн) Яньбо губерниясы түзүлүп, ал эми туциши-хэлоши аймагынан кыясы, эки губерния түзүлсө керек: туциши-согэ-мохэ муунунан – выньлу, туциши-алишиден – гешань[3].

Кытай булактары боюнча VII кылымда Алтайдын, Барлыктын, Тянь-Шандын ортосунда жайгашкан өлкөдө кошуна жа-

---

[1] *Бичурин Н.Я.* [Иакинф]. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена.-Ч.I.-СПб.,1851.-С.453

[2] Восточное обозрение.-1891.-№13

[3] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.360

шашкан *чуюе, чуми, чумигунь, чубан* аттуу урууларынын аттарын салыштырсак, түрк урууларынын келип чыгышы тууралуу маалыматтарды берген байыркы элдик уламыштын бешинчи бапында берилгендей төрт түрк уруу башчыларынын бири Чу болуп эсептелет. Бул аталыш Чу дарыясынын аты менен дал келип, жыйынтыгында ушундай аталыштагы уруунун пайда болушуна шарт түзөт. Чу деген сөз же аталыш бекер жеринен жогоруда аталган төрт уруу аталышынын составына кирген эмес жана уламышта эскертилгендей түрктөрдөн, уйгурлардан, кыргыздардан айырмаланып, чу деген түрк уруусуна жалпысынан таандык экени белгиленет. Мындан сырткары бул уруу бирикмесине канглы, карлык жана батыш түрктөрдүн уруулары киргендир[1].

Неймандын божомолдоосу боюнча Юебаньдардын жашаган аймагы «Кангюйдүн аркы өйүзүндө же Улуу Бухарда, Арал деңизине жакын, учурда кыргыз-казактар көчмөн жашоосун улантып жаткан жерде» жайгашкан. Акылга сыйбагандай, анын ою боюнча кытайлар Юебан деп Согдиандын түндүк-батышынан Рим империясынын аларга белгисиз болгон аймактарынын чегине чейин созулган жерлерди аташкан. Euligsia деп Прокопий Арал деңизинен чыгыш тапрата орун алган түздүктөгү өлкөнү атагандай, ал Юебань аталышы ошондой эле бурмаланган вариант деп санайт[2].

В.Томашек Юебаньды Или дарыясынан Арал деңизине чейин созулганын айтат. Юебань аталышын ал түрк сөзү «ябань» – чөл, иштетилбеген кенен өрөөн менен салыштырат[3].

«Тан-шу» боюнча VI кылымда, V кылымда Юебань ээлиги орун алган өлкөнү түрк аймактары – чуми, чумигунь жана чуюе жердеген[4]. «Чуюе Иисо тоосунун түштүк тарабын, Баркөлдөн

---

[1] *Аристов Н.А.* Усуни и кыргызы или кара-кыргызы.-Б.,2001.-С.217,218

[2] Die Volker das Sudlichen Russlands in ihren gechichtlichen Entrwickelung.-Leipzig,1847.-S. 34,35

[3] *Tomaschek W.* Centralasiatische Studien: I. Soghdiana.-Vienna,1877.-S.23

[4] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.452,453,356,357,358

батышка карай аймактарды ээлешкен»[1]. Алар менен бирге дайыма кошулуп айтылчу чуми да жашашкан. Бул үч аймактардын жашоо аймагы тууралуу тиешелүү маалымат булактары да тастыктайт. Дулу-хан чуюе жана чуми аскерлери менен И-чжеуга (Хами) кол салган; кытай кол башчысы Дулу-ханга туруштук берип, чуюелик сыгиндин шаарын каратып алат ж.б. 652-жылы түрк Ашин-Хэлуга болгон чабуулунун планында кытайлар чуми, чумигунь, чуюелер түрк канына баш ийгиси келбегендитен алардын катарына кошулат деп үмүттөнүшкөн; бирок алардын үмүтүн таш капкан, ошон үчүн согуштун алгачкы жылдары кытайлар так ушу аймактар менен айыгышкан кармашууларын жүргүзүп, мында чумугудардын шаарын алышкан[2].

«Тан үйүнүн тарыхы»[3] аттуу эмгекте VII кылымдын биринчи жарымында батыш түрк хандыгына баш ийген он аймакка бөлүнгөн элдин катарында жогоруда аталган чумугунь, андан кийин чубань, гешу-чубань болгон. Акыркы эки аймактын аталышы көңүл бурууну талап кылат. Анткени чубань аты Юебань аталышы менен окшошуп кетүүдө. «Тан шуда» чуми Бичуриндин эмгегиндеги окулушу боюнча окуганда «юеми»[4] формасында берилген. Муну эске алсак «чубань» деген аталыштагы дагы муун «чу» «юе» белгисине өзгөрүшү толук мүмкүн. Мүмкүн «Юебань», «чубань» учурда улуу ордонун уруулары «адбан» жана «суван» (субан, суан) аттары менен жакындыгы бардыр. Бул аттардын баары «бань» же «бон» сөзүнө пирставка коюлуунун негизинде пайда болгон.

Туки доорунун (545–745-жж. ) аягында *чуми, чумигун, чуюе* жана *чубань* уруулары тууралуу түздөн түз тарыхый маалыматтар жок.

Юебань өлкөсү V кылымдарга таандык кытай булактары боюнча бул убакта хуннулардын калдыктары, I кылымда ал

---

[1] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.453
[2] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.356-358
[3] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.355,356
[4] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.4,8

аркылуу батышка өткөн[1], көрсө VII кылымдарда чу-юе, чу-ми, чу-мугунь, чу-бань муундары тарабынан ээленген[2]. Кыясы алар түрк уруусунун чуй деп аталган өзгөчө бөлүктөрүнө таандык болушса керек. Түрк-тукюлөр бийликке келгенде алардын хан сарайы жана жайкалган ээлиги эки бөлүккө бөлүнүп калат: чыгыш жана батыш. Жогоруда аталган чуй уруусуна чейинки түрк уруулары жана алар ээлеген жерлер чыгыш-түрк хандыгына караган. Батыш тараптагы Монгол Алтайдын батыш тоо кыркаларында жер которуп жашаган чуйлөр жана теле уруусунун айрым бөлүктөрү ээлеген жерлер батыш-түрк хандыгына караган, жана дулулардын беш округунун составына кирген[3].

## Кара саадак

Кара саадак – чүчүк уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Бул урук бөлүкчө кесек уруусунун курамына кирген башка уруктардан айырмаланып өзүнүн эн тамгасын сактап калган, анын тамгасы –  «саадак тамга»[4].

«Кара саадак» этноними эки сөздөн турат – «кара» жана «садак» деген уруу аталышынан. Этнонимдин аталышындагы «кара» түстү берет. Байыркы кытайлыктар жана ирандыктар дүйнө тараптарын ар түрдүү түстөр менен байланыштырышкан. Алар «кара» түс менен «түндүктү»[5], ал эми америкалык индеецтер – «чыгышты»[6] белгилешкен. Монгол жыл наамаларында XIII кылымда Монгол мамлекетинин курамына кирген «беш

---

[1] *Бичурин Н.Я.* Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена.-Ч.III.-СПб.,1851.-С.163-165

[2] *Бичурин Н.Я.* Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена.-Ч.I.-С.355

[3] *Аристов Н.А.* Труды по истории...-С.119

[4] *Абрамзон С.М.* Этнический состав...-С.104; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...735-б

[5] *Caferoğlu A.* Les couleurs dans la nomenclature des norns ethnique turcs//Atti et Memorie del VII Congresso Internaz. di Scienze Onomastiche.-Firenze–Roma,1961.-C.369

[6] *Ludat H.* Farbenbezeichnungen in Völkernamen. Ein Beitrag zu asiatisch-osteuropäischen Kulturbeziehungen//Seculum.-Bd 4.-H.2,-1953.-C.151

түстүү жана төрт бөтөн элдер»[1] жөнүндө эскерүүлөр кездешет, ал жерде «кара» түс менен тибеттиктер белгиленген[2]. Уйгур жазма эстеликтеринде «кара» түс – «түндүктү» жана жыланды билдирген[3]. Азиялык көчмөндөр[4] да, байыркы түрктөр[5] да «кара» түс менен «түндүктү» белгилешкен.

«Кара» – кырг., каз., өзбек., ногой жана «гара» – азерб., түркм., ж.б. түрк тилдеринде төмөндөгү маанилерди берет: 1. Кара, күңүрт кара; 2. Кара мал, карапайым эл, аскер, кошун; 3. Кургак жер; 4. Дөбө, дөңсө, дөң, чоку; 5. Оор, капа, кайгылуу, ындыны өчкөн, бактысыз; 6. Кылмыштуу, арам ойлуу, жаман; 7. Негизги эмес, кошумча, башка ж.б. Ошондой эле кээ бир сөздөрдө кошумча маанилерди берет: 1. «Чоң», «ири, зор», «мол, кеңири, абдан көп». Мисалы кара мал (уй, өгүз), кара куш, кара тер. 2. «Башкы, улуу», «күчтүү, кубаттуу», «каардуу, коркунучтуу». Мисалы Кара хан, Кара айгыр, Кара деңиз, кара болот, кара суук, кара бороон ж.б.

Этнонимдин экинчи бөлүгү «саадак» – жаа, жаанын огу (жебе) салынуучу баштык деген маанилерди берет[6].

Эгерде жогоруда айтылган мисалдарга таянсак, анда «кара саадак» этникалык аталышы – «түндүктө жашаган, көпчүлүктү түзгөн, ири урук» деген маанини берет.

Кыргыз тарыхчысы профессор Ө.Караев «VII–VIII кылымдарда Борбордук жана Жети-Сууда жашашкан согдулуктардын урпактары «сугдактар» (согдак) кыргыз элинин курамына *саадак* деген ат менен киришкен» деп жазат[7].

---

[1] *Шара Туджи.* Монгольская летопись XVII в.-М.-Л.,1957.-С.128

[2] Ушул эле жерде.-С.178

[3] *Fahrettin □e1ik.* Türklerde dört yönün dört renkle alandırılması//TA.-Istanbul, 1942.-№1, 2,3,4,5,6;-Istanbul,1943.-№7,8

[4] *Pritsak O.* Qara. Studie zur türkischen Rechtssymbolik//Z.V.Togan'a Armağan.-Istanbul,1955.-С.10-11

[5] *Будагов Л.* Сравнительный словарь турецко-татарских на¬речий.-Т.1.-СПб., 1869;-Т.2.-СПб.,1871

[6] Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү.-Т.I.-Фрунзе,1984.-611-б

[7] *Караев Ө.* Этнический состав и формирование кыргызской народности//Кыргыздар: Он төрт томдук.-Т.Х.-Б.,2011.-547-б; Профессор О. Каратаев бул этнонимдин пайда болушун кыргыздардын өткөн доордогу жоокерчилик турмушу менен байланыштырат

Америкалык окумуштуу Бертольд Лауфер Хань доорунда сакталып калган жазууларда юэчжилердин беш сөзүн анализдеп, аларды түндүк-иран тилдеринин группасына тандык экен деген бүтүмгө келет. Алтынчы сөз – «юэчжи» дегенди байыркы кытай фонетикасынын өзгөчөлүгү менен sqwieddi деп окуйт. Белгилүү болгон Sogdoi деген аталыш менен салыштырып, sqwied+di деген сөздөгү diни көптүк мүчөсүнүн суффикси деп санайт. Грек-Бактрия мамлекетин талкалаган эл, ортоазиялык эки дарыя аралыгында отурукташып жашаган элдердин аталышындай эле *«согдо»* же *«согдак»* деп аталышкан[1]. Бирок аларды Согдианада жашаган согдианалыктар менен чаташтырбагыла. Б.Лауфердин бул ойун Л.Н.Гумилев[2] колдойт. С.И.Руденко[3] тарабынан ачылган Пазырык көрүстөнү ошол юэчжилерге тиешелүү.

Байыркы убакта *юечжи* эли азыркы Кытайдын Гансу провинциясынын батыш райондорунда жашашкан. Алгач *юечжи* элинин мамлекеттик ээликтери Ленчжоу, Ганьчжоу, Сучжоу, Гуачжоу жана Шачжоу округдарын камтыган. Б.з.ч. III кылымдын аягы II кылымдын башында *юечжи* элинин көпчүлүк бөлүгү хунндардын кысымы астында Орто Азияга көчүп кетишет да, кытай булактарында 大 月 氏 «*да юечжи*» – «чоң» же «улуу юечжи» деп, ал эми мурдагы жашап жаткан жеринде калып калган аз бөлүгү – кытай булактарында 小 月 氏 *«сяо юечжи»* – «кичи юечжи» деп аталышат[4].

Юэчжи сөзүн түзгөн кытай иероглифтери – 月氏, биринчиси *юэ* «ай»[5] дегенди түшүндүрсө, экинчиси *чжи* «уруу же тукум»[6] дегенди түшүндүрүп, бирге «ай уруусу» же «ай тукуму» деген маанини берет. Юэчжинин алгачкы 牛氏 *нючжи* – «бука тукум»

[1] *Laufer B.* The language of the Jue-chi or Indo-Scythians.-Chicago,1917

[2] *Гумилев Л.Н.* Тысячелетие вокруг Каспия.-СПб.,2002.-С.76

[3] *Руденко С.И.* Культура населения Центрального Алтая в скифское время.-М.-Л.,1960.-С.175-176

[4] *Малявкин А.Г.* Историческая география Центральной Азии.-Новосибирск, 1981.-С.138

[5] БКРС.-Т.3.-С.156-159

[6] БКРС.-Т.4.-С.188

жана *юйчжи* деген транскрипциялары да «ай» менен байланышкан мaанилерди берген[1]. Кара саадак урук бөлүкчөсүнүн тамгасы –  «саадак тамга»[2] же башкача айтканда «ай тамга» болушу бекеринен эместир.

Жогоруда айтылган фактыларга таянсак, кесек уруусунун курамындагы кара саадак урук бөлүкчөсү саадак деген аталышын жана тамгасын сактап калып, байыркы юэчжи урууларынын кыргыз элинин этногенезиндеги катышынын далилин көрсөтүп турат.

Этнонимдин параллелдери казактарда (абак-керей) – көк саадак[3], каракалпактарда (коңурат) – кырк саадак, саадак[4], лакайларда – кырк саадак[5] деген формаларда кездешет.

Я.Р.Винников «кара саадак» уругун *каңды* жана *нойгут* урууларынын курамына жаңылыш кошкон[6], ушундай эле катаны С.Аттокуров автоматтык түрдө кайталайт[7]. Изилдөөлөрдүн натыйжасында «кара саадак» уругу кесек уруусунун анын ичинде чүчүк уругугун курамындагы урук бөлүкчө болуп чыкты.

Азыркы убакта Лейлек районундагы *кара саадак* уругу санжыра боюнча төмөндөгүдөй таралат: «Кара саадактын Бай бала жана Бий бала деген эки баласы болот. Бай баладан *бай тобу, ал эми* Бий баладан *бий тобу* тарайт. Аталган акыркы топтун курамында *кызыл курт* урук бөлүкчөсү бар. Өзгөн районуна караштуу Куршаб айылындагы *кара саадак* уругу алардын баяндоочуларынын айтуусу боюнча *кузгун топ, өгүз топ* жана *куу топ* деп үчкө бөлүнүшөт.

---

[1] *Зуев Ю.А.* Ранние тюрки: очерки истории и идеологии.-Алматы,2002.-С.20

[2] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения...-С.104; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...735-б

[3] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен...-С.355; Аристов Н.А. Труды по истории и этническому состав...-С.175

[4] *Жданко Т.А.* Очерки исторической этнографии каракалпаков...-С.165,166

[5] *Кармышева Б.Х.* Очерки этнической истории Южных районов...-С.100

[6] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.161,167

[7] *Аттокуров С.* Кыргыз санжырасы...173, 208-б.

## Кызыл курт

Каара саадак уругунда кызыл курт урук бөлүкчөсү катталды[1].

Ушундай аталышта саруу уруусунун жети уруусунун курамында кызыл курт урук бөлүкчөсү катталган. Бирок «кызыл курттун» өкүлдөрүн биз саруу уруусунун арасынан, Таласта жана Аксыда жолуктура албадык. Саруу уруусунун санжырачыларынын айтымында ал Лейлек жакта калмак жапырыгында кала берген. Лейлектеги кызыл курт урук бөлүкчөсүнүн өкүлдөрү өздөрүнүн санжырасын жакшы билишпейт. Алар аз санда Ак-Суу айылында турушат, көпчүлүгү Исфана жана Бишкек шаарларына көчүп кетишкен.

Аталган этнонимдин казактардагы паралелли кызыгууну туудурат, алар саруу уруусундай эле казактын Кичи Жүзүнүн жети уруусунун курамында[2]. Ошондой эле кызыл курт уругу казактарда саруу урусундай эле бирде саруунун жети уруусуна кошулуп айтылса, бирде айтылбайт (унутушкан)[3].

Казактардын курамындагы кызыл курт уругу М.Тынышпаев боюнча емрей, олжаши, ерши[4] деген майда уруктарга бөлүнөт. Бларамберг буларга төртүнчү кылып суба (саба) уругун кошот, В.В.Востров, М.С.Мукановдор муну туура деп санашат[5]. Алардын тамгасы  (Мейер боюнча), | (Тынышпаев жана архив материалдары боюнча)[6], ураны — Шиембай[7]. Г.Н.Потанин казактардын курамындагы кызыл курт уругунун генеалогиясын кеңири берет[8].

---

[1] АТМ

[2] *Востров В.В., Муканов М.С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.81

[3] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения Сев. Киргизии// ТКАЭЭ.-Т.IV.-М.,1960.-С.66

[4] *Тынышпаев М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.29

[5] *Бларамберг И.* Военно-статистическое обозрение земли киргиз-кайсаков Внутренней и Зауральской орд//Военно-статистическое обозрение Российской империи.-Т.XIV.-Ч.I.-СПб.,1882.-С.8-12

[6] ЦГА КазССР, ф. 4, д. 3871

[7] *Востров В.В., Муканов М.С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.99

[8] Кара: *Потанин Г.Н.* Очерки Северо-Западной Монголии.-Вып.IV.-СПб.,1883.-С.15-16

Саруу уруусунун кызыл курт уругу ар түрдүү тарыхый кырдаалдарда өз уруусунан бөлүнүп, казак жана кыргыздын кесек, басыз урууларынын арасына кирип кеткендир. Себеби биз Өзгөн районун Большевик жана башка айылдарында басыздар менен чогу жашаган кызыл курт уругунун өкүлдөрүн жолуктурдук.

## Чүчүк уругу жашаган жерлер

Азыркы убакта *чүчүк* уругунун өкүлдөрү Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Ак-Суу, Арка, Көк-Таш, Кара-Камар айылдарында жана Исфана, Сүлүктү шаарларында, Ош облусунун Ноокат районунун Кайрыгач, Бел-Өрүк, Кожо-Арык (Жал), Өзгөн районунун Ийри-Суу, Куршаб, Жаңы-Арык айылдарында, Тажикстандын Ж.Расулов атындагы райондо, Күркент кыштагында, Өзбекстандын Алмалык шаарыда жашашат.

Алардын Лейлек районундагы жайлоосу – Саркент, кыштоосу – Боз-Дөбө, Зулпу-Чач.

Чүчүктөн – Мамат, Чаңай, Кара саадак. Маматтан – Козубек, Коңурбай, Кутулумуш, Бекжар – Лейлекте, Мөндүрчү жана Өбөйүт (Өрөбөйүт) – Ноокатта. Чаңайдан – Котурак, Элчибек, Сарыбай, Бава – (Лейлекте), Бегелек – (Ноокатта). Кара саадак *«бай тобу», «бий тобу», аңкулай* деген майда урук бөлүкчөлөрүнө бөлүнөт.

## ЭШКАРА

Эшкара – «сибирги» тобунун курамындагы ири урук.

Эшкара – «эш» жана + кара деген эки сөздөн турат. Этнонимдин биринчи бөлүгү «эш» – ар кайсы заманда, ар башка элдерде – *дос, жолдош, нөөкөр, аскерий кол, кол башчы, таяныч, колдоочу, ак көңүл, жакшы* – деген маанилерди өзүнө камтыган[1].

Эл ичинде «Эшкара – Эшкарадан беш кара» деген сөз бар, бирок алтынчы кылып *эчкили* деген топту эшкара уругуна кошуп айтышат. Эшкара уругу *ыңдыстан, гожош* (кожош), *айткулу, жалаңтөш, генже* (кенже) деген урук бөлүкчөлөргө бөлүнөт.

---

[1] *Гребнев Л.В.* Выступления//ТКАЭЭ.-Т.III.-М.,1959.-С.154

## Ындыстан

Ындыстан – эшкара уругунун курамындагы ири урук бөлүкчө.

Ындыстан уругунун мындай аталып калышын, алардын өкүлдөрү төмөнкүчө түшүндүрүшөт: «Султан Бабурдун убагында кесек уруусунун жоокерлери аны менен кошо Индияга кетип, Султан Бабурдун ал жерди басып алып, «Улуу Могол империясын» түзгөнгө көмөктөшөт. Кийин Бабурдун бийлиги ал жерге орноп, чыңалган соң, император Бабур жоокерлерине үйлөрүнө кайтканга уруксат берет. Ошондо Индияга барып же Индиядан келишти деп, кесек уруусунун жоокерлерине Ындыстан деген атты беришет. Алардан тарагандар «Ындыстан» уругу деп аталып калат».

Тейит уруусунун баяндоочуларынын айтымында Ындыстан Айтемир баатырдын бешинчи уулу болуп саналат. Бирок кесек уруусунун курамындагы Ындыстан уругунун өкүлдөрү өздөрүн кесек уруусунун Эшкара уругуна таандык кылышат. Айтемир тейит жөнүндөгү санжыраны билишпейт[1].

Ындыстан уругу негизинен *жаман сары, мада тобу, калар, каркаша* деген топторго бөлүнөт.

Мада – ындыстан урук бөлүкчөсүндөгү топ. Мада тобунун аталышы Алтай жана Тувадагы *мады* урууларынын аталыштары менен окшош.

*Мады, узун мады* байыркы жана негизги жергиликтүү тува элинин ичиндеги эң ири уруулардын бири[2], ал түштүк алтайлыктарда – *модор*[3], хакастарда – *модар*[4], камасиндерде – *мадор*[5], койбалдарда – *мадыр*[6], тажикстандык конграттарда – мади[7] формаларында кездешет.

---

[1] *Туран Н.* Тейит: санжыра жана тарых.-Б.,2013.-272-б

[2] *Сердобов Н.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.71,179

[3] *Потапов Л.П.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.25

[4] *Бутанаев В.Я.* Происхождение хакасских родов...-С.9

[5] *Долгих Б.О.* Родовой и племенной состав народов Сибири в XVII в.-М., 1960.-С.240

[6] *Аристов Н.А.* Труды по истории и этническому составу тюркских племен...-С.168

[7] *Кармышева Б.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.92

763-жылы Акбаш баатырга арналган № 2 Уюк Аржан (Өөк-Аржан) жазма таш эстелигинде эскерилен «матымыз» деген сөздү В.В.Радлов «мады» этноними менен байланыштырат. Радловдун бул оюн тувалык этнограф Н.А.Сердобов кабыл алып, колдойт[1]. Мадылар жөнүндө XVII кылымдагы тарыхый булактарда төмөндөгүдөй маалыматтар кездешет: «Маадылар кыргыздардан эки күндүк алыстыкта жашап, монгол Алтын-ханына салык төлөп турушат»[2]. Кийин алар Россия империясынын Красноярский уездинин курамына кирген.

Демек, эшкара уругунун курамындагы мада тобу, кесек уруусун тува эли менен болгон этностук байланышын көрсөтөт. Мады формасында төөлөс уруусунун курамында сакталган[3].

Кесек уруусунун Ындыстан уругунун өкүлдөрү азыркы убакта Баткен облусу, Лейлек району, Лейлек айыл округуна караштуу Коргон (60 түтүн) жана Чоюнчу (50 түтүн) айылдарында турушат.

## Кенже

Кесектин курамындагы *кенже* урук бөлүкчөсүн биз орто кылымдардагы *кенже* же *кенжек* уруусу менен салыштырсак болот. Ал жөнүндө Махмуд Кашгари мындай деп жазат: «Kencek уруусу түркчө сүйлөгөндү билишкен, бирок, алардын өзүнүн тили болгон. Kencek түрктөр эмес, алар түрктөргө кийинчерек келишкен[4].

Kencek (кенжек) аталышынын пайда болушу тууралуу гипотеза боюнча Баскаковдун варианты чындыкка жакыныраак[5]: kencek «этноним» < kendžek<kendže (кенже) «акыркы, кичүү бала» + -k (кичирейткич аффикси) > kendžek > kencek уруунун аталышы, кичүү баладан тараган[6] дегенди билдирет.

[1] *Сердобов Н.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.71-72
[2] Русская историческая библиотека.-Т.II.-СПб.,1875.-С.189
[3] *Туран Н., Өсөров Э.* Төөлөс...-174-175-б
[4] МК, III, 118
[5] *Баскаков Н.А.* Структурные и смысловые модели тюркских этнонимов и их типологическая классификация//Onoma, 1977.-V.21.-№1.-С.104
[6] *Махпиров В.У.* Древнетюркская ономастика...-С.63

*Кенже* – адигине, саруу, сарыбагыш, *кенжетай* – адигине, *кенжеш* –солто[1], *кенже тукум* – төөлөс урууларында кездешет[2].

## Эчкили

XV кылымдын 30–60-жылдары «көчмөн өзбек» улусунун курамына: барак, буркут, дурман, *эчки* ж. б. уруулар кирген.[3]

Абулхайр-хандын небереси Мухаммад Шейбани каңгып жүргөндө ага ишеним көрсөткөн уруу жана уруктардын ичинде дурман, *эчки, эчки-байри* уруулары аталат[4].

Мухаммад Салихтин «Шейбани-намэ» деген китебинде Шейбани-хандын басып алуучулук жоортуулдарына катышкан уруу жана уруктардын толук тизмеси берилет, алардын ичинде буркут, дурман, *эчки* уруулары да бар[5].

Дурман, *эчки, эчки-байри* уруулары Абулхайрды хандыкка көтөрүүдө, анын бийлигин орнотууда жана чыңдоодо чоң ролду ойношкон. Ошондой эле Шейбани-ханга ишеним көрсөтүп, XVI кылымдын башында анын аскерлеринин курамында болушкан[6].

Мухаммад Салих келтирген 19 уруунун 13-чү Дашт-и Кыпчактан болушуп, Шейбани-хан менен бирге Орто Азияга көчүп келишкен уруулар: *адгу, адлу-оглы, буркут, дурман, эчки, карлук, конграт, кушчи, мангыт, найман, нукуз, тама, уйсун*[7].

С.К.Ибрагимов Шейбани-хан менен Орто Азияга келген уруу жана уруктарга төмөндөгүлөрдү киргизет: дурман, *эчки*,

[1] *Абрамзон С.М.* Этнический состав...-С.119; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...-750-б

[2] *Туран Н., Өсөров Э.* Төөлөс...-205-207-б

[3] *Ахмедов Б.А.* Государство кочевых узбеков.-М.,1965.-С.16,46,106; Семенов А.А. К вопросу о происхождении и составе узбеков Шейбани-хана//Труды ИИАЭ АН ТаджССР.-Т.12.-Вып.1.-Сталинабад,1954.-С.24

[4] *Мухаммед Салих.* Шейбани-намэ.-СПб.,1908.-С.94,101,160

[5] *Мухаммед Салих.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.137-139

[6] Материалы по истории Казахских ханств XV-XVIII веков.-Алма-Ата,1969.-С.354; Шейбаниада.-Т.I.-Казань,1849.-С.94

[7] *Султанов Т.И.* Кочевые племена Приаралья в XV-XVII вв.-М.,1982.-С.18

йджан, кыйат, конграт, курлаут, кушчи, мангыт, найман, туман, тангут, уйгур, хытай, чимбай (чимтай), шадбаклы, шункарлы[1].

Мухаммад Салихтин айтуусу боюнча 1503-жылы Шейбани-хан моголдорго каршы аттанганда анын «10 000 аскеринин ичинде 300 кушчу, 1000 дурман, 700 найман жана сан жагынан эң көп 4 000 эчки уруулары болушкан»[2]. Дашт-и Кыпчакта Шейбаниддердин убагында сан жагынан эң көп эчки уруусунун өкүлдөрү болушкандыгы Мухаммад Салихтин эмгегинин башка жеринде да айтылат[3].

Казактардын урууларынын арасында *эчки* уруусу кездешпегенине байланыштуу, *эчки* уруусу толугу менен Орто Азияга көчүп келген»[4] – деп жазат казак тарыхчысы Т.И.Султанов.

Орхон жазууларында жана мусулман булактарында өзүнчө уруу түзүү үчүн 700 адам (эркек) керек болот деп белгиленген» В.В.Бартольд[5].

Ал эми Бабур боюнча Орто Азияда 5-6 миң түтүн көчмөн уруу «чоң» уруу катары саналган[6]. Жогоруда айтылгандарга таянсак, анда XV кылымдарда *эчки* уруусу Дашт-и Кыпчактагы ири уруулардын бири болгон.

«Шейбани наамада» *эчки* урусуунан Амин, Сапар, Жакып, Жакут аттуу кожолор, аскер башчылар чыккандыгы эскерилет.

А.Вамбери жарыялаган 32 «өзбек» уруусунун тизмесинде уруулар төмөндөгүдөй катар менен айтылат: «кунграт, кипчак, хитай, мангит, нокс (нукус), найман, кулан, киет, аз, таз, сайят, джегатай, уйгур, айбет, дормен, ошун, канджигалы, нагай, бадаали, митен, джелаир, кенегез, канлы, *эчкили*, багурлю, алчин, ачмайли, кара-курсак, бир кунак, тыркиш, кеттекесер, минг»[7].

---

[1] *Ибрагимов С.К.* Новые материалы по истории Казахстана XV-XVI вв.//История СССР. -1960.-№4.-С.154; Ибрагимов С.К. «Фатухат-хани» Бинои как источник по истории Казахстана второй половины XV в.//XXV Международный конгресс востоковедов. Доклады делегации СССР.-М.,1960.-С.5

[2] *Мухаммед Салих.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.137-138

[3] *Мухаммед Салих.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.64

[4] *Султанов Т.И.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.18

[5] *Бартольд В.В.* Сочинения.-Т.VIII.-М.,1973.-С.44

[6] *Бабур-наме.* Записки Бабура.-Ташкент,1958.-С.44

[7] *Вамбери А.* Путешествие по Средней Азии.-СПб,1865.-С.171

Б.Х.Кармышева түштүк Тажикстандагы катагандардын курамында *эчки* уругун белгилеген[1].

Азыркы убакта *эчки* уругунун аталыштары төөлөс (меркит)[2] жана адигине (кара багыш)[3] уруусунда – *ак эчки,* мунгуш уруусунда *кара эчки*[4] формаларында кездешет.

## Эшкара уругу жашаган жерлер

Азыркы убакта *эшкара* уругунун өкүлдөрү Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Ак-Терек, Арка, Достук, Кара-Суу, Коргон, Кулунду, Лейлек, Чимген айылдарында, Исфана жана Сүлүктү шаарларында жашашат.

---

[1] *Кармышева Б.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.105

[2] *Туран Н., Өсөров Э.* Төөлөс...-245-б.

[3] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.151. Рис. 6.

[4] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.152. Рис. 7.

*Схема 19*. Сибирги тобунун уруктарга бөлүнүшү



# ЖОО КЕСЕК

## ЖОО КЕСЕК

XVI кылымдагы Сайф ад-Дин Аксыкентинин *«Тарыхтардын жыйнагы»* аттуу эмгегинде *жоо кесек* алты ичкилик уруусунун бири катары айтылат[1]. Н.Ф.Ситняковский кесек уруусун 14 урука бөлүп, анын бири *жоо кесек* деп жазат[2]. Молло Ш.Карваний[3] ичкиликтерди *оң* жана *сол* деп бөлүп, сол тобуна – *жоо кесек* уруусун киргизет. А.Сыдыков *кесек* менен *жоо кесек* урууларын бириктирип *жоо кесек* деп берип, кесек менен жоо кесек бир эле уруу деген ойду айтат[4]. Я.Р.Винников *жоо кесек* уругун өзүнчө уруу катары карайт. Ал *кесек* менен *жоо кесек* урууларын эки башка уруу деп эсептеп, аталган урууларды ичкиликтердин *оң* канатына киргизет[5]. Б.Жамгырчинов[6] *жоо кесек* уруусун ичкилик тобунун оң канатына кийирип, *жоо кесек* жана *кесек* урууларын бир эле уруу деп эсептейт. Ө.Караев[7] ичкиликтерге *кесек* жана *жоо кесек* урууларын өз алдынча уруу катары кошот. Санжырачы С.Закиров[8] «*жоо кесек* менен *кесек* бир эле уруу» – деп жазат.

---

[1] Сайф ад-дин ибн Шах Аббас Аксикенти. Тарыхтардын жыйнагы.-Б.,1996.-65-б.

[2] *Ситняковский Н.Ф.* Перечисление некоторых родов киргиз, обитающих восточной части Ферганской долины//ИТО ИРГО.-Ташкент,1900.-Т.II.-Вып.I.-С.92-100; он же. Таблица киргизских родов Ошского уезда//ИТО ИРГО.-Ташкент,1900.-Т.II.-Вып.II.-С.57-58

[3] *Молло Шарап Карваний.* Элдин, жердин тарыхы.-Ош,2010.-24-25-б.

[4] *Сыдыков А.* Родовое деление киргизов//Сб. «Белек».-Ташкент,1927.-С.293-295; Курманов З., и др. Абдыкерим Сыдыков – национальный лидер.-Б.,1992.-С.95-96

[5] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.157-158

[6] Джамгерчинов Б. Присоединение Киргизии к России.-М.,1959. -С. 23-26

[7] Кыргызы. Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии.-Б.,1996.-С.23

[8] *Закиров С.* Кыргыз санжырасы.-Б.,1996.-С.239

Жоо кесектердин кесектерден бөлүнүп кеткендиги тууралуу 1954-жылы Я.Р.Винников 78 жаштагы колхозчу Жоро Мамбеткуловдон мындай деген уламышты жазып алган: «Илгери Кесектин эки ата өткөн бир тууганы Чанач бий Кесек бий менен чырдаша кетип, өзүнүн 40 түтүн туушкандары менен азыркы Фрунзе (Кадамжай) районунун аймагына көчүп кетет. Бул 1954-жылдан 150 жыл мурда болгон»[1]. Бул кабар кийин 1964-65-жж., КМУнун студенттеринин санжыралоосу боюнча ырасталган[2]. Я.Р.Винников жоо кесек уруусунун төмөндөгүдөй генеалогиялык схемасын берет: Жоо кесек уруусу жангылчек, жейдемыш, тельмен, кырк-уруу, турчак, думар деген уруктардан туруп, турчак кулекей, маметбек, жанкул, кичик, балчи деген майда урук бөлүкчөлөгө бөлүнөт. Балчи өз кезегинде токтамар, исманкул, чирибай, ишбота, нарбота, даныбек деген аталарга бөлүнүп кетет (№ 20 схеманы кара).




*Схема 20.* Жоо кесек уруусунун бөлүнүшү (*Я.Р.Винников боюнча*)

Кадамжай районунуна караштуу Орозбеков айылынын тургуну Кичибаев Низамидин ажы жоо кесек уругунун «жоо кесек» аталып калгандыгы жөнүндө төмөндөгүдөй уламышты

[1] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.166
[2] *Аттокуров С.* Кыргыз санжырасы.-Б.,1995.-191-б

айтып берди: «Жоо кесектер өзү кесек эле болушат. Калмак доорунда, калмактардын алдын тосуш үчүн кесек уруусу тандалган жигиттерин жөнөтүшөт. Алар эки топко бөлүнүшуп калмактарды (азыркы Орозбеков айылынын жанынан) курчоого алышат. Калмактар кыргынга учурап, курчоодон качып чыккандары Шахимардан жакка карап качышат. Кесектер аларды кууп, акыры жетип талкалашат. Азыр калмактар кырылган жер «Калмак кырылган» деп аталат. Мергенчилер, чабандар азырга чейин ал жерден адамдын сөөктөрүн кезиктиришет. Калмактарды жеңгендиги үчүн бул кесектер «жоо кесек» деп аталышат. Калмак коркунучу болгондуктан жоо кесектер айылдарына кайтышпай ушул жерге туруп калышат. Арадан жылдар, кылымдар өтүп жоо кесектер көбөйүшүп, чоң урууга айланышат. Биз кесек эле уруусу болобуз, жогоруда айтылган окуядан кийин биз «жоо кесек» аталып калганбыз. Биз бул жерге Каратегинден келгенбиз» – деп аксакал сөзүн аяктады.

Кичибаев Низамидин ажынын айтуусу боюнча азыркы убакта жоо кесек уругунун өкүлдөрү: Абсамат, Алга, Бел, Кызыл-Коргон, Кыргыз-Кыштак Мыргылчек, Ноогардан, Орозбеков (Охна, Күлдү, Гараж), Өтүкчү, Сур, Таш-Төбө, Чечме, Шакшак, Ынтымак айылдарында, ошондой эле Өзбекстандын Гарба, Дөрмөн кыштактарында турушат. Аталган айылдарга жоо кесек уруктары Каратегинден (Тажикстан) келишкендигин санжырачылар белгилешти.

Жоо кесектердин курамы кадимки эле кесек уруусунун курамындай. Мисалы *бөксө, калдар, кулукей* ж.б. уруктар. Изилдөөлөрдүн натыйжасында азыркы убакта жоо кесек уругуна *дөмөр, телмин, төрчек, бийтек, калдар, бөксө* деген ири урук бөлүкчөлөрү кирери маалым болду. Аталган урук бөлүкчөлөр өз кезегинде майда уруктарга бөлүнөт.

## ДӨМӨР

Дөмөр – жоо кесек уругуна кирген урук бөлүкчө. Этнонимдин аталышы «думар» деген фарс. – тажик тилиндеги сөздөн келген. Тажик тилинде «ду» – эки, «мар» – жылаан деген маанини билдирет. Бул этнонимдин келип чыгышы жөнүндө төмөндөгүдөй уламыш айтылат: «Илгери жоо кесек уруусунан чыккан Кенжебек деген кишинин эки баласы болот. Анын аялы каза болуп калып, ал тажик аялга үйлөнөт. Тажик аялы анын эки баласын жактырбай бул «ду марды» жок кыл дейт. Жогоруда айтылгандай «ду мар» – эки жылаан дегенди билдирет. Тажик аял Кенжебектин эки баласын жок кыл деп жатат. Кенжебек аялыны сөзүн эки кылбай, балдарын Катраң тоосуна алып барып таштайт. «Ду мар» кийинчерээк кыргыз тилине ылыйыкташтырылып «дөмөр» деген сөзгө айланат. Ошол эки баладан тарагандар «дөмөр» деп аталып калышат. Алардын урпактары азыр деле ошол Катраң тоосунан түшкөн тогуз сайда жашашат.

1. Жан-Булак, 2. Эчки-Тал, 3. Канжар бул кичине үч сайлар (Үч-Кол) биригип Шыбран-Сай деп аталат. Бул жерде дөмөрдүн *ажы, орозмат, шабек, кубат* деген топтору; 4. Сазан-Сай, 5. Коёнду-Көл биригип Кара-Даңги деп аталат. Бул жерде дөмөрдүн *сазан, ак бай* деген топтору, ошондой эле *кошкулак, зындани, келдер, көрлөр, көпмөлөр* деген лакаб аттагы майда уруктар турушат; 6. Жаңы-Арык, мында дөмөрдүн *тыныке* тобу; 7. Кең-Колдо дөмөрдүн *кара чүйүш*; 8. Тар-Колдо дөмөрдүн *атай, чем*; 9. Шаматалы-Сайда дөмөрдүн *чем* деген топтору турушат. Аталган тогуз сайда жашаган эл Тогуз-Сай-Дөмөр деп аталат.

Дөмөр этноними «думара» формасында Манас эпосунда кездешет. Сагымбай Орозбаковдун вариантында *думара* деген эл кыргыз, казак, нойгут ж. б. сыяктуу эле бир атадан тараган. Бул элдин аты «Манас баатыр баштаган кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчкөнү», «Алооке кандын Манаска багынганы» окуяларында окчу (кара кесек), кыпчак, тейит, нойгут, төөлөс элдери менен бирге айтылат. Ал эми «Көкөтөйдүн ашында» ду-

мара элинин Алтынкөкүл деген баатыры Манаска сайышка минүүгө атын бергенинде эскерилет[1].

Азыркы убакта дөмөр урук бөлүкчөсү жогоруда айтылгандай: *ажы, акбай, атай, орозмат, кара чүйүш, кубат, сазан, чем, шабек* деген майда уруктардан турат. Өз кезегинде атай урук бөлүкчөсү *тыткен, жинди тобу*, кара чүйүш урук бөлүкчөсү *кокусбай, калдар, бай тобу, актачы, дилдеберди, кошон* деп бөлүнөт.

Негизинен дөмөрлөр Алга айыл округуна караштуу Алга, Жаркутан, Жар-Короо, Кожо-Корумду айылдарында, Кыргыз-Кыштак айыл округуна караштуу Кыргыз-Кыштак айылдарында, турушат.

## ТЕЛМИН

Телмин – жоо кесек уругуна кирген урук бөлүкчө.

Телмин деген сөз «төлү миң» башкача айтканда «төлү көп» дегенди түшүндүрөт. Телмин *буйлалы, көсөө, торбо,* деген майда уруктардан турат.

### Буйлалы

Буйлалы – телмин урук бөлүкчөсүнүн курамындагы урук. Этникалык аталыштын биринчи компоненти «буйла»: 1. Мурундун эки таноосунун ортосундагы чемпрек калканч; 2. Төөнүн мурдун тешип өткөзүлгөн шиш же байланган жип[2]. Өтмө мааниде багындыруу, эркине койбой баш ийдирүү, тизгиндөө, «буйлаң» – төөнүн кыйкырыгы, чыңырган маанисин туюнтат[3]. Монгол, тува тилдериндеги «буйл» сөзү жогорудагыдай эле маанилерди аныктайт[4].

[1] Манас. II-китеп.-Фрунзе,1980.-152,165-б; «Манас» энциклопедиясы.-Т.I.-Б., 1995.-187-б

[2] КТТС.-185-б

[3] Монгол орос толь.-М.,1957.-С.84

[4] Монгол орос толь...-С.84

Кыргыз тарыхчысы, профессор О.Каратаевдин[1] иликтөөлөрүндө Буйла (Бойла) эзелки кыргыздын энчилүү аты (антропоним), айрым жазма булактарда мамлекеттик башкаруу иерархиясындагы кызмат титулу катары чагылдырылат. VII кылымдагы рун сымал жазуу эстеликтеринде Тонукуктун демилгеси менен Кутлуг өзүн Илтериш-каган деп жарыялап, Тонукук «бойла бага тархан», ал эми Мочжо жана Дусифу аттуу кенже инилери шад, ябгу наамдарына ээ болушкан[2]. Демек, «бойла бага таркан» – кагандын башкы кеңешчиси иш башкаруучу баш министр, мамлекеттик апараттын жетекчиси титулуна дал келген. Арийне, Монголиянын Суджа деген жеринен табылган (Суджа жазуусу) руникалык жазуу эстелиги өтө баалуу тарыхнаамалык мааниге ээ. Бул эстеликтеги чагылдырылган жазуу маалыматтарынын чечмеленишинин сунуш этилген бир катар варианттары бар.

Илим чөйрөсүндө С.Г.Кляшторныйдын акыркы чечмелөөсү илимий тескөөлөргө, өзгөрүүлөргө учурай электигин эске алуубуз зарыл. Суджадагы эстелик IX кылымга туура келип, жазуу эстелигинин кыргыздарга таандык экендиги талашсыз. Жазуу эстелиги төмөнкүдөй болуп окулат: «...Мен келдим, Уйгур жергесинде Яглакар-ханды жаа менен атып өлтүрдүм. Мен кыргыздын уулумун (перзентимин). Мен Бойла Кутлуг Ярганмын. Мен башкаруучу Кутлуг бага таркандын өкүмүн (буйругун) аткаруучумун. Менин даңкым күн чыгыштан күн батышка чейин угулду. Менин ондогон айылым, сансыз мал-жаным бар эле. Жети кичүү инилерим, үч уулум, үч кызым бар эле. Уулдарыма чарба, мал бөлүп бердим, кыздарымы калыңы жок күйөөгө узаттым...[3]. Демек, Кутлуг Ярган (таркан) – кыргыз аскер башчысынын энчилүү аты, ал эми «бойла» термини мамлекеттеги кызматтык титулду аныктайт. Кыргыздын көрүнүктүү аскер башчысы Бойла Кутлуг ярган (тархан) кыргыз тартибинин Бор-

---

[1] *Каратаев О.* Кыргыз этнонимдер сөздүгү...-51-б.

[2] *Кляшторный С.Г.* Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии.-М.,1964.-С.31

[3] *Кляшторный С.Г.* Историко-культурное значение Суджинской надписи//Проблемы востоковедения.-М.,1959,-№ 5.-С.163

бордук Азиянын аймактарына орношуна жетекчилик кылган. Бул жазуу эстелиги кыргыз тарыхы, анын байыркы тил маданиятын изилдөө үчүн өтө баалуу булак болуп саналат.

Этнонимдин параллелдери саруу (ай тамга) уруусунда – *буйлалы,* адигине (бөрү) уруусунда – *буйла бөрү* формасында кездешет[1].

## Көсөө

Көсөө – телмин урук бөлүкчөсүнүн курамындагы урук. Лакап этноним. Көсөө сакал-муруту чыкпаган, сакал-муруту өтө сейрек адам[2]. Ошондой эле бул сөздүн мааниси амалкөй деген-ди да билдирет. Мисалы Алдар Көсөө жөнүндөгү жомоктордо анын амалкөйлүгү чагылдырылат. Санжыра боюнча бул уруунун өкүлдөрүнүн сакалдары болбогондуктан ошентип аталып калышкан.

Этнонимдин параллели алтайлыктардын курамынан «көөс», «күзөн», туваларда «күзөн», казактарда «көсеу» формаларында кездешет[3]. Көсөө – кыдырша[4], төөлөс (додоң)[5] урууларынын курамындагы урук бөлүкчө.

## Торбо

Торбо – телмин урук бөлүкчөсүнүн курамындагы урук. Торбо түштүктө 1. Дан салынуучу анчалык чоң эмес кап. 2. Ат торбо же элеси баштык[6].

Азыркы убакта телминдер Айдаркен айыл округуна караштуу Шак-Шак, Көк-Таш айылдарында турушат.

---

[1] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения...С.112; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...-743-б.

[2] КТТС.-351-б

[3] *Баскаков Н.А., Тощакова Т.М.* Ойрато-русский словарь.-М.,1947.-С.216; Джанузаков Т. Очерки казахской ономастики...-С.171

[4] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения...-С.120; ушул эле автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...-752-б.

[5] *Туран Н., Өсөров Э.* Төөлөс.-203-б.

[6] *Юдахин К. К.* Киргизско-русский словарь.-М.,1969.-С.753

## ТӨРЧЕК

Төрчек – жоо кесек уругуна кирген урук бөлүкчө. Этнонимдин аталышы «төр» жана «чек» деген сөздөн турат.

Төрчек урук бөлүкчөсү *кулукей, жоогашты, кичик* деген уруктарга бөлүнөт. Кулукей өз кезегинде кожомкул, балчы, полотбек, данабек, маматбек деген аталарга бөлүнүп кетет.

### Жоо кесек уругу жашаган жерлер

Негизинен дөмөрлөр Алга айыл округуна караштуу Алга, Жаркутан, Жар-Короо, Кожо-Корумду айылдарында, Кыргыз-Кыштак айыл округуна караштуу Кыргыз-Кыштак айылдарында, турушат.

Телминдер Айдаркен айыл округуна караштуу Шак-Шак, Көк-Таш айылдарында жашашат.

Төрчек урук бөлүкчөсүнүн өкүлдөрү Орозбеков айыл округуна караштуу Охна-Күлдү, Халмион, Абсамат айылдарында, Өзбекстандын Фергана облусунун Ташлак районуна караштуу Гарба кыштагында турушат.

Жоо кесек уругунун *шаа улут тобунун* өкулдөрү Тажик Республикасынын ТБАОнын Мургаб районунда жашашат.

*Схема 21.* Жоо кесек уругунун бөлүнүшү



# КАРА КЕСЕК

## КАРА КЕСЕК

«Манас» эпосунда Кара кесек – эпизоддук кейипкер, окчу уруусунан. Алтайдан Анжыянга көчөлү деген кеңешке катышат жана Кер-Көлдөгү Орго канды көздөй жөнөгөн аскердин ичиндеги баатырлардын катарында аты аталат[1].

М.Тынышпаев казактардын *кара-кесек* уруусу менен кыргыздардын *кара-кесек* уруусун байыркы чумугундар менен байланыштырып карайт да, 742–744-жылдарда уйгур жана карлуктардан жеңилгенден кийин батышка карай сүрүлгөн деп божомолдойт[2].

Н.Ф.Ситняковский кесек уруусун 14 урукка бөлүп, анын бири *кара кесек* экендигин жазат[3].

Н.А.Аристов кыргыздын кесек уруусун аргын уруусунан келип чыккандыгы тууралуу өз пикирин айткан. «Ичкиликтер кара-кыргыздардан башка *кыпчак, найман* жана *аргын* (кесек уруусу) урууларынан келип чыккандыгы тууралуу»[4] далилдерин көргөзөт.

Памирлик кесектердин курамында «аргын», «кара кесек» деген уруулардын кездешүүсү жана казактардын Орто Жүзүндөгү *аргын* уруусу жана анын курамында «кара кесек» уруусунун болуусу бул кокустук эмес. Хакастардын курамындагы «ар-

[1] Манас. II-китеп.-Фрунзе,1980.-14,68-б

[2] *Тынышпаев М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.24

[3] *Ситняковский Н.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-Вып.I.-С.92-100; он же. Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-Вып.II.-С.57-58

[4] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе...-С.396; он же. Труды по истории и этническому составу тюркских племен...-С.216

гын» сөөгү[1] кесектер менен аргындардын енисей кыргыздары менен түз байланышын аныктары шексиз. Монгол династиясынын чыгыш тарыхын чагылдырган кытай булагы «Юань-шинин» негизинде Н.А.Аристов аргындарды XI–XII кылымдарда наймандардын батышында, кыпчактардын чыгыш жагында же Иртыштан батышыраак жакты мекендешкен[2] деп белгилесе, профессор О.Каратаев аргындарды кыргыздардын курамына VII–XII кылымдан кеч эмес кирген деп жыйынтыктайт[3].

Алтын Ордонун ичинде *коңурат* бирдиги болгон, ал бирдикке түрк уруулары менен катар *кара-кесек* уругу да кирген. Алтын Ордо талкалангандан кийин коңураттардын бир бөлүгү шейбаниддер менен Орто Азияга кетишет, бир бөлүгү казактар менен калышат[4]. Чындыгында эле казактын Орто Жүзүнүн курамындагы аргын уруусунун ичинде *кара-кесек*[5], Кичи Жүзүнүн *алимулу*сунун курамында *кара-кесек* уруктары бар[6]. Ушул эле алимулуна кирген төрт-кара деген уруктун курамында да *кара-кесек* бөлүкчөсү бар, бул урукту Н.А.Аристов аргындардын курамынан, кийин алчындарга барып кошулган дейт[7].

Г.Н.Потанин *кара-кесек* жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматы берет: «Аргындын баласы Мийрям-софы дегендин төрт уулунун бири Кара-кесек. Кара-кесектин мындай аталышынын себеби денеси кара болгонуна байланыштуу. Анын чын аты Болоткожо[8].

А.Д.Гребенкин заравшандык каракалпак жана түркмөн урууларынын курамынан кара-кесек уругун каттаган[9].

Кыргыздын элдик санжарасы боюнча Кара Кесек баатыр туугандары менен чырдашып, Ферганадан Таласка көчүп кет-

---

[1] *Бутанаев В.Я.* Этническая история хакасов XVII-XIX вв.-М.,1990.-С.81

[2] Кара: *Аристов Н.А.* Труды по истории и этническому составу тюркских племен.-Б.,2003

[3] *Каратаев О.К.* Кыргыз этнонимдер сөздүгү.-Б.,2003.-24-б

[4] *Востров В.В., Муканов М.С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.77

[5] *Аристов Н.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.182

[6] Ушул эле жерде.-С.199

[7] Ушул эле жерде.-С.202

[8] *Потанин Г.Н.* Очерки Северо-Западной Монголии.-Вып.IV.-СПб.,1883.-С.15-16

[9] *Гребенкин А.Д.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.99,106

кен[1]. Чындыгында эле азыркы убакта Таластагы кыргыздын кытай уруусунун жогору тамгасынын *кыйра* уругунун курамында *кара кесек*[2], ал эми ушул эле уруунун жогору тамгасынын *төрдөш* уругунун курамында *кесектер* деген урук бөлүкчөлөрүнүн болушу буга далил боло алат[3].

## Аргын

«*Кесек*» уруусунун катарында ошондой эле «*аргын*» чоң уругу катары белгилүү. Кээ бир маалыматтар боюнча уруктун өкүлдөрү байыркы замандан бери Каратегин аймагын жердешкен. Бул байыркы этникалык аталыштын урук жана ири уруу катары параллелдери хакастардын жана казактардын орто Жүзүнүн курамында белгилүү. Н.А.Аристовдун маалыматтарына таянсак, мурда, VII–VIII кылымдарда *аргындар* азыркы Монголиянын түндүк-чыгышындагы жерлерди ээлешкен жана кытай жылнаамаларында («Тан-шу») «басими»[4] деген аталышта белгилүү болушкан. V кылымда басым-аргындар уруу биримдиги катары гаогюйлердин курамында болушкан. Рашид ад-Диндин айткандарына таянып казак окумуштуусу М.Тынышпаев *аргындар* монгол тилдүү уруу деп эсептеген[5]. Албетте бул аныктама тактоону жана кошумча изилдөөлөрдү талап кылат. Анткени бул этнонимдин теги түрк болуп саналат. XI–XII кылымдарда *аргындар* Тарбагатайдын түндүгүндө, ошондой эле кыпчактардан чыгышыраак жана наймандардан батышыраак аймакта отурукташышкан. Монгол династияларынын тарыхын сүрөттөгөн кытай булагы «Юани Шиде»де *аргындардын* канглылар жана кыпчактар менен бирдикте көз карандысыз этникалык топту түзгөндүгү эскерилет[6].

---

[1] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-192-б

[2] *Усупбаев А.* Кыргыздын сол канатынын, кытай уруусунун нукура тарыхы.-Б.,2011.-6-б

[3] АТМ

[4] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен...-С.365

[5] *Тынышпаев А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.23

[6] *Аристов Н.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.353

XVI кылымда монголдордун кысымынын натыйжасында аргындардын бир бөлүгү Жети-Сууга жер которуп, казак элинин курамына кирет. А андан мурун VII–XII кылымдар аралыгында «аргын» этнокомпоненти кыргыздардын да катарына кирген.

«Аргын» этнониминин маани-маңызы тууралуу окуумуштуулар бир пикирге келе элек. Мисалы, түрколог Г.Т.Мусабаевдин оюу боюнча аталган этноним монгол сөзү «*аргуй*»дан келип чыгып, «малчы» дегенди билдирет. Н.А.Аристов этннонимдин келип чыгышын *Аргун* дарыясына байланыштырган. Аталган дарыя Алтайда жайгашкан. Казак энциклопедиясында бул этнокомпонент төмөндөгүчө чечмеленет: ал эки сөздүн биригишинен келип чыккан – «аргун» *–«таза», «тунук»* дегенди туюндурат жана «*гул*», тактап айтканда «*байыркы уруу*». Казак окумуштуусу Д.Жанузаков А.Н.Кононовдун гипотезасын колдоп, бул терминдин негизинде эки түшүнүк жатат деп эсептеген – байыркы «arqa» – «*жамаат*», «*көпчүлүк*», жана «*топ*», «*абдан көп*»[1] дегенди туюндурат.

Кашкарлык Махмуд муну аталган уруу жашаган аймактын аталышына байланыштырат: arɣu «этноним» < Arɣu «жергиликтүү аймактын аталышы» – Таластан Баласагынга чейинки аралыкта жайгашкан шаарлар ушундай аталган, «ал жерлерди аргу<arɣu – «тоо аралык»[2] уруусу жердеген. В.В.Бартольд Аргу облусу өзүнүн жайгашкан жерине жараша бул аталышка ээ болгон деген болжолдуу пикирин белгилеп кеткен. Ал алардын жайгашкан аймагы Александр менен Чу-Или тоолорунун ортосу болгонун болжолдоп, аргу уруусун түрктөшкөн согдийлердин катарына кошкон[3]. Көп изилдөөчүлөр arɣu уруусун Argun уруусуна жакындаштырышат. Н.А.Аристов arɣyu – basreyl менен жакындаштырып, экөө тең «аралашма» дегенди туюндурат деп эсептеген[4]. Бул пикир В.В.Бартольд менен Г.Е.Грумм-Гржимайло[5] тарабынан колдоого алынып, бирок казак изилдөөчүлөрүнөн каршы позицияга ээ болгон.

---

[1] См.: *Джанузаков Т.* Очерки казахской ономастики.-Алма-Ата,1982

[2] МК.-Т.1.-С.127

[3] *Бартольд В.В.* Сочинения.-Т.V.-М.,1968.-С.76

[4] *Аристов Н.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С. 276; он же. Опыт выяснения этнического состава киргиз-казаков Большой орды и кара-киргизов//ЖС.-СПб.,1894.-Вып.III-IV.-С.465

[5] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-С.256

Т.Ж.Джанузаков аттардын фонетикалык деформациясынын схемасын сунуштайт: аркангун>арган>аргын<аргу<арка жана төмөнкү этимологияны чыгарат: аргу<аргун<аркагун<арка «көпчүлүк», «айрым бөлүгү», «жыйынды», «үйүр», «топ» + -гун «көптүк сандын көрсөткүчү > аргун «уруу биримдиги», «уруулар союзу» «көп сандагы уруулар»[1].

Казак изилдөөчүсү А.А.Абдрахманов этнонимдин келип чыгышы тууралуу ишенимдүү анализин берет. Ал аргу – аргын урууларынын бир экендигин далилдеп, төмөнкү келтирилгендер аргу аталышынын байыркы (эски) этимологиясы деген жыйынтыкка келет: аргу<аргун<ар «арткы тарабы», «артында жайгашкан тарабы», же «батыш» +гун «гунн» («уруу», «урук», «адам» (аргын «батыш гунндар»), «батыш уруулары». Кийинчерээк Кашкарлык Махмуддун мезгилинде аргын этноними десемантизацияга учураган: Аргун «батыш уруулар» >аргун (н) «тоо арасы». Аргын сыяктуу эле ал «аяккы» («акыркы») дегенди туюндурган *ар* сөзүнөн түзүлүп, ар кандай туруксуз себептердин натыйжасында ал түзүлүшүн жоготкон. Өзгөчө сөздүн аягында. Же болбосо каралып жаткан этнонимидин аталышы ку/кун, гун/гун бөлүкчөлөрүнүн (бирдиктеринин) жардамы менен түзүлгөн да, кыскартылууга дуушар болгон. Мисалы, А.Н.Коновдун этимологиясы боюнча Туркун Тур+к[2].

Аргын «92 элетия» урууларынын тизмесинде[3]

| I. Маджму ат-таварих боюнча (Л. 17а-18а кол жазма; Т. чыгарылган с. 22-23) | II. II Тухфат ат-таварш-и хани боюнча (ЛО ИВАНнын тизмеси, С 468, л. 2666) | III. ӨзССРнин чыгыш таануу Институтунун 4330.3 кол жазмасы боюнча, л. 1326. | IV. Закир Чормошевден Абрамзон С. М. жазып алган 92 уруунун тизмеси боюнча | V. Кесек уругу |
|---|---|---|---|---|
| 8. аргун ارغون | 10. аргын ارغين | 20. аргун ارغون | аргын | аргын |

[1] *Джанузаков Т.Ж.* Основные проблемы ономастики казахского языка//Автореферат.-Алма-Ата,1976.-С.101-102

[2] *Әбдірахманов А.* Топонимика жэне этимология.-Алматы,1975.-С.99-100

[3] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары.-Т.I.-Б.,2002.-299, 300-б

## Чоң кыргыз

Жалал-Абад облусу, Сузак району, Кара-Дарья айыл округуна караштуу Арал айылында кара кесек уругунун *чоң кыргыз* урук бөлүкчөсүнүн өкүлдөрү турушат. Бул уруктун баяндоочулары аталган айылга Каратегиндин (Тажикстан) Жерге-Тал деген жериндеги Чоң-Кыргыз айылынан көчүп келишкендигин айтышат.

«Чоң кыргыз» деген этнонимдин келип чыгышын алар төмөндөгүдөй түшүндүрүшөт: «Кара кесек уругунан чыккан бир жигит, Бухара эмиринин Иранга болгон жортуулунда Коросан деген жерде чоң эрдик көрсөтөт. Бул эрдиги үчүн ал «Коросан-баатыр» аталат. Анын бою узун болуп, жарымы боз үйдөн чыгып тургандыктан аны «чоң кыргыз» деп да аташат. Ошол баатырдан тараган эл кийин «чоң кыргыз» уругу деп аталып кетет». Азыркы убакта Лейлек районунда Коросан деген жердин аталышы бар. Бул жерде кыргыздын атактуу уулу И.Раззаков төрөлгөн.

Кыргыз тарыхчысы А.Абышкаев Каратегиндеги *бостон* уруусуна *чоң-кыргыз* жана *балкы* урук бөлүктөрүн кийирет[1]. Этнонимдин биринчи компоненти «чоң» – «оң канаттагылар» деген маанини туюнтары белгилүү[2]. XVII–XVIII кылымдарда энесайлык Кыргыз мамлекетинин Алтысар улусу «Чоң Кыргыз» деген ат менен да белгилүү болгон[3].

Баяндоочулардын айтуусу боюнча *кара кесек* уругу *мырза кесек, таңатар, Бегиш бий, Корасан баатыр* («Чоң кыргыз») деген уруктарга бөлүнөт. Ал эми «чоң кыргыз» уругу *көк телпек, сары, тору, чөжөлөр, кепшеек, балкы, пакал, көр дөбөт* деген майда урук бөлүкчөлөргө бөлүнүп кетет.

Азыркы убакта Сузак районунун Кара-Дарья айыл округунун Аралда 50 түтүн, Дөштө 35 түтүн жана Чангыр-Ташта 30

---

[1] *Абышкаев А.* Каратегинские киргизы в конце XIX–начале XX вв.-Фрунзе, 1965.-С.15-16

[2] *Каратаев О.* Кыргыз этнонимдер сөздүгү...-197-б

[3] *Бутанаев В.Я.* Этническая история хакасов XVII–XIX вв...-С.45

түтүн жана Ноокат районунун Чечме-Сай айылында 50 түтүн *чоң кыргыз* уругунун өкүлдөрү турушат.

Этнонимдин паралелли мундуз уруусунун курамында бар[1].

## **Кара кесек уругу жашаган жерлер**

Негизинен кара кесек уругунун өкүлдөрү Жалал-Абад облусу, Сузак району, Кара-Дарья айыл округуна караштуу Арал, Ош облусу, Ноокат району, Кара-Таш айыл округуна караштуу Чечме-Сай, Араван районуна караштуу Кесек, Талас облусунун Кара-Буура районунун Аманбаев, Көк-Сай, Шекер айылдарында турушат. Ошондой эле Тажикстандын Жерге-Тал жана Мургаб райондорундагы кыштактарда жашашат. Жерге-Тал раонунда Чоң-Кыргыз деген топоним белгилүү.

*Схема 22.* Кара кесек уругунун бөлүнүшү




[1] *Эсенкул Төрөкан уулу.* Сол канат кыргыз.-Б.,1995.-90-б

## КЕСЕК УРУУСУНУН ПАРАЛЕЛЛДЕРИ

Чулум татарларда *кечик* уруусу[1] бар. Алтайлыктарда, *алтай-кижи*, *кообалы*[2], шор элинде *кобый*[3], тувалыктарда *ховалыг*, *маады*, *тагай, кезек*, уруктары кездешет, ал эми *хакас* элинин *сагайларынын* курамында *хобый~кобый* жана *халлар,* карга сөөгүнүн курамында *сибичин~себиче~сыбыджын*[4] деген уруктар бар, аларды *кесек* уруусунун аталышы жана анын *кавели, мада тобу, тагайберди, калдар, сибирчи* уруктары менен салыштырсак болот. Аталган этнонимдер кыргыздын кесек уруусу жана алтайлык сөөктөр менен байыркы этногенездик, тарыхый-этникалык байланыштарын айкындап турат.

Алтын Ордо талкалангандан кийин Орол тоосунан Дунай дарыясына чейинки жерлер Ногой Ордосу делип, анда жашаган эл – «ногой эли» аталды. Ногой Ордосунун аталышы Берке-хандын жээни Ногойго байланыштуу. Ногой элинин курамына кирген уруулар негизинен ал урууну башкарган уруу башчыларынын жана алар жашаган жерлердин атынан аталышты. 1590-жылдары Итил (Волга) дарыясынын боюнда жашаган ногой элинин тогуз уруусунун бири *касай* уруусу болгон[5]. Ногой хандын Касай аттуу уулу башкарган уруу кийин *касай* аталып кетти.

---

[1] *Аристов Н.А.* Труды по истории и этническому составу...-С.165, 168

[2] *Потапов Л.П.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.23,33

[3] *Аристов Н.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.165

[4] *Баскаков Н.А.* Этнонимы алтайцев, киргизов, тувинцев ихакасов как источник этногенетических связей этих народов между собой//Ономастика Киргизии.-Вып.I.-Фрунзе,1985.-С.23

[5] *Смирнова В.Д.* Крымское ханство под верховенством Оттоманской порты до начала XVIII века.-СПб.,1887.-С.443

Ногой элинин курамындагы *кез* этноними кызык туудурат. Бул аталышты XV кылымдын аягында – XVI кылымдын башындагы ногойлордун арасындагы *«хаз»* же *«къаз»* этноними менен байланыштырсак болот. Р.Х.Керейитов бул этнонимди *хазарлар* менен байланыштырат. Азыркы убакта кум-ногойлордун арасында *«кез»*, ал эми кубан-ногойлорунун арасында *«къаз»* уруулары жашашып, Казов деген фамилияны алып жүрүрүшөт[1]. Ошондой эле ногойлордун ичинде *кырк уруу*, *уйсун уруу* аттуу урулар бар[2]. Бул уруунун атын кыргыздын *кесек* уруусунун курамындагы *касай, каздар, кырк уруу, сарыусун* уруктары менен салыштырсак болот.

Демек, бул уруу жана урук аталыштар бекеринен эмес, ал ногой эли менен кыргыз элинин, анын ичинде түздөн-түз *кесек* уруусунун *ногой* уруулары менен болгон этностук-тарыхый байланышын айгинелеп турат.

Казак элинин Орто Жүзунүн курамындагы аргын уруусунун ичинде *кара-кесек, караул-кесек, акназар*[3] уруктары, Кичи Жүздүн *алимулу*сунун курамында *кара-кесек* уругу бар[4]. Ушул эле алимулуна кирген төрт-кара деген уруктун курамында да *кара-кесек* бөлүкчөсү бар, анын тамгасы – . Бул урукту Н.А.Аристов аргындардын курамынан, кийин алчындарга барып кошулган дейт[5].

Г.Н.Потанин *кара-кесек* жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматы берет: «Аргындын баласы Мийрям-софы дегендин төрт уулунун бири Кара-кесек. Кара-кесектин мындай аталышынын себеби денеси кара болгонуна байланыштуу. Анын чын аты Болот-кожо»[6].

Казактын курамындагы *кара-кесек* уругунун тамгасы И.Казанцев боюнча – V, V꞉, ал эми Л.Мейер, А.Левшин жана А.И.Добросмыслов боюнча – П, урааны Л.Мейер боюнча «Аиртау».

---

[1] *Керейтов Р.Х.* Этническая история ногайцев.-Ставрополь,1999.-С.85
[2] *Баскаков Н.А.* Ногайский язык и его диалекты...-С.136-137
[3] *Аристов Н. А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.182
[4] Ушул жерде.-С.199
[5] Ушул жерде.-С.202
[6] *Потанин Г.Н.* Очерки Северо-Западной Монголии.-Вып.IV.-СПб., 1883.-С.15-16

Кичи Жүздүн курамындагы адай уруусунда *косай* аттуу урук бар. Косайдын атасы Кудайке, анын төрт баласы болгон. Көчүп бара жатышып, Сыр-Дарыядан өтүшкөн учурда анын аялы жана төрт баласы сууга чөгүп өлүшөт. Кудайке туркмөн аялга үйлөнөт, андан Тажике жана Косай деген эки бала төрөлөт. Косайдан тарагандар түркмөн-адайлар деп аталып калышкан[1].

Алтын Ордонун ичинде *коңурат* бирдиги богон, ал бирдикке түрк уруулары менен катар *кара-кесек* уругу да кирген. Алтын Ордо талкалангандан кийин коңураттардын бир бөлүгү шейбаниддер менен Орто Азияга кетишет, бир бөлүгү казактар менен калышат. Казак элинин курамындагы *коңурат* уруусунун тамгасы – П, урааны «Алатау»[2], кыргыздын *кесек* уруусунун тамгасы – П, урааны «Ала-Тоо» менен окшош. Кыргыздын элдик санжарасы боюнча Кара Кесек баатыр туугандары менен чырдашып, Ферганадан Таласка көчүп кеткен. Анын бир уулу Абылай хандын аскер башчысы болгон. Кесектин Чанач баатыры Коңуратты жигиттери менен асырап алаган. Ошол себептүү алардын тамгасы жана урааны бир[3].

Кесек уруусунун курамындагы сарыусун (сарүсөн) уругунун паралеллдери XVI кылымдагы көчмөн-өзбектердин курамында – *уйшун*[4], башкырларда – уйшин (уйшун)[5], зеравшандык өзбектерде – *уйшун*[6], казактарда – *сары-уйсун*[7], зеравшандык каракалпактарда – уйшун-митан[8], ногойлордо – *уйсун, уйсюн, ишун*[9], ордостук монголдордун курамында – ушин (уй-

---

[1] *Востров В.В., Муканов М.С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.88-89

[2] *Востров В.В., Муканов М.С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.77

[3] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-192-б

[4] *Семенов А.А.* К вопросу о происхождении и составе узбеков Шейбани-хана//Материалы по истории таджиков и узбеков Средней Азии.-Вып.1.-Сталинабад,1954.-С.21; Ибрагимов С.К. «Михман-Намеи Бухара» Рузбехана как источник по истории Казахстана XV-XVI вв.//Новые материалы по древней и средневековой истории Казахстана. Труды ИАЭ АН КазССР.-Т.VIII.-Алма-Ата,1960.-С.143

[5] *Кузеев Р. Г.* Происхождение башкирского народа.-М.,1974.-С.468

[6] *Гребенкин А. Д.* Узбеки//Русский Туркестан.-Вып.II.-М.,1872.-С.59,84

[7] *Востров В.В., Муканов М.С.* Родоплеменной состав и расселение казахов.-Алма-Ата,1968.-С.25-26

[8] *Гребенкин А.Д.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.99,103-105

[9] *Керейтов Р. Х.* Этническая история ногайцев.-Ставрополь,1999.-С.42-43

шин)[1] формаларында катталган. Ордостогу монголдордун курамындагы усундарды П.Пельо жана Л.Амби кыргыздардын курамындага сары-уйсундарды, өзбектердеги ушун жана уйсундарды, казактардагы уйсундардын келип чыгышын байыркы усун уруулары менен байланыштырып, жалпылыкта карашат[2].

А.Д.Гребенкин «Заревшан округундагы өзбектердин курамындагы *уйшун* (уйсун) уруусу ал убакта 500дөн ашык түтүндү түзүп, учаклы, коштамгалы жана ирганаклы деген уруктардан турат. Алар Кара-Төбө, Сарычашма, Искендер жана Самаркан облусунун башка айылдарында турушат. Уйшундар өздөрүн бул жакка 92 элетийа уруулары менен Самарканды алганда келишкендигин айтышат. Негизинен уйшундар аскерий адамдар. Айланасындагы башка уруулардан айырмаланып, алар бай жана урмат-сыйга ээ. Уйшундардын ырлары жана тили таза кыргызча»[3] деп жазат.

Мындан сырткары А.Д.Гребенкин Заревшан округундагы өзбектерде *туяклы* уруусунун курамында *молдо-кесек, мырза-кесек* жана *митани* аттуу уруктарды белгилейт. *Митани* уругунун өкүлдөру өздөрүн «биз ногойбуз, өзбек эмеспиз» дешет[4].

Ч.Ч.Валиханов[5] бухара өзүбектеринин курамында *митан* уругу бар экендигин атайт.

Ал эми өзбектин *юз* уруусунун курамында *биран-саадак, кырк-саадак, мырза, тагай тобу, хоканди, бекляр тобу* аттуу уруктар генерал-лейтенант А.И.Макшеев аркылуу катталган[6].

Өзбектердин курамындагы *молдо-кессек, мырза-кесек, биран-саадак, кырк-саадак, митани, мырза, тагай тобу, хокан-*

---

[1] *Потанин Г.Н.* Тангутско-тибетская окраина Китая и Центральная Монголия.-Т.I.-СПб.,1893.-С.103

[2] *Pelliot P., Hambis L.* Histore des compagnes de Gengizkhan.-Vol.I.-Leiden, 1951.-P.72

[3] *Гребенкин А.Д.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.83-84

[4] *Гребенкин А. Д.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.70

[5] *Валиханов Ч.Ч.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.2.-С.154

[6] *Макшеев А.И.* Географические, этнографические и статистические материалы о Туркестанском крае//ЗИРГО, по отд. статистики.-Т.II.-СПб.,1871.-С.39

*ди, бекляр тобу* уруктары жана *уйшун* уруусу менен кырыздын *кесек* уруусу жана анын курамындагы *сарыусун* уруктарынын тарыхый-этникалык байланыштары бар экендигин тастыктайт.

Каракалпак урууларынын арасынан *акназар, есергеб, ешкили, кызыл аяк, кыпшак, кырк, кырк саадак, саадак, тогай* атту уруктары Т.А.Жданко[1] аркылуу катталган. Ал эми Б.Х.Кармышева Түштүк Тажикстан менен Өзбекистандын райондорун изилдеп жатып коңурат уруусунун курамынан *кесаулу, беш бала, калляр, каль, качай, кызыл баш, мади, тогайбай, чууллак*, лакай элинин ичинен *кырк саадак,* катагандардын арасынан *эчки* аттуу уруктарды каттаган[2]. Жогоруда саналган уруктардын аталыштары кыргыздын *кесек* уруусунун уруктарынын аталыштарынын паралеллдери болуп саналып, алардын *каракалпак, коңурат, лакай* уруулары менен этникалык башланыштары бар экендин тастыктап турат.

Түркмөндөрдүн *чандыр, салур* жана *эрсары* урууларынын арасында *алты кесек, кесик* жана *кесме* атту уруктар бар. Ошондой эле кыргыздын кесек уруусунун аттарынын паралеллдери *ата/аталар* (ата), *ажибек* (гөклен), *беглер* (ата, емрели, ёмут, теке, эрсары, гөклен, мюрчели, сакар, салур, сары, чандыр, човдур, ж. б.) *бектили* (гөклен), *гызылбаш* (арсары, гөклен, мюрчели, теке, човдур), *гырк* (эрсары, гөклен, теке, човдур), *мөжөк* (теке), *падар* (гөклен), *хаз* (сакар), *хас* (баят, човдур) деген аталышта түркмөн урууларынын арасында кеңири кездешет[3]. Бул уруу аталыштары түркмөн уруулары менен кесек уруусунун этникалык башланыштарын чагылдырып турат.

## Башкыр-кесек параллелдери

Кесе – табындык башкырларга алардын теги Майкы-бий тууралуу уламыш таандык. Майкы-бий Чынгызхандан «тамга» – кабырга, дарак – бутак, куш – тарпчыл, уран – салават[4]

---

[1] *Жданко Т.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.161,162,165,166-167

[2] *Кармышева Б.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.90-93,100,105

[3] *Атаныязов С.* Шежере...-26,55,69,81,127,132

[4] *Уметбаев М.* Ядкар.-Казань,1897.-С.49

алат. Тамга «кабырга» –  Башкырстандагы табын уруусунун үчөөнө гана белгилүү: кесе, кальсер жана юмран. Бул көрүнүш алардын тарыхтын кайсы бир убагында тууган болгонунан кабар берет.

Башкырлардын кесе-табын уруусунун курамына *кырк-кузяк* (кырккузэк) жана *кырктар* уруктары кирет[1]. Жоо кесек уруусунун курамында кырк уруу аттуу урук бар. Туркмен-салорлордун ичинде кичи аттуу ири уруу болгон, ал өз кезегинде өзүнө бир канча майда урууларды камтып, алардын катарында кырк-уйли кичи уругу да бар эле[2]. Кичи жана кырк этнонимдеринин айкалышы көңүлдү бурууну талап кылат. Анткени табындарда кырк аталышы кеңири тараган. Түркмөн уруусуна таандык *кичи* этнонимин Г.И.Карпов *кесе* формасында берген, башкача айтканда башкыр жазуусуна толугу менен дал келген[3]. Анча чоң эмес кичи-мерген уругу бадраглы уруусунун составындагы гиссарлык локайларда кездешет[4]. Мында дагы Башкырстандагы кесе уругу менен бадрак уругунун бир аймакта жайгашышы жана байыркы этнотарыхый байланышка ээ болгондой кичи жана бадраглы этнонимдеринин айкалышы колдонулат. Кыргыздардын Саруу уруусунун курамына кезек сары, кезек таз, кычы мерген жана кыркуул[5] уруу бөлүктөрү кирсе, тува-тоджиндерде – кезек-куу уругу бар[6].

Бул башкырларда – кесе, түркмөн-салорлордо – кесе (же кичи), локайларда – кичи-мерген, кыргыздар менен тувиндерде – кесек, кезек (же кычы) этнонимдеринин тегинин жалпылыгы же бул түзүлүштөрдүн этникалык тарыхтын байыркы этаптарында кандайдыр бир жалпылык барынан кабар берет. Кесек

[1] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.263

[2] *Винников Я.Р.* Родоплеменной и этнический состав населения Чарджоуской области Туркменской ССР и его расселение//Труды ИИАЭ АН Туркм. ССР.-Т.IV.-Сер. этнографии.-Ашхабад,1962.-С.39

[3] *Карпов Г.И.* Племенной и родовой состав туркмен.-Ашхабад,1925.-С.3

[4] *Кармышева Б.Х.* Узбеки-локайцы Южного Таджикистана.-Сталинабад, 1954.-С.10

[5] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения...-С.67,119,123; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...-699,750,754; Винников Я.Р. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.153

[6] *Вайнштейн С.И.* Тувинцы-тоджинцы.-М.,1961.-С.3

же кесе (кичи же кычы) этнонимидеринин Орто Азияда жана Чыгыш Европада жашап калышын Р.Г.Кузеев батышка болгон эртетүрк миграциясы менен байланыштырат[1].

## Кесек жана Саруу урууларынын параллелдери

*Кесек* уруусунун составында (*мөжөй), сарыусун, бөлөксары* уруктары жана *кырк-уруу* (жоо кесек), *жамансары* уруу бөлүктөрү бар[2]. Алар ушундай эле аталыш менен саруу уруусунун составында да кездешет. Мөжөй уругу бул «мөжөк» – «бөлтүрүк» дегенди билдирет. Саруу уруусунун курамында мачак урук бөлүгү бар, ал да ошол эле маанини туюндурат. Бул бөлүктөр Геродоттун массагеттер уруусунун калдыктары болушу мүмкүн. Сарыусун уругу Орто Азиянын көп урууларынын этногенезинде катышкан байыркы усун уруусунан калган муундар экени айныксыз. Аристовдун айтуусу боюнча байыркы кыргыздардын аталышы усун болгон. Бөлөксары сары уруусунун бөлүгү болушу мүмкүн. Бөлөксары деген аталыштын өзү айтып тургандай «бөлөк» – бөтөн, «сары» – сары деген маанини туюндурат.

*Кесек* уруусу Индияны жеңип алган Бабурдун аскерлеринин курамында болушу мүмкүн. Анткени *жамансарылар* кесек уруусунун *индустан* уругунан келип чыккан. *Саруу* уруусунун составында *кезек сары, кезек таз, кычы мерген* уруу бөлүктөрү жана *кыркуул* уругу да бар. Бул уруктардын аталышы *кесек* менен *саруу* уруусунун этникалык байланышта экенинен кабар берет. Мындан тышкары саруу менен кесектин уруу бөлүктөрүнүн тамгаларынын окшоштугу кездешет. Мисалы, *бөлөк чал* уруу бөлүкчөсүнүн «босого тамгасы» – ⊓, *кесек* уруусунун «босого тамгасы» – ⊓ менен окшош.

| Башкыр | Мажар | Уйгур | Тува | Өзүбек | Түркмөн | Кыргыз |
|---|---|---|---|---|---|---|
| кесе | кеси (kesz, keszö, keszi, keszeγ. | каса | кезек-куулар | молдо-кессек, мырза-кесек | кесе, кичи | кесек |

---

[1] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.272

[2] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.168.-Рис.22

## Кесек уруктарынын паралелллдери

*Таблица № 4.*

| Алтай, тува, хакас, шор сөөктөрү | Кесек уруктары |
|---|---|
| *кезек, кезегет* | *кесек* |
| *коobалы* | *кавели* |
| *кобый* | *кавели* |
| *маады* | *мады тобу* |
| *тагай* | *тагайберди* |
| *сибичин~себиче~сыбыджын* | *сибирги* |
| *халлар* | *калдар* |
| *ховалыг* | *кавели* |
| *хобый~кобый* | *кавели* |
| | |
| Казак уруктары | |
| *Орто Жүз* | |
| *кара-кесек* | *кесек* |
| *караул-кесек* | *кесек* |
| *акназар* | *акназар* |
| *Кичи Жүз* | |
| *кара-кесек* | *кесек* |
| *косай* | *касай* |
| | |
| Коңурат уруктары | |
| *кесаули* | *кесек* |
| *бешбала* | *бешбала* |
| *казаяклы* | *каздар* |
| *калляр, каль* | *калдар* |
| *качай* | *касай* |
| *кызылбаш* | *кызылбаш* |
| *кырк саадак* | *кара саадак* |
| *мади* | *мады тобу* |
| *тагайбай* | *тагайберди* |
| *ходжа* | *кожош* |
| *чууллак* | *чуулдак* |
| | |
| Катаган уруктары | |
| *эчки* | *эчкили* |
| | |
| Лакай уруктары | |
| *кырк саадак* | *кара саадак* |

*№ 4 таблицанын уландысы*

| | |
|---|---|
| Каракалпак уруктары | |
| *кназар* | *акназар* |
| *есергеб* | *есерке* |
| *ешкили* | *эчкили* |
| *казаяклы* | *каздар* |
| *кызыл аяк* | *кызыл аяк* |
| *кыпшак* | *кобшак* |
| *кырк* | *кырк уруу* |
| *кырк саадак* | *кара саадак* |
| *саадак* | *кара саадак* |
| *тогай* | *тагайберди* |
| | |
| Түркмөн уруктары | |
| *кесик, кесме* | *кесек* |
| *ажыбек* | *ажыбек* |
| *алты кесек* | *кесек* |
| *ата/аталар* | *аталар* |
| *бег, беглер, бектили* | *беглер* |
| *гызыл аяк* | *кызыл аяк* |
| *келлер, кел* | *калдар* |
| *кырк* | *кырк уруу* |
| *мөжөк* | *мөжөй* |
| *падар* | *падар* |
| *хаз, хас* | *каздар* |
| | |
| Ногой уруктары | |
| *кез* | *кесек* |
| *къаз* | *каздар* |
| *кырк уруу* | *кырк уруу* |
| *уйсун уруу* | *сары уйсун* |
| | |
| Өзүбек уруктары | |
| *молдо-кесек* | *кесек* |
| *мырза-кесек* | *кесек* |
| *уйшун* | *сары уйсун* |
| *бекляр тобу* | *беглер* |
| *биран-саадак* | *кара саадак* |
| *кырк-саадак* | *кара саадак* |
| *мырза* | *мырза* |
| *тагай тобу* | *тагайберди* |
| *хоканди* | *коконду* |

## Кесек уруусунун эн тамгаларынын паралелдери

Азыркы убакта кыргыздын кесек уруусунун үч тамгасы сакталып калган. Биринчиси кесек уруусунун жалпы эн тамгасы «босого тамга» – П, кээ бир булактарды аны *эшик, капка, үй-тамга* жана *журт-тамга* деп да аташат. Кесек уруусунун уруктарынын да тамгалары болгон, тилекке каршы алар жоголгон, бирок кесек уруусунун курамына кирген кара саадак урук бөлүкчөсүнүн тамгасы –  «кара саадак тамга»[1] жана чуулдак уругунун –  «жебе» тамгалары сакталып калган.

Орус аалымы С.Е.Малов «босого тамга» жөнүндө мындай деп жазат: «Босого тамга» бул татаал фигура жана түрк урууларынын арасынан сейрек кездешет. Ал эми орхон алфавитинин тамгаларынын арасынан «босого тамга» кездешпейт»[2]. «Босого тамгасын» Алтын Ордонун ак сөөк мырзалары, казактын «султандары», коңурат, керей (герей) уруулары алып жүрүшкөн. Ошондой эле кыргыздын *саруу, кесек, коңурат, кыдырша* уруулары, ал эми *ават, адигине, багыш, баарын, сарбагыш* уруулары анын вариантын азыркы убакка чейин сактап алып жүрүшөт (№ 5 таблицаны кара).

Башкыр окмуштуусу Р.Г.Кузеев «босо тамганын» таралышын XIII кылымда Алтын Ордого коңурат жана кереит урууларынын келиши менен байланыштырып, ал жерден алар түрктөшкөндөн кийин Орто Азиянын жана Чыгыш Европанын элдеринин курамына кирип ал тамганы кошо ала келишкен»[3] – дейт.

Кесек уруусунун тамгалары менен Түштүк Чыгыш башкырлардын *манас* (монаш), *бошман-кыпчак, суун-кыпчак, санкем-кыпчак, карагай-кыпчак* урууларынын, Түндүк Чыгыш башкыр-

[1] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения Северной Киргизии//ТКАЭЭ.-Т.IV.-М.,1960.-С.104

[2] *Малов С.Е.* Памятники древнетюркской писменности.-М.-Л.,1951.-С.17; Соколов Д.Н. О башкирских тамгах//ТОУАК.-Т.XIII.-Оренбург,1904. Приложение таблица башкирских тамг

[3] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.180-181

лардын *ай, дуван, кудей, мырзалар, дуван-табын* урууларынын, Түштүк Батыш башкырлардын *миң* (*суби, кубоу, саралы, уршак*) уруусунун, Түндүк Батыш *гайна, гэрэ, дуван, каршин, кыргыз* жана *уран* урууларынын тамгалары окшош[1] (№ 5 таблицаны кара).

Кесек уруусунун тамгалары менен ак ногойлордун курамындагы *коньырат, орак, шаббаз-мырза, доьрмен, балта-мырза* уруктарынын, кара ногойлордун курамындагы *къыпшакъ куьп*, Кубань ногойлорунун *санлыбай, доьрмен, калмык, ындрали, там, коньырат, суншали, абаз, коькай, кобаншы, абиш, туган* уруктарынын, ошондой эле Санглибаев, Дюрменов, Калмыков, Индралиев, Тома, Кумратов, Сулчалиев, Абазов, Кукаев, Кубанов, Абишев, Туганов, Мамбетов, Матакаев, Бекжанов, Пшнатов, Жантемиров, Мижиев жана Картуков фамилияларын алып жүргөн ногойлордун, Румыниядагы ногойлордун *кантар* уругунун тамгалары окшош[2] (№ 5 таблицаны кара).

Кесек уруусунун тамгалары менен алтайлыктардын курамындагы *иркит, мундус, төөдөш, кергил, кыпчак,* хакастардын курамындагы *ак хыргыс, белтир, каргин, сагай, сарыг, чыстар, шалошин, хасха, харга,* тувалыктардын *эхемаа* сөөктөрүнүн эн тамгалары[3], казак элинин курамындагы *коңурат* уруусунун тамгасы[4], казактын курамындагы *кара-кесек* уругунун тамгасы (А.И.Добросмыслов боюнча), алимулуна кирген төрт-кара деген уруктун курамындагы *кара-кесек* бөлүкчөсүнүн тамгасы[5], лакайлардын «босого тамгасы»[6], Эне-Сай чөлкөмүндө табылган Е14 тамгасы кесектин кара саадак урук бөлүкчөсүнүн тамгасына –  окшош[7].

---

[1] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.189,192,291-292,297,313-314,373

[2] *Керейтов Р.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.102,105,118-127; Баскаков Н.А. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.133,134,139

[3] *Каратаев О.К.* Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан.-Б.,2003.-31,174,185,194-195,199,203-207-б

[4] *Востров В.В., Муканов М.С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.77

[5] *Аристов Н.А.* Труды по истории и этническому составу тюркских племен...-С.202

[6] *Каратаев О.К.* Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан...-43-б

[7] Ушул эле жерде,-103-б

Нарын облусунун Кочкор районуна караштуу Кара-Суу айылыны жакын Бөйрөк-Булак, Көк-Сай, Төө-Карын деген жерлерден табылган таш эстеликтерде рун тамгалары менен жазылган «Эр атым Адык, Он Ок» (№2 сүрөт), «Эр атым Он Ок Кутлуг» (№3 сүрөт), «Эр аты Кесик» (№4 сүрөт) деген жазуулар кездешет, ал жазуулардын жанындагы уруулук тамгалар - [1], кесек уруусунун тамгаларына – , окшош.

Ошондой эле Кыргызстандын Алай, Кочкор, Ысык-Көл аймактарынан табылган белги-тамгаларга[2] кесек уруусунун тамгаларына – , окшош (№ 1 сүрөт).



1-сүрөт.

[1] *Табалдиев К., Белек К.* Памятники письменности на камне Кыргызстана...-С.53,54,75

[2] Ушул эле жерде.-С.5




2-сүрөт.




3-сүрөт.




4-сүрөт.

## *Кесек уруусунун тамга параллелдери*

*Таблица № 5.*

| Кесек уруусунун тамгалары | *Башкыр уруулары жана алардын тамгалары* |
|---|---|
| “Босого тамга” (эшик, капка, үй-тамга, журт тамга) – , “Карасадак тамга” –  |  *ай*<br>*бошман-кыпчак*<br>*гайна*<br>*гэре*<br>*гэрэй-карагай*<br>*дуван*<br>*дуван-табын*<br>*кубоу*<br>*кудей*<br>*карагай-кыпчак*<br>*каршин*<br>*кыргыз*<br>*манас*<br>*мырзалар*<br>*санкем*<br>*сарала*<br>*суби*<br>*суун-кыпчак*<br>*уршак*<br>*уран* |
| | *Кыргыз уруулары жана алардын тамгалары* |
| |  *адигине*<br>*ават*<br>*баарын*<br>*багыш*<br>*коңурат*<br>*кыдырша*<br>*сарыбагыш* |
| | *Казак уруулары жана алардын тамгалары* |
| |  *коңурат*<br>кара-кесек<br>жаппас<br>ергенекти уак<br>сангыл<br>уак |
| | *Ногой уруулары жана алардын тамгалары* |
| |  *абаз, Абазов*<br>*абиш, Абишев*<br>*балта-мырза*<br>*доьрмен*<br>*доьрмен, Дюрменов* |

*№ 5 таблицанын уландысы.*

| | |
|---|---|
| “Босого тамга” (эшик, капка, үй-тамга, журт тамга) – , “Карасадак тамга” –  |  *калмык, Калмыков*<br>*кантар*<br>*кобаншы, Кубанов*<br>*коньырат*<br>*коньырат, Кумратов*<br>*коькай, Кукаев*<br>*къыпшакъ куьп*<br>*орак*<br>*санлыбай, Санглибаев*<br>*Суншали, Сулчалиев*<br>*там, Тома*<br>*тама*<br>*туган, Туганов*<br>*шаббаз-мырза*<br>*ындрали, Индралиев*<br>*Бекжанов*<br>*Жантемиров*<br>*Мамбетов*<br>*Матакаев*<br>*Мижиев*<br>*Картуков*<br>*Пшнатов* |
| | *Алтай сөөктөру жана алардын тамгалары* |
| |  *иркит*<br>*мундус*<br>*кергил*<br>*кыпчак*<br>*төөдөш* |
| | *Тува сөөктөру жана алардын тамгалары* |
| |  эхемаа |
| | *Хакас сөөктөру жана алардын тамгалары* |
| |  *ак хыргыс*<br>*белтир*<br>*каргин*<br>*сагай*<br>*сарыг*<br>*чыстар*<br>*хасха*<br>*харга*<br>*шалошин* |

Алтын Ордонун хандарынын тамгасы – , [1].

| Лакай | Катаган (ногой) | Коңурат | Кара-кесек | Кесек |
|---|---|---|---|---|
| П | П | П | П | П |

## КЕСЕК УРУУСУНУН ГЕОГРАФИЯЛЫК ЖАЙГАШУУСУ

Азыркы убакта *кесек* уруктары негизинен Баткен облусунун Лейлек районун мекендешип, ал жерде жашаган элдин 70% түзөт. Аталган райондун Айбике айылында кесек уруусунун сарыүсөн, кызыл аяк, чуулдак; Айкөл айылында бөксө, калдар, бөлөк сары; Ак-Булак айылында алтынчы; Ак-Суу айылында чүчүк, бөксө; Ак-Терек айылында эшкара, алтынчы; Арка айылында алтынчы, бөксө, чүчүк (кара садак), эшкара; Беш-Бала айылында карамолдо (беш бала); Голбо айылында бөксө; Гордой айылында бөксө, калдар; Достук айылында алтынчы, бөксө, бөлөк сары, калдар, кызыл аяк, мала, мөөжөй, тагайберди, чуулдак, эшкара; Жеңиш айылында бөксө; Калта-Кол айылында карамолдо; Кара-Булак айылында мөөжөй, бөлөк сары; Кара-Даван айылында бөксө; Кара-Камар айылында алтынчы; Кара-Суу айылында эшкара; Кара-Таш айылында карамолдо, калдар; Коргон айылында эшкара, бөксө; Көк-Таш айылында чүчүк; Кулунду айылында эшкара; Лейлек айылында эшкара; Миң-Жыгач айылында бөлөк сары, калдар; Мырза-Патча айылында бөксө; Раззаков айылында кызыл аяк, мала; Самат айылында карамолдо, калдар; Сары-Дөбө жана Сумбула айылдарында тагайберди; Тайлан айылында бөксө, алтынчы; Чимген айылында эшкара, калдар, алтынчы; Исфана жана Сүлүктү шаарларында кесек уруусунун уруктарынын бардык өкүлдөрү турушат[2].

---

[1] *Аристов,* 1897.=С.13

[2] *Жолдошев Н.Ж.* Кесек уруусунун курамы жана географиялык жайгашуусу// Ош Мамлекеттик Университетинин жарчысы.-2012.-№3.-1 чыгарылышы.-159-б; Н.Ж.Жолдошев. Лейлек районундагы ичкилик уруулары жана алардын географиялык жайгашуусу//Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин жарчысы.-2013.- 56-57-б.

*Жоо кесек* уругу Баткен облусунун Кадамжай районунун Абсамат, Алга, Бел, Кайтпас, Кызыл-Коргон, Кыргыз-Кыштак Мыргылчек, Ноогардан, Орозбеков (Охна, Күлдү, Гараж), Өтүкчү, Сур, Таш-Төбө, Чечме, Шакшак, Ынтымак айылдарында, Ош облусунун Ноокат районунун Кызыл, Нойгут, Чечме-Сай айылында турушат.

*Кара кесек* уругу Жалал-Абат облусунун Сузак районунун Кара-Дарыя айыл округуна караштуу Арал айылында, Ош облусунун Ноокат районунун Чечме-Сай, Араван районунун Кесек айылында, Талас облусунун Кара-Буура районунун Аманбаев, Көк-Сай, Шекер айылдарында турушат.

Ошондой эле кесек, жоо кесек, кара кесек уруктары:

*Өзбекстандын* Наманган жана Фергана облустарынын: Нарын районунун Думар, Актевелик, Чанкул айылдарында, Алты-Арык районунун Жаңы-Арык айылында, Фергана районунун Чекшура, Шура, Ак-Арык айылдарында, Куйбышев районунун Калават, Жайылма айылында, Кува-Сай районунун Бостон, Каранкул айылында, Кува районунун Телмен айылында, Ахунбабаев районунун Дурман айылында, Ташлак районунун Белкыштак, Буткачи, Рамадон, Жарва айылдарында, Вуадил районунун Халмион, Коргончо, Ханкиз айылдарында жашашат[1].

*Тажикстандын* Жерге-Тал районунун Ак-Жар, Балхы-Бүтөө-Көл, Долоно, Жаңы-Шаар, Жар-Мазар, Жол-Терек, Кашка-Терек, Кошой, Чоң-Кыргыз-Бүтөө-Көл айылдарында турушат.

[1] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.165




№ 2 карта. *Кесек уруусунун географиялык жайгашуусу* (Я.Р. Винников боюнча)




№ 3 карта. *Жоо кесек уругунун географиялык жайгашуусу*

(Я.Р. Винников боюнча)

## Кесек уруктарынын жашаган жерлери жана саны

*Таблица № 6.*

| КЕСЕК уруктары | Жашаган жери | Түтүндүн саны |
|---|---|---|
| | ***Лейлек району, Баткен облусу:*** | |
| БАЙ КЕСЕК: | | |
| Бөлөк сары | Тогуз-Булак айылы | 244 |
| | Кара-Булак айылы | 93 |
| | Кайрагач айылы (Таджикстан) | 20 |
| Калдар | Айкөл, Гордой айылдары | 55 |
| | Чимген айылы | 90 |
| | Миң-Жыгач айылы | 110 |
| | Кара-Таш айылы | 100 |
| | Сүлүктү шаары | 30 |
| | Исфана шаары | 50 |
| Кара молдо | Самат айылы | 360 |
| | Беш-Бала айылы | 120 |
| | Калта-Кол айылы | 30 |
| | Чалды-Балды айылы (Оро-Башы) | 80 |
| | Сүлүктү шаары | 15 |
| | Исфана шаары | 20 |
| Кызыл аяк | Айбике айылы | 100 |
| | Раззаков айылы | 560 |
| | Сүлүктү шаары, Кош-Булак (18-шахта) | 400 |
| Мала | Кулунду айылы | 20 |
| | Раззаков айылы | 83 |
| | Сүлүктү шаары, 17-Шурф | 115 |
| | Бишкек шаары | 37 |
| Мөжөй | Кара-Булак айылы | 406 |
| | Сүлүктү шаары | 270 |
| Сарысөн | Айбике айылы | 350 |
| Чуулдак | Айбике айылы | 68 |
| | Кулунду | 20 |
| | Чуулдак (Селкен, Тажикстан) айылдары | 15 |
| | Сүлүктү шаары | 10 |
| | Исфана шаары | 10 |
| | Бишкек шаары, Чүй областынын айылдары | 200 |
| СИБИРГИ: | | |
| Алтынчы | Ак-Булак айылы | 170 |
| | Ак-Терек айылы | 50-60 |
| | Арка айылы | 35 |
| | Бишкек шаары | 90 |
| | Кара-Камар айылы | 55 |
| | Кулунду айылы | 25 |
| | Тайлан айылы | 10 |
| | Исфана шаары | 30 |
| | Чимген айылы | 60 |
| | Сүлүктү шаары | 20 |
| Бөксө | Айкөл айылы | 200 |
| | Ак-Суу айылы (Кара-Даван, Суу-Башы, Жеңиш) | 100 |
| | Арка айылы | 15 |
| | Голбо айылы | 360 |
| | Гордой айылы | 60 |
| | Исфана шаары | 40 |
| | Коргон айылы | 60 |
| | Мырза-Патча айылы | 100 |
| | Сүлүктү шаары | 160 |
| | Тайлан айылы | 50 |
| | Кара-Камар айылы | 20 |
| | Бөрүгөн (Бөрүэмген) (Тажикстан) | 300 |
| Тагайберди | Арка | 5 |
| | Жаштык (Исфана) | 40 |
| | Сары-Дөбө айылы | 290 |
| | Искра айылы (Андарак) | 600 |

*№ 6 таблицанын уландысы*

| | | |
|---|---|---|
| | Сүлүктү шаары | 50 |
| | Озёрная айылы, Аламүдүн району | 150 |
| | Ноо району (Тажикстан) | 60 |
| | Кыргыз-Кыштак (Тажикстан) | 60 |
| Чүчүк | Көк-Таш айылы, Лейлек р-ну | 750 |
| | Ак-Суу айылы, Лейлек р-ну | 200 |
| | Арка айылы, Лейлек р-ну | 60 |
| | Кара-Камар айылы, Лейлек р-ну | 15 |
| | Исфана шаары, Лейлек р-ну | 120 |
| | Сүлүктү шаары, Лейлек р-ну | 40 |
| | Бишкек шаары (Кирпичный, Дордой) | 70 |
| | Борбаш айылы, Ноокат району | 35 |
| | Бел-Өрүк айылы, Ноокат району | 550 |
| | Ийри-Суу, Куршаб, Жаңы-Арык а., Өзгөн р-ну | 600 |
| | Алмалык шаары (Өзбекстан) | 90 |
| | Күркент (Тажикстан) | 60 |
| | Пролетарск р-ну (Тажикстан) | 20 |
| Эшкара | Чимген айылы | 650 |
| | Коргон айылы | 530 |
| | Кулунду айылы | 150 |
| | Ак-Терек айылы | 170 |
| | Лейлек айылы | 5 |
| | Сүлүктү шаары | 30 |
| | Исфана шаары | 150 |
| | Арка | 55 |
| | ***Кадамжай району, Баткен облусу:*** | |
| ЖОО КЕСЕК: | | |
| Төрчек | Охна (Күлдү) айылы | 300 |
| | Охна (Гараж) айылы | 100 |
| | Абдусамат айылы | 400 |
| | Жошук айылы | 100 |
| | Ынтымак айылы | 200 |
| | Горба кыштагы, Ташлак р-ну, Өзбекистан | 200 |
| Калдар | Охна (Жоо кесек-Коргон) айылы | 200 |
| | Таш-Дөбө айылы | 150 |
| | Кызыл-Коргон айылы | 100 |
| | Чечме айылы | 200 |
| Дөмөр | Кыргыз-Кыштак айылы | 200 |
| Бийтек, Кырк ууру | Ноогардан айылы | 150 |
| | Дөрмөн кыштагы, Ахунбабаев р-ну, Өзбекистан | 200 |
| Бийтек | Алга, Чукур-Кыштак | 200 |
| Телмиң | Мыргылчек айылы | 150 |
| | Шак-Шак айылы | 100 |
| Жоо кесек | Өтүкчү айылы | 150 |
| | Бел айылы | 250 |
| | Сур айылы | 300 |
| | ***Араван району Ош облусу:*** | |
| КЕСЕК | Кесек айылы | 300 |
| | ***Ноокат району Ош облусу:*** | |
| Чүчүк | Кожо-Арык (Жал) айылы | 200 |
| Чүчүк | Бел-Өрүк айылы | 250 |
| Чүчүк | Кайрагач айылы | 100 |
| Жоо кесек | Кызыл айылы | 20 |
| Жоо кесек | Нойгут айылы | 20 |
| КАРА КЕСЕК | Чечме-Сай айылы | 400 |
| | ***Кара-Буура району Талас облусу:*** | |
| Кесек кара | Аманбаев айылы | 23 |
| Кесек кара | Көк-Сай айылы | 31 |
| Кесек кара | Шекер айылы | 28 |
| БАРДЫГЫ: | | 12 417 |

# КОРУТУНДУ

Кыргыз тарыхчысы С.Аттокуров 1995-жылы жарык көргөн *«Кыргыз санжырасы»* аттуу китебинде кыргыз санжыраларынанын негизинде Түндүк жана Түштүк Кыргызстандагы жашаган кыргыз урууларынын генеалогиялык схемасын С.М.Абрамзон, Я.Р.Винниковдун жана өзүнүн изилдөөлөрүнө таянып аларды бириктирип, тарыхый көз караш менен карап, бир системага салууга аракеттенген. С.Аттокуров түзгөн ичкилик урууларынын генеалогиялык схемаларында илимий жана грамматикалык каталары көп. Бай кесек жана сибирги бул өзүнчө уруу эмес, ал уруу бирикмелеринин жалпы аталыштары.

Ал «Кесек уруусу» деген бөлүмүндө можой, чучук, кулчагар, байтоо, түрктоо, кожотоо, мадатоо, бөкшей, жамантуш, индустан, коконды, байтабы, кавалы, тарба, таматар, ичкили, жомансары деген кесек уруктарынын аталыштарын ката берет[1]. Туурасы мөөжөй, чүчүк, күл чачар, бай тобу, түрк тобу, кожо тобу, мада тобу, башыке, жалаңтөш, ындыстан, кокондук, кавели, торбо, таң атар, эчкили, жамансары.

С.Аттокуров кесек уруусунун курамына *ала-тоо, караусун* деген уруктарды кошот, тилекке каршы кесек уруусунун курамында экспедиция убагында мындай уруктар жок болуп чыкты. «Ала-Тоо» бул кесек уруусунун жалпы урааны[2]. Ошондой эле жоо кесек уругун өзүнчө уруу катары карап, анын уруктук схемасын берет. Бул схемада Чанач бийден дубнар, телмен, женделише, жангылчек, туурчак деген уруктарды таратат[3]. Бул жаңылыштык, Чанач бийден жогоруда аталган уруктар тарабайт. Чанач бий Лейлекте жашаган бөксө уругунун бир бөлүгүн азыркы Кадамжай районуна ээрчитип кеткен болот. Бөксө кесек уруусунун сибирги тобуна кирген урук. Ал эми жоо кесек уругуна кирген дөмөр, телмен, жийдемиш, жаңычек, төрчек уруктары бул жерге Каратегинден келишкен.

---

[1] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-193-б

[2] Ушул эле жерде

[3] Ушул эле жерде, -194-б

Жоо кесек уругунун баяндамачыларынын маалыматтарынын жана биздин изилдөөлөрдүн негизинде жоо кесек өзүнчө уруу эмес, ал кесек уруусунун курамындагы урук болуп чыкты.

Кара кесек уругунун өкүлдөрү Ноокат районунун Кара-Таш, Араван районунун Кесек айылдарында жашары жана Талас облусундагы кытай уруусунун курамында (кесек кара) экендиги аныкталды.

Изилдөөчүлөр Памирде жашаган кесек уруусунун курамына жоо кесек, кара кесек, бай кесек, аргын, айдаке, айтек, бостон, дүңкө, ийрекчи, кыдырша, жутаңкы, болжочу (олжочу – Н.Т.), кызыл аяк, кара саадак, мөшкө, шамирек, ыңырчак, дөөлөс (төөлөс – Н.Т.), таз, чоок, кызыке (казыке – Н.Т.) уруктарын киргизишет[1]. Ал эми А.Абышкаев кесек уруусун оң канатка киргизип, кыдырша жана бостон деген эки топко ажыратат. Кыдыршага: чоок, муштук (мөшкө – Н.Т.), таз, боби (баба – Н.Т.), казке, шамрак, гунай, атаба, борбаш, бостонго: дүңкө, чегетер, уйгур, коңурбай, кошой, чоң кыргыз, балкы урук бөлүкчөлөрүн кийирет[2]. Бирок бул схемада чыныгы кесек уруктары көрсөтүлбөгөн.

Эгерде биз памирлик жана каратегиндик кесек уруусунун уруктарын салыштырып, талдап көрсөк, анда кесек уруусуна жоо кесек, кара кесек (аргын), бай кесек (кызыл аяк, кара саадак) уруктары кирери маалым. Ал эми бостон жана дөөлөс же төөлөс бул ичкилик тобуна кирген өзүнчө уруулар. Кыдырша ават уруусунун ири уруктарынын бири болуп, схемадагы айда ке, дүңкө, жутаңкы, олжочу, мөшкө, шамирек, ыңырчак, чоок, казыке урук бөлүкчөлөрүнөн турат.

Демек, схемадагы жоо кесек, кара кесек, бай кесек, аргын, кызыл аяк, кара саадак чыныгы кесек уруктары болуп, калган уруктар бостон уруусунун жана кыдырша уругунун урук бөлүкчөлөрү болуп саналышат. Бул схемадагы кетирилген катачылыктарды башка тарыхчылар өз эмгектеринде автоматтык түрдө кайталашкан.

---

[1] *Сапарбаев А., Темиркулов К.* Памир кыргыздары.-Ош,2003.-9-б

[2] *Абышкаев А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.15-16, схема

Изилдөөлөрдүн негизинде кыргыздын «ичкилик тобуна» кирген кесек уруусу негизинен «бай кесек», «сибирги», «жоо кесек», «кара кесек» деген чоң төрт топко бөлүнөрү белгилүү болду. Өз кезегинде «бай кесек» тобуна – бөлөк сары, калдар, кызыл аяк, кара молдо, мала, мөөжөй, сарсөн, чуулдак, ал эми сибирги тобуна – алтынчы, бөксө, тагайберди, чүчүк, эшкара деген ири урук бөлүкчөлөрдүн кирери аныкталды.

Кесек уруусунун курамында байыркы хунн, усун, юечжи, түрк урууларынын элементтери болгон алтынчы, аргын, бөлөк-сары, кара саадак, сарыүсөн, сибирги, чуулдак, чуукай, чүчүк ж.б. уруктарынын этнонимдеринин сакталып калышы, ошондой эле анын алтай, башкыр, казак, ногой, тува, хакас ж.б. түрк элдеринин уруулары менен болгон параллелдери, алар менен болгон этностук жана этногенездик байланышы кесек уруусунун кыргыздын эң байыркы урууларынын бири экендигин тастыктап турат.

*Схема 23.* Кесек уруусунун уруктарга бөлүнүшү

**КЕСЕК**

- **Бай кесек**
  - Бөлөк сары
    - Алчеке, Атага, Башке, Жаманкул, Кожо, Кызыл баш, Чоот, Эселбай
  - Калдар
    - Бешим, Гала, Көкмө, Үчүм, Соломо
  - Карамолдо
    - Беш бала, Боз калак, Күлчачар
  - Кызыл аяк
    - Калай баш, Кабели, Торбо, Таңатар, Митан, Чуукай
  - Мала
    - Үмөт, Токон, Ыманкул
  - Мөжөй
    - Абыл, Ажибек, Убраим
  - Сарысөн
    - Нооруз, Гожош, Мамат
  - Чуулдак
    - Айыт, Байит, Досмат, Чалыштар
- **Сибирги**
  - Алтынчы
    - Аншай, Баба, Беглер, Кудайкул, Кудайберди, Кожомберди, Мырза, Олаке
  - Бөксө
    - Мама толбай, Калдар, Көчөк, Он эки
  - Тагайберди
    - Кожомжар, Тилеш, Тотобай, Ырысмат
  - Чүчүк
    - Мамат, Чаңай, Кара саадак
  - Эшкара
    - Айткулу, Гожош, Жалаңтөш, Ындыстан, Кенже, Эчкили
- **Кара кесек**
  - Андагул
  - Түгөй
  - Беш капа
    - Акистер, Бийлер, Калдар, Суктар-калдар, Орозмат сопу
- **Жоо кесек**
  - Дөмөр, Жаңычек, Жейдемыш, Кырк уруу, Телмин, Төрчек, Жоогашты, Кичик

# Кесек уруусунун санжырачылары

# Кесек уруусунун санжырачылары

# Кесек уруусунун санжырачылары

# КЕСЕК УРУУСУНУН ГЕНЕАЛОГИЯСЫ

## БӨЛӨК САРЫ

Бөлөк сары уругу *Алчеке, Атага, Башке, Жаманкул, Кызыл баш, Кожо Чоот (Чобот), Эселбай* деген урук бөлүкчөлөрүнө бөлүнөт.

Төмөндөгү *бөлөк сары* уругунун таралышы Жалилов Саматтын, Жанжигитов Ботойдун, Исраилов Сулайманкулдун, Мавлянов Мамарасулдун, Мукарамов Сүйүнбайдын, Нишанов Азреткулдун, Нишанов Акжолдун, Полотов Абдывахабдын, Ражапов Каныбектин айтуулары боюнча жазылды.

### Алчеке

Төмөндөгү *алчеке* уругунун таралышы Пирманов Ыманалынын айтуусу боюнча жазылды.

Алчеке – ? – Дербиш баатыр, андан *Байымбет.*

*Байымбеттен* – Галымбет, Беркинбет, Жумабай, Токтобай. Галымбет, Беркинбет жана Токтобайдан бала калбаган. Жумабайдан – Кудайберди, андан Турдубай, Токтобай.

Турдубайдан – Халмаат, Нурмаат, Абдимаат, Момун. Халмааттан – Баатыр, Турат. Момундан – Нургазы.

Токтобайдан – Анаркул, Арзыкул, Калмурза, Бекмурза, Мураталы, Мамбетали, Осмонали.

*? – Конок бийден* – Ибрагим баба, андан молло Умар, Байзак, Анаркул, Ысман, Мамат, Заит, Ураим.

Байзак – Маасали, Каар. Масалиден – Миталип, Мавлян. Миталиптен – Абдилай, Абдывали, Убайдилла, Нурали. Мавляндан – Момун, Муктар, Малик, Мажит, Кенжебек.

Анаркулдан – Айдар, андан Нурдин, Исмаил. Нурдинден бала калбаган. Исмаилдан – Абдилла, Рахматилла, Нийматилла, Курбанбек.

Ысман, Мамат жана Заиттен бала жок.

Ураимден – Ашыр, андан Раимберди. Раимбердиден – Үсөнбай, Турсунбай. Үсөнбайдан – Жолдошбай.

*? – Эдил калпадан* – Абдырасул, Пазыл.

Абдырасулдан – Абдыкарим, Абдыраим, Мамараим, Ураим, Бабараим, Кубаныч.

Пазылдан – Уста Самат, андан бала калбаган.

*? – Кошбактан* – Садык, андан Жуман.

Жумандан – Абдыкадыр, Өзбекбай. Абдыкадырдан – Маамберди, Маат, Маасейит, Маадемин, Орозали, Мамадали, Жунусали. Өзбекбайдан – Шарафидин, Динмухаммед, Байымбет, Бакыт, Жакып.

*? – Галаштан* – Дүйшөбай, андан эркек бала жок.

*? – Атабай, Нооруз.*

*Атабайдан* – Пирман, Эрман, Шерман, Карабаш. Пирмандан – Сүйүнали, Газбек, Махаматжан (Назырбек). Газбектен – Белек, Тилек. Махаматжандан – Эмил, андан Руслан, Байэл, Нуррахим. Сүйүналидан – Сагынали, Ыманалы. Сагыналидан – Элмурат, Раатбек. Ыманалыдан – Ибрагим, Илияз, Билал. Эрман, Шерман, Карабаштан бала калбаган.

*Нооруздан* – Кудайберди, андан Абдырашит, Абдыражаб. Булар *Сүлүктү* шаарында турушат.

*? – Таш.*

Таштан – Таштан, Дүйшө.

*Таштандан* – Кошмат, Эшмат, Ашим, Маматкул.

Кошматтан – Абдразак, Арзыкул, Салам. Абдразактан – Пардабай, Таир, Закир. Пардабайдан – Уланбек, Кубатбек. Уланбектен – Эсенбай, Эржан. Таирден – Бакыт. Закирден

– Өмүр. Арзыкулдан – Жунус, Жумабай, Жаныш, Кеңеш, Үсөн, Жеңиш. Жунустан – Мирлан, Руслан. Жумабайдан – Адилет. Жаныштан – Максатбек. Кеңештен – Арген. Үсөндөн – Бекболот. Жеңиштен – Амангелди. Ашимден – Сулайманкул, андан Кадырбай, Каныбек, Айбек, Шайбек. Маматкулдан – Аширмаат, Момун, Нажимидин. Аширмааттан – Курбанали, Нурлан, Надыр. Курбаналиден – Орол. Нурландан – Кайратбек, Залкар. Момундан – Басит. Нажимидинден – Үмүтбек, Байэл. Булар *Лейлек районунун Кара-Булак* айылында жашашат.

*? – Жалгаш, Галаш.*

Жалгаштан – Муса мерген, андан Бекабай, Эркебай, Мурза, Абдулла, Жетимиш.

Бекабайдан – уста Сатыбалды, Халбек. Сатыбалдыдан – Нуридин, андан Халил, Жалил. Халилден – Сыймык, Калбек, Амантур. Жалилден – Рүстөм, Медер.

Эркебайдан – Жаныбек, Полот. Жаныбектен – Эгемберди, Ботой. Эгембердиден – Алмазбек, Арстанбек. Алмазбектен – Шухрат, Бектур, Арген (Захар). Ботойдун балдары *Жалал-Абат* облусу *Базар-Коргон* районуна караштуу *Шыдыр* айылында турушат.

Полоттон – Акмат, Абдывахаб, Абдыгапар, Тургунбай. Акматтан – Раимжан, Мамажан, Абдыганы. Абдывахабдан – Абдыпатта, Махамматкул, Иматкул, Заирбек, Эсенбек. Абдыгапардан – Наби, Абдывали, Акбарали, Абдыкайым. Тургунбайдан – Кутмидин, Самидин.

Экөө элдин арыз кагазын, жердин картасын бекем катып, желдеттерди чалгытуу максатында тажик аялдарынын паранжысын жамынып алышып, азыркы Тажик Республикасынын Пролетар станциясынан поездге олтурушкан. Аладан көп убакыт өтпөй ал экөөнүн жашыруун түрдө Ташкентке жөнөгөнү тууралуу атка минерлерибиз Ходженттеги төбөлдөргө маалымат жеткиришкен. Желдеттер жолдо жолуккан аялдардын паранжысын зордук менен ачып көрүшүп, молдо Турсун менен молдо Ысмайылды издешкен, бирок таба алышпай Ташкент тарапты көздөй кеткен поезддин изин куушкан. Кара күчтөр аларды Ташкент станциясынан кармоого үмүттөнүшкөн. Зирек молдо Турсун менен молдо Ысмайыл Ташкентке жетпестен поездден түшүп калышат. Андан ары жөө кетип баратышса жолдо машина айдаган молдо Турсундун орус досу жолугуп калат. Шофер аларга жардам берүү максатында машинасын шаарга бурат. Тилекке каршы жолдо машина бузулуп, көпкө көчөдө туруп калышат. Минтип көчөдө туруу алар үчүн опурталдуу эле. Акыры машина оңдолуп, бактыга жараша алар эртең менен Ташкентке кирип барышат.

Бирок, жер-суу комитетинин алдында аларды бул жактан барган желдеттер аңдып жүрүшкөнүн байкашып ал жерге кирүүнүн айласын издешет. Акыры «черный ход» аркылуу жер-суу комитетине киришет.

Жер-суу комитетинин башчылары молдо Турсундун түшүндүрүүсү менен элдин арызын канааттандырып, атайын комиссия түзүшөт. Комиссияны молдо Турсун менен молдо Ысмайыл баштап, кошо келишет. Алардын келишин Кайрагачтан чыдамсыздык менен күтүшкөн бир топ атчандар тосуп алышат. Кубанычтуу кабар менен келгендерди кыргыз калкы зор кубаныч менен тосуп алып, ыраазылыктарын билдиришкен. Комиссия мүчөлөрү бир нече күн жерди өлчөп, чек араны белгилейт.

Ошентип 1928-жылдын 17-октябрында Лейлек району, Сүлүктү шаары мыйзамдуу түрдө Кыргыз автономиялуу областынын составына кошулат. Ал күндөр лейлектик, сүлүктүлүктөр үчүн тарыхтагы эң шаңдуу, унутулгус күндөрдөн болуп калды. Район элинин Кыргызстанга кошулушунда молдо Турсун менен молдо Ысмайылдын эрдикке тете эмгеги бар. Алар өлүмгө тике карап, үй-бүлөсүн да коркунучка коюшуп, эл керегине жарап кетишти.

## Абдираим Шаматов (Абдираим Шама)

Абдираим Шаматов 1892-жылы азыркы Кара-Дабанга жакын Шорек-Ата деген жерде туулган. Маргалан медресесинде 7 жыл окуп билим алган. Абдираим алгач Замборучта медресе жергиликтүү молдолордон сабатын чыгарып, 1905-10 жылдарда Ноо, Ходжентте мусулманча билим алат. 1913-жылы Ходжентте орус-тузем мектебинде окуйт. 1918-жылы Лейлек аймагына кайтып келип, ошол учурдагы коомдук саясий иштерге, жаштарга билим берүүгө активдүү катышат. 1924-27 жылдарда Ош областынын билим берүү тармагында эмгектенген.

1927-жылы Сүлүктү райкомунун жооптуу катчысы, 1928-жылдан райондук жер бөлүшүнүн башчысы болуп иштеген. Кыргыз ССРин түзүүдө мурда Тажикстанга карап келген

азыркы Лейлек районунун жерлерин бөлүп алуу иштерине жер адиси катары ири салымын кошкон, кыргыз жеринин ар бир сантиметри үчүн жанын берүүгө даяр, оттой жалбырттаган патриот инсан эле деп эскеришет жакшы билген адамдар.

Ак жеринен күнөөлөнүп, репрессияга кабылган адамдардын катарында 1933-жылы Абдираим Шама «эл душманы» деген жалган жала менен камалган. НКВДнын жергиликтүү «үчилтиги» тарабынан атууга жеринде өкүм кылынган. Бирок өкүм кийинчерээк он жылдык абак менен алмаштырылып, 12 жылга Карагандынын айтылуу «КарЛаг» түрмөсүнө сүргүнгө айдалган. Адилетсиз күнөөлөнүп кордолуп, эл жеринен алыста азап тартып, бирок эрки бекем, үмүтү бийик Абдираим ишенич менен кыйынчылыктардын баарына чыдап, жеңип 1945-жылы түрмөдөн бошотулуп, туулган жерине кайтып келет.

Бирок, тоталитардык режим өкүм сүрүп турган доордо бир жолу «эл душманы» атка конгон адамдын кайрадан элге аралашып, жуурулушуп жашап кетүүсү кыйын эле. Мурда кызматы, талантына таазим кылып жүргөн «дос», «туугандарынын» жүзү бурулуп, өзгөрүп калганын көрүп дагы бир ирет өкүндү.

Ошол кезде Таджикстандын Жигдали кыштагында жашаган чыныгы досу Акматтын (Социалисттик эмгектин баатыры, колхоз раиси) чакыруусу боюнча Жигдалига келип, өмүрүнүн акырына чейин ушул жерде жашап калган. Кыргыз улуттук илимдер академиясынын адабият таануу институтунун кол жазмалар фондусунда бир дептерге жазылган ырлары сакталып келүүдө.

Эл ичинде «Лейлектин булбулу» атка конгон Абдираим Шама таланттуу акын гана болбостон, орус, араб, парсы, татар, казак, өзбек тилдеринде бирдей мыкты сүйлөгөн, ыйык Курандын кайсыл сүрөөсү болбосун такалбай жатка айткан, өз доорунун билимдүү адамдарынын бири.

Акын Абдираим Шаматовдун эки китеби жарык көрдү, анын өмүрү, чыгармачылык  мурасы, азыр Лейлек районунун мектептеринде окуу программаларына кошумча кийирилип окутулууда. Лейлек районунун Ак-Суу айыл аймагына караштуу Жеңиш (мурдагы Чоюнчу) айылындагы мектепке Абдираим Шаматовдун аты берилген.

## Абдыкадыр Орозбеков



Абдыкадыр Орозбеков (1889-ж. Фергана облусу, Маргалаӊ уезди, Охна кыштагы, 1938-ж.) Мамлекеттик жана саясий ишмер, Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу жана чыӊдоо үчүн күрөшкөн. Кыргыз АССР Борбор аткомунун төрөгасы (1927–37). 1909–16-жж. наабайканада жалданып иштеген. 1916-ж. Көтөрүлүштүн башталышына жигердүү катышкан. 1917-ж. Анжиян шаарындагы нан бышыруу ишкананын жумушчуларынын кыймылына жетекчилик кылган мастерлердин, жумушчулардын жана кызматчылардын Фергана профсоюз башкармасынын мүчөсү болгон. Совет бийлиги орногондон кийин Кызыл Гвардия кошуунунун командири болуп туруп, Фергана шаарынын ишканаларын, шаардын чет-жакаларында коргонууну уюштурган. 1919–23-жж. Вуадил райондук революциячыл комитеттин, Мархамат райондук комитетинин төрагасы, Маргалаӊ уездик аткомунун президиумунун мүчөсү. 1924–25-жж. Ош округдук революциячыл комитеттин жер бөлүштүрүү бөлүмүнүн башчысы, 1925-жылдан РКП БКнын округдук комитетинин жооптуу катчысы, Кыргыз автономия облусунун облустун аткомунун 1-племунда облаткомунун Президиумунун төрагалыгына шайланган. 1937-жылы репрессияга кабылып, атылып кеткен, 1956-жылы реабилитацияланган. Туркестан Республикасынын Алтын белгиси, Эмгек Кызыл-Туу ордени жана аты жазылган курал менен сыйланган. Анын ысымы бүгүнкү күндө Кадамжай районундагы Охна кыштагына, Бишкектеги көчөгө берилген.

## Исхак Раззаков



Кыргыз элинин улуу жетекчиси, мамлекеттик жана саясий ишмери – Исхак Раззаков 25 октябрь 1910-жылы Туркестан губерниясынын Фергана областынын Коросон айылында шахтердун үй-бүлөсүндө туулган. Жаштайынан ата-энесинен жетим калып, 1918-жылдан Коженттеги балдар үйүндө тарбияланган. 1931-жылы Ташкендеги агартуу Институтун аяктагандан кийин, Москвадагы пландоо институтуна жөнөтүлөт, аны 1936-жылы бүтүрөт. Ошол жылдан баштап, ал мамлекеттик жана партиялык иштерде эмгектенет: 1939–1940-жж. Өзбек ССРинин Элдик Комиссарлар Кеңешининин астындагы Госпландын төрагасы. 1940–1944-жж. Өзбек ССРнин Элдик Комиссарлар Кеңешининин председателинин орун басары. 1941–1944-жж. Өзбек ССРинин Агартуу Комиссары. 1944–1945-жж. Өзбекстандын КП(б) БКнын катчысы. 1945–1950-жж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы, 1950–1961-жж. Кыргыз ССР Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин биринчи катчысы болуп иштеген. 1961–1962-жж. СССРдин Мамлекеттик экономикалык кеңешинин мүчөсү. 1962–1965-жж. СССРдин Министрлер Кеңешинин алдындагы Мамлекеттик илимий-экономикалык кеңешинин бөлүм башчысы.

1965–1967-жж. СССРдин Министрлер Кеңешинин Мамлекеттик пландоо комитетинин бөлүм башчысы. 1967-жылдан баштап пенсияга кетет.

1945–1961-жылдардагы эмгеги үчүн төрт Ленин, эки Эмгек Кызыл Туу ордендери, Ата Мекендик согуштун I-чи даражадагы, Кызыл Жылдыз ордендери жана көптөгөн медалдар менен сыйланган.

1940-жылдан ВКП(б) мүчөсү. 1952–1961-жж. КПССтин БК мүчөсү. СССРдин Жогорку Кеңешинин 2–5 чакырылыштагы депутаты.

Кыргыз элинин уулу Исхак Раззаков 1979-жылы 19-мартта Москва шаарында дүйнөдөн кайтат. 2000-жылы анын сөөгү мекенине, Бишкекке алып келинип, Аларча көрүстөнүнө жаңыртып коюлат.

2010-жылы, 29-декабрда Исхак Раззаковго Кыргыз Республикасынын Баатыры деген наам берилет.

## Мавлянов Раззак



1903-жыл (айрым маалыматтар боюнча, 1900-жылы) Кыргыз ССРинин азыркы Баткен облусунун Лейлек районунун Самат айылында, жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Мавлян Абдалиев Сүлүктү көмүр кенинде жумушчу болуп иштечү.

Ал он жашында 1913-жылы атасынан, 1914-жылы апасынан ажырап өзүнүн чоң агасынын колунда тарбияланган. Ата-энесинен эрте ажыраган өспүрүм Раззак 1916-жылдан баштап Сүлүктү шахтасында жүк жүктөөчү, ат айдоочу болуп иштей баштаган, кийинчерээк забойщик болуп эмгектенет. 1923-жылы өз ыктыяры менен РККАнын катарына мүчө болуп катталган жана 1924-жылга чейин 10-Туркестан аткычтар полкуна жоокер болуп кызмат өтөгөн. Ушул эле жылы аны Орто Азиядагы Улуттук аскердик мектепке жөнөтүшөт. 1927-жылы Ташкент шаарынан аскердик окууну бүтүп келет. Ушул жылы Орто Азия Аскер Округунун (ОААО) командачылыгынын буйругу менен Ашхабад шаарындагы Туркстан атчандар полкунун взводунун командири болуп дайындалат.

Ал эми 1928-жылы ОАОнун буйругу менен Фрунзе шаарындагы Кыргыз атчандар дивизионунун взводунун командири болуп которулат. 1930-жылы ОААОнун Ленин атындагы орто звенодогу командирлерди даярдоо мектебинде кошумча даярдыктан өтүп, бирок ушул эле жылы ден соолугуна байланыштуу аскер кызматынан бошойт. 1930-жылы Кыргыз Эл Комиссарлар Совети жана КП обкомунун чечими менен Алай-Гүлчө районуна Райкомсоюздун төрагасы болуп дайындалат жана бул кызматта 1932-жылга чейин иштеген. 1932-жылдан 1935-жылга чейин Сүлүктү шахта башкармалыгында кадрлар бөлүмүнүн башчысы кызматын аркалаган.

1935-жылы ВКП (б) БКнын чечимине ылайык, Чыгыш Түркстанга өзгөчө тапшырма аткарууга жөнөтүлөт. Раззак Мавлянов генерал Ысакбек Мониевдин ыктыярдуу аскер бөлүгүнө профессионал аскер адамы катары жардамга келген. Ал кытай мамлекетинин тарыхында алгачкы жолу түзүлгөн кыргыз атчандар полкунда полк командиринин, б.а. Ы.Мониевдин күжүрмөн даярдык боюнча орун басары кызматын аткара баштайт. Ал эми 1937-жылы 35-полк аталган кыргыз атчандар полкунун базасында бригада уюштурулганда ал бригаданын бир полкунун командирлигине дайындалат. Р.Мавляновдун полку Чыгыш Түркстандын Хотен округунун чегара аймагын көзөмөлдөөнү мойнуна алган. 1942-жылы Кытайда генерал Ы.Мониевдин аскер бөлүктөрү таркатылгандан кийин Р.Мавлянов кайрадан Кыргызстанга кайтып келип, 1943-жылга чейин Ош областтык өнөр-жай союзунун төрагасынын орун басары болуп иштейт.

Генерал Ы.Мониев Кыргызстанга келип, Кытайда улуттук-боштондук көтөрүлүшүн баштоо үчүн жашыруун аскер отряддарын түзөөрдө Р.Мавлянов кайрадан аскер кызматына чакыртылып, Ысык-Атада «Буйгу» жана «Баатыр» аталган эки партизандык отрядды даярдашат.

1944-жылдын акырында Кытай жергесине – Кулжа округуна кирип, Кытайдагы аз сандуу элдердин улуттук-боштондугу үчүн болгон куралдуу күрөшкө катышат. Бул согушта ал гене-

рал Ы.Мониевдин кол алдындагы 1-Текес атчандар полкунун командири болуп, Гоминьдань аскерлерин чегинтип, талкалаган Кулжадагы, Шихо, Дзинхо, Текестеги согуштарга катышкан. Полковник Р.Мавляновдун аскерлери гоминьдань армиясы менен болгон согушта каармандык көрсөтүп, Чыгыш Түркстан Республикасынын (1944-1949) пайда болушуна зор салым кошкон.

1946-жылдын жазында Шинжандан советтик партизандар чыгарылгандан кийин мекенине кайтып келген полковник, Ош облпромсоюз тармагындагы «Кайрат» артелинин төрагасы болуп иштей баштайт. Ал ошондон кийин эт-консерва комбинатынын директору, Ош облпромсоюздун президиумунун төрагасы, облустук социалдык камсыздандыруу бөлүмүнүн башчысы, колхоз базарынын директору болуп, ар кандай жооптуу кызматтарда иштеп, калган өмүрүн жай турмушта өткөрүп, 1962-жылы союздук маанидеги персоналдык пенсияга чыккан.

Кыргыздын алгачкы профессионал аскер жетекчилеринин бири, чет өлкөдө эки жолу атайын тапшырма менен маанилүү интернационалдык-аскердик озуйпа аткарган Раззак Мавлянов 1928-жылдан Компартиянын мүчөсү болгон. 1938-жылы СССР Жогорку Советинин президиумунун чечими аркылуу «Кызыл туу» ордени менен сыйланган. Ал андан кийин да «Эмгек Кызыл Туу», 1-даражадагы «Улуу Ата Мекендик согуш» ордендери жана медалдар, ардак грамоталар менен сыйланып, 1952–53-жылдары Ош облустук советинин жана Ош шаардык советтин депутаттыгына шайланган.

Раззак Мавлянов Ош шаарында жашап жүрүп, 1982-жылы дүйнөдөн кайтат.

## Самат Садыков



Самат Садыков 1920-жылы Лейлек районунун Кара-Сай айылында туулган. Ал Кесек уруусунун калдар уругунан болот. Атасы Мамасадык, энеси Бүбүзия.

С.Садыков Советтик армияга 1940-жылы октябрда чакырылып, 1943-жылга чейин Ыраакы Чыгышта, Владивосток шаарында жайгашкан 4-атчандар дивизиясынын 16-полкунда пулеметчулар тобунун командири болуп кызмат өтөйт.

Немецтик баскынчыларга каршы согушка 1943-жылы мартта кирип, Украина, Белоруссия, Польшадагы бир канча айыл, шаарларды бошотууга катышат. 1943-жылы кенже сержант С. Садыков чалгынчылар отрядында эле. Алар душмандын тылына өтүп барышып, темир жолдорду жардырып, туш тараптан кол салып, бүлүк түшүрүп, анан көздөн кайып болушчу. Ошондой күндөрдүн биринде душмандын чоң тобу отряддын артынан сая түшүп алды. Тигилердин күчү эки-үч эсе көп. Отряд чегинип узап кеткенче С. Садыков пулемету менен душмандын жолун бөгөп турган. Ушул эрдиги эске алынып «Каармандыгы үчүн» медалына татыктуу болгон.

1943-жылы октябрь айы, 16-атчандар полкунун эскадрону Днепрдин аркы өйүзүндөгү «Каменьки» кыштагына умтулду. «Каменьки» кыштагын бошотуудагы болгон салгылашуудагы эрдиги үчүн С. Садыков экинчи жолу «Каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланды.

1944-ж. жай айларынын биринде 4-атчандар дивизиясынын 16-полку Польшадагы Влодова шаарын фашисттерден бошотуу операциясын ийгиликтүү аяктады. Мындагы тайманбастыгы жана айлакердиги үчүн С.Садыков бул жолу «Кызыл туу» ордени менен сыйланды.

Бромберг (азыркы Быдгоу) шаарын бошотуудагы эрдиги үчүн 1945-ж. 26-мартта дивизиянын кол башчысы С.Садыковду

Советтер Союзунун баатыры деген наамга көрсөттү. Бул шаар үчүн болгон салгылашууда ал жарадар болот, аны санитардык бөлүккө жөнөтүшөт. Бромберг шаарын бошоткондон кийин 4-атчандар дивизиясы Берлинди көздөй жол тартат.

4-атчандар дивизия Берлинге жакын барып Шире дарыясынын жээгине жайгашканда С. Садыков санитардык бөлүктөн качып чыгып, өз эскадронуна кошулат. Анткени Берлинди алууга катышуу анын көптөн бери эңсеген максаты болгон. 1945-жылы 1-майы, бул күнү гвардиялык 4-атчандар дивизиясы Берлиндин чет жакасындагы Фиризал шаары үчүн кармашка чыгат. Ушул кармашта жакын жерде жарылган снаряддын сыныгы тийип С.Садыков катуу жараланып каза болот. Анын сөөгүн Бредикова кыштагына коюшту. Ага Советтер Союзунун баатыры деген наамды берүү жөнүндөгү указ 1945-жылы 31-майда жарыяланды. Ал 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордени менен сыйланат.

Советтер Союзунун баатыры С. Садыковдун урматына Лейлек районунун борбору Исфанада музей ачылып, анын ысмы айыл, мектеп, эс алуу паркына берилген. Анын көрсөткөн эрдиктери жөнүндө Темиркул Умөталиевдин «Жолборс жүрөк жигит» деген макаласы, Абдирашит Урбаевдин «Таазим» аттуу поэмасы чыккан.

1974-жылдын 9-майынан бери Бишкек шаарында Советтер Союзунун баатыры С.Садыковго арналган Лейлек күрөшү өткөрүлүп келүүдө.

## Жедигерова Сара

Сара Жедигерова 1922-жылы азыркы Ак-Суу айылдык округундагы Кара-Камар айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Өз мезгилинин алдыңкы адамдарынан болгон ата-энесинин камкордугу менен сабатсыздыгын жоюп, айылда алгачкылардан болуп кат тааныган.



1939-жылы ушул эле айылдык Жедигеров Төрөбай аттуу жигитке турмушка чыгып, чоң турмуштун астанасын аттайт. 1939–1940-жылдары аталган айылдагы «Жолдоштук» колхозунда, эсепчи болуп иштейт.

1941-жылы Улуу Ата Мекендик согуш оту тутанып, күйөөсү Төрөбай кан күйгөн аламатка аттанып, тилекке каршы согуштан кайтпай калат.

Тылдын оор жүгүн көтөрүшкөн кары-картаң, кыз-кыркын, чиедей болгон жаш балдардын башын бириктирип, Сара Жедигерова 1941-жылдан 1945-жылга чейин «Жолдоштук» колхозунун башкармасы болуп, кабагым-кашым дебестен, камчы салдырбай иштейт.

Жеңиш желегин желбиреткен 1945-жылдан тартып партиянын райондук Комитетинде инструктор болуп эмгектенип, 1946-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланат. 1947-жылы улуу инсан - Исхак Раззаков менен жолугушуп, бет-маңдай олтуруп баарлашып, ал кишинин жардамы менен «Жолдоштук» колхозуна жүк ташуучу бир автомашина алып келет. Машинаны Пролетарск станциясынан Саматов Пазыл аттуу жигит айдап келип, колхоздун жүгүн ташып, элдин оор жумушун жеңилдеткен. Ал негизинен айылдан Сүлүктүгө кызыл дан ташыган.

Сара Жедигерова өз эскерүүсүндө: «Ошол жүк ташуучу кара машина Сүлүктүгө жүктү алып кетип, кайра кайтып келгенче айылдын чоң-кичүү, кары-жашы дебей дөңгө чыгып алып жол тосор элек» – дейт.

Ошол оор жылдары Сара Жедигерова айылдын так ортосунан агып өткөн «Сумбула» суусуна кичи ГЭС курса болорун Исхак Раззаковичке түшүндүрүп, анын уруксаты менен 1947-жылы Кара-Камар айылында тарыхта биринчи жолу «Ильичтин

шамы» жанган. Аталган ГЭСти Иван, Саша аттуу жигиттер келип, элдин жардамы менен куруп беришкен.

Сара эжебиз 1950-жылы Фрунзеге Жогорку Кеңештин сессиясына барып, партиянын Кара-Суу райондук Комитетинин биринчи катчысы болуп турган Бектемиров Ысмайыл аттуу жигит менен таанышып калып, ага баш кошуп, турмуш курган. Үч уул, үч кыздуу болгон.

1990-жылдан тартып Өзгөн шаарында жашаган. Сара Жедигерованы эл «Лейлектин Уркуясы» деген урматтуу ат менен аташкан. Ал 2010-жылы 88 жашында урпактарынын кашында каза болгон.

## Жолбаев Рүстөм

Жолбаев Рүстөм 1914-жылы азыркы Лейлек районунун Кара-Булак айылында туулган. 1943-жылы Сүлүктүдөгү № 4-шахтада навалоотбойшиктердин бригадири болуп калат. Ал киши кесибин сүйгөн, изденип, чымырканып иштеген жумушчу, инсандык сапаты үлгү аларлык оор басырыктуу, кең пейил адам болгон. Жаштарга насаатчылык милдетин да чоң дилден аткарган, 75 навалоотбойшикти тарбиялап чыккан.

Рустам Жолбаев көмүр казууда эмгекти мыкты уюштуруп, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча жаңы методдорду өндүрүшкө киргизген. «Ленин», «Эмгек Кызыл Туу» ордендери, «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланган.

1955-жылы Сүлүктү кенчилери аны Кыргыз ССР Жогорку Советине депутаттыкка шайлашкан. Көмүр өндүрүүдөгү көп жылдык эмгек жетишкендиктери эске алынып Социалисттик Эмгектин Баатыры – деген наам ыйгарылат. Рустам Жолбаев 1971-жылы июль айында дүйнөдөн кайткан. Азыркы күндө Сүлүктүдөгү № 4-мектепке Рустам Жолбаевдин аты ыйгарылган.

## Арипов Тилеберди Турдалиевич



Арипов Тилеберди Турдалиевич Баткен областынын Лейлек районунун Кара-Булак айылында 1966-жылы 2-февралда туулган. 1992-жылы К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтун бүткөн. Адистиги зооинженер.

Эмгек жолун 1983–1984-жж. Лейлек райондук борборлоштурулган ооруканада бухгалтер болуп иштеп баштаган. 1984–1986-жж. Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн.

1986–1987-жж. Лейлек райондук Кулунду айылдык керек-жарак коомунда жумушчу, 1992–1996-жж. Лейлек районундагы «Кара-Булак» айыл чарба кооперативинде зоотехник, 1996–1997-жж. Лейлек райондук мамлекеттик администрациясында референт, 1997–2004-жж. Лейлек районундагы Тогуз-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы, 2004–2005-жж. Лейлек райондук агрардык өнүктүрүү департаментинин директору, 2005–2009-жж. Лейлек райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары, 2009–2010-жж. Лейлек райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акими, 2012-ж. 8-февралдан бүгүнкү күнгө чейин Лейлек райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акими болуп эмгектенип келүүдө.

2001-ж. Кыргыз Республикасынын «Ардак Грамотасы» менен сыйланган.

## Арипов Назарали Турдалиевич



Арипов Назарали Турдалиевич Баткен областынын Лейлек районунун Кара-Булак айылында 1970-жылы 28-апрелде туулган.

Билими жогорку. Ош технологиялык университетин бүтүргөн.

Эмгек жолун 1990-ж. Волжск автомобиль заводунда иштеп баштаган.

1994–1997-жж. – «Эрдик» менчик ишканасынын директору.

1997–2011-жж. – жеке ишкер.

2001–2003-жж. «Прагма Инк» ЖЧКнын директору.

2003–2009-жж. «Гефест» ЖЧКнын директору.

2007-ж. – Ош шаардык Кеңешинин депутаты.

2009–2010-жж. – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы милдеттүү медициналык камсыздандыруу Фондунун Аймактык башкармалыгынын Ош шаары боюнча директору.

2010-жылдан бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты. Коррупцияга каршы күрөшүү комитетинин төрагасынын орун басары. Транспорт, коммуникация, архитектура жана курулуш комитетинин мүчөсү.

Үй-бүлөлүү, 4 баласы бар.

Арипов Назарали эл ишеним көрсөткөн депутат катары эл үмүтүн актоого өзүнүн билимин, тажрыйбасын аябастан иштеп, элибиздин социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүүдө жакшы иштерди жасап жатат. Андан башкада өз каражатынан мектеп, бала бакчаларга материалдык жардам көрсөтүп, өнөр адамдарын колдоп, меценаттык иштерди аткарып келет.

## Шадиев Аскарбек Алимбаевич



Шадиев Аскарбек Алимбаевич Баткен областынын Лейлек районунун Голбо айылында 1969-жылы 31-январда туулган. Билими жогорку.

1988-ж. – Фрунзедеги Политехникалык техникумун, 1988–1993-жж. – Кыргыз Мамлекеттик Университетин, 1999-ж. – Кыргыз Мамлекеттик Университеттин юридикалык факультетин аяктаган.

Эмгек жолун 1993–1994-жж. – «Сфера» өндүрүш-коммерциялык фирмасынын башкы бухгалтеринин орун басары болуп иштеп баштаган.

1994–1995-жж. – «Азнур Лтд» ЖЧКнын коммерциялык директору.

1995–2000-жж. – «Корпорация Датка» ЖЧКнын вице-президенти.

2000–2002-жж. – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруучу палатасынын депутаты болуп №23 Баткен областык округунан шайланган.

2002-ж. – Финансы министринин орун басары.

2002–2003-жж. – Финансы министрлигинин алдындагы кирешелер боюнча комитеттин төрагасы – министрдин орун басары.

2003–2005-жж. – Баткен областтык мамлекеттик администрациянын башчысы-губернатор.

2005–2007-жж. – Жогорку Кенештин III чакырылышынын депутаты.

2007–2010-жж. – Жогорку Кенештин IV чакырылышынын депутаты, экономика, бюджет жана финансы комитетинин төрагасы.

2010-ж. – декабрь – 2011-ж. декабрь – Энергетика министри.

2011-ж. декабрь – 2012-ж. сентябрь – Энергетика жана өнөр жай министри. Энергетика тармагын жетектеп турганда анын демилгеси менен Айгүл-Таш – Самат подстанциясы ишке кирип, жалпы Баткен облусу энергетикалык коопсуздукка жетет. Андан башка Кыргызстандын түндүгүн да энергетикалык коопсуздук менен камсыз кылуу максатында Датка-Түштүк жана Датка-Кемин, Жогорку-Нарын ГЭС долбоорлорунун ишке ашышына зор салым кошкон.

Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген экономисти (2009-ж.).

Мамлекеттик кызматтын 2 класстагы мамлекеттик кенешчиси.

Үй-бүлөлүү, 5 баласы бар.

## Мадеминов Мурадыл Ганиевич



Мадеминов Мурадыл Ганиевич – КР Жогорку Кеңешинин V чакырылыштагы депутаты.

1965-жылы 13-апрелде Кыргыз Республикасынын Баткенскен облусунун Кадамжай районуна караштуу А. Орозбеков атындагы айылда туулган.

Орто мектепти бүткөндөн кийин, Кыргыз мамлекеттик дене-тарбия институтунун педагогикалык факультетин 1990-жылы аяктайт.

Билимин андан ары жогорулатуу үчүн Кыргыз улуттук университетине тапшырып, анын юридикалык факультетин 1999-жылы бүтүрөт.

Эмгек жолун 1982-жылы автослесарь катары Кадамжай совхозунан баштаган. 1983–1985-жж. СССРдин Куралдуу күчтөрүнүн катарында аскердик милдетин өтөйт.

1990–1993-жж. Бишкек шаарындагы Суворов окуу жайынын («Кыргыз ССРнин Компартиясынын 60-жыл» атындагы атайын мектеп) взводунун командири.

1994–1997-жж. «Elegant» Кыргыз-Түрк биргелешкен ишкананын директорунун орун басары.

Март 1997–1999-жж. «Грант» Кыргыз-Түрк биргелешкен ишкананын директорунун орун басары.

2000–2003-жж. жеке ишкер. 2004–2010-жж. ОсОО «Балчы»нын директору.

2010-жылдан февралынан азыркы убакка чейин КР Жогорку Кеңешинин V чакырылыштагы депутаты. (СДПК партиясынын тизмеси боюнча)

2012-жылдын февралынан азыркы убакка чейин ЖК экономика жана фискалдык саясат боюнча Комитетинин мүчөсү, СДПК фракциясынан.

## Жороев Каныбек Таирович



Жороев Каныбек Таирович – 1968-жылдын 12-январында Лейлек районунун Тайлан айылында төрөлгөн.

Жороев К.Т. эмгек жолун КГУнун тарых факультетин 1993-жылы артыкчылык менен аяктап, Исфанадагы Гагарин орто мектебинде мугалим болуп иштөөдөн баштаган. Андан соңку жылдары балдардын чыгармачыл борборунун директору, райондук билим берүү бөлүмүнүн инспектору, райондук мамлекеттик администрациясынын жетектөөчү адиси, райадминистрациянын аппарат жетекчиси, Лейлек райондук мамлекеттик администрация башчысы-акимдин орун басары болуп иштеп келген.

2000-жылдын апрель айынан баштап КР Жогорку Кенеши-

нин аппаратына которулуп, ага консультант болуп иштейт. 2002-жылы КР Президентинин Администрациясынын уюштуруу иштери бөлүмүнө эксперт болуп дайындалат. 2003-жылы КР Кирешелер боюнча комитетинде аппарат жетекчиси, 2004-жылы Баткен областтык мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси болуп иштейт. 2005-жылдын апрель айынан баштап КР Президентинин Администрациясынын уюштуруу иштери жана мамлекеттик башкаруу саясаты бөлүмүнүн инспектору, мамлекеттик инспектору болуп иштейт. 2006–2007-жылдары КР Президентинин КР Жогорку Кеңешиндеги ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары, андан соң ыйгарым укуктуу өкүлү болуп эмгектенет. Андан соң КР Президентинин Администрациясына уюштуруу иштери жана мамлекеттик башкаруу саясаты бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалат. 2009-жылдын январь айында КР Президентинин Администрациясынын Жетекчисинин биринчи орун басары, ал эми ошол эле жылдын сентябрь айынан баштап КР Президентинин Аппаратынын Жетекчиси болуп дайындалат. 2010-жылдын 7-апрелиндеги окуялардан соң мамлекеттик кызматтан кеткен, коомдук иштер менен алектенет.

Мамлекеттик кызматтын 2 класстагы мамлекеттик кеңешчиси, КР Ардак Грамотасы менен сыйланган.

*Тиркеме 2.*

# «КЕСЕК» КООМУ

«Кесек» коому – кыргыздын кесек уруусунун 13 уругун бириктирген коом. Аталган коом 2009-жылы түзүлгөн. Бул коомду түзүүдө Каримбердиев Насирдиндин, Элмуратов Кыдырназардын, Момунов Султандын, Арипов Рахманбердинин, Сатыкулов Бөрүбайдын, Жороев Алиташтын, Жээналиев Нийматтын, Садыков Абылкасымдын, Исаков Калботонун, Ырысов Исманкулдун, Ганиев Калботонун, Абдиназаров Мыктыбектин эмгектери чоң. Коомдун 1-чи курултайы Бишкек шаарында өткөрүлүп, ага кесек уруусунун курамына кирген: алтынчы, бөксө, бөлөк сары, калдар, кара молдо, кызыл аяк, мала, мөөжөй, сары үсөн, тагайберди, чуулдак, чүчүк, эшкара уруктарынын өкүлдөрү катышышты. 1-чи курултайда «Кесек» коомунун түзүлүшүнүн себеби, максаты жана анын милдеттери кызуу талкууланды.

Коомдун 2-чи курултайы 2011-жылы 17-июнда Лейлек районунун борбору болгон Исфана шаарында өткөрүлдү. Курултайга «Кыргыз Эл Биримдиги» кыймылынын мүчөлөрү жана Лейлек районунда жашаган кесек уруусунан башка кыргыз урууларынын делегаттары катышат. Курултайда «Кесек» коомунун негиздөөчүлөрүнүн бири жана анын жетекчиси Элмуратов Кыдырназар доклад жасады. Ал өз докладында төмөндөгү маселелерге токтолуп, айтып кетти:

1. «Кыргыз Эл Биримдиги» кыймылы жөнүндө жана анын Кыргызстан үчүн жасаган иштерине кыскача маалымат берди.

2. Азыркы убактагы Кыргызстандагы саясий абал, бийликтеги коррупция, «демократиялык баалуулуктар», элдин социалдык жагдайы ж.б. көйгөйлүү маселелерге кеңири токтолду.

3. Кыргыздын жана Кыргызстандын тарыхына, маданиятына, ата-бабаларыбыздын үрп-адат салтына кыскача кайрылып, Кыргызстанды өткөн заманда ак дили менен башкарган инсандар жөнүндө маалымат берип, алардан үлгү алууга жана мамлекетибиздеги маселелерди анын негизинде чечүүгө, улутмандыкка, мекенчилдикке чакырды.

4. Ата-бабаларыбыздын калган элдик бийлик – Элдик Курултайды кайрадан жандандыруу, анын жардамы менен бийликти контролдоо, мамлекетибизди талап-тоноого, жеп-ичкендикке жол бербөө, коррупцияга каршы күрөшүү, Кыргызстанды жана кыргыз элин өнүгүүнүн жаңы тепкичине көтөрүү маселелерин кеңири баяндады.

Элмуратов Кыдырназар өзүнүн докладынын аягында курултайга төмөндөгүдөй сунуштарды кабыл алып берүүсүн сунуштады:

«Биринчи: Өлкөбүздүн жер байлыгы, суу байлыгы, кең байлыгы эгер уурдап-тоноого жол бербей, көзүн таап, жаңы жабдык менен жаңы технологияны сырттан алып келип, өндүрүштү өнүктүрүүдө өбөлгө түзгөн салык саясаты жүргүзүлгөндө эл чарбасын тез арада (3-5 жыл ичинде) күчтүү, кубаттуу кылууга толук мүмкүнчүлүк берери талашсыз. Эл чарбасынын өзөгүн түзгөн энергетика, жолдор, байланыш, почта, суу чарба ж.б. 2-3 тармактар жалпы элдин байлыгы болуп, мамлекеттик мүлк катары сакталышы керек.

Экинчи: Кыргызстан элдеринин ынтымак биримдиги көздүн карегиндей сакталганда гана өлкө өнүгүп, өсө алат. Бул акыйкат жана талашсыз чындык. Ушул маселенин чечилиши кыйынчылык жаратпайт, себеби кыргыз элине меймандостук, кең пейилдик, айкөлдүк тубаса мүнөздүү сапат десек болот.

Үчүнчү: Эл бийлигин Элдик Курултай аркылуу Баш мыйзамга киргизип, жылына бир жолу Президенттин, Жогорку Кеңештин, Жогорку Соттун, Башкы Прокурордун, Эсептөө палатасынын, Борбордук шайлоо комиссиясынын жана Улуттук Банктын жообун угуп, «канааттандырылсын» же «канааттандырылбасын» деген баа берүүнү бекитүү зарыл.

Төртүнчү: Кол тийбестик укугу эч кимге берилбеши керек (мыйзамды тоготпой, уурдагандардын жолу буулат). Жер-жерлерде элдин күнүмдүк турмуш тиричилик, толгон-токой суроолордун чечилишин камсыз кылуу үчүн айыл өкмөттөрдүн укуктарын мыйзамдуу шартта кеңейтип, жоопкерчилигин кү-

чөтүп, жергиликтүү салыктарды толук айыл өкмөттөргө калтырып, кошумча табылган кирешелердин баарын аларга бериш керек.

Бешинчи: Мекен жана Улут кызыкчылыгы, мамлекетти түзгөн кыргыз элинин тарыхы, тили, наркы, салты, рухий мурасы саясаттан, бийликтен, бийик тураарын Баш мыйзам менен бекитүү зарыл. Окуу жайлардын баарында (баштапкы, орто, кесиптик жана жогорку) кыргыз элинин тарыхы, тили, наркы, ыйман-адеп салты, маданияты, өнөрү, улуттук оюндары күчөтүлгөн шартта окутулуп, улуттук эс-тутум, аң сезим, намыстын калыптанышы башкы максат деп жарыяланышы керек». Докладчынын бул сунуштарын курултайдын делегаттары бир добуштан колдоп, кабыл алышты.

Курултайдын делегаттары жарыш сөздөргө чыгышып, жогоруда айтылган саясий кырдаал, маселелер боюнча, аларды чечүү жолдору жөнүндө өз ойлорун айтышты.

Курултайдын аягында курултайдын делегаттары кесек уруусунун башкы бийи кылып Жээналиев Ниймат ажыны, анын 1-чи орун басары кылып Элмуратов Кыдырназарды, 2-чи орун басары кылып Жороев Алиташты жана Абдиназаров Рахманды бир добуштан шайлашты. Ошондой эле кесек уруусунун уруктарынын бийлерин жана алардын орун басарларын Лейлек району менен Бишкек шаарындагы өкүлдөрүн шайлашты.

Лейлек районундагы кесек уруктарынын бийлери:

1. Алтынчы уругу – Максутов Бөрүкул
2. Бөксө уругу – Абдиназаров Рахман
3. Бөлөк сары уругу – Касымов Рахманали
4. Калдар уругу – Жумашев Кочкорбай
5. Кара молдо уругу – Кундузов Абдымалик
6. Кызыл аяк уругу – Бекмурзаев Каттабек
7. Мала уругу – Жороев Карчыга
8. Мөөжөй уругу – Сарыков Гүлбай
9. Сары үсөн уругу – Жороев Алиташ
10. Тагайберди уругу – Байтөрөев Абдырахман

11. Чуулдак уругу – Имаров Назырбек
12. Чүчүк уругу – Кенжебаев Исамидин
13. Эшкара уругу – Асанов Каландар

Бишкек шаарындагы кесек уруктарынын бийлери:
1. Алтынчы уругу – Элмуратов Кыдырназар
2. Бөксө уругу – Абдиназаров Мыктыбек
3. Бөлөк сары уругу – Ганиев Халбото
4. Калдар уругу – Түркбаев Бекмамат
5. Кара молдо уругу – Каримбердиев Насыр
6. Кызыл аяк уругу – Тайлаков Умар
7. Мала уругу – Сатыкулов Бөрүбай
8. Мөөжөй уругу – Арипов Рахманберди
9. Сары үсөн уругу – Базарбаев Таир
10. Тагайберди уругу – Миңбаев Доорбай
11. Чуулдак уругу – Садыков Абылкасым
12. Чүчүк уругу – Ырысов Ыманкул ажы
13. Эшкара уругу – Исаков Халбото

Курултай жогорку деңгелде өттү, жаңы шайланган кесек уруусунун башкы бийи Жээналиев Ниймат ажыны сөз сүлөп, курултайдын делегаттарына өз ыраазычылыгын билдирип, анын жабылышын жарыялады.

## Бишкек шаарындагы Кесек уруусунун бийлери

## Лейлек районундагы Кесек уруусунун бийлери

# ÖZ
# (İÇKİLİK)

Yukarıda verilen kaynakların ve araştırmaların esasında Kırgızların İçkilik grubu: 1. İskit-Wusun dönemlerindeki Daha~Dai, Alan, Kangar, Uysun, İskit boylarının bölükleri olan, Kandı, Saka (Noygut), Sarı Uysun (Kesek) boylarını; 2. Hun dönemindeki Hun, Cucan (Avar), Tele boylarının bölükleri olan, Cun, Alaşan, Töölös, Noygut, Uygur (Teyit) boylarını; 3. Altay-Türk boyları olan Apar, Çumugun, Tekin, Karluk, Tördöş, Çulum, Toluman, Naraba bölükleri olan Avat, Boston, Teyit, Karcoodu, Kesek, Kıpçak, Dodong, Naray, Tolman, Çulum boylarını; 4. 12.-15. yüzyıllardaki Yenisey ve İrtiş nehirleri arası ve kuzey-batı Moğolistan sınırlarında yaşayan Türk-Moğol boylarından Kereit, Kıpçak, Merkit, Moğol (Abat), Nayman, Noygut, Sibergi, Tuma (Tumat), Bulgaçi, Bargut (Barkı) boylarını; 5. 15.-16. yüzyıllarda Altın Ordu Devleti dağıldığındaki Eçki, Kara Koylu, Ak Koylu boyları bölükleri olan, Ak Eçki, Kara Eçki, Sarı Eçki, Kara Koylu, Ak Koylu, Dürbööl uruk bölüklerini; 6. 17. yüzyıllardaki Kalmak boylarının bölükleri, Kalmak, Kalmakı ve komşu Özbek ve Tacik halklarının Gaça, Kalça adlı uruklarını içerir.

Çalışmada verilen kaynakların ve araştırmaların temelinde Doğu Türkistan'da, Kırgızların İçkilik grubunun Avat (Kıdırşa), Boston, Kesek, Kıpçak, Nayman, Noygut, Teyit ve Töölös boyları; yine Afganistan Küçük Pamir'de, Pamir ve Karategin'de ise Teyit, Avat (Kıdırşa), Kesek, Nayman, Kıpçak ve Töölös boylarının yaşadıkları belli oldu.

Kırgızların İçkilik grubunu 10 boy, Avat, Boston, Kandı, Kesek, Kıpçak, Nayman, Noygut, Orgu, Teyit, Töölös boyları oluşturup, bunlar kendi arasında *sağ* ve *sol* olarak ikiye ayırılırlar. Sağ kanada Boston, Kesek, Orgu, Teyit, Töölös, sol kanada Avat, Kanglı, Kıpçak, Nayman, Noygut boyları giriyor. Dikkate değer bir diğer şey, yukarıda belirtildiği gibi, Kesek ile Cookesek aynı boyun adıdır. Kırgızistan'daki *Kıdırşa* boyu Avat, Teyit boylarına, Pamir ve Karategin'de ise Kesek boyuna dahil olan boydur.

Bu on boy, "On uul (On oğul)" olarak da adlandırılır. On uul, On Ok Budun, On Oguzı, On Oglan, On Ogur; Tuvalılardaki Ondar-

Uygur, Hanhan-Ondar, Kırgız-Ondar; Başkurtlardaki Onlar, Ondar Az Kıpçak adlı boyların sadece eski Türkler (Börü nesliyle) ile değil kendi aralarındaki etnogenetik ilişkileri de aslında hayli ileridir.

Leylek bölgesinde yaşayan *Çapkıldık* boyunu şecere bilginleri, son zamanlarda İçkilik grubuna dahil ediyorlar. Fakat bu boy henüz etraflı bir şekilde incelenmemiştir. Y. S. Vinnikov, Güney Kırgızistan'da yaşayan boyları araştırırken, Çapkıldık boyu hakkında hiç bilgi vermiyor, ancak Nayman boyunun içinde Çapkıldık urugunun yer aldığını belirtiyor[1]. Nayman boyunun dışında *Çapkınçı* adlı boy, Kıtay ve Çekir Sayak boylarının içerisinde gösterilir.

Kırgızların Sol kanatındaki Kıtay boyunun *Cogoru Tamga* grubunun içindeki Çapkınçı boyunu A. Usupbaev *Çapkıldık* boyu ile bağdaştırıp, şimdiki *Çapkıldık* boyu daha önce Çapkınçı diye adlandırılıyordu demektedir. Buradan hareketle o, Çapkıldık boyunu Kıtay boyunun bir kısmı olarak kabul ediyor [2].

Kırgızların sağ kanadına giren Çekir Sayak boyunun içindeki Çapkınçı urug bölügü hakkında S. M. Abramzon şöyle bilgiler verir: "Prof. K. K. Yudahin'den Çapkınçı boyu hakkında aldığımız bilgiler, Çekir Sayakların bu urugunun Güney Kırgızistan'da yaşayan Çapkıldık grubu ile bağlarının olduğunu gösterir. Araştırmamızın sonucunda bu bilgiler tasdiklenmiştir. Kasımaalı Toktomambetov (Narın bölgesi, Cumgal ilçesi) 1949 yılında Çapkınçı boyunun Hocent şehrinin çevresinde de yaşadıklarını ve onların buraya Tanrı Dağlarından göç ettiklerini anlatmıştır. 1955 yılında Oş bölgesinin Leylek ilçesindeki Bulakbaşı köy keneşine bağlı eski Sülüktü adlı köyde yerde yaşayan 67 yaşındaki Kalıgul Colçubekov'dan aldığımız bilgilere göre, Çapkıldık boyunun ataları Ongkolu ve Çapkolu adlı kardeşlermiş, burada yaşayanlar da bu Çapkolu'nun neslinden imiş. Büyük dedelerinden dolayı Çapkıldıkların ataları Sarıbagışlar (Sarbagış)'dır ve onlar şimdi yaşadıkları topraklara Koçkor-Cumgal'dan gelmişlerdir[3]".

---

[1] *Y. R. Vinnikov,* Rodo-plemennoy Sostav i Rasseleniye Kirgizov…, s. 164.

[2] *A. Usupbaev,* Kırgız Ulutu Uruulardan Caralat, Bişkek 2011. s. 55.

[3] *S. M. Abramzon,* Etniçeskiy Sostav Kirgizskogo Naseleniya, s. 43. Aynı yazar. Kırgız Cana Kırgızstan Tarıhı, s. 674-675.

Buna benzer görüşü tarihçi C. Malabayev de dile getirir. O şöyle diyor: "Fergana vadisinin çeşitli yerlerinde, Cumgal bölgesinde Çapkıldık, Çapkınçı adlı boy yaşıyor. Bu iki boyun kökeni aynıdır. Onların ataları Kaşgar tarafındaki Çapkın denilen yerde yaşayıp, evlatlarına Çapkınçı ismini vermişlerdir. Buradan Çapkınçı, Çapkıldık denilen boylar ortaya çıkmıştır. Çapkınçı yaklaşık 18. yüzyılın başında doğmuştur. Demek ki Çapkıldıklar'ın ortaya çıkışına yaklaşık 300 yıl olmuştur[1]."

S. R. Satarov ise kendi çalışmasında Çapkıldıklar hakkında şöyle bilgiler verir: Leylek ilçesinin Margun köy keneşine bağlı Dargaz köyünde yaşayan Zufar Tilebay oğlunun (1900 yılı doğumlu) 1991 yılında verdiği bilgilere göre, Çapkıldıkların uraanı Naymandı. Bu kişi: "Bizim uraanımız, Nayman, boyumuz Çapkıldık" demektedir[2].

Yukarıda verilen bilgilerin esasında Kıtay ve Çekir sayak boylarına dahil olan boy az da olsa farklılık arz etmekte olup, Çapkınçı diye adlandırılıyor. Nayman boyundaki boy Çapkıldık diye doğru bir şekilde adlandırılıp, Nayman uraanını kullanıyorlar. Uraan, bu bir boyu başka boylardan ayıran totem ve damga gibi bir işarettir. S. Sattarov'un Batken bölgesinin Samarkandek köyünde yaşayan A. Abdıraimov'dan aldığı "Naymandardın sancırası" (Naymanların Şeceresi, iki sayfa) *Çapkılı nayman* denilen uruk adı geçer.

Yazarın Pamir'deki Nayman boylarından kayda geçirdiği şecerede Han Nayman'dan Han Sıdık ve Bek Sıdık; Bek Sıdık'tan Kaabay ve Karga; Kaabay'dan Ormon, Odon; Karga'dan Çapkıldık Naymanlar türemiştir denilmektedir[3].

Yukarıda belirtilenler ve Çapkıldık grubunun Naymanda ile coğrafî komşulukları bu grubun Nayman boyundan çıktıklarının delilleridir.

Netice itibariyle Kırgızların "içkilik grubunun" bir bölüğü önce Burut diye adlandırılmış, eski Çin kaynaklarında Bulu (Pu-Lu) ~ Bo-lu (Po-lu) ~ Bo-lü (Po-lü) ~ Fu-li şeklinde kaydedilmiştir. Burut-

[1] *C. Malabaev,* Çapkınçılar, Bişkek 1996. s. 56-57.
[2] *S. R. Sattarov,* Abat Tarıhı, Sancırası cana İçkilik Kırgızdar, Bişkek 2009. s. 316.
[3] ATM.-T.№4

Börü anlamına gelmektedir. Börü, Kırgızların İçkilik grubunun totemidir.

Bargucin-Tokum'daki Bulgaçın, İhiret, Kermuçin ve Hori-Tumat boylarının bir bölüğü, 13. Yüzyıllarda "Bulgaçın-İçkilik" (Töölös, Kandı, Kıdırşa, Cookesek, Teyit, Boston) ve "Kermuçin" (Avat, Orgu) şeklindeki ad ile Tanrı dağlarına göç etmiş, burada daha sonra Nayman, Kıpçak boyları ile karışarak Kırgızların İçkilik grubunu teşkil etmiştir.

## KESEK

Kırgız tarihçisi S.Attıokurov'un 1995 yılında yayımlanan Kırgız Sancırası adlı kitabında Kırgız şecerelerinin temelinde kuzey ve güney Kırgızistan'da yaşayan Kırgız boylarının jenalojik şeması, S.M.Abramzyon, Ya.R.Vinnikov'un ve Attokurov'un kendi araştırmaları doğrultusunda tarihi bakış açısı ile ortaya konmaya çalışılmıştır. S. Attokurov'un hazırladığı İçkilik boylarının genelojik şemasında çok sayıda ilmî ve gramer hatası bulunmaktadır. Örneğin Bay Kesek ve Sibirgi başlı başına bir boy olmayıp boylar birliğinin genel adlandırılmasıdır. Yine Baytoo, Türktoo, Kocotoo, Madatoo, Baytabı alt boy (uruk) adlarındaki "too", değil "tobu" olmalı idi. Baytobu, Türktobu, Kocotobu, Madatobu, Baytobu gibi. Ayrıca İndustan, Çuçuk, Kuçagar, Camantuş, Comansarı uruk adlarında da bu gibi hatalar bulunmaktadır. Bunların da doğrusu Indıstan, Çüçük, Külçaçar, Calangtöş, Camansarı şeklinde olmalıdır.

O, Kesek uruusu adlı bölümde Mocoy, Çuçuk, Kulçagar, Baytoo, Türktoo, Kocotoo, Madatoo, Bökşey, Camantuş, İndustan, Kokondı, Baytabı, Kavalı, Tarba, Tamatar, İçkili, Comansarı adlı Kesek uruklarının adlarını da yanlış bir şekilde vermiştir[1]. Doğrusu Mööcöy, Çüçük, Kül Çaçar, Bay tobu, Türk tobu, Koco tobu, Mada tobu, Başıke, Calangtöş, Indıstan, Kokonduk, Kaveli, Torbo, Tang Atar, Eçkili, Camansarı olmalıdır.

S.Attokurov Kesek boyunun içine Ala-Too, Karasun adlı urukları da dahil etmiş, fakat yaptığımız saha çalışmasında Kesek boyunun

[1] *S.Attokurov,* a.g.e., s. 193.

içerisinde bu uruklar tespit edilememiştir. “Ala-Too”, Kesek boyunun simgesidir[1]. Bununla birlikte Coo Kesek urugunu müstakil bir boy olarak kabul etmekte ve boy şemasını vermektedir. Bu şemada Çanaç beyden Dubnar, Telmen, Cendelişe, Cangılçek, Tuurçak adlı uruklar çıkmıştır[2]. Bu bir yanlışlık olup Çanaç beyden bahsedilen uruklar çıkmamaktadır. Çanaç bey Leylek’te yaşayan Böksö urugunun bir kolu günümüzdeki Kadamcay rayonuna göç etmişlerdir. Böksö, Kesek boyunun Sibirgi grubuna girmiş bir uruktur. Coo Kesek urugunun içine dahil olan Dömör, Telmen, Ciydemiş, Cangıçek, Terçek urukları buraya Karategin’den gelmişlerdir.

Coo Kesek urugundan kaynak kişilerin ve bizim araştırmalarımızın temelinde Coo Kesek, başlı başına bir boy (uruu) olmayıp Kesek boyunun içerisindeki bir uruk olduğu ortaya çıkmıştır.

Kara Kesek urugunun temsilcileri Nookat rayonunun Kara-Taş, Aravan rayonunun Kesek ayıllarında yaşadıkları ve Talas bölgesindeki Kıtay boyunun içerisinde (Kesek кara) bulundukları anlaşılmıştır.

Araştırmacılar neticesinde Pamir’de yaşayan Kesek boyunun içerisine Coo Kesek, Kara Kesek, Bay Kesek, Argın, Aydake, Aytek, Boston, Düngkö, İyrekçi, Kıdırşa, Cuntangkı, Bolcoçu (Olcoçu, N.T.), Kızıl Ayak, Kara Saadak, Möşkö, Şamirek, Ingırçak, Döölös (Töölös, N.T.), Taz, Çook, Kızıke (Kazıke, N.T.) uruklarlarını dahil etmektedirler[3]. A. Abışkayev ise Kesek boyunu sağ kanata dahil edip, Kıdırşa ve Boston adlı iki bölüğe ayırmaktadır. Kıdırşa’ya, Çook, Muştuk (Möşkö, N.T.), Taz, Bobi (Baba, N.T.), Kazke, Şamrak, Gunay, Ataba, Borbaş; Boston’a, Düngkö, Çegeter, Uygur, Kongurbay, Koşoy, Çong Kırgız, Balkı uruk bölüklerini dahil etmektedir[4]. Fakat bu şemada esas Kesek urukları gösterilmemiştir.

Eğer Pamir ve Karategin’deki Kesek boyunun uruklarını karşılaştırıp incelersek burada Kesek boyuna Coo Kesek, Kara

---

[1] A.g.y.

[2] A.g.e., s. 194.

[3] *A.Saparbayev, K. Temirkulov,* Pamir Kırgızları, Oş 2003, s. 9.

[4] *A.Abışkayev,* a.g.e., s. 15-16, şema.

Kesek (Argın), Bay Kesek (Kızıl Ayak, Kara Saadak) uruklarının dahil olduğu bilinmektedir. Boston ve Döölös veya Töölös, İçkilik grubuna dahil olmuş müstakil boylardır. Kıdırşa Avat boyunun büyük boylarından biri olarak şemada gösterilen Aydake, Düngkö, Cutangkı, Olcoçu, Möşkö, Şamirek, Ingırçak, Çook, Kazıke uruk bölüklerinden oluşur.

Demek ki şemadaki Coo Kesek, Kara Kesek, Bay Kesek, Argın, Kızıl Ayak, Kara Saadak esasında Kesek uruklarından olup diğer uruklar Boston boyunun ve Kıdırşa urugunun, uruk bölükleridir. Bu şemadaki hataları başka tarihçiler de çalışmalarında aynen tekrar etmişlerdir.

Araştırmaların temelinde Kırgızların, "İçkilik grubuna" giren Kesek boyunun aslında Bay Kesek, Sibirgi, Coo Kesek, Kara Kesek adında dört kola bölündüğü ortaya çıktı. Bay Kesek koluna Bölök Sarı, Kaldar, Kızıl Ayak, Kara Moldo, Mala, Mööcöy, Sarsön, Çuuldak; Sibirgi koluna, Altınçı, Böksö, Tagayberdi, Çüçük, Eşkara adlı büyük uruk bölüklerinin girdiği açık bir şekilde ortaya çıkmıştır.

# МАЗМУНУ

Баш сөз....................................................................................................3
Кириш сөз................................................................................................6
«Кыргыз» этноними ................................................................................8
«Бурут» этноними..................................................................................16
Кызыл уул (Ичкилик) ............................................................................28
Ичкилик уруулары кыргыз эл оозеки чыгармаларында ...............................45
Каратегиндеги ичкилик уруулары ........................................................45
Памирдеги ичкилик уруулары...............................................................48
Кытайдагы ичкилик уруулары ..............................................................53
Абат ......................................................................................................57
Кыдырша ...............................................................................................61
Бостон ...................................................................................................71
Кaңды ...................................................................................................75
Кыпчак...................................................................................................83
Найман ..................................................................................................94
Нойгут..................................................................................................108
Оргу.....................................................................................................113
Тейит ...................................................................................................116
Төөлөс .................................................................................................132
Ичкилик тобунун тотемдик жана түстүк белгилери ..................................159
Ичкилик тобунун тамгалары жана ураандары.........................................164
Ичкилик тобу жашаган жерлер ............................................................166
Корутунду.............................................................................................170
Кесек ...................................................................................................176
Бай кесек тобунун уруктары.................................................................194
Бөлөк сары...........................................................................................194
Калдар .................................................................................................201
Кызыл аяк ............................................................................................204
Кара молдо ..........................................................................................210
Мала ....................................................................................................214
Мөөжөй................................................................................................215
Сарсөн .................................................................................................221
Чуулдак ...............................................................................................231
Сибирги тобу........................................................................................240
Алтынчы ..............................................................................................242
Бөксө ...................................................................................................248
Тагайберди...........................................................................................253
Чүчүк....................................................................................................256

Кара саадак ........ 260
Кызыл курт ........ 264
Эшкара ........ 265
Жоо кесек ........ 273
Кара кесек ........ 283
Кесек уруусунун паралеллдери ........ 290
Кесек уруусунун эн тамгаларынын паралелдери ........ 299
Кесек уруусунун географиялык жайгашуусу ........ 305
Корутунду ........ 310
Кесек уруусунун генеалогиясы ........ 317
Бөлөк сары ........ 317
Калдар ........ 339
Кызыл аяк ........ 347
Памирлик кызылаяктар ........ 356
Кара молдо ........ 359
Мала ........ 371
Мөөжөй ........ 377
Сарсөн ........ 408
Чуулдак ........ 416
Алтынчы ........ 423
Бөксө ........ 430
Тагайберди ........ 435
Чүчүк ........ 440
Кара саадак ........ 462
Эшкара ........ 467
Жоо кесек уругунун генеалогиясы ........ 492
Шаа улут тобу ........ 504
Кара кесек уругунун генеалогиясы ........ 507
Баяндоочу-айтуучулардын тизмеси ........ 515
Колдонулган адабияттар ........ 520
Тиркеме 1: Кесек уруусунан чыккан белгилүү инсандар ........ 545
Тиркеме 2: «Кесек» коому ........ 564
Öz (İçkilik) ........ 576
Kesek ........ 580

*Илимий басылма*

**Нурбек ТУРАН**

**КЕСЕК: санжыра жана тарых**

Бишкек, «Турар» басмасы

*Кыргыз тилинде*

Редактору *Нургүл Ногойбаева*
Мукабасын көркөмдөгөн *Шекербек Анарбеков*
Дизайнери *Рахим Төлөбеков*
Компьютерде калыпка салган *Рая Терибаева*

Басууга 14. 11. 2012-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16.}$ Көлөмү 36,5 б. т.
Заказ № 1179. Нускасы 1500 даана.

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, М. Горький көчөсү, 1.